Bu kutsal suyu iyi anlamak için Kevser suyunu ve Kevser suresini iyi anlamak gerekmektedir. Kevser suresindeki: "Hiç kuşkusuz, biz verdik sana Kevser'i/ iyilik, bereket, mutluluk, güzellik, soy ve aydınlığın tükenmezini."(Öztürk,2019:604). ayeti Hz.Fatıma'yı işaret etmektedir çünkü İslam inancı içinde iyilik, bereket, mutluluk, güzellik, soy ve aydınlığın taşıyıcısı Hz. Muhammed'in kızı Hz. Fatıma'dır. Bilindiği üzere Peygamber soyunun devamını Hz.Fatıma sağlayacaktır. Fatıma Ana, Kevser suyunun sakisi olarak bilinen Hz. Ali'yle evlenmiş, Peygamber'in ahlakıyla ahlaklanmış ve yüzlerini Allah'tan başkasına dönmemiş olan bu iki özel şahsiyetin evliliğinden *Ehlibeyt* kurulmuştur. Dolayısıyla yeryüzüne Fatıma Ana üzerinden soy ve aydınlığın tükenmezi gelmiş, evliliklerinden dünyaya gelen Hz. Hasan ve Hz. Hüseyin ise Kevser'in bir devamı olarak günümüze kadar soylarını devam ettirmişlerdir. Bu durum hâlâ Anadolu'da ve çeşitli bölgelerde Hz.Hüseyin'in soyundan gelenlere seyyid, Hz.Hasan'ın soyundan gelenlere şerif denilmesi bakımından somut bir örneklik teşkil etmektedir. Böylelikle ab-ı hayatın cennette akan bir ırmak olmasının yanı sıra yeryüzünde de karşılık bularak ve çağlayarak akmasının birbirine paralel olduğunu söylemek mümkündür.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

> *"Kevser cennette olduğu işaret edilen bir sudur ve bu aslında günümüz terminolojisi ile enerji anlamındadır. 'Senin soyuna kesik derler, biz sana Kevseri verdik.' derken yaşarken ölümsüz olma bilincini idrak etmek olan hâli yaşayacak olanları senin yolunu sürdürecek olanlardan seçtik ve bu suyu içirip onlarda bu idraki ortaya çıkardık denmektedir. Kevser suyu içmiş olanlar İslam'da evliya ruhu olanlar olarak kabul edilir. Bunlar Hak dostu olarak da adlandırılır."(Işık,2017:25).*

Kevser suyu meselesine ve halk edebiyatındaki bade içme olayına Alevî ulularının kelamlarından birer örnek vermek Alevî inanç geleneğinde bu kavramın yerini anlamak açısından önemlidir:

"Ateş-i aşkına yaktın özümü

Halil İbrahim'le nardan gelirem

Ab-ı Kevser ile yudum özümü

Kırklar'ın bezminde dardan gelirem."(Nesimî)

"Pir Sultan Abdal'ım gönlüm rızadan

Pirim binmiş ata gelir gazadan

Doldur ver badeyi hüsnü rızadan

İçmeyince bu can ayrılmaz senden"(Pir Sultan Abdal)

Bu iki örnekle beraber Alevi Bektaşi edebiyatı içinde birçok kelamda bu durumu görmek mümkündür.

Özetle Hakk'a ve hakikate hizmet eden erenlerin ya da yazımızın ana karakteri Köroğlu'nun; ab-ı hayatla ilişkilendirilmesinin temelinde *ab-ı kevser* bulunmaktadır. Görülüyor ki ab-ı hayatın üstündeki sonsuz dirilik vasfı yüce Allah'ın *hay* sıfatının bir tecellisidir ve bu tecelli kaynağının Hz. Fatıma Ana'yla ilişkisini anlamadan yapılan her değerlendirme abı-ı hayat motifini efsanevi ve mitolojik bir anlatı unsuru olarak gölgede bırakacaktır.

## Sonuç

Destanlar; tematik içeriğiyle, kahramanlarıyla, motifleriyle ve inanç unsurlarıyla bir ulusun tarihsel geçmişini, var olma mücadelesini, iç ve dış savaşlarını, çaresizliklerini, doğa karşısındaki tutumlarını, acılarını, inanç ögelerini, toplum yapısını kısaca kolektif bilincini aktaran ve bunlar hakkında şifreler veren sözlü ürünler ve yazılı külliyatlardır. Destan geleneği içinde önemli bir yer bulan Köroğlu Destan'ında ise halkın Köroğlu'na yüklediği misyonun nedenleri işlenirken aslında İslam inancının alt yapısını oluşturan Alevi inanç unsurlarının bizlere neler anlatmak istediği ortaya konulmaya çalışılmıştır. Böylelikle Köroğlu Destanı'nın bel kemiği olan unsurlardan "Hz.Ali motifi, At Motifi, Kırklar Motifi, Hayat Suyu" başlıklarıyla halkın hafızasının ve inanç değerlerinin bizlere neler sunduğunun özetlenmesi hedeflenmiştir. Olağanüstü güçlerle ve kimselerle kurulan bağlar destan boyunca devam ederken Alevi inanç sistemi içinde keramet olarak bilinen gelişmeler silsilesi karşımıza çıkmaktadır. Bu tür ilişkilerin oldukça fazla olmasından dolayı yalnızca Hz. Ali ve diğer Alevi inanç unsurları bağlamında yoğunlaşılmış ayrıca Köroğlu Destanı'nın içinde geçen motiflerin masalsı ve efsanevi figürler olarak anlaşılması yerine halkın inanç dünyasının yüklediği bir gerçeklikle günümüze kadar geldiği vurgunmak istenmiştir.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

## KAYNAKÇA

AYDIN KASIMOĞLU, Handan, Türkmen Halk Destanı Göroğlu Üzerine Mitolojik İncelemeler Gazi Türkiyat Bahar 2011/ Sayı 8

BAYAT, Fuzuli (2022) Türk Destancılık Tarihi Bağlamında Köroğlu Destanı, Ötüken Yayınları, İstanbul.

BOROTAV, Pertev Naili (2020) Köroğlu Destanı, BilgeSu Yayınları, Ankara.

GÜNŞEN, Ahmet (2007) "Gizli Dil Açısından Alevilik Bektaşilik Erkan ve Deyimlerine Bir Bakış". *Turkish Studies/ Türkoloji Araştırmaları,* Volume 2/2 Spring, 339.

HEMEDANÎ, Ahmed Sabri (2014) Caferî Mezhebi ve İmam Cafer Sadık (A.S) Buyrukları, Kevser Yayınları.

IBRAYEV, Şakir (1998) Destanın Yapısı, Atatürk Kültür Merkezi Başkanlığı Yayınları, Ankara.

IŞIK, Caner (2017) "Türk Kültür Mirasında Bir Kült Olarak Hz. Fatıma". *Sufi Araştırmaları- Sufi Studies.* Cilt/Volume:8 Sayı/Issue: 16 Yaz/Winter 2017.

IŞIK, Caner (2017) Erenlerin Süreği Tibyan Yayıncılık, İzmir.

KARADAVUT, Zekeriya (2018) "Köroğlu Destanında Hz. Ali". *4.Uluslararası Alevilik ve Bektaşilik Sempozyumu* (18-20 Ekim 2018) *Bildiriler Kitabı,* Ankara.

ÖGEL, Bahaeddin (2010) Türk Mitolojisi 1. Cilt (5. Baskı) Türk Tarih Kurumu Basımevi, Ankara

ÖZTÜRK, Yaşar Nuri (2019) Kur'an-ı Kerim Meali, Yeni Boyut Yayınları, İstanbul.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# ПРОФЕССОР ДОКТОР С.Т.КАЙЫПОВДУН КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫН ИЗИЛДӨӨГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

**Олжобай Каратаев**

проф., доктор,. Ж. Баласагын Кыргыз Улуттук университети

*(профессор, тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, этнограф, таанымал фольклор таануучу, публицист, коомдук-маданий ишмер С.Т.Кайыповдун соңку мезгилдеги илимий изилдөөлөрүнө саресеп)*

***

Ушул күндөрү кыргыз журтчулугу, өлкөдөгү жалпы илимий жана маданий коомчулук, улуттук интелигенция заманыбыздын залкар илимпоздорунун бири катары эл ичине таанымал Сулайман Турду уулу Кайыповдун 70 жаш торколуу тоюн белгилеп жатышат. Илимпоз адис катары жакынкы жана алыскы өлкөлөргө аттын кашкасындай белгилүү профессор Сулайман Кайыпов ушул тапта эл алдында жашоодогу жана илимдеги татаал, жемиштүү, ары байсалдуу жолу тууралу отчет берип жаткан кези. Калайык калк илимдин дыйканы катары таанымал инсанды массалык-маалымат каражаттарынан, анын ичинен теле-радиодон, интернет баракчаларынан, публицистикалык макалалары, албетте жарык көргөн илимий эмгектери, монографиялары аркылуу угуп, көрүшүп, өзү менен баарлашып жүрүшөт. Дасыккан академиялык илимпоз, устат жана студенттер дегдеп уккан тажрыйбалуу лектор өлкөбүздөгү соңку жаңы доордогу билим системасын уюштурууну калыптандырган жетекчи катары да таанымал. Том-том болуп жарык көргөн илимий эмгектери кыргыз тилинде гана эмес, орус, түрк, англис, грек, азербайжан, кытай, кыргыз ж.б. тилдерде жарык көргөн профессор Сулайман Кайыпов өткөн кылымдын 90-жылдарында эле академиялык иштен окуу жайынын деканы, проректору (мурдагы ПИРЯЛ, ГИЯГН, кийинки БГУ), бир катар жылдар бою Эл аралык Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, Бишкектеги Чүй университетинин ректору болуп жемиштүү иштеп келди. 1995-2005 жж. аралыгында Түркиянын Ван ильчесиндеги (облусундагы) 100 жыл университетинде конок профессор болуп иштеди. 2014-2015 жж. ошол эле Түркиянын Ардахан университетинде профессорлук кызматты аркалады.

Учурда 80-жылдардан тартып илим жолуна түшкөн, илимпоз катары калыптанган Кыргыз УИАсына кайрылып келип, башкы илимий кызматкери болуп эмгектенип келүүдө. Илимпоздун чет өлкөдө болгон мезгилдери илимий изденүүлөрү үчүн өтө жемиштүү жылдар болгондугун белгилөөгө болот. Окумуштуу илимдеги илхамы соңку ирет дагы ачылып, жаңы сапаттуу денгээлге көтөрүлдү. Бир канчалаган фундаменталдуу монографиялар (антологиялар, котормолор ж.б.), изилдөөлөр жарык көрдү. Профессор С.Т.Кайыпов Ван ильчесинде болгон жылдары Түркиянын Эржиш аймагындагы Улуу Памыр көйүндө (кыштагында) Афганистандан көчүрүлүп келген кыргыздардын этностук тарыхын, этногенезин, этникалык салттуу маданиятын, тилдерин, фольклорун кунт коюп, дыкаттык менен изилдеди. Эл ичинен жыйналган фольклордук оозеки жана тарыхый-этнографиялык эбегейсиз зор талаа материалдары илимий айлампага киргизилип, жыйынтыгында бизге белгилүү болгон фундаменталдуу монографиялар жарык көрдү.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Ириде, жаратканыдын пендеси "эр ортону элүү жашта" эле "ашуудан берген отчетун" бере башташат эмеспи. Арийне, турмуштук практикада инсандын, өзгөчө көп кырдуу таланттын табигый мүмкүнчүлүктөрү, илимий-интеллектуалдык толук дараметі, адеп-ахлактык маданий денгээли 60-80 жаш куракта ачыла тургандыгы далилденип жүрөт. Ошондон улам, кыргыздын белдүү илимпоздорунун калайык калк арасында, илимий чөйрөнүн алдында "отчет" бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабыл алууга болот. Колунда комуз ойноткон көп кырдуу таланты бар инсан дастанчылардын, обончулардын, комузчулардын республикалык жана Эл аралык конкурстарында жюри мүчөсү катары катышып келгенин төбөбүзгө чач чыккан мезгилден бери карай көрүп, угуп жүргөнүбүз чындык.

Баса, профессор Сулайман Турду уулу Кайыпов колунда комуз ойноткондон башка, өрүк жыгачынан комуз, кашык, кесе ж.б. үй оокатына керек болгон буюмдарын да чабарын билебиз. Музыка жана жыгаччылык (устачылык), сөзмөрлүк өнөрлөрү ата-бабаларынан берилгенин бул инсандын өз оозунан укканыбыз бар. Алгачкы адистиктери фольклорчу жана фольклор жыйноочу болгондуктан сөздү жамактатып айтканын да көрүп жүрөбүз. Сөзмөрлүгү, чукугандай сөз тапкандыгы, жамакчылыгы, бачым жерден ыр саптарын токуй койгондугу илимпоздун интеллектуалдык жогорку денгээлин чагылдырары ырас. Окумуштуунун искусствого, музыкага болгон терең мамилеси көркөм сөз табитинен да байкалып турат. Анткени, фольклор, этнография илимдерин көп кырдуу искусство илимисиз элестетүү кыйын. Ободу, окурманга Сулайман Турду уулу Кайыпов тууралу азын-оолак маалымат бере кетели:

Фольклорчу-этнограф, тилчи, текстолог, жазуучу-публицист, котормочу, журналист, филология илимдеринин кандидаты, профессор, тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Сократ атындагы эл аралык сыйлыктын (SOCRATES INTERNATIONAL AWARD) лауреаты, Европа Ректорлор Клубунун (THE CLUB OF THE REKTORS OF EUROPE) мүчөсү, коомдук ишмер Сулайман Турду уулу Кайыпов Сузак районунун жаратылышы кооз болгон Ак-Тоок айылында 1952-жылы 15-июлда туулган. 1970-жылы кошуна айылдагы Кыз-Көл орто мектебин аяктап, 1975-жылы СССРдин 50-жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин Кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүрүп "Филолог. Кыргыз тили жана адабияты окутуучусу" адистигине ээ болгон. Болочоктогу илимпоз жана жетекчи эмгек жолун 1975-ж. Кыргыз ССРнин Мамлекеттик китеп палатасында библиограф, кийинчерээк Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда кенже илимий кызматкер болуп иштөөдөн баштаган эле. 1975–1978-жж. кыргыз адабияты жана фольклору боюнча макалаларды жарыялап, ал түзгөн "Эл ырчылары" аттуу алгачкы китеби 1980-жылы Фрунзе шаарындагы "Кыргызмамбастан" жарык көргөн.

1978–1980-жж. СССР Илимдер академиясынын Максим Горький атындагы Дүйнөлүк адабият институтунун "Оозеки чыгармачылыкты изилдөө бөлүмүндө" такшалмадан (стажировка) өтүп, 1981–1984-жж. ошол эле институттун аспирантурасында окуган. 1985-жылы москвалык белгилүү чыгыштаануучу, фольклорчу жана адабиятчы, профессор Халык Гусейнович Короглунун илимий жетекчилиги астында "Эр Төштүк" жомогунун көркөм сүрөттөө каражаттары (кыргыз жана башка түрк тилдүү элдердин версияларынын мисалында)" аттуу

ISBN: 978-605-73444-6-5

кандидаттык диссертациясын коргогон. Жаш окумуштуунун илимпоз болуп калыптануусуна эсил кайран СССРдин борбор шаары болгон Москванын илимий дүйнөсү, интеллектуалдар чөйрөсү зор таасир калтырган эле. Сулайман Турдуевичтен дүйнөлүк аты бар белгилүү илим адамдары менен болгон мамилеси, аспиранттык турмуш, жаштык жана илимге умтулган кыргыз жаштары тууралу айткандарын угуп калганыбыз бар. Москвада орус тилинде жакталган диссертациянын негизинде “Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк»: Часть 1. Гипербола. Сравнение / Под ред. проф. Х. Г. Короглы. – Ф: Илим, 1990. – 318 с. аттуу фундаменталдуу монографиясы жарык көрүп, учурда да өз актуалдуулугунан айрылбаган үстөл үстүндө туруучу, дайыма колдонулуучу илимий эмгек болуп калды. Кыргыздын эң архаикалык эпосторунан (жомок) болгон “Эр Төштүктү” изилдөөдөн фундаменталдуу эмгек жаралганын белгилөө зарыл. Эмгек фольклордук гана эмес, тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык, терминологиялык, географиялык маанилүү булактардын бири болуп саналат. Чындыгында эле, автордун аталган эмгегиндей терең жана дыкаттык менен тыкыр изилденген монографиялык изилдөөлөр тилекке каршы, Кыргызстанда гана эмес кошуна өлкөлөрдө да сейрек кездешерин белгилесек ашыкчалык кылбас.

Арадан бир жыл өткөндөн соң “Тоголок Молдо: Изилдөөлөр. Эскерүүлөр”. – Бишкек: Адабият, 1991, аттуу академиялык китеби жарык көрдү. Изилдөөчү Кыргыз ИАсынын Фольклористика секторунун жетекчиси болуп турганда Тил жана адабият институтуна караштуу болгон Кол жазмалар фонду жана аларды жарыялоо бөлүмүн да жетектеген, калк арасынан жыйналган кол жазмалар, атайын экспедициялардын (тилдик, фольклордук) материалдарын иргеп тактап чыгууга, алардын санын, сапатынын иреттелишине көз салган жетекчи болгон. Дал ошондой шарттарда кыргыз ж.б. түрк тилдүү ж.б. (тажик, дунган) калктардын фольклорун иликтөөгө сүңгүп кирген эле. Кыргыз ИАсында иштеген учурларында эле С.Т.Кайыпов бир гана фольклорчу эмес, тарыхчы-этнограф катары өсүп жетилди. Кыргыз тарыхына жана этнографиясына тийешелүү болгон бай материалдар изилдөөчүнүн колу аркылуу өтө турган. Кыргыз ИАсынын Кол жазмалар фондунда жана Академиялык китепкананын Сейрек кездешүүчү китептерди сактоо (Сейрек фонд) фондунда кыргыз тарыхына жана анын этнографиясына тийешелүү болгон кыргыз санжыралары, кыргыздардын уруулук курамын чагылдырган материалдар, макал-лакаптар, жомок-дастандар, философиялык трактаттар ж.б. теңдеши жок бай маалыматтар менен таанышуу, тыкыр иликтеп чыгуу – окумуштуу С.Т.Кайыповду чыныгы тарыхчы-этнограф катары калыптандырды. Бул жерден фольклор таануу илими менен тарых жана этнография илиминин ыйындеш жакын илим тармактары экендигин белгилөөбүз абзел.

1985–1991-жж. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда кенже илимий кызматкер, улук илимий кызматкер жана сектор башчысы болуп, эки китептин, ондогон илимий макалалардын автору, бир катар илимий эмгектердин жоопту жана адис редактору болгон. Фольклордук экспедицияларга жетекчилик кылуу менен В. В. Маяковский атындагы Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтунун Кыргыз филологиясы факультетинин Кыргыз тили жана адабияты кафедрасында “Кыргыз фольклору”, “Кыргыз акындар чыгармачылыгы” жана “Адабият теориясына киришүү” сабактарынан лекцияларды окуган. 1987–1988-жж. Москвадагы СССР Жазуучулар союзуна караштуу М.Горький атындагы Адабият институтунун чакыруусу менен

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

“Элдик оозеки чыгармачылык” боюнча дарс окуган. 1992–1995-жж. Бишкек гуманитардык университетинде Түркология факультетинин деканы, биринчи проректор кызматтарында иштеп, “Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы”, “Кыргыз акындар поэзиясы”, “Манастаануу”, “Жалпы филологияга киришүү” сабактары боюнча лекцияларды окуп, текстология, булак таануу, библиография сыяктуу илимий тармактар боюнча адистештирилген курстарды өткөргөн.

Профессор С.Т.Кайыпов 1997-2007-жж. Чүй мамлекеттик университетинин чет элдик байланыштар боюнча проректору кызматын аркалоо менен бирге, Түркия Республикасынын Ван шаарындагы Жүзүнчү Жыл университетинин Гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин Түрк тили жана адабияты бөлүмүндө алгачкы жылы доцент, андан кийин профессор болуп иштеп, “Түрк элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Жаңы түрк жазуу тилдери”, “Түрк баатырдык жомоктору”, “Жомок поэтикасы”, “Текстология негиздери”, “Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы”, “Кыргыз тили”, “Казак тили” жана “Өзбек тили” сабактарын окуткан. Ван шаарындагы 100-жыл университетинде иштеген жылдары “Башталгычтан бүгүнкүгө чейинки Түркия түрк адабияты антологиясын” (Анкара, 2004, 704 б.) кыргыз тилине которгон жана китептин редактору болгон. 2005-жылы Анкарада басылып чыккан “Кыргыз адабиятынын антологиясынын” эки томдугун түзгөн.

С.Т.Кайыпов 2012-ж. “Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: тарыхый-этнографиялык изилдөө” (XX к. аягы – XXI к. башы) аттуу темада 08.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиктери боюнча тарых илимдеринин докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоду. Окумуштуу 2020-2021 жж. Кытай Эл Республикасынын өкмөтүнүн атайынчакыруусу менен Үрүмчү шаарына чакырылып, Педагогикалык университетте конок профессор катары чакырылып дарстарды окуду, жергиликтүү кыргыз ж.б. окуучуларга илимий жетекчи болду. Түркиянын Ван аймагында жашаган кыргыздардын этнографиясын, фольклорун, салттуу маданиятын (заттык жана руханий маданияты), диалектисин (санжыра, жомок, макал-лакап, учкул сөздөр) чагылдырган фундаменталдуу монографиялары Шанжаңдан (СУАР-Синьцзянь) жарыкка чыкты: “Түркияда жашаган памир кыргыздарынын кошоктору: Лингвофольклористикалык булак катары: Изилдөө жана Текст”. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2017. – 558 б; “Түркияда жашаган памир кыргыздарынын макал, лакаптары: Лингвофольклористикалык булак катары”. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2017. – 566 б; “Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө: Үч томдук: 1-том: Илимий макалалар”. – Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 466 б;”Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө”: Үч томдук: 2-том: Монография. - Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 537 б; “Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө: Үч томдук: 3-том: Диссертация жана автореферат. Расмий документтерден өрнөктөр.” Рецензиялар. - Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 693 б.; Автордун калемине “Памир кыргыздарынын сүттөн жана эттен жасалган тамак-аштары: Этнографиялык изилдөө”. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 216 б; “Памир кыргыздарынын тамактануу системасы: ритуал жана турмуш, салттуулук жана жаңылануу: Этнографиялык изилдөө”. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 193 б. Аттуу фундаменталдуу монографиялары белгилүү. Мындан сырткары, автордун

публицистика жана философиялык ой-чабыт жаатындагы жазган эмгектери да окуган китепкөйдү кайдыгер калтырбайт. Алар өтмүш заман – бүгүнкү күн, адамдардын жашоодогу кредосу, тагдыры ж.б. маселелерге багышталган: "Жок жерден жомок жаралбайт (же кыргыз демократиясынын улуттук уңгусу, азыркы абалы жөнүндө сөз): Илимий-популярдуу ой толгоо". – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 184 б.; "Жылга бергис жарым күн: (же санат ырдан сарыккан ойлор)" / Илимий-популярдуу баян". – Бишкек: Учкун, 2006. - 205 б. ж.б.

Төмөндөгү тизмедеги берилген монографиялык изилдөөлөрдүн тизмесинен бир эле окумуштуунун бүтүндөй бир академиялык институттун кызматкерлери аткара турган илимий иштерине тете келген эмгектерди көрүүгө болот. Түркия Республикасынын Ван вилаетинин Эржиш (Эржиес) ильчесиндеги Афганистандан көчүрүлүп барылган памирлик кыргыздардын (Улуу Памыр көйү) арасында он жылдап тарыхый-этнографиялык, фольклордук, лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүздү. Эмгектерди жаратууда талаа материалдары өтө ийкемдүү жана дыкаттык менен колдонулган. Стационардык изилдөө обьектиси катары кабыл алынган Улуу Памыр көйүндө кыргыздын ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун өкүлдөрү жашап келишет. Тоолор чокусунда, цивилизациядан узакта жашаган памирлик кыргыздар – кыргыз этнографиясынын, тилинин, фольклорунун таза, таптакыр бузулбаган кенчин сактап калышкан. Бул элдин диалектиси, уруулук курамы, салттуу маданияты, каада салты, жөрөлгөлөрү, кийимдери, психологиясы ж.б. боюнча илимпоз тарабынан фундаменталдуу изилдөөлөр ишке ашырылган.

Профессор С.Т.Кайыпов кыргыз этнографиясын, тарыхын, фольклорун, диалектологиясын, санжырасын, тилин, салттуу маданиятын терең билген Кыргызстандагы сейрек окумуштуу, эмгектерин орус, түрк тилдеринде эркин жазат. Илимдер академиясында илимий кызматкер, сектор башчысы болуп иштеген жылдары эл ичин кыдырып маалымат жыйнаган, анын үстүнө институтунун Кол жазмалар жана аны сактоо бөлүмүндөгү баалуу материалдардын баары тең илимпоздун колу аркылуу өтө турган. Илимпоз агабыз илим сересиндеги баралына келип турган учуру. Доор алмашып жаткан учурдагы кыргыз үчүн керек болгон фундаменталдуу эмгектерди жараткан агабызга бекем ден соолук, узун өмүр, бакубат жашоо, илимий жааттагы үлкөн ийгиликтерди жарата берүүсүнө тилектешпиз.

### Негизги монографиялык эмгектеринин тизмеси

Кайыпов С.Т. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк»: Часть 1. Гипербола. Сравнение / Под ред. проф. Х. Г. Короглы. – Ф: Илим, 1990. – 318 с.

Кайыпов С.Т. "Тоголок Молдо: Изилдөөлөр. Эскерүүлөр". – Бишкек: Адабият, 1991.

Кайыпов С.Т. "Башталгычтан бүгүнкүгө чейинки Түркия түрк адабиятынын антологиясы" (Анкара, 2004, 704 б.).

Кайыпов С.Т. "Кыргыз адабиятынын антологиясы"(Анкара, 2005, 2-томдук).

Кайыпов С.Т. "Жок жерден жомок жаралбайт (же кыргыз демократиясынын улуттук уңгусу, азыркы абалы жөнүндө сөз): Илимий-популярдуу ой толгоо". – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 184 б.

Кайыпов С.Т. "Жылга бергис жарым күн: (же санат ырдан сарыккан ойлор)" / Илимий-популярдуу баян". – Бишкек: Учкун, 2006. - 205 б.

Кайыпов С.Т. “Памир кыргыздарынын сүттөн жана эттен жасалган тамак-аштары: Этнографиялык изилдөө”. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 216 б.

Кайыпов С.Т. “Памир кыргыздарынын тамактануу системасы: ритуал жана турмуш, салттуулук жана жаңылануу: Этнографиялык изилдөө”. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 193 б.

Кайыпов С.Т. “Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө: Үч томдук: 1-том: Илимий макалалар”. – Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 466 б.

Кайыпов С.Т. ”Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө”: Үч томдук: 2-том: Монография. - Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 537 б.

Кайыпов С.Т. “Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө: Үч томдук: 3-том: Диссертация жана автореферат. Расмий документтерден өрнөктөр.” Рецензиялар. - Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы; Шинжаң илим-техника басмасы, 2016. – 693 б.

Кайыпов С.Т. “Түркияда жашаган памир кыргыздарынын кошоктору: Лингвофольклористикалык булак катары: Изилдөө жана Текст”. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2017. – 558 б.

Кайыпов С.Т. “Түркияда жашаган памир кыргыздарынын макал, лакаптары: Лингвофольклористикалык булак катары”. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2017. – 566 б.

# СУЛТАН РАЕВДИН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНОМАДАНИЯТЫ МЕНЕН ЭКОЛОГИЯЛЫК АКСИОЛОГИЯСЫ

**Темирова Бактыгүл Тажибаевна**

Профессор, Бишкек Мамлекеттик Университети
Кыргыз Филологиясы Факультети
Бишкек / Кыргыз Республикасы
Тел: (+996) 552 301143, temirova-b65@mail.ru

## Аннотация

Макалада Кыргыз эл жазуучусу Султан Раевдин “Суу”, “Топурак” аттуу шедевр аңгемелеринде адам, коом, мезгил динамикасы, элдин дүйнө таанымы тажрыйбасы, улуттук өзгөчөлүктөрү, моралдык-этикалык, экологиялык маселелердин маңызын чагылдыруудагы көркөм чеберчилиги изилдөөгө алынды. Чыгармаларда үй-бүлөлүк мамилелер, улуу муун менен кичүү муундун байланышы, элдик нарк, рухтун улуулугуна карай умтулуулары көркөм обьектиге алынып, автор улуттук жана жалпы дүйнөлүк окуяларга ассоциативдик көрүнүштү камтууга чабыт койгондой таасир калтырат. Аңгемелердин сюжеттик - композициялык курулушу бекем, идеялык- көркөмдүк негизи терең, образдарды шөкөттөө боюнча да өзгөчөлүккө ээ. Чыгармалардын аталышындагы суу жана топурак концепти образдык клеткага айланып, сюжеттик линияны баштан аяк аралап өтүп, идеялык-эстетикалык жактан жандуу таасир берет, турмуш чындыгын таанып билүүгө, коомдогу социалдык-нравалык, экологиялык проблемаларга, адамдын адеп-ахлак изденүүлөрүнө байланып турат. Султан Раев-адамдын психологиясы менен иштеген таланттуу сүрөткер. Аңгемелеринин салмагын арттырып, тереңдетип турган сапаты- нагыз турмуштан алынып жазылганы жана каармандын псхологиялык процесстери, ошолордун баарына себепчи болгон шарттарды ичкертен ачып көрсөтө алгандыгы. Жазуучунун тилдик туюм-сезими өтө күчтүү. Тил байлыгы абдан мол, өзгөчө диалектикалык сөздөрдү ийкемдүү пайдалана алат. Ар кандай чыныгы улуттук жазуучулар адабий тилдин өнүгүшүнө да чоң таасирин тийгизери талашсыз.

**Негизги сөздөр**: Султан Раев, аңгеме, аксиология, каарман, психология, улуттук баалуулуктар, экология, көркөм чеберчилик.

# ETHNO-CULTURE AND ENVIRONMENTAL AXIOLOGY OF THE KYRGYZ PEOPLE IN THE STORIES OF SULTAN RAEV

## Abstract

The article examines the artistic skill of the Kyrgyz folk writer Sultan Raev in depicting man, society, the dynamics of time, the ideological experience of the people, national characteristics, moral, ethical, environmental problems in the masterpiece stories “Water” and “Soil”. In the works, family relationships, the connection between the older generation and the younger, folk values, aspirations for the greatness of the soul are taken into an artistic object, and the author gets the impression that national and world events are of an associative nature. The plot and compositional structure of the stories is strong, the ideological and artistic basis is deep, and also original in terms of imagery. The concept of water and soil in the title of the work turns into a figurative cell, runs through the storyline from beginning to end, gives a vivid ideological and aesthetic effect, and is associated with the recognition of the reality of life, social, moral and environmental problems in society and moral ones. Sultan Raev is a talented artist who works with human psychology. The quality of his stories that adds weight and depth to them is that they are written from real life and that he is able to reveal from the inside the processes occurring in the psychology of the character and the conditions that cause all this. The writer's linguistic intuition is very strong. The linguistic wealth is very rich, with dialect words being used especially flexibly. There is no doubt that various real national writers have a great influence on the development of the literary language.

**Keywords**: Sultan Raev, story, axiology, character, psychology, national values, ecology, skill.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

***

Ааламдашуу доорунда дүйнө башкача негизде курула баштады, ар түрдүү маданий мамилелер, жаңы принциптер өнүгүүдө. Мына ушуга байланыштуу адамдар руханий-ыймандык жактан деградацияланып, кылым карыткан улуттук баалуулуктар, асыл нарктар майкандалып, бөтөн калктын маданиятына жутулуп калуу коркунучу каптап турган татаал заманда жашап жатабыз. Жазуучулар дүйнөнүн жаңырыгы катары алардын да чыгармачылыгында жаңы аспектер пайда болду. Ушул мааниде Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул атындагы сыйлыктын ээси Султан Раев көркөм ойлоосунун көп катмардуулугу, адамзат, доор, келечек жөнүндө татаал ой толгоолору, турмуштук философиясы менен өзгөчөлөнүп турат. Мезгилинде “Күн кармаган бала” аттуу жаңычыл повести менен кыргыз адабиятынын айдыңына келип, залкар жазуучу Ч. Айтматовдун: “Султан Раев- жаңы инсан, жаңыча ойлонгон калемгер болуп чыга келди”-деген ишеним сөзүнө, назарына илинип, келечегинен көпту үмүттөндүргөн.

Султан Раев көп кырдуу талант: прозаик, драматург. Адабияттагы карааны Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, Т. Касымбеков, К. Акматов, У. Абдукаимов, Т. Абдымомунов, М. Байжиев, Б. Жакиев сыяктуу прозаик, драматургдардын алп фигураларына тосулуп калбастан залкарлардын учугун улап, “жаңыча ойлонгон калемгер болуп чыга келди”. С. Раевдин жазуучулук тажрыйбасында дагы бир артыкчылыгы аңгеме жанрыны өсүп өнүгүшүнө, жаңы көркөм –эстетикалык сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө опол тоодой салымын кошуп келе жатат. Сүрөткер чыгармачылыгы аркылуу Чыгыш классикасы менен дүйнөлүк адабияттардын нускалуу салттарын терең өздөштүргөн жазуучу катары көрүндү. Таланттуу жазылган аңгемелери адабият таануу илиминде ар тараптан изилдениши бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден. Мына ушул чыгармаларынын арасынан “Суу”, “Топурак” аттуу шедевр аңгемелерине романдык мазмун батып, улуттук жана дүйнөлүк проблемалар камтылып, бири-бирин тематикалык-идеялык жактан улантып, сюжеттик өзөгүнө адам, мезгил, элдик баалуулуктар, экология сыяктуу олуттуу маселелер көркөм интерпретацияланган. Чыгармалардын салмагын арттырып, тереңдик берип турган сапат социалдык-нравалык курч маселелер, турмуш чындыгына негизделген каармандардын образдары жалпы адамзаттын мазмунга ээ болуп терең мотивировкалангандыгы. С. Раевдин аңгемелеринде символикалык образдар да адам турмушу да мезгили менен тыгыз байланышып, мейкиндик социалдык-турмуштук, адеп-ахлак, психологиялык ж.б. маанилерди да кошо ала жүрүүчү касиетке ээ. Белгилүү окумуштуу Ю. Лотман таамай белгилегендей: “көркөм чыгармада мейкиндик дүйнө сүрөтүнүн: мезгилдик, социалдык, этикалык ж.б. байланыштарынын моделдерин түзүп чагылдырат” [5, 622 ]. Мейкиндик категориясы адам баласынын жашоосундагы түрдүү түшүнүктөр менен карым-катышта болуп, дүйнөнүн көркөм моделинде мейкиндик башка чөйрөлөрдөгү байланыштарды да өзүнө сиңирип алгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. “Суу” жана “Топурак” аңгемелеринин мейкиндик чеги кыргыз элинин турмушу менен гана чектелбестен географиялык алкагы кеңири мүнөзгө ээ. Аңгемелердин сюжети оригиналдуу, нагыз турмуш чындыгынан алынып жазылган жана жашоонун өзүндөй жөнөкөй да татаал да. Чыгармаларда үй-бүлөлүк мамилелер, улуу муун менен кичүү муундун байланышы, адам менен табияттын гармониясы, улуттук баалуулуктар сыяктуу

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

маселелер аркылуу жалпы дүйнөлүк окуяларга ассоциативдик көрүнүштү камтууга чабыт койгондой таасир калтырат.

Ошентип, автордун "Суу" жана "Топурак" аңгемелериндеги окуя маркумду акыркы сапарга узатуудагы салт- жөрөлгөлөрдү таасын сүрөттөө менен башталат. "Суу" чыгармасында "жаш молдо" Жоомартка кайрылып, атаңдын сөөгүн суага ал дегенде кысылып турганын түшүнө калган "кексе аксакал" анын көптөн бери шаарда жашап, "жол-жобосун билбей" калганын, айылда жашаган зирек жээни кыйчалыш абалдан куткарып кеткендиги баяндалат. Чындыгында кыргыз элинде бүгүнкү күнгө чейин маркумдуу аруу жууп, кепиндөөдө ага тууугандары таяке, жээн, куда-сөөк, анан дос-жоролор же уруу деп бөлүштүрүү эрежеси али күнчө так сакталып келет. Жазуучу "жаш молдонун" сөөк узатууда кыргыздын түптөлгөн салттын элес албаганы, билимдүү Жоомарт элибиздин салттарын унутта калтырганын, "жээн" жигиттердей урпактар бабалардын наркын уланта турганы таасирдүү чагылдырылган.

Жазуучу эки аңгемесинде тең маркумду узаттууда аялдардын кошок айттуу салтына өзгөчө көңүл бөлүп, трагедиялуу кырдаалда адамдын ич дүйнөсүндө жүрүп жаткан психологиялык процесстерди чеберчилик менен сүрөттөйт. Жазуучу кыргыздар жакындарына өлүмдү эттиятап угузганын, адам дүйнө салганда эркектер өкүрүп барышканын, аялдардын кошкон кошокторун маркумдун зыйнатына барган адамдар тыңдашканын, азасын тең бөлүшкөнүн, өкүрүк менен кошок коштолуп жакындарынын күйүттүн сыртка чыгарып алууга шарт түзүлгөнүн таамай берген. Кыргыз элинде кошок айтуу кылым карытып келе жаткан салттардын бири катары дүйнөдөн өткөн адамдын ким экендиги, кулк-мүнөзү, кишичилик сапаттарын жакындары даңазалап айтып, элдин көнүлүн бөлүп, күйүттүн билгизип келишкен. Кыргыздарда маркумду жоктоодо аялдардын кошок кошпой бетин бекитип, үнсүз ыйлашы же телмирип карап олтурушу жат көрүнүш катары кабылданган. "Кошок-элдик оозеки адабияттагы каада-салт ырларынын бир түрү. Дүйнөдөн өткөн адамдын жакындары тарабынан өзүнчө обон менен айтылган байыркы жанр" [4, 192]. Кошок - кыргыздын дүйнө таанымы, тарыхый эс тутуму, этномаданияты. Кыргыздардын байыркы эл экендиги дүйнө таанымындагы улуу философия кошок жанрында айкын көрүнүп турат. Кошок кыргыз адабиятынын бардык жанрларында кеңири колдонулуп, Ч. Айтматовдун "Гүлсарат", Кылым карытар бир күн", Т. Касымбековдун "Сынган кылыч", Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба", К. Акматов "Мунабия" ж.б. чыгармаларында интерпретацияланган. Кошоктор азыркы мезгилде адабий мурастардын ички структурасында ар түрдүү мүнөздө көркөм модернизацияланып жаткан кези. Дүйнөлүк маанидеги жазуучу Ч. Айтматов поэтикалык дөөлөттөрүндө каада-салттар бүтүндөй улуттун эс-тутумун калыптандырып, тарбиялай турган элдик нарк экендигин ташка тамга баскандай жазып да, айтып да келди. Окумуштуу Ж. Сааданбеков: "Адам өлгөндө айгайлап, ай-ааламдын баарына жар салмай, бир эле кыргыз менен казакта бар. Ч. Айтматов муну жактап, буга өзгөчө баа берип, ушул салт ушул боюнча калышын туура көрө тургандыгын, аталган романында өлүк коюунун майда-чүйдө ырым-жырымдарына чейин шашпай отуруп сүрөттөгөнүнөн көрүнөт" [9, 98],-дейт. Дал ушундай каада-салтыбыз элдин тарыхый эс-тутуму, философиялык уюткусу, кан-жаны, келечек мүдөөлөрү кайнап турганын башка сүрөткерлерге караганда улуу ойчул Ч. Айтматов абдан эрте түшүнгөн.

Көрүнүп тургандай, С. Раев аңгемелеринде элибиздин тарыхый турмушундагы каада-салт, жөрөлгөлөрдүн ролун чагылдыруу менен маркумдуу узатууда советтик идеологиянын кысымынан улам профессор Жоомарттай интеллигенттер элдик нарктан оолак калса, кийинки урпактарыбыз тарабынан дээрлик унуткарылып жатканы, бүгүнкү күндө бөтөн элдин маданияттына ооп бараткан келечек муундардын тагдырына кыргыздын уулу катары терең тынчсызданган. Ал эми “Топурак” аңгемесинде башкы каарман Мураттын энесинин калтырган керээзи, маркумду узатуудагы салт-жөрөлгөлөр, Жапондордун Фудзи тоосунан алган бир ууч топурак апасынын мүрзөсүнө жетпей калышы драмалык сюжет катары жогорку көркөмдүктө сүрөттөлгөн мыкты сценалар. Автордун адабий табылгасы болгон “бир ууч топурак” чыгарманын кан-жанына сиңип, идеялык-проблемаларга ширелип, гуманисттик таасири күчтүү. Эненин керээзинде кыргыз элине таандык тууган жерине тартылуу, мекенчилдик ары “чыккан кыз чийден тышкары” дегендей ата конушун, тууган-уругун сыйлоо деген этикалык тарбия менен элдик нарктуулук жатат. Эки аңгемеде тең аялдын образындагы улуулук жана нрава-психологиялык жагдай жеткиликтүү мотивировкаланган жана ата-эненин өлүмү сюжеттик өзөккө байланып, каармандардын өткөн, учур жана келечекке карата көз караштары, дүйнө түшүнүктөрү салыштырылып, автордук мүнөздөмө, ретроспекция ж.б. көркөм ыкмалар сюжеттин андан ары өнүгүшүнө, турмуштук байланыштарды ачып берүүдө ийкемдүү колдонууга жетишет.

Чыгармалардагы орчундуу маселе адам менен жаратылыштын диалектикалык байланышы жалпы адамзаттык проблема катары көтөрүлгөн. Көрүнүп тургандай, “Топурак” аңгемесинде Мурат апасынын көз жумганына жыл айланбай Жапонияга барган сапары баяндалат. Таланттуу окумуштуу М. Бахтин “жолду” адабияттагы эң маанилүү хронотоптун бири экендигин көрсөтөт. “Жол-күтүүсүз кездешүүлөр көп болуучу жер. Жолдо (чоң жолдо) мезгилдеги жана мейкиндиктеги бир чекитте ар түркүн адамдардын, бардык катмарлардын, диний ишенимдердин, улуттардын, муундардын өкүлдөрүнүн мезгилдеги жана мейкиндиктеги сапарлары кесилишет… Жолдо ар кандай окуялар түйүндөлөт жана ишке ашат. Бул жерде мезгил менен мейкиндик биригип, мейкиндикте агып бараткандай сыяктанат. “Жол”, жана “сапар” түшүнүктөрү өтө бай метафоралык мааниге ээ болушунун себеби ушунда жана анын негизги өзөгү-мезгилдин агымы” [3, 276],-дейт. “Топурак” аңгемесинде “жол” жана “сапар” түшүнүктөрү каармандардын образын тереңдетүүдө, коомдогу көйгөйлөрдү көрсөтүүдө, глобалдуу ой жүгүртүүдө маанилүү роль ойногон. Автор каарманга Жапониядагы ыйык Фудзи тоосунун таасири, алардын чексиз урмат-сыйы, жоопкерчиликтүү мамилелери, атактуу Кацусика Хокусайдын “Фудзинин 36 көрүнүшү” сүрөт түрмөгү жана акын Сайгенун таржымалы поэтикалык эргүү менен сүрөттөлгөн. Жазуучунун жекече адамдык касиеттери, интеллектуалдык жана эстетикалык деңгээли, оргуган көркөм ой жүгүртүүсү айкын көрүнүп турат. Аңгемеде Мурат Жапондордун ыйык Фудзи тоосунан апасынын мүрзөсүнө салам деп алган бир ууч топуракты аэропорттон полицейский өткөрбөй койгон окуя окурмандарга таасирдүү сүрөттөлөт. Топурак концепти Ата Мекендин туюнтмасы. Бул деталь чыгарманын мазмунун тереңдетип, ойдун логикалык өнүгүшүн да көркөм чечилишин да автордун болжогон чекитине жеткирип койду. Мунун өзү сыйымдуу, оригиналдуу адабий табылга, метафоралуу ой жүгүртүү.

Адам менен жаратылыш гармониясы, экология проблемасы “Суу” аңгемесинде башкача вариацияланып, элибиздин табиятка жандуудай мамиле жасаган

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

философиялык дүйнө таанымы андан ары тереңдетилет. Айтмакчы көркөм сөз өнөрүндө суу темасы дайыма актуалдуу. Мезгилинде “Аккан суунун” ыйыктыгын, табияттын улуу диалектикасын Токтогул, Жеңижок, Барпы ж.б. даанышман ырчылар кылычтай бир шилтеп ырдап өтүшпөдүбү. “Аккан суу” темасы дүйнөлүк китептердин баарында бар, түбөлүк темалардын бири. Библияда: “Суу адамдан улук, жер сууда калыптанып бекиген”, “Талмуд китепте: “Асман суудан алынган”, Куранда: “Алла таала асман менен жерди жаратып жатканда анын отурган тактысы сууда сүзүп турган” делет. Мына ушул көркөм дөөлөттөрдүн баарында адам менен табияттын биримдиги аксиологиясы мурасталып кеткен. “Суу” аңгемесинде ата-баланын табиятка болгон көз караштарынын, адамдык нарк-насилинин кагылышы турмуш чындыгына негизделип берилген. Калемгер контрасттык планда сүрөттөөнү ыктуу колдонуп, ата-баланын дүйнө таанымын, нравалык карама-каршылыктарын терең ачкан. Элибиздин каада-салттары менен экологиялык аксеологиясы таанып билүү адеп-ахлактык, философиялык, диний баалуулуктар менен жуурулуштурган. “Көркөм баалуулук-көркөм өнөрдүн арналышын мүнөздөөчү жана кийинки он жылдыктарда гуманитардык илимдер менен философиянын аксиологияга ( грек. axios- баалуулук жана logos- сөз, түшүнүк) активдүү жана максатка умтулган кайрылуусунан улам жогору кызыгуу жаратуучу түшүнүк” [4]. Мына бул чен өлчөмдөр биригип чыгарманын көркөм баалуулугун баалоодо маанилүү роль ойнойт.

Султан Раев аңгемелеринин диапозону кеңири болуп кыргыз тилинин актуалдуу маселелери көтөрүлгөн. Классик жазуучу Ч. Айтматов: “Элди түбөлүк эл кылып турган анын тили. Ар бир тил өз элине улуу” [ 1, 286], -дейт. Бүгүнкү күндө улуттук тилдин өнүгүшүн алалы, эмне деген драмалуу процесстер жүрүп жатат. С. Раев “Суу” аңгемесинде бир үй-бүлөнүн тагдыры менен кыргыз тилинин трагедиялуу абалга кептелгенин таамай сүрөттөйт. Калемгер аңгемелеринде мигрант маселесин да көңүл жаздымында калтырбаган. Таланттуу жазуучунун чакан жанрдын алкагында реалдуу турмуш көрүнүшүнөн оригиналдуу окуя чайкап, тапкан сюжети чегине жете сыгылып, улуттук нарктарды бүгүнкү заман агымы менен байланыштырып, элдин уюткулуу өзөк тамырларын бириктирип, урпактарга өткөндү терең таанып-билүүгө чакырат.

Султан Раев адам жан-дүйнөсүн ачуунун устаты. Аңгемелеринин көркөм салмагын артырып, тереңдип берип турган сапат терең психологизм. Жазуучунун каармандары жашоодо өз тагдыры, кулк-мүнөзү, дүйнө таанымы бар, ашкере сезимтал, ак ниет, эмгекчил, нарктуу адамдар. Каармандардын ички дүйнөсүнөн табылган байлык-ал сүрөткердин жан дүйнөсү, адамтаануу тажрыйбасы. Көркөм адабияттын башкы элементтеринин бири тил. С. Раев чыгармаларында кыргыз тилинин керемет корун ыктуу, ийкемдүү колдоно алгандыгы, сөзгө жан салган чеберчилиги интеллектуалдык жана талант деңгээлинен кабар берип турат.

Жыйынтыктап айтканда, С. Раев элдин этномаданияттына, улуттун уңгусуна маани берип, ар бир чыгармасында кайрылып, жалпы адамзаттын көңүлүн буруп жатат. Баарыдан мурда автордун чыгармалары кыргыз улуту үчүн кымбат, руханий-философиялык нарктар менен ашташып турган менен баалуу. Аңгемелердин маңызында, идеялык-проблематикасына эл өзүнүн улуттук баалуулуктары менен өзгөчөлөнүп турары, терең рухий-нравалык потенциалы социалдык-маданий жагдайларга байланыштуулугу жана адам менен жаратылыштын диалектикалык биримдиги сүрөттөлөт. Улуттук нарк менен бирге

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

экологиялык каада-салт системасы социумдагы руханий дөөлөтөр менен бирге өнүгөт, аксиологиялык гуманисттик, регулятивдик-тарбиялык маанини өзүнө сиңире тургандыгы туюнтулат. Жазуучунун көркөм дөөлөттөрүндөгү нукура чынчылдык, жан күйгүзгөн сапаттар табиятынан дайыма көңүл тереңинде жашап турган нагыз атуулдук сезимдин күчтүүлүгүнөн жаралат.

## Адабияттар


1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат: Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнөн сөздөр. (Түз: С.Тургунбаев) Ф.Кыргызстан.-1988.-400 б.
2. Бахтин М. Литературно-критические статьи.-М., 1986.
3. Кыргыз адабияты: Энциклопедиялык окуу куралы / Башкы ред. Ү. Асанов.-Б:. Мамл. Тил жана энциклопедия борбору. Б, 2004.
4. Лотман Ю.М. Художественное пространство в прозе Гоголя / Лотман Ю.М.О русской литературе. Статьи и исследования.- СПб., 2005.
5. Литературная энциклопедия терминов и понятий. М. НПК. Интелвак.-2001.
6. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б, Турар.-2018.
7. Раев С. Суу. Аңгеме. Агартуу айдыңы. http://ruhesh.kg.17.05.2021.
8. Раев С. Топурак. Аңгеме. Агартуу айдыңы. http://ruhesh.kg.21.03. 2021.
9. Сааданбеков Ж. Айтматовдун философиясы.-Б.: Улуу Тоолор, 2018.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# ГУМАНИСТТИК МОРАЛЬ – ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ЗАРЫЛ ФАКТОРУ

**Козубаев Өскөнбай**

философия илимдеринин
доктору, профессор

## Аннотация

Гуманизмдин адамды жакшылыкка жана адилеттикке үндөгөн принциби ар кандай коомдун, анын ичинде жарандык коомдун да туруктуу өнүгүүсүнүн бирден-бир зарыл фактору. Салттуу классикалык гуманизмдин этикалык мазмунун адамдын эркиндиги, анын өз алдынчалыгы, кадыр баркы, өз алдындагы да, башкалардын алдындагы да жоопкерчилиги түзөт. Бирок XXI кылымдагы коомдук реалдуулук гуманизмдин классикалык концепциясы болуп көрбөгөндөй өзгөргөндүгүн күбөлөйт. Сөз адам баласынын жашоосу техногендик катастрофалар, геосаясый конфликттердин арбындап бара жатышы, энергетиканын жана азык-түлүктүн тартыштыгы сыяктуу трансгуманисттик глобалдуу кооптуу коркунучтар улам курчуп бараткандыгы жөнүндө болуп жатат. Ушул аталган коркунучтарга дагы бир асоциалдык жана имморалдык кубулушту – “коомдун элитасы” деп аталган аз гана социалдык топтун эгоизмин кошпой коюуга болбойт. Эгерде жогоруда аталган коркунучтардын көпчүлүгү көзгө көрүнгөн, адамзат алардын абсолюттуу апаат экендигин так билген коркунучтар болсо, “элитанын эгоизми” деген коркунуч кайсыл коомдо болбосун сыртынан байкала бербеген, бирок социумдун гуманисттик өзөгүн ичтен ириткен опурталдуу коркунуч. Маселенин мындай кескин коюлушу аша чапкандык эмес, бул терең изилдей турган кубулуш. Техногендик цивилизациянын деструктивдүү жактарын таасын аңдаган М. Хайдеггер азыркы доордун элитасы кудайдан да коркпой калды көрүнөт деп бекеринен айтпагандыр. Макалада ушул маселе, б.а. элиталык эгоизмдин коомдун гумманисттик квинтэссенциясына тийгизген терс таасири жөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр:** Гуманизм, адам, адамгерчилик, мораль, этика, адеп-ахлак, коом, элита, туруктуу өнүгүү.

***

Абалтан белгилүү - адам баласы өзүнүн адеп-ахлактык, изгилик табиятында башка адамга, өз тегерегиндеги коомчулукка гумандуу сый мамиле жасоого тубаса умтулат. К. Маркс айткандай коомдо жашап туруп, андагы мамилелерден сыртта калууга болбойт. Ал эми ар кандай коомдук мамилелердин социалдык-этикалык негизин (өзөгүн) адамгерчиликти аздектеген гуманисттик принциптер түзөөрү белгилүү. Бирок, тилекке каршы социумдун ички мамилелери дайым эле жипке тизгендей ырааттуу, мактанаарлыктай моралдуу эмес. Анын ички карама-каршылыктары, оош-кыйыштары, ыйкы-тыйкылары толуп жатат. Демек коомдук мамилелер дайыма эле гумандуулуктун эталону деп айткыдай абалда болбойт. Э.Фромм айткандай конструктивдүү “жакшылыктын, кең пейилдиктин синдромуна” деструктивдүү мүнөздөгү “жамандыктын, алдым-жуттумдуктун синдрому” каршы турат. Кыргыз коому да мындай “алдым-жуттумдуктун синдромунан” куру эмес. Албетте бул бүгүн эле чыга калган көрүнүш эмес, эзелтен боло жүргөн адат. Деген менен да, эгемен деп аталган соңку отуз жылда “колго тийген коёнду, коё берген оңойбу” деген сыяктуу Советтер доорунда миллиондогон адамдардын кажыбас кужурмөн эмгеги менен түптөлгөн, кыргыз элинин кылымдарды карыткан көөнө тарыхында буга чейин болуп көрбөгөн байлыкты отуз жылдын алгачкы эле он жылында жоо чапкандай жылас кылып талап-тоноп, кыйратып түбүнө жетүүнү кандай түшүнсөк болот? Кызыгы, анчалык байлыкты жалпы эл-журт тоногон жок. Көп болсо жалпы калктын санынын он

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

процентин түзгөн атка минерлер жана чайкоочулук менен байыган азчылык ошончо байлыкты бөлүп-жарып алышты. Андан да өкүнүчтүүсү Глушич сыяктуу кыргызды адам ордуна көрбөгөн “моралдык жексурлар” (моральные уроды) ошол кездеги кыргыз бийлигинин чабалдыгынан жана саткындыгынан пайдаланып, стратегиялык деген заводдун станок-шаймандарын бир эшалон поездге жүктөп алып чыгып кетсе да, Кыргызстанда тиешелүү мамлекеттик органдар “төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү жок” дегендей бармак басты, көз кысты болуп гана эч нерсе болбогондой тынч кала беришкен. Ал эми ал олигарх уурунун Россияга барып алып басма сөздө кыргыз улуту тууралуу эмне деп сандыраганы кантип эстен кетет. Бул өзүнчө сөз кыла турган тема.

Биздин заманга чейинки экинчи кылымда жашаган грек тарыхчысы Полибий саясий бийликтин негизин, экономикалык-финансылык байлыкты, күч органдарын колуна алган автократия деп аталган аз гана алакандай топ түзөөрүн айтып, эгер алардын үстүнөн эл тарабынан тиешелүү көзөмөл болбосо, автократия бат эле олигархияга айланып кетээрин таасын айткан. Байыркы ойчулдун бул тезиси XXI кылымдагы Кыргызстандын мисалында өз чындыгын дагы бир ирет тапты.

Социалдык-экономикалык чукул өзгөрүүлөрдөн улам жапайы капитализмдин үлгүлөрү социалисттик коомдук мамилелер кыйрагандан кийинки Кыргызстанга да бат эле тарады. Мурда “социалисттик менчикти көздүн карегиндей сактайбыз” дегендердин айрымдары приватизация деген таламай башталаары менен стратегиялык заводдордон тартып коомдук даараткананаларга чейин менчиктештирүүгө өткөндүгү жалпы журтка белгилүү. Ушундай кыйчалыш кырдаалда өзүнүн эгоисттик жеке кызыкчылыктарын баарынан жогору койгон, уят, ар-намыс деген түшүнүк-ишенимдерге түкүрүп да койбогон, псевдоэлиталык деңгээлдеги субъекттердин казанына май тамды. Мамлекеттик бийлик убагында Батыштын утилитардык-империалисттик кызыкчылыктарын коргоо үчүн жана Рим клубу тарабынан 1960-жылдардын аягында иштелип чыккан СССРде деиндустриализация, децентрализация иштерин жүргүзүү боюнча жоболорго таянган Дүйнөлүк банк, Эл аралык валюталык уюм сыяктуу күчтөрдүн айдактоосу менен менчиктештирүү процессин баштаганда дал ошол псевдоэлиталык элементтердин күнү тууду. Мурдагы элитанын дүйнө түшүнүүсүндө альтруизм басымдуу болуп туруучу. Коом үчүн мамлекет үчүн деген көз караш басымдуу болгон. Элитанын айрым өкүлдөрү үчүн жеке кызыкчылыктан коомдук кызыкчылык дайыма өйдө турган. Ал эми кийинки отуз жылда эгоисттик аракеттер эч бир эрен-төрөнү жок эле ачыкталып, тескерисинче эбин таап байыгандар эл оозунда мактоого алынып калды. Бир парадокстуу жагдай – социализм убагында да коомдук менчиктен өөнөгөн учурлар болгон. Мисалы, лабораториядан бир литр спирт, же чоң курулуштан бир килограмм мык деген сыяктуу. Ал эми жаңы доордогу талап-тономой түшкө кирбегендей масштабда жүрдү. Кечээги эле атка минер кошунаң колдон келеттик менен бүгүн миллионер болуп чыга келди. Эгоизмдин эпидемиясы улам кулачын жайып, либералдашкан коомдо өз билгенин жасап, уят-сыйытты унутуп коомдук байлыкты таламай адатка айланып бара жатканда азыркы официалдуу кыргыз бийлигинин коррупцияга каршы күрөштү күчөтүүсү жалпы эл журттун колдоосуна ээ болуп, алдым жуттумдукту тизгиндөө боюнча алгылыктуу антикоррупциялык аракеттердин ооз жүзүндө эмес, иш жүзүндө жүрүп жаткандыгы талашсыз түрдө мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө болоорунда шек жок.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Тақинчоқларни магик ҳимоя воситаси деб қараш қуйидаги қўшиқ матни орқали ҳам ёрқин англашилиб туради:

*Ойижон, ойижон, қўлгинам оғрийди-ё.*

*Қўлгинангдан ойинг ўргилсин, нималарга оғрийди-ё?*

*Бозорларда бўлармиш, атторларда турармиш,*

*Унинг оти тилло узук, ўшанга оғрийди-ё.*

*Ўшанга оғриса-ё, алам-о, алам-о.*

Она ва қиз ўртасида кечадиган диалог характерида ижро қилинаётган ушбу қўшиқнинг бир қарашда маросимга дахли йўқдек туюлади. Аслида-чи, у ўзида "қўл олиш" маросимини ифода этади. Негаки, "қўл олиш" маросими онадан қизга мерос сифатида ўтадиган "касб олиш" маросимидир. Айниқса, халқ орасида ювғичилик, кинначилик, бадикхонлик сингари халқона касблар билан шуғулланадиган аёллар "момомерос", "онамерос" деб онасининг "қўлини олишади". Бунда "қўл олиш" кўчма маънодаги ибора бўлиб, шу касбни давом эттириш маъносида тушунилади. Қўл олган қизига (келини бўлиши ҳам мумкин) она (ёки қайнона) кўпинча узук совға қилади. Қўл олувчи то қўл олгунича бирор сурункали (кўпинча бош оғриғи, қўл ёки оёқ оғриғи сингари) хасталикка дучор бўлиб, безовталанади. На шифокорлар, на табиблар унинг дардига даво тополмагач, бемор қушноч, бахши, парихон кабилар таклифи билан "қўл олади". "Қўл олиш" маросими махсус ташкил қилинади. Уни уюштиришнинг ўз тартиб-қоидалари мавжуд. Бундай маросимлар тор доирада ўтказилади. Демак, ушбу қўшиқда қўл оғриғига узукнинг даво экани айтилаётгани бежиз эмас. Кўпинча қўл олган аёллар узугини ўнг кафтларидаги ўрта бармоғига тақишади. Шунинг учун бошқаларга бу бармоққа узук тақиш тақиқланади.

Демак, тақинчоқлар образининг тарихий илдизлари бевосита қадимги диний-маиший ва магик характердаги маросимларга, афсунгарлик, фетишистик, анимистик ва табу билан алоқадор халқ қарашларига бориб тақалади. Хусусан, ибтидоий инсонларнинг жонсиз нарсаларга нисбатан жони ва руҳи бор деб қарашган. Уларнинг сеҳри ва жоду кучига ишонишган. Шу сабаб ўзлари учун ҳимоячи деб билган қадимги фетишистик қарашлар тақинчоқлар образининг келиб чиқишида етакчи асослардан ҳисобланган.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

**Фойдаланилган адабиётлар**

1. Жумаев А.Ш. XIX асрнинг охири XX аср бошлари Бухоро воҳаси ўзбек ва тожикларида бола туғилиши ҳамда тарбияси билан боғлиқ урф-одатлар ва маросимлар: Тарих фанлари номзоди диссертацияси. – Т., 1991.
2. Кубаков Қ.К., Ибрагимов С.И. Оилада фарзанднинг туғилиши ва уни тарбиялаш урф-одатлари / Археология ва этнография масалалари. Илмий мақолалар тўплами. – Самарқанд, 1984.
3. Кыргыздын улуттук маданияты. – Бишкек, 2012.
4. Кыргыз тилинин сөздүгү. II том. – Бишкек, 2011.
5. Кошғарий М. Девону луғотит турк. Уч томлик. 1-том. – Т.: ЎзР ФА нашриёти, 1960.
6. Лобачева Н.П. Что такое свадебный обряд? // Этнографическое обозрение. – М.,– 1995. – №4.
7. Шомусаров Ш. Араб ва ўзбек фольклори тарихий-қиёсий таҳлили. – Т.: Фан, 2002. – Б.274.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

# ЎЗБЕК ВА ҚИРҒИЗ ХАЛҚ МАҚОЛЛАРИНИ ҚИЁСИЙ-ТИПОЛОГИК ЎРГАНИШ

**Темирова Маҳбубахон Алибековна**

Андижон давлат педагогика институтиі
Рус-қирғиз тили ва адабиёти кафедраси доценти.
temirova_65@mail.ru

## Аннотация

Мақолада туркий халқлар оғзаки ижодида асосий ўрин эгаллаган мақол ва матал жанри ҳусусида сўз юритилади. Унда ўзбек ва қирғиз халқ мақоллари, уларнинг уч адабий турнинг қай бирига мансублиги ҳақида ўзбек ва қирғиз олимларининг фикрларига тўхталган. Эпик, лирик, драматик каби уч адабий турдан ташқари турга ажратиш масаласи ҳақида ҳар икки халқ фольклоршунослигида турли қарашлар, муносабатлар мавжудлиги айтилади. Паремаларнинг адекватлик ҳолати турли мамлакат олимлари томонидан тадқиқ этилганлиги ҳақида сўз боради. Лекин, ўзбек ва қирғиз халқ мақолларини қиёсий- типологик ўрганиш жараёнида икки халқ мақоллар фондида жуда кўплаб мос ва ўхшашгина эмас, айнан ўхшашлари мавжуд эканлигини, бироқ айнан ўхшаш ва мазмунан ўхшаш, фарқли бўлган мақоллар учрагани ҳолда, ушбу икки халқ маталларида эса ўхшашлари учрамаслиги ўрганилган. Ўзбек ва қирғиз халқ мақоллари фондида беш юзга яқин бир-бирига айнан ўхшаш мақоллар мавжудлиги қайд этилган. Маталларда эса бу каби аналогиялар деярли учрамаслигига эътибор қаратилган. Бундай мақоллар мазмунидаги яқинлик, мавзуларнинг уйғунлиги, тили, дини бир бўлган қондош халқлар орасида ягона фольклорий муҳит амал қилганлигидан далолат бериши ҳақида сўз юритилади.
**Калит сўзлар:** мақол, матал, паремия, жанр, тур, адекват, қиёсий-типологик ўрганиш.

## COMPARATIVE-TYPOLOGICAL STUDY OF UZBEK AND KYRGYZ FOLK PROVERBS

## Annotation

The article talks about the genre of proverbs and sayings, which occupy the main place in the oral creativity of the Turkic peoples. The main attention is paid to the opinions of Uzbek and Kyrgyz scholars about Uzbek and Kyrgyz folk proverbs and their belonging to one of three literary genres. They say that in the folklore of both peoples there are different views and positions on the issue of division into three literary genres: epic, lyrical and dramatic. They say that the adequacy of parems was studied by scientists from different countries. However, in the process of comparative typological study of Uzbek and Kyrgyz folk proverbs, it was found that there are not only many coinciding and similar proverbs, but also exactly similar proverbs, but there are proverbs that are completely similar and similar in content and different, but there are no similarities in the languages of these two peoples. In the fund of Uzbek and Kyrgyz folk proverbs, there are about five hundred proverbs, exactly similar to each other. Attention is drawn to the fact that such analogies are practically never found in the materials. It is said about the similarity of the content of such proverbs, the harmony of themes, and also about the fact that among consanguineous peoples who have the same language and religion, a single folklore environment prevails.
**Keywords:** proverb, saying, paremia, genre, type, adequate, comparative typological research.

***

Туркий халқлар оғзаки ижодида мақол ва маталлар асосий ўрин эгаллайди. Мақол ва маталлар оғзаки ижоднинг ўзига хос ёдгорлиги, халқ донолигининг мажмуи, ижтимоий-тарихий, ҳаётий тажрибаларининг тўпламидир. Бу жанр халқнинг кўп йиллик тарихи силсиласида яратилиб келинади. Халқнинг табиат,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

маиший ҳаёт, муайян тарихий факт, воқеликни кузатиши, ижтимоий-иқтисодий ва маданий ҳаётга муносабатини билдириши асосида майдонга келган. Мақолларда кўплаб аждодларнинг оммавий, умумий донишмандлиги яхлит ифодаланган. Аждодлар мураккаб ва оғир турмушдан хулосага келиб, ўз тажрибаси синовидан ўтган мулоҳазаларини ўзининг келажак ҳақидаги орзуларига қўшиб, юксак маънавий ва инсоний фазилатларни турфа мавзулардаги мақолларда таъкидлаб кўрсатганлар. Мақол ва маталлар халқ маънавий маданиятининг узвий қисми бўлиб, уларни ҳамма даврларда илмий тадқиқ этиш долзарблик касб этади.

Шунинг учун ҳам фольклоршунос С.Закиров: “Макал, лакаптар бир доордун продукциясы эмес, ал кылымдан кылымга элдин турмушунун бардык жагы менен тутумдашып, аларды өзүнө сиңирип келген оозеки тарых” [1. 238]. (Таржимаси: “Мақол, маталлар бир даврнинг маҳсули эмас, у асрдан асрга халқ хаётининг барча жиҳатлари билан боғланиб, тўлдирилиб, уларни ўзига сингдириб келган оғзаки тарих”), – дейди.

Бу ҳақиқатдир, мақол ва маталларда халқимизнинг қадимий кўҳна тарихи, ҳаёт ҳақиқати, турли даврда яшаган одамларнинг феъл-атвори, қилган ишлари намоён бўлган.

Фольклоршунос Б.Саримсоқов паремик жанрларда ақлий нисбат устун туриши ҳақида тўхталиб, шундай ёзади: “Бадиий кечинманинг бу шакли (паремик кечинма-М.Т.) юқоридаги уч адабий турга (лирик, эпик, драматик тур-М.Т.) хос кечинмадан ўзининг барқарор табиати ва таркибида ҳиссий нисбатга қараганда ақлий нисбатнинг устунлиги билан фарқланиб туради”.[2.88-89]

Фольклор асарларини тур ва жанрларга ажратишда лирик, эпик ва драматик турларга таснифлаш тамойилига амал қилиб келинади. Айрим жанрларнинг шакли, мазмуни, табиати ва функциясига кўра алоҳида белгилари мавжудлиги ҳам таъкидланади. Хусусан, мақол, матал, топишмоқ, олқиш, қарғиш ва юмуқ ибораларга нисбатан махсус тур номи қўлланади. [3.82].

Эпик, лирик, драматик каби уч адабий турдан ташқари турга ажратиш масаласи ҳақида ҳар икки халқ фольклоршунослигида турли қарашлар, муносабатлар мавжуд бўлиб, ҳамон мунозаралидир. Биз ҳозирча ҳар икки хил қарашларда (аниқроқ айтганда, мақол ва маталларни паремик тур ёки эпик тур сифатида ўрганишга доир фикрларда) асослар борлигини билдирамиз. Бизнинг асосий мақсадимиз ўзбек ва қирғиз халқ мақолларини қиёсий-типологик ўрганишдир.

Паремаларнинг адекватлик ҳолати турли мамлакат олимлари томонидан тадқиқ этилган. Лекин, ўзбек ва қирғиз халқ мақолларини қиёсий-типологик ўрганиш жараёнида икки халқ мақоллар фондида жуда кўплаб мос ва ўхшашгина эмас, айнан ўхшашлари мавжуд эканлигини кузатишимиз мумкин. Айнан ўхшаш мақолларнинг айримларини иловада келтирамиз:

| № | Ўзбек халқ мақоллари | Қирғиз халқ мақоллари |
|---|---|---|
| **Ватан ва ватанпарварлик** | | Мекен жана мекенге берилгендик |
| 1 | Балиқнинг куни кўл билан,<br>Ботирнинг куни эл билан. | Балыктын күнү көл менен,<br>Жигиттин күнү эл менен. |

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Балиқ сув билан тирик,<br>Одам–эл билан. | Балыктын жаны суу менен,<br>Эрдин жаны эл менен. |
| 3 | Беткай кетар, бел қолар,<br>Беклар кетар, эл қолар. | Бетеге кетет,бел калат,<br>Бектер кетет, эл калат. |
| 4 | Ватансиз инсон–куйсиз булбул. | Мекенсиз адам–үнсүз булбул. |
| 5 | Ватан учун ўлмоқ шараф. | Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат. |
| 6 | Диндан чиқсанг ҳам,элдан чиқма. | Динден чыксаң да, элден чыкпа. |
| 7 | Ёвдан қўрққан–ёвга дўст,<br>Элни суйган–элга дўст. | Жоодон корккон–жоого дос,<br>Элди сүйгөн–эрге дос. |
| 8 | Ёмон–ўз ғамида,<br>Яхши–эл ғамида. | Жаман өз камы үчүн күйүнөт,<br>Жакшы эл камы үчүн жүгүрөт. |
| 9 | Ёридан айрилган етти йил йиғлар,<br>Юртидан айрилган ўлгунча йиғлар. | Жеринен ажыраган жети жыл ыйлайт,<br>Элинен ажыраган өлгөнчө ыйлайт. |
| 10 | Киши юртида султон бўлгунча,<br>Ўз юртингда ултон бўл. | Бирөөнүн элинде султан болгончо,<br>Өз элиңде ултан бол. |
| 11 | Она юртинг–олтин бешигинг. | Ата-Журтуң–алтын бешигиң. |
| 12 | Туққан ерда туғингни тик. | Туулган жерге туунду тик. |
| 13 | Эл бор бўлса,эр хор бўлмас,<br>Эр бор бўлса,эл хор бўлмас. | Эр бар жерде, эл кор болбос,<br>Эл бар жерде, эр кор болбос. |
| 14 | Эл бошига кун тушса,<br>Эл яратган эр келур. | Эл башына күн түшсө,<br>Эл жараткан эр келет |
| 15 | Эл бошига тушгани,<br>Эр бошига тушгани. | Эл башына түшкөн түн,<br>Эр башына түшкөн түн. |
| 16 | Элдан айрилгунча, жондан айрил. | Мекениңден айрылганча, өмүрүңдөн айрыл. |
| 17 | Элидан безган эр ўнгмас,<br>Кўлидан безган ғоз ўнгмас. | Элинен безген эр оңбос,<br>Көлүнөн безген каз оңбос |
| 18 | Элнинг ичи-олтин бешик. | Эл ичи–алтын бешик. |
| 19 | Эл ишини эр қилур,<br>Эр қадрини эл билур. | Эл үмүтүн эр актаар,<br>Эр атагын эл сактаар. |
| 20 | Эрнинг иши–элнинг бўйнида,<br>Элнинг иши–эрнинг бўйнида. | Элдин иши эрдин мойнунда,<br>Эрдин иши элдин мойнунда. |
| 21 | Эллик йилда эл янги. | Элүү жылда эл жаңы. |
| 22 | Элинг-юртинг бўлмаса,<br>Ойинг-кунинг бўлмасин. | Эли журтуң болбосо,<br>Ай-күнүңдөн не пайда. |
| 23 | Эл қулоғи–эллик. | Эл кулагы–элүү. |
| 24 | Эл қўнган ерни билар,<br>От тўйган ерда тинар. | Ат тойгон жерине качат,<br>Азамат туулган жерине шашат. |
| 25 | Ўпкадан урган ел ёмон,<br>Элидан айрилган эр ёмон. | Өпкөдөн соккон жел жаман,<br>Элинен безген эр жаман. |
| 26 | Ўз юртингнинг қадри,<br>Ўзга юртда билинар. | Туулган жердин кадырын,<br>Алыста жүрсөң билесиң. |
| 27 | Ҳар кимнинг ўз эли–ўзига ширин. | Ар кимге тууган жер кымбат. |
| 28 | Ҳар кимнинг ўз юрти ўзига Миср. | Ар кимдин туулган жери–Мисир. |
| **Жамоатчилик ва худбинлик** | | Коомчулук жана өзүмчүлдүк |
| 29 | Бирликда барака бор. | Бирдик бар жерде береке бар. |

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

| | | |
|---|---|---|
| 30 | Бирлик бор–тирлик бор. | Бирдик болбой,тирдик болбойт.<br>Вариантлари:<br>Биримдик болгон жерде–тирдик.<br>Бирдик жок жерде тирдик жок.<br>Тириликтин кучу бирдикте. |
| 31 | Куч–бирликда. | Күч–бирдикте. |
| 32 | Бирлашган ўзар,<br>Бирлашмаган тўзар.<br>Варианти: Бирлашган дарё бўлар,<br>Тарқалган ирмоқ бўлар | Бириккен эл – озоор<br>Бирикпеген – тозоор.<br>Варианти: Айрылган эл–азаар,<br>Кошулган эл–озоор. |
| 33 | Ёлғиз дарахт ўрмон бўлмас. | Жалгыз дарак токой болбойт. |
| 34 | Ёлғиз ёғоч уй бўлмас. | Жалгыз жыгач үй болбойт,<br>Жалгыз жигит бий болбойт. |
| 35 | Ёлғиз отнинг чанги чиқмас,<br>Чанги чиқса ҳам донғи чиқмас.<br>Варианти:<br>Ёлғиз йигит алп бўлар,<br>Алп бўлса ҳам,қалп бўлар). | Жалгыз аттын чаңы чыкпайт,<br>Жалгыз эрдин даңкы чыкпайт.<br>Варианти:<br>Жалгыз эрдин аты чыкпайт,<br>Аты чыкса заты чыкпайт |
| 36 | Ёлғиз юриб йўл топгунча,<br>Кўп билан адаш. | Жалгыз жүрүп, жол тапканча,<br>Көп менен бирге адаш. |
| 37 | Икковга биров ботолмас,<br>Отлиққа яёв етолмас. | Экөөнө бирөө бата албайт,<br>Аттууга жөө жете албайт. |
| 38 | Йўлдан чиқсанг ҳам,кўпдан чиқма. | Жолдон чыксаң да,көптөн чыкпа. |
| 39 | Йўлдошга қарамаган йўлда ўлар. | Жолдошуна күйбөгөн жоого түшөт. |
| 40 | Кемага тушганнинг жони бир. | Кемеге түшкөндүн жаны бир. |
| 41 | Кенг кенгашиб йиртилар,<br>Тор–тортишиб. | Кең кеңешип жыртылат,<br>Тар тартышып жыртылат. |
| 42 | Кўпдан кўп ақл чиқар. | Көптөн көп акыл чыгат. |
| 43 | Кўпни ёмонлаган кўмувсиз қолар | Көптү жамандаган көмүүсүз калат.<br>Варианти: Көптөн качкан көмүүсүз калат. |
| 44 | Кўпчилик бир муштдан урса,ўлдирар,<br>Бир бурдадан берса,тўйдирар. | Көпчүлүк бир ууччан берсе, тойгузат,<br>Бир муштан берсе–өлтүрөт. |
| 45 | Отангнинг оти ўзгунча,<br>Овулингнинг тойи ўзсин. | Алыскынын аты озгуча,<br>Айылдаштын тайы озсун |
| 46 | Эл бўлмаса эр бўлмас. | Эл болбосо, эр болбойт. |
| 47 | Элга маъқул – сенга маъқул. | Эл макулга сен да макул.<br>Варианти: Эл макул тапканды, эр макул табат. |
| 48 | Эрнинг отини эл чиқарар. | Эрдин даңкын эл чыгарат. |
| 49 | Элга эл қўшилса–давлат,<br>Элдан эл кетса–меҳнат. | Элге эл кошулган–дөөлөт,<br>Элден эл бөлүнгөн–мээнет.<br>Варианти: Элге эл кошулса–дөөлөт,<br>Элден эл кетсе–мээнет. |
| 50 | Эрнинг кучини эл синар. | Эрдин күчүн эл сынайт. |
| 51 | Эл оғзи–элак,гап турмас. | Эл оозунда элек жок. |

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

| | | |
|---|---|---|
| 52 | Юрт билан келган аза ҳам–тўй. | Көп менен көргөн той болот. |
| **Дўстлик ва душманлик** | | **Достук жана душмандык** |
| 53 | Гумон дўстдан ажратар. | Шектенүү достукту бузат. |
| 54 | Икки ҳарамза дўст бўлмас. | Эки арамза дос болбойт. |
| 55 | Душманга жонингни берсанг ҳам,Сирингни берма. | Душманга жаныңды берсең да, Сырыңды бербе. |
| 56 | Дўст минг бўлса ҳам–оз, Душман бир бўлса ҳам–кўп. | Досуң миң болсо да–аз, Душманың бирөө болсо да–көп. |
| 57 | Душман нима демас, Тушга нима кирмас. | Душман не дебейт, Түшкө не кирбейт. |
| 58 | Душманнинг ташида бўлгунча,ичида бўл. | Душмандын сыртында болгончо,ичинде бол. |

Иловани яна давом эттиришимиз мумкин. Ўзбек ва қирғиз халқ мақоллари фондида беш юзга яқин бир-бирига айнан ўхшаш бўлганларини ўргандик. Иловадаги мақоллар бир қараганда, икки тилдаги мақолларни худди таржима қилиб қўйгандек туюлиши мумкин. Лекин мазкур мақоллар ўзбек ва қирғиз халқ мақоллари тўпламларидан териб олинган. [4.]

Шунингдек, икки халқ мақолларида мазмунан бир хил, айрим фарқли жиҳатлари бўлган мақолларни ҳам кузатишимиз мумкин. Бундай мақолларни ўхшаш ёки мазмуний, образлилик, структур жиҳатдан тўлиқ параллел бўла олади, деб белгилаш мумкин. Ўзбек халқ мақолида вақт ҳақида *“Вақтинг кетди - нақдинг кетди”* шаклида изоҳланса, қирғиз халқ мақолида *“Убакыттан уттурганың – ырыскыдан куру калганың”*, рус мақолида *“Время деньги”* шаклида бўлса, инглиз мақолида ҳам худди шу шаклда кузатиш мумкин: *“Time is money”.*

Маталларда эса бу каби аналогиялар деярли учрамайди. Хусусан, ўзбек халқидаги *“Бели оғримаганнинг нон ейишини кўр”* матали бошқа халқларда айнан шу конструкцияда қўлланмайди. Қирғиз халқ паремиологик фондидаги *“Манаке”, “Ола байтал, ақлинг бўлса сувга торт”(“Мен го Мааненке”, “Ала байтал, акылың болсо, суугa тарт”)* маталлари айнан шу халқ томонидангина истеъмол доирасида қўлланади.

Ҳулоса қилиб айтганда, ўзбек ва қирғиз халқлари мақолларини тўплаш, нашр этиш, қиёсий ўрганиш, уларнинг моҳиятини ёритиш билан туркий халқларнинг бой ўтмиши, анъана ва урф-одатлари, турмуш тарзи ҳақида маълумотларга эга бўлиш мумкин. Ўзбек ва қирғиз халқ мақоллари мундарижаси билан яқиндан танишиш бу халқларнинг ижтимоий-сиёсий, иқтисодий ҳаёти, маънавий дунёси ўртасида муштараклик мавжуд эканлигини кўрсатади. Мақоллар мазмунидаги яқинлик, мавзуларнинг уйғунлиги, тили, дини бир бўлган қондош халқлар орасида ягона фольклорий муҳит амал қилганлигидан далолат беради. Уларда ўзбек ва қирғиз халқлари вакилларининг ватанга, меҳнатга, илмга, оилага, фарзандга, жамиятга бўлган муносабатлари ўзининг бадиий ифодасини топган.

Туркий халқлар фольклоридаги мақоллар асрлар давомида инсониятни эзгуликка, олижанобликка ундаган, меҳнатсеварлик, ватанпарварлик руҳида

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

тарбиялаган, тинчлик, фаровонликни улуғлаган. Бу хусусиятлари билан мақоллар ҳамма вақт инсонлар учун ҳаёт дарслиги ҳисобланган.

**Фойдаланилган адабиётлар**

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. / Фольклористика/. /Түзгөн: Коллектив / VII томдук. I тому. – Бишкек, 2002. – Б. 238.
2. Саримсоқов Б. Мақоллар // Ўзбек фольклори очерклари. 3 томлик. 1-том. – Тошкент: Фан, 1988. – Б. 82
3. Саримсоқов Б. Бадиийлик асослари ва мезонлари. – Тошкент, 2004. – Б. 88-89.
4. Кыргыздын макалдары менен лакаптары.Түзүүчү: Керимжанова Б. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1948. – 100 б

# ТАБЫШМАК АТАМАСЫ ЖӨНҮНДӨ КЫСКА СӨЗ

**Темирова Гүлмира Алибековна**

Анжыян мамлекеттик педагогика институту
Орус-кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу
gulmiratemirova09@gmail.com

## Аннотация

Макалада «табышмак» фольклордогу эң илгерки жана эң кыска жанр экендиги аныктамалар менен талдоого алынат. Табышмактын жанр катары белгилери, максаты, милдети жөнүндө сөз болот. Табышмак сөзүнө морфологиялык талдоо жүргүзүлүп, атаманын башка түрк тилдүү элдердеги аталыштарына мүнөздөмө берилет. Бул жанр термининин түрк элдеринде “тап” уңгусунан жасалышы тээ XI кылымдарда эле көрүнгөндүгү жөнүндө айтылат. Буга алгачкы түркolog Махмуд Кашкарлыктын атактуу “Дивани лугат ат-түрк” мурасындагы жана “Кодекс Куманикус” аттуу, автору белгисиз болгон “Кыпчактар китеби” деген ат менен бизге белгилүү болгон китептеги терминдер мисал катары келтирилет. “Тап, тап табышмак” деген туруктуу саптарды биз алгачкы табышмактардан жолуктурабыз. Бул сөзүбүзгө далил катары өзбек жана кыргыз тилиндеги табышмактар мисал катары салыштырылат. Фольклористикада “табышмактар табу сөздөрүнөн жаралган” деген пикир үстөмдүк кылат. Биз да бул ойго кошулабыз. Макалада табышмактардын жанр катары келип чыгышы, б. а. табышмактар илгери жомоктун ичинде болуп, сюжет куруудагы негизги ыкмалардан болгондугу жана кийинчереек гана өзүнчө жанр болуп бөлүнүп, өнүгүү жолуна түшүшү жөнүндө да сөз болуп, өзбек жана кыргыз тилдериндеги жомоктор, табышмактар мисал келтирилип, талданат, салыштырылат. Ырчылар чыгармачылыгындагы табышмактардын орду боюнча да мисалдар келтирилет. Жазма адабиятта табышмактар андан ары өнүгүп, көптөгөн түрлөргө ээ болгондугу жөнүндө да сөз болот. Азыркы учурда табышмактардын жаңы жанрдык түрлөрүн, тактап айтканда, “Суроолуу ырларды”, “Табышмак ырларын”, “Сөз оюндарын”, “Анаграммаларды”, “Кроссворддорду”, “Логогриф”, “Метаграмма”, “Шарада”, “Акроырларды” көрүүгө болот. Токтосун Самудинов агайдын ырлары буга мисал боло алат. Макалада жогоруда аталган табышмактардын заманбап түрлөрүнө аныктамалар жана мисалдар келтирилген.

**Ачкыч сөздөр:** табышмак, чистон, табзуг, тамузик, табу, метафора, суроолуу ырларды, табышмак ырларын, сөз оюндарын, анаграммаларды, кроссворддорду, логогриф, метаграмма, шарада, акроырларды.

# A BRIEF ANALYSIS OF THE NAME OF THE RIDDLES

## Annotation

In the article, the fact that "riddle" is the oldest and shortest genre in folklore is analyzed with definitions. We will talk about the features, purpose, and function of the mystery as a genre. A morphological analysis of the word "tashmak" is carried out, and the names of fathers in other Turkic-speaking nations are described. It is said that the origin of this genre term in the Turkic peoples from the root "tap" appeared as early as the 11th century. Examples of this are the terms in the famous "Divani lugat at-Turk" heritage of the early Turkologist Mahmud Kashkarlik and in the book known to us as the "Kipchak Book" of unknown authorship called "Codex Kumanicus". We meet the constant lines "Find, find the puzzle" in the first puzzles. As proof of this statement, the riddles in the Uzbek and Kyrgyz languages are compared as an example. In folkloristics, the prevailing opinion is that "riddles are created from found words". We also agree with this idea. In the article, the origin of puzzles as a genre, p. a. It is also discussed that riddles used to be part of fairy tales and

were one of the main methods of plot construction, and only later they were separated into a separate genre and started to develop. Examples of the place of riddles in the works of singers are also presented. Written literature also mentions that riddles developed further and took many forms. Currently, there are new genre types of puzzles: "Question poems", "Riddle poems", "Word games", "Anagrams", "Crosswords", Logoglyphs", "Metagram", "Sharada", "Acropoems". The songs of Mr. Samudinov can be an example of this. The article provides definitions and examples of modern types of the above-mentioned puzzles.

**Keywords:** riddle, rebus, tabug, tamuzik, taboo, metaphor, question poems, puzzle poems, word games, anagrams, crosswords, logograph, metagram, sharada, acro poems.

***

Табышмак фольклордогу эң илгерки жана эң кыска жанрлардын бири болуп саналат. Табышмак–адам баласынын өзү тааныган, тегерегиндеги заттарды, жаратылыш кубулуштарын, түшүнүктөрдү каймана мааниде сыппаттап, жандырмаксыз айткан кыска позтикалык чыгармасы. Демек табышмактар адам жашоосундагы байкаган кубулуштар, окуялар, жаратылыш, турмуш-тиричиликте керектелген буюмдар, заттар, абстрактуу түшүнүктөр жөнүндөгү байкоолорунун жыйынтыгы, аң-сезими аркылуу текшерилген реалдуу дүйнөсү. Адам баласы табышмактар аркылуу ой жүгүртүп, улам ойлоосун, тапкычтыгын, сезгичтигин, билимин өстүрүп турат. Табышмактарды жаратуудагы, айтуудагы максаты, милдети да ушул.

Табышмак сөзүн морфологиялык талдоого алсак, атаманын түшүндүрмөсү дагы да аныкталат. “Тап”- этиш, буйрук этиш, ойло, изде, салыштыр деген сөздөргө синоним боло алат. “Ыш”- этиштин кош мамилесинин мүчөсү, жардамдаш деген маанини берип жатат. “Мак” – этиштен зат атооч жасоочу куранды. Демек, табышмак ойлонуп, изденип, салыштырып, көптөшүп (эки же андан көп адамдар тобу биргеликте) жандырмагын табууга берилген тапшырма (зат). Бул атама кийин жанрды атоого туура келгендиги үчүн термин катары жалпылаштырылган. Ошондуктан өзбектерде “топишмоқ”, кыргыздарда “табышмак”, каракалпактарда “табиспақ”, татарларда “табышмак”, азарбейжандарда “тапишмак”, алтайлыктарда “табышкак”, деп ар элдин өзүлөрүнүн тилдик өзгөчөлүгүнө жараша илимий да, адабий да термин катары кабыл алынган.

Бул жанр термининин түрк элдеринде “тап” уңгусунан жасалышы тээ XI кылымдарда эле көрүнөт. Буга алгачкы түркolog Махмуд Кашкарлыктын атактуу “Дивани лугат ат-түрк” мурасында берилген “табзуг” сөзү мисал боло алат. Автор тарабынан чыгармада иллюстрация үчүн “табзугук табуздим” же, табышмак таптырдым деген толук эмес сүйлөм келтирилген.

1303-жылда түзүлгөн “Кодекс Куманикус” аттуу, автору белгисиз болгон “Кыпчактар китеби” деген ат менен бизге белгилүү болгон мураста “табышмак” термини “тамузик” деп берилген. Мурастан орун алган көпөлөк жөнүндөгү табышмакта жанр термини ачык айтылган:

**tap tap tamyzik (tamadirgan tamyzik**

**(kologasi….) kojdirgan tamyzik.** [1.]

“Тап, тап табышмак” деген туруктуу саптарды биз алгачкы табышмактардан жолуктурабыз.

Өзбек элинде : **Топ - топ топишмоқ,**

**Оёққа ёпишмоқ. (Лой)**

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Кыргыз элинде: **Тап - тап табышмак,**

**Тай куйругуна жабышмак. (Куюшкан)**

сыяктуу табышмактарды мисал кылып алсак болот.

Табышмактардын жанр катары өзүнүн белгилери бизге белгилүү, санап өтсөк, көлөмүнүн кыскалыгы, ыр түрүндө же уйкаштыгы бар жорго сөз түрүндө болушу, текст айтылып жаткан нерсенин, кубулуштун аты аталбай, жандырмагын талап кылышы, сыпаттоо сөзсүз метафора аркылуу ишке ашуусу, жандырмагында бир же эки, кээде андан да көп нерсенин болушу. Табышмак айтпаган эл жок. Жогорудагы сыпаттар дүйнөдөгү бардык элге тиешелүү десек жаңылыштык болбос.

Табышмактардын пайда болуусу жөнүндө фольклористикада бирдей, анык ойлор, далилдер келтирилген эмес. Бирок, "табышмактар табу сөздөрүнөн жаралган" деген пикир үстөмдүк кылат. Биз да бул ойго кошулабыз. Илгери адамдар ишенимдерине таянып, айрым табияттагы кубулуштардын, заттардын, абстрактуу түшүнүктөрдүн, оорулардын аттарын атоого тыюу салышкан. Ошол затка, кубулушка, ооруга карата, салыштырып, окшоштуруп, башка сөздөр менен сыпаттап беришкен.

Натыйжада образдуулук аркылуу түзүлүп, метафоралык салыштырма методу менен табышмак пайда болду. Каймана айтылган сыпаттоо метафора аркылуу ишке ашты. Бул ыкма дүйнөдөгү дээрлик бардык элдерде, табышмактардын тематикасынын байлыгына карабай, бирдей колдонулат.

Табышмактар илгери өзүнчө жанр эмес, жомоктордун ичинде болуп, сюжет куруудагы негизги ыкма катары кызмат кылган. Өзбек элинде айтылып келген "Аёз" жомогу, "Ойчинор" дастаны, кыргыз элинин "Акыл Карачач", "Телибай тентек", "Акылдуу бала" жомоктору сөзүбүзгө далил боло алат.

Изилдөөлөрдөгү маалыматтарга караганда адамзат тарыхында табышмактар адам тагдырларынын чечилүүсүндө, эки элдин ортосундагы мамилелерде жана башка ушул сыяктуу кырдаалдарда чоң роль ойногон.

Кийинчерээк гана табышмактар өзүнчө жанр катары жомоктордон бөлүнүп чыгып, түрлөрү да арбый баштады.

Кыргыз элиндеги "ырчылык өнөрдө" **суроо-жооп айтышуу**, **табышмактуу айтышуу** деген жанрдык түрү калыптанып, кеңири тараган. Мындай айтышууда акындар бир-бирине суроо, табышмактарды жаадырып, жандырмагын талап кылып, жеңип алууга араекеттенишкен. Албетте, мындайда акындын чечендиги гана эмес, билими, ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы (кургозору) да сыналып, кашкайып көрүнүп, жеңиш адилеттүү болгон. Мисалы: "Талым кыз менен Көбөктүн айтышы", "Арстанбек менен Каңтарбайдын айтышы"ж.б.

Кийинчерээк, тактап айтканда, жазма адабияттын пайда болушу менен табышмак жанрына тиешелүү түрлөр да көбөйдү. Алсак, Өзбек адабиятынын улуу өкүлү Алишер Навоинин **чистон**унда мындай жазылат:

Не шўх эрурки, улус кўнгли ичра савдоси

Анинг юзидаги хатлар каби мухаррардур.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Кумушдурур танию киммати анинг лекин
Ўн икки ўз танидек важҳ ила мукаррардур.

Ишида ул ўн икки хар бирисидур динор
Ки, адл сиккасидин юзларида зевардур.

Магарки англади хумсул муборак асрорин
Ки, сони бу адад ўлмиш, агарчи юз мардур.

Гадога хумсидин ар салтанатдурур, не ажаб
Качонки беклик анинг рубъидин муссардур.

Акын эл көңүлүнө убайым салып, акылдан аздырган, бетинде мөөрү бар нерсенин белгилерин санап өтүп, жандырмагын табууну сурап  жатат. Бул суроонун жообу “Танга” (тенге, тыйын).

**Муаммо** (маселе) жанрында акын байт жазат да, белгилүү амалдарды аткаруу керек экендиги айтылат. Эгер ошол амалдар туура аткарылса, ысым (ат) келип чыгат. Мисалы, Алишер Навоинин төмөнкү байтинде:

“Бу гулшан ичраки йуктур бако гулига сабот,

Ажаб саодат эрур чикса яхшилик била от”, - деп “Саъд” ысымына багыт берип жатат.  [3.]

Азыркы учурда табышмактардын жаңы жанрдык түрлөрүн, тактап айтканда, **“Суроолуу ырларды”, “Табышмак ырларын”, “Сөз оюндарын”, “Анаграммаларды”, “Кроссворддорду”, “Логогриф”, “Метаграмма”, “Шарада”, “Акроырларды”** көрүүгө болот.

Токтосун Самудинов агайдын ырлары буга мисал боло алат.

**“Сөз жашынмак”**

Жашынганды эмесе,
Издейличи баарылап.
Арасынан сөздөрдүн
Беш канаттуу табылат.

Мисалы:

Биздин тоолуу жергебиз.
КемЧИЛ эмес куштарга.
Күндүн көзү көрүнбөйт
КаТАР ТАРтып учканда.

бУЛ АР кандай канаттуу
Ата журттун көркү экен
ТүнҮ-КҮнү тил безеп
Тынбай сайрай берсе экен.

Атың болсо качанаак
Айтканыма ишен:
Салып койсоң узабайт,
Кош бутуна…
***(кишен)***

Колу жөндөм адамга

Керек нерсе эң эле
Чоң ийне деп айтпагын
Анын аты…
***(темене)***

Көп иш тиксе, колдорун
Өйкөйт ко деп ойлодум.
Таап бердим андыктан
Чоң энемдин…

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Сунган мылтыК АЗайып,
Жер гүлдөсүн жасанып.

***(оймогун***

**“Уйкашын өзүң тап”**

**СӨЗ ОЮНУ: «КАРШЫ СӨЗ»**

| | |
|---|---|
| Бир сөз айтсам мен сага<br>Ошол сөздүн каршысын<br>Дароо таап жаңылбай<br>Керек ылдам айтышың.<br><br>Мейли, муну ким тапсын,<br>Ар бир жообу уйкашсын.<br>Анда калем сапты алып,<br>Сөз оюнун баштадык. | **Сөз оюнду баштадык:**<br>жапыз -<br>кашаң -<br>жок-<br>кенен-<br>баатыр -<br>уста –<br>кара -<br>жуп -<br>жумшак -<br>ширин -<br>шаар -<br>ысык -<br>терең -<br>жакын -<br>ичке -<br>дарбыз -<br>семиз -<br>ачык- |

**Колдонулуучу сөздөр**: *жабык , чоркок , бар , тайыз , тар , шашма , муздак , катуу , ак , коон , ачуу , кыштак , коркок , алыс , жоон , бийик , так , арык*

**Анаграмма -** (грек. anagramma - тамгалардын ордун алмаштыруу) – башка бир сөздөгү же сөз тизмегиндеги тамгалардын ордун которуштуруу менен жасалган сөз же сөз тизмеги. Анаграммалар максатына, шартка жараша көп түрдүүчө түзүлөт. Мисалы:

1. бийкеч – чейбик, ынтымак – мактыны **же:** Көздөр – алар көрүшөт. Менин үйүм – Мекеним.

2. Ырыс алды – ынтымак.

1 2 34 5678 9101112131415

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 6 | 7 | 5 | 13 |

*(ылдам)*

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | 3 | 2 | 13 | 14 | 15 |

*(тырмак)*

**Кроссворддор** да жаңыча табышмактардын бир түрү болуп, көп тапшырмалар берилип, алардын жандырмактары узунунан жана туурасынан түзүлгөн таблицалардын ичине жашырылып коюлат  да, сөздөр кесилишкен жерден да башка сөз жаралып, изденүүдө кыйындык жаратат.

**Логогриф –** ырдын текстинде жашырынган сөздү таап, ага мүчө уланса же кыскартылса, жаңы сөз келип чыгуучу сөз оюну. Мисалы:

Шатырата санасаң ,бирдиктеги бир сан,

“Н” тамгасын уласаң, баалуу асыл металл. (алты, алтын)

**Метаграмма –** жашырынган сөздү таап, андан кийин ашыкча тамга кемитилсе, же башка тамга менен алмаштырылса, жаңы сөз келип чыгуучу сөз оюну.

Мисалга:

1) Кандай сөздү айтабыз,
Көмүр өңүн туюнткан.
«К» ордуна «Ч» койсок,

2)Идиш айран уюткан.
Карагайдан сызылып,
Чыгат эмне жалтырап?
«Т» ордуна «Ш» койсок,
Оюн шоок артылат.

3) Көптүгүндө ченем жок,
Катуу бир зат жолдогу.
«Т» ордуна «Б» койсок,
Акыл-ойдун чордону.

4) Өсүп турса талаада,
Жел урунуп келет күү.
«Д» ордуна «Т» койсок,
Буюм чачка керектүү. *(Чара, Шаң, Баш, Тарак)*

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |

**Акроыр** – ыр саптарындагы  ар бир баш тамгадан жасалган сөз болуп саналат. Бул сыяктуу  сөз оюндары балдарды  чыгарманын тексти менен иштөөгө,  жана өз алдынча алектенүүгө үйрөтөт:

**Б**ашы жалпак,

**А**ягы балчак.

**К**өзү тосток,

**А**ябай коркок. *(Бака)*

Акроырлар Байыркы доордо эле пайда болуп азыркыга чейин активдүү колдонулуп келет.

**Шарада –** ар бир өз алдынча түшүнүк берген сөздөрдү кошуп окуп жаңы сөз алынуучу оюн ыр. Мисалга:

Биринчиси-бел боо, экинчиси түс.

Кураштырып окусаң, кооз буюм жасаган  уз. *(Кур+ак=курак)*

Балдардын гана эмес чоңдорду да ойлонтуп, изденүүгө, тапкычтыкка, ой арышын өстүрүүгө үндөгөн, сөздөн сөз жасоо, окуган адамдын сөз байлыгын өстүрүү, сүйлөө маданиятына үйрөтүүчү мындай чыгармалар дүйнөлүк адабиятта арбын табылат.

Улуттук тилдеги ар бир лексикалык бирдик элдик байлык экендиги белгилүү. Ал эми алардын колдонуудан чыгышы руханий жоготуулардын бири.[4]

Демек, элдик оозеки чыгармачылыгындагы мындай табышмактар жана көркөм адабиятыбыздын өкүлдөрү болгон сөз өнөрүнүн ээлери өз чыгармалары менен келечек муунду жетиктүү, зээндүү, дүйнө таанымы кенен кылып тарбиялоодо ата-бабадан калган улуу мурасты аздектеп сунуп, сиңирүүгө талбай эмгектенип келет.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. З.Хусаинова. “Ўзбек халқ топишмоқларининг асосий хусусиятлари ва замини” диссертация. Т.-1967
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары. 5-том. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы. Бишкек-2002.
3. Ўзбек халқ оғзаки ижоди. О. Мадаев. Тошкент-2013
4. Үмүт Култаева: Кыргыз балдар адабиятындагы Т.Самудиновдук мектеп. http://ruhesh.kg/ky/category/show/news/334/umut-kultaeva-kirgiz-baldar-adabiyatindagi-t-samudinovduk-mektep

# АДАМТААНУУНУН АЙМАТОВДУК МОДЕЛИ

**Аскар БЕКБОЕВ**

Философия илимдеринин доктору, профессор
Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын
Академик А.А.Алтмышбаев атындагы
филсофия инстутунун кызматкери

## Аннотация

Макалада негизинен адамтаануунун айтматовдук модели концияланышытырат, анткени Айтмов жөн гана интеллектуал эмес, ал ойжүгүртүүсүнүн масштабы менен кескин айрымаланган И.Канттын транцентүү "ноумени" менен имманенттүү "феноменин" кылдат ажырата билген ой менен туюндурууга татаал кубулуштардын табышмактуу табиятын иликтеп, көркөм каражаттарды табийгый шык-жөндөм, таланты, ой-мейкиндиги аркылуу философиялык сентенциянын деңгээлине көтөрүүгө кудурети жеткен, турмуш чындыгынын маңызын аңтарган; көркөм чыгарманы (повесть, романды) философиялык парадигмага, типтүү образдарды жалпыланган логикалык туюнтмага айландырган ойчул. Айтматовдук ойжүгүртүүнүн методологиялык негизин татаал жашоо-турмуштун катаал логикасы – Табият, Коом, Рухтун "кынапталган" бүтүндүгү (ажырагыс биримдиги) жана алардын кайчылаш (салыштырмалуу-карамакаршы) мамилеси түзөөрү тастыкталат. Болумдук бүтүндүк - айрымалуу биримдиктеги мамиле кандай, кантип адамдын аңсезимин "тепшип" турары, эмне үчүн "адамга күн сайын адам болу кыйын экендиги" (Айтматов), адамды акылынан адаштырган анын "пенделиги" адам табияты аркылуу кандайча түшүндүрүлөрү - айтматовдук адамологиянын лейтмотиви экендиги айкындалат. Ошондой эле макалада төмөндөгүдөй тезисттер таасындалат: жазуучунун көркөм фантазиясынан жаралган көркөм чындыктын турмуштук маңызы менен болумдун универсалдуу бүтүндүгүн, жалпылыгын аңдоого ыктаган философиянын субстанциялык мүнөзү бири-бирине тутумдаш; көркөм чыгарма, айтматовдун көркөм чыгармалары логика менен эмоцияны айкалыштырган философиянын өзгөчө формасы; көркөм чыгарманын "кыймылдаткыч күчү" болгон типтүү көркөм образ философиялык маңызга ээ. Макала философия, эстетика, адабияттаануу тармагындагы адистерге жана окурмандардын кеңири чөйрсүнө арналган.

**Урунттуу сөздөр**: айтматов, адамтаануу, философиялык парадигма, болумдук бүтүндүк, универсалдуу бүтүндүк.

***

Адам табияты (онтологиясы)...

АДАМдын жүрүш-турушу, жашоо образы, ой-санаасы, мүдөө-тилеги анын АДАМдык деңгээлинин (адамкерчилигинин) күзгүсү. Ошондон улам, АДАМ анын жүрүш-турушунун жыйындысы болуп эсептелет. Адам өзүн-өзү түшүнүп башкара билмейинче, турмушту (тагдырын) багындыра албайт. Кырдаалдын ээси эмес, кырдаалдын "кулу" болуп кала берет. Жүрөк – жандүйнө, сезим, эмоциянын "бешиги" болсо, акыл-эс – түшүнүк, түшүнүү, аңдоонун булагы. Жүрөк менен акыл-эс канчалык айкалышса, адамдыктын (адамкерчиликтин) деңгээли ошончолук жогору болот. Бирок, булуң-буйткасы көп турмушта жүрөксүз эс-акыл, эс-акылсыз жүрөк болушу толук ыктымал. Анткени, адам болуштун өр тарткан жолунда сапар тартып келген адамда эси жок (эси кем) жүрөк же жүрөксүз (сезимден куржалак, кургак ) эс-акыл бар.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

Адам табышмак. Мен ушул табышмактын жандырмагын өмүр бою издеп келем. Анткени мен адам болгум келет, дейт адам жандүйнөсүн ийне-жибине чейин иликтегенге дааган даанышман ойчул-жазуучу Достоевский. Ушул учкай белгиленген акдил сөз кандай ойду каңкуулайт. Биркараганда эң жөнөкөй сөз бүркүмү. Бирок маңыз-мааниси өтө татаал Ой. Алигичее толук аңдала элек Ой. Адам "адам" деген ыйык айтымга ээ болуш үчүн,ал ири алды менен өзүн-өзү таанып билгени кажет. Адам өзүндөгү өзүн туюнткан табышмактын жандырмагын өмүр бою издөө аркылуу гана АДАМ боло алат, деп каңкуулайт кеменгер ойчул. Адам аңсезими менен адам. Бирок, ысмы тарыхта калган ойчулдар,бирин-бири төгүндөп, жөнсалды эмес негиздүү төгүндөп,бир пикирге келе албай келишет. Ойчулдардын бирдаары адам аңсезими акыл-эске негизделген рационалдуу кубулуш десе (Гегель, Маркс), Бирдаары, тескерисинче, аң сезим туюм дүйнөсүнүн чындыгы, иррационалдуу кубулуш дешет.(Шопенгауэр, Ницше).

Жогоруда белгиленген адам табиятын жиликтеп ойжоруган ойтутум ойтутум алп жазуучу, ойчул, философ Айтматовго да толук тиешеси бар.

## 1. Айтматов – ойчул-философ

Айтматов жөн гана интеллектуал эмес, ал ойжүгүртүүсүнүн масштабы менен кескин айырмаланган И.Канттын транцендентттүү "ноумени" менен имманенттүү "феноменин" кылдат ажырата билген ой менен туюндурууга татаал кубулуштардын табышмактуу табиятын иликтеп, көркөм каражаттарды табийгый шык-жөндөм, таланты, ой-мейкиндиги аркылуу философиялык сентенциянын деңгээлине көтөрүүгө кудурети жеткен, турмуш чындыгынын маңызын аңтарган; көркөм чыгарманы (повесть, романды) философиялык парадигмага, типтүү образдарды жалпыланган логикалык туюнтмага айландырган ойчул. Айтматовдун адамологиясы эзелтен бери философ-ойчулдарды тынчсыздандырып келген "адам эмне" деген түшүнүк менен "адам ким" деген түшүнүктүн айрымалуу окшоштугун (тождествосун) аңдоого негизделген. Айтматовдун адамологиясы адам табиятын, оңой менен ой бутасына илинбеген "жашоо тажрыйбасын" адекваттуу иликтөөгө арналган логикалык жактан ырааттуу, концептуалдык жактан интегралдуу-универсалдуу система болуп эсептелет. Жашоо тажрыйбасы жазуучу үчүн кандайдыр бир "тарыхый интеграл" же болбосо кандайдыр бир адамзат ойжүгүртүүсүнүн жалпыланган жыйындысын туюндурган "логикалык конспект". Ал эми, ошол жалпыланган жашоо тажрыйбасына, турмуш логикасына "таянып" жараткан жазуучу-ойчулдун чыгармалары ойдун агымын акылдын айлампасына айландырган абсолюттуу турмуштун салыштырмалуу (относительдүү) көркөм-философиялык модели, өзгөчө ойжүгүртүүнүн атрибут-символу болуп эсептелет. Айтматовдук ойжүгүртүүнүн методологиялык негизин татаал жашоо-турмуштун катаал логикасы – Табият, Коом, Рухтун "кынапталган" бүтүндүгү (ажырагыс биримдиги) жана алардын кайчылаш (салыштырмалуу-карамакаршы) мамилеси түзөт. Ошол ажырагыс бүтүндүк, айрымалуу биримдиктеги мамиле кандай, кантип адамдын аңсезимин "тепшип" турары, эмне үчүн "адамга күн сайын адам болуу кыйын экендиги" (Айтматов), адамды акылынан адаштырган анын "пенделиги" адам табияты аркылуу кандайча түшүндүрүүлөрү - айтматовдук адамологиянын лейтмотиви.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Эгерде учкай белгиленген бул лейтмотивдин логикалык семантикасын лексемалык экспликацияга айландырууга аракеттенсек, анда мындай болжолдуу гипотетикалык ойтолгоонун концептуалдык схемасын түзүүгө болоор эле. “ Адам табышмак… Мен ушул табышмактын жандырмагын өмүр бою издеп келем. Анткени адам адам деген ыйык наамга татыктуу болсо дейм… Адам “адам” деген ыйык айтымга ээ болуш үчүн, ал ири алды менен өзүн-өзү таанып билгени кажет, адам аңсезими менен АДАМ. Адам өзүндөгү өзүн туюнткан  табышмактын жандырмагын өмүр бою издөө аркылуу гана АДАМ боло алат…” деген биркараганда эң жөнөкөй сөзайкашы сыяктанган, бирок маңыз-мааниси өтө татаал, алигичее толук аңдала элек терең ОЙду жазуучу  ойчул катары каңкуулагансыйт. Ысмы тарыхта калган улуу ойчулдар ушул ойду иликтеп, бирин-бири төгүндөп, жөнсалды эмес негиздүү төгүндөп, бир пикирге келе албай келишет. Ойчулдардын бирдаары адам аңсезими акыл-эске негизделген рационалдуу кубулуш десе (Гегель, Маркс), бирдаары, тескерисинче, аң сезим туюм дүйнөсүнүн чындыгы, иррационалдуу кубулуш деп келишет(Шопенгауэр, Ницше).

Жазуучунун пессимисттик да, оптимисттик да трагедияга шериктеш, жакшылык менен жамандыктын күрөшү аркылуу торолгон жеке тагдыры айматовдук адамологиянын кыртышын түзөт: ойчулдун өмүр-таржымалы - анын чыгармаларындагы көркөм окуялардын, образдардын пайдубалы. Карама-каршылыктардын курч кульминациясы, чырмалышып-түйүндөшкөн кырдаалдын чечмелениши жаңы синтезди жаратаары, тезис менен антитезистин синтезге айлана тургандыгы философиялык аксиома. Айматовдун дүйнөкарашы, “философиялык дүрмөтү” жеке тагдырдын кырды-бычак коллизиясы менен “азыктанды”: кечээ эле түбөлүк уланчудай “жакшылык” (“добро”) бүгүн көз ачып-жумганча “жамандык” (“зло”) менен алмашты – бактылуу балалык азаптуу жетимдик менен, токчулук ачкалык менен алмашты;  кандуу согуштун капшабына, жетимдиги аз келгенсип, жекирип-кемсинтүүнү баштан өткөрдү; махабат бактысы менен махабат азабына чалдыкты; даңкына жараша “оор жүгү” болду – адилетсиз, кээде адилеттүү да курч сындарга туш болду. Жазуучунун турмуш жолу, өмүр таржымалы сыдыргыга салгандай түптүз болгон жок. Жазуучу турмуштун ачуу-таттуусун “татып”, ысык-суугуна чыдап, ойчул-инсан катары калыптанды.

Турмуштун тигил же бул ыптасын, кырдаалын, жагдайын көркөм туюнтмалар аркылуу иликтеп-изилдеп, жазуучунун учкул кыялынан жаралган “көркөм дүйнө” аркылуу табият-коом-рух үчилтигинен куралган дүйнөтүзүлүштүн логикалык “архитектурасын” иштеп чыгуу философиялык мүнөзгө ээ жана философиялык жөндөмдү талап кылат. Жазуучунун көркөм фантазиясынан жаралган көркөм чындыктын турмуштук маңызы менен болумдун универсалдуу бүтүндүгүн, жалпылыгын аңдоого  ыктаган философиянын  субстанциялык мүнөзү бири-бирине тутумдаш. Көркөм чыгарма, айтматовдун көркөм  чыгармалары логика менен эмоцияны айкалыштырган философиянын өзгөчө формасы. Көркөм чыгарманын “кыймылдаткыч күчү” болгон типтүү көркөм образ философиялык маңызга ээ. Психологиялык чыңалуу жана эмоционалдык дүүлүгүү аркылуу туюндурулган драматизмге жыш айтматовдук адамологиядагы Сейденин, Жамийланын, Толгонайдын, Алимандын, Дүйшөндүн, Илиястын, Танабайдын, Момундун, Едигейдин, Бостондун, Авдийдин, Арсендин, ошондой эле Бугу эне, Гүлсары, Акбара менен Ташчайнар, Каранар же Жаабарс, Кремлдеги Үкү  ж. б. образдары адам табиятын айкындоонун концеп-формалары болуп эсептелет.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Айтматовдук адамологиянын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүгүн М.Ауэзов мындай сүрөттөйт: «Сөздүн ачыгын айтканда, эң эле кубанычтуу нерсе, Айтматовдун кыргыз прозасындагы айрыкча өзгөчөлүгү адамдарды сүрөттөөдөн, алардын өз ара мамилелерин ичтен, тереңден көрсөтө билүүдөн байкалат. Биздин бир тууган адабияттарда адамдардын мүнөзү көпчүлүк убактарда кургак сөз менен берилет. Кээде авторлор персонаждарына өзүнүн ойлорун таңуулаган учурлар болот. Чыңгыз Айтматовдун повести психологиялуу, табигый, көркөм жана жөнөкөй. Бул кыргыз прозасындагы жаңы көрүнүш» .

Айтматовдук адамология адамдын сырдуу, табышмактуу табиятына сүңгүп кирип, аны “адам-эмне” жана “адам-ким” концепциясынын негизинде иликтейт. Жазуучу ар-бир чыгармасында, алардын улам кийинкисинде улам тереңдеп адамдык арууулукту, абийирди, жасалма эмес, жандуу абийирди, изгилик-жакшылыкты ой диапозону өтө кеңири ойчул катары изилдеп, көркөм жалпылоого алып, аларды адамдык парасаттын атрибутуна айландырды. Изгилик (жакшылык) жолдо жаткан жөнкелди нерсе эмес, аны кокусунан эле эңип же илип кете албайсың,  аны (жакшылыкты, аруулукту) адам адамдан үйрөнөт, деп ойжүгүртөт Айтматов-адамолог өзүнүн “Саманчынын жолу” деген чыгармасында.

**2. Айтматовдун адамологиясы**

Айтматов адамологиясынын концептуалдык формуласы, логикалык негизи катары жазуучунун өзү жазган фразаны келтирсек болот: “Адабияттын формалары, функциялары өзгөрүшү мүмкүн. Бирок анын түп негизи - адам жөнүндөгү баян: анын чөгүүсү жана өйдөлөөсү жөнүндөгү, анын сулуулукту жана жашоонун маңы-зын талыкпай изденүүсү жөнүн- дөгү, анын акыйкатты талыкпай эңсөөсү жана ар качан, бардык жерде адилеттикти бел тутууну өзүнүн өмүрлүк тарыхы деп билгендиги жөнүндөгү баян бардык мезгилдерде өзгөрбөстөн кала берет”

Болумдун (БЫТИЕ, Oluş) тынымсыз “кыймылдагы” обьективдүү атрибуту болгон мейкиндик менен мезгилдин өтө татаал өзара алакасын тетик акылдын, улуу ойдун чабыт-күчү менен даана туя билген, билип эле чектелбей сезип-туйганын туюндура алган ойчулдар боло келгенин тарых бир эмес бирнече жолу тастыктап келет. Мейкиндик менен мезгилдин гана эмес, тарыхтын, тарыйхый баскыч-кырдаалдын, тарыхый доордун күрөө тамырын (пульсун) кылдат кармай билип, илгерилеп-кетенчиктеп улам өр тартып өнүгүп келген турмуштун табышмагын жандырганга  кудурети жеткен, өткөнчак-учурчак-келерчак үчүлтиктин айкалышы кандай кынапталып турганын даана түшүнгөн акылман ойчулдар сейрек болсо да бар. Ойчулдардын ойжүгүртүүсүнүн диапозону, алкагы канчалык кең, терең болсо, алардын  философиялык жалпылоолору ошончолук бийик-масштабдуу болот. Мындай философиялык жалпылоолор ички логикасы, табияты боюнча универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдүн парадигмасына жакын болот. Кереӊ, табышмактуу турмуштун универсалдуу өбөлгөлөрүн сезип-туюп, түшүнө билген, “көркөм чындыкты” философиялык жалпылоого айландыра билген “постклассикалык эмес” мезгилдин ойчулу – кыргыз элинин гений жазуучусу – Ч.Айтматов. Акылдын жанүрөгөн күрөшүнөн, түмөн ойдун түйшүгү аркылуу жаралган жазуучунун түйүндүү көркөм чыгармалары, тетик иштелип чыккан каармандардын образдары жандуу турмушту философиялык концептуалдаштыруунун оригиналдуу үлгүсү.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Айтматовдук адамология – бул адам табиятын иликтөөнү, адам маңызын ар тараптан түшүнүп-аңдоону максат кылып койгон жазуучу-ойчул, жазуучу-философтун көркөм лабораториясы. "Адам аңсезимдүү, биосоциалдык жандык", "адам тарыхый эволюциянын, антропогенездин туундусу", "адам коомдук-тарыхый ишмердүүлүктүн субьектиси", "генетикалык жактан өзүнө чейинки жандыктар менен адамдын байланышы бар", "адамдын ар дайым адам болушу өтө татаал", "адам табиятындагы оң-терс сапаттар, алардын моралдык чен-өлчөмү" деген сыяктуу түйүндүү-түйшүктүү концептуалдык тариздеги көпкырдуу суроолорду иликтеп, иликтөөнүн натыйжасын көркөм бүтүндүк (чыгарма) аркылуу жалпылаган лаборатория. Мурда белгилүү болгон пикирлердин алкагынан чыгып, мезгил-мезгили менен башаламандыкка айланып кеткен өзгөрмөлүү адам табиятын эске алып, биз кайрадан, башкача нуктан талдаган "Бетме-Бет" повестиндеги Ысмайылдын образы да ошол айтматовдук адамологиянын лабораториясынын жыйынтыктарына негизделди.

«Эгерде бизде, түрк элинде, - деп жазат белгилүү жазуучу-ойчул Я. Камаль, - бирден-бир улуу акын Назым Хикмет болсо, улуу жазуучу-романист Чыңгыз Айтматов да бизде ошондой эле таанымал. Түрк окурмандары Чыңгыз Айтматовдун улуу кыргыз совет жазуучусу экенине эч качан шектенишпейт. Аны түрк китепкөйлөрү өз жазуучусу катары кабыл алышып, анын чыгармаларын сүйүп окушат». Айтматов-жазуучу, Айтматов-ойчул, Айтматов-философ планетардык масштабда ойжүгүрткөн инсан. Айтматов-адамологиясынын алкагы белгилүү деңгээлде классикалык, постклассикалык, постклассикалыкэмес философиялык ойломдордун көркөм синтези менен аныкталган. В. Ерофеев таасын белгилегендей, «мыкты жазуучу болуш үчүн адабияттын тамырын жакшы түшүнүү зарыл. Адабияттын түпкү маңызы - адам болууга үйрөтүү. Айтматовдо ушу нерсе бар эле. Ал өзүнүн бардык чыгармаларында адамдын чыныгы бейнесин бере алган». Адам – айтматовдук философиялык парадигманын, айтматовдук адамологиянын жалпыланган, логикалык чабыты кеңири "адам" түшүнүгүнүн субстанциялык маңызын туюндурган негизги категориясы. Канткенде адам уулу адам болот, деген суроо коёт да, бул жөн эмес суроону жазуучу өзү философиялык өңүттө мындайча мүнөздөйт:

Ажалга көз жумса да ушул талаш, - Канткенде адам уулу адам болот?

Душмандан жан соогалап качканда да, Душманды кырып-жоюп басканда да,

Түбөлүк чечилбеген ушул талаш, - Канткенде адам уулу адам болот?

Адамзат качан чечет, качан коёт, - Канткенде адам уулу адам болот?

Бул эркин формада түзүлүп, орошон ойду камтыган олуттуу төрт сап айтматовдук адамологиянын лейтмотиви, түйүндүү силлогизми; айтматовдук адамологияны түшүнүүнүн ачкычы; айтматовдук адамологиянын көркөм-эстетикалык дүрмөтү. Момун чал менен бала, Дүйшөн менен Танабай, Толгонай, Орган карыя менен Эдигей, Сейит менен Сейде, Казангап менен Арсен, Бостон менен Авдий Каллистратов, Филофей сыяктуу айтматовдук көркөм дүйнөнүн кейипкерлери жөн гана каармандар эмес, алар - адам табиятын туюндурган образ-субьект формасындагы түшүнүктөр. Биздин бул макалабыздын максаты Ч.Айтматовдун алгачкы бараандуу чыгармаларынын бири – "Бетме-бет" повестиндеги Ысмайылдын образы айтматовдук адамологиянын маңызын туюндурган көркөм түшүнүк экендигин таасындоо болуп эсептелет.

## 3. Айтматов жана СӨЗ

(айтматовдук адамологиядагы сөз-түшүнүк концепти)

Оңой менен акылдын таанымдык кудуретине башийбеген ТУРМУШту – адамдын адамдык деңгээлин аныктап турган табият-коом-рухтун татаал, өтмө-катар байланышын аңдай билиш үчүн, түшүнө билиш үчүн СӨЗ менен диалог түзө билүү зарыл. Айтматов ойчул катары сөзгө өзгөчө маани берип, СӨЗ (лексема) укмуштуудай коммуникациялык кубулуш катары философиянын да, адабияттын да түйүндүү, негизги, фундаменталдуу постулатын түзөөрүн кылдат сезе билген. Сөз жөнүндөгү айтматовдук концепт М.Хайдеггердин "Тил – болумдун үйү" (Кара: Пархоменко Е.В. Язык как «Дом бытия»: от логоса к многослойности. https://cyberleninka.ru/article/n/yazyk-kak-dom-bytiya-ot-logosa-k-mnogosloynosti/viewer.16.03.23) деген онто-логикалык бүтүмү менен үндөшүп турат. Адам философиясынын, анын ичинде айтматовдук адамологиянын концептуалдык маңызы, логикалык табияты СӨЗ аркылуу жалпыланган, СӨЗ аркылуу туюндурулат, СӨЗ аркылуу аңдалат. Көпкатмарлуу, көпкырдуу адам табиятынын табышмактуу сырлары – СӨЗдөрдө. Сөздүн да, Айтматов таасын белгилегендей, өзүнүн өнүп чыгаар, гүлдөп кетер кыртышы бар. Жазуучу-ойчулдуктун табийгый белгиси, атрибуту, Айтматовдун сөзү менен айтканда, "сөздүн стихиясы, тилдин маданияты".

Сөз аңсезимден сыртта турган нерсе-кубулуштардын ширөөсүнөн, таасиринен жаралып, аңсезимдин "ичинде" калыптанып, сөз түрүндөгү өзүнүн формасына ээ болот да андан аркы "өмүрүн" аңсезимдин сыртынан улантат. Ошол эле мезгилде, ой менен сөз ажырагыс биримдикте – ойсуз сөз, сөзсүз ой жок. Сөз аркылуу ойлонобуз, оюбузду сөз менен туюндурабыз. Адам сөзү менен, ою менен адам болду. Сөз түрүндө оюбузду туюндурганга чейин "сөзгө чейинки сөз" менен ойлонуп, ал ойдун жыйынтыгында пайда болгон ойлом тыянагын сөз аркылуу туюндурабыз. Платон сөздүн эстетикалык дараметин даана-элестүү туюндуруу максатында аны живопись-сүрөтчүнүн боёктору менен салыштырып мындай дейт: «Как живописец, желая что-нибудь изобразить смешивает многие краски между собой…и мы будем соединять слоги из которых будут состоять слова» [Платон «Кратил» 424 е; кара: . 7 ] ( Автордон: маанисин толук сактоо максатында цитата бул жерде түп нускасында берилди, мындан ары да ушул эле тартип колдонулду).

Баардыгы, философия да, адабият да СӨЗдөн башталат. СӨЗгө да, философияга да, адабиятка да жалпылоо мүнөздүү, аталган үч феномен тең жалпылык, алардын башкалардан айрымаланган жагы да ушул "жалпылык" менен түшүндүрүлөт. Нерселерди, аларга тиешелүү касиеттерди жалпылоонун натыйжасында "СӨЗ", сөздөрдү жалпылоонун натыйжасында түшүнүктөр, түшүнүктөрдү жалпылоонун натыйжасында "категориялар", категорияларды жалпылоонун натыйжасында "мыйзамченемдүүлүктөр", мыйзамченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөр, универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында философия калыптанат. Сөз – бул нерсени жана анын образын туюндурган терең мааниси бар түшүнүк жана символ (кара: Лосев А.Ф. Миф – Число – Сущность. – М.: Мысль, 1994: с. 580) Философия менен адабият маани-мазмуну, табияты, таанымдарамети боюнча бирине-бири тутумдаш, анткени бул эки феномен тең дүйнөтүзүлүштүн абстракциясы же обьективдүү дүйнөнүн субьективдүү образы, же логикалык

ISBN: 978-605-73444-6-5
ISBN: 978-605-73444-6-5

ыңгайда туюндурганда конкреттүлүктө (дүйнөтүзүлүштөн) абстракцияланып (философиялык эмгекти, адабий чыгарманы жаратып), кайрадан конкреттүүлүккө, аны толугураак түшүнүүгө умтулат. Аталган феномендер турмуштан (ноуменден) алынган, турмушту таанып билет, турмушту аңдайт жана турмушту "үйрөтөт", турмушка "бышырат", турмушту кененирек билүүгө көмөк болот. Чыныгы философия адабиятка, чыныгы адабият философияга шерик, экөө тең "дүйнөтүзүлүштүн, жашоонун маңызы эмне", "адам –эмне", "канткенде адам адам болот", "жакшылык менен жамандыктын түйүнү эмнеде", "кантип жашоо-турмушту жандүйнөгө ылайыктай алабыз", "конфликт, чырчатак, коомдук карама-каршылыктардын сыры эмнеде, алардан кантип арылабыз" , "зарылдык менен эркиндикти (кокустукту) кантип айкалыштырабыз" деген сыяктуу диапозону өтө кең суроолордун орбитасында айланып келди, азыр да айланып жүрөт. Жакшы, сапаттуу, чыныгы адабий чыгарма табияты боюнча терең философиялык эмгек, М.Мамардашвили өзүнүн "Картезиандык ойжүгүртүүсүндө" таамай белгилегендей философия ойдун гана эмес, адабий сөздүн да угуту, Пруст Канттан кем эмес ойчул-философ. Немец философу Кант өзүнүн эмгеги "Таза акыл-эстин сыны" менен, француз жазуучусу Пруст атактуу бестселлери "Жоготулган мезгилди издеп" менен чыныгы философ-ойчулдар болуп эсептелери шексиз.

## 4. Адабият жана философия

(айтматовдук адамологиянын адабий формасы)

Адабий процесс дайыма доордун тарыхый процесси менен тутумдаш,- деп жазат Ч. Айтматов. Кандай гана адабий чыгарма болбосун, ал ири алды менен кыйма-чийме татаал дүйнөтүзүлүштү, оош-кыйыш катаал жашоо-турмушту көркөм-эстетикалык таанымдын, аңдоонун концептуалдык канондору, логикалык каражаттары аркылуу кынаптап иликтөөнүн үзүрү болуп эсептелет. Көркөм иликтөө менен философиялык ойтолгоонун логикалык этимологиясы теги бир: метафизика менен адабият субстраты бир эки акцидент-субстанция. Философия (философ) түшүнүктөр менен ойжүгүртсө, адабият (жазуучу) образдар аркылуу ой чабыттатат.

Аталган, бири-бири менен өзара тыгыз байланыштагы, салыштырмалуу автономиялык болуму менен айрымаланган эки тармак – философия менен адабияттын субтраты – онтологиялык негизи бир, ал табияттын, коомдун жана ойлом дүйнөсүнүн ажырагыс биримдигин туюндурган "дүйнөтүзүлүш" түшүнүгү болуп эсептелет. Бирок, философия менен адабият дүйнөтүзүлүшкө (субстратка) карата акциденталдык субстанция же субстанциялык акциденция катары мүнөздөлөт: башкача айтканда, философиянын да, адабияттын да негизи, субстраты – дүйнөтүзүлүш, анткени түшүнүктөр да, образдар да дүйнөтүзүлүштүн логикалык мүнөздөгү туюнтмалары. Ошол эле мезгилде, алар (философия менен адабият) салыштырмалуу туруктуулугу менен субстанциялык (негиздик) касиетке ээ, ал эми өзгөрмө касиетке ээ кубулуш катары акциденциялык касиетке ээ. Демек, жогоруда учкай белгиленген "субстрат", "субстанция", "акциденция " түшүнүктөрү философия менен адабияттын феноменологиялык жалпылыгын фундаменталдык жактан тастыктап турат, ушул аталган түшүнүктөр философия менен адабияттын атрибуттары болуп саналат.

Философия менен адабияттын дагы бир жалпылыгы дүйнөтүзүлүштүн көпкырдуу жагдайларынын, аркыл кубулуштарынын окшоштугун,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

биртектүүлүгүн туюндурган “жалпылоо” түшүнүгү болуп эсептелет: философия түшүнүктөр аркылуу, ал эми адабият көркөм каражаттар (образ, типтүүлүк, көркөм мүнөз ж.б.) аркылуу дүйнөтүзүлүштүн, турмуш-тиричиликтин кубулуш-көрүнүштөрүн,окуяларын, процесстерин жалпылайт. Философиянын да, адабияттын да этимологиялык тегин жалпылоо түзөт: философияга логикалык жалпылоо же концептуалдык синтез, концепция, парадигма, абстрактуу конкреттүүлүк мүнөздүү, ал эми адабиятка көркөм-поэтикалык, экспрессивдүү-маданий жалпылоо эстетикалык бүтүндүк мүнөздүү. Гегельдин сөзү менен айтканда “искусство (анын ичинде адабият да) чыныгы жалпылыкты, же болбосо образ формасындагы жалпы идеяны чагылдырат”. Адабият да, философия да “түбөлүк чындыкты”, мейкиндик менен мезгилдин татаал лабиринтинде адашпаган турмуш чындыгын издеп келет. Чыныгы көркөм чыгарма гана мезгил сыноосуна туруштук берип, улам кийинки муундун руханий азыгына айланганда гана “түбөлүк жашоо” укугуна ээ болот дейт, Айтматов-ойчул. (Кара: Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. – Бишкек: Турар, 2004.)

Философия да, адабият да турмуш чындыгы менен тыгыз байланышкан, сөз сыйкырынан жаралган көркөм текст же жалпы эле искусство болумдун эстетикалык формасы. Сөз искусствосу, сөз менен иштеген искусствонун тармактары, белгилүү философ М.М.Мамардашвилинин пикири боюнча, чындыктын, турмуштун өзүнчө бир жашоо жолу, ал эстетикалык кумарлануу аркылуу жөн гана (кантип-кандай жашоого) үйрөтүү эмес, ал тиричиликте “”даяр нерсе катары жолукпайт... көркөм текст адам дүйнөсүнүн “тайгак”, өзгөрмөлүү табиятынын болумушка кандайча  тиешелүү экендигин ийкемдүү тастыктайт. Кара: Мамардашвили М.К. Литературная критика как акт чтения // Вопросы философии. 1984..№ 2. С. 99. [6, 99]

Жалпылоо философиялык түшүнүк катары  бир нече нерселердин, жагдайлардын, касиеттердин же элементтердин жалпы (окшош) касиеттерин синтездөөнүн натыйжасында калыптанаары жана ал синтездөөнүн же ойдун (ойлордун) индукцияланышынын (айрым учурда дедукцияланышынын) натыйжасында жалпыланган обьекттерге мүнөздүү белгилерди типтештирген философиялык ыңгайдагы түшүнүк, концептуалдык модель пайда болоору белгилүү. Жалпылоо процесси, же жеке ойдон жалпы, өтө жалпы ойго өтүү процессин камтыган ой кыймылы, ойжүгүртүү бири-бири менен өтмөкатар байланыштагы “абстракция”, “анализ”, “синтез”, “салыштыруу” ойлом ыкмаларынын натыйжасында жүзөгө ашат.

Философияга да, адабиятка да эки композициялык элемент мүнөздүү: артефакт жана обьект, артефакттар – концептуалдык жана көркөм тексттер, ал эми обьект – логикалык концепция же философиялык трактат, эмгек жана көркөм-эстетикалык дүйнө же конкреттүү бир адабий чыгарма.  Артефакт кандайдыр бир мезгилдик алкакты камтып турса, көркөм текстин мазмуну  аркылуу мейкиндик континиумдун жандуу картинасы туюндурулат. Белгиленген эки композициялык элементтин таасири менен окурмандарда концептуалдык, логикалык жана эстетикалык катарсис жаралат. Эгерде философиялык жана адабий катарсис – логикалык канагаттануу жана эстетикалык ырахаттануу жаралбай турган болсо, анда философиялык эмгек концептуалдуулугун, ал эми адабият чыныгы көркөмдүүлүн жоготот.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Адабий образ дүйнөтүзүлүш чындыгын индивидуалдаштыруу жана конкреттештирүү аркылуу чагылдырган, художниктин, жазуучунун кыялынан, фантазиясынан, автордун көркөм-эстетикалык кудуретине жараша жаралган көркөм туюнтма. Туюнтма, анткени ал - көркөм образ, “көркөм убакыт” жана “көркөм мейкиндик” түшүнүктөрү менен бирге дүйнөтүзүлүштү, турмуш чындыгын, көпкырдуу тиричиликтин коллизиясын түздүн түз, концептуалдык абстракциялар менен эмес, сөз менен, сөз ыраатты менен туюндурат. Тиричиликтин (көртиричиликтин), андагы тириктердин (көрпенделердин) турпат-келбети, натурасы гана эмес, алардын маңызы, маңызы - кыймылдагы жандүйнөсү экендиги турмуштагыдай болуп, турмушташтырылып сүрөттөлөт. Сүрөттөлгөнү - туюндурулганы, туюндурулганы - жалпылаштырылганы. Ал эми көркөм туюнтманын жалпылаштырылганы – анын философиялык маңыздуулугу. Демек, көркөм образ – бул көркөм туюнтма, көркөм туюнтма философиялык мазмунга эгедер түшүнүк, мазмуну боюнча философиялык түшүнүк, формасы боюнча көркөм-эстетикалык каражат. Айрымасы: философиялык түшүнүк логикалык “боёктор”, дарамет менен тепчилсе, көркөм образ (көркөм-эстетикалык туюнтма) эксперсивдүү эмоция менен коштолот. Искусство образдар аркылуу ойжүгүртөт.

Көркөм образ тууралуу теориянын башаты Аристотельдин “Поэтикасындагы” нерселер табиятын тууроо деген маанини туюнткан «мимесис» түшүнүгү экендиги жалпыга маалым. Аталган түшүнүк термин катары алгач ирет Гете тарабынан колдонулуп, кийинчерек Гегельдин “Эстетика боюнча лекцияларында” абстрактуу маңыздын конкреттүү көрүнүшү катары иштелип чыккандыгы белгилүү.

Көркөм туюнтманын логикалык үчилтиги (триадасы): тезис - турмуш чындыгы, практика, антитезис – гносеологиялык тааным процесси; синтез – адабий туюнтма, көркөм-эстетикалык образ, чыгармачылык менен ойжүгүртүүнүн акылкорутундусу. Көркөм образ алгылыктуу, чындыкка жакын болушу үчүн образдын типтүүлүгү менен индивидуалдуулугу кынтыксыз айкалыштырылышы зарыл. Типтештирүү ыкмасы философиядагы “жалпы”, “жеке” жана “өзгөчөлүк” түшүнүктөрү менен логикалык-семантикалык жактан өтө жакын. Филсофиясыз жакшы адабий чыгарма жаралбайт, мазмундук алкагы кең, мааниси терең чыгарма философиялык жалпылоолордун негизинде жаралат, ошондуктан ал философиялык дүрмөткө ээ. Таланттуу жазуучулардан философиялык көрөңгө-угуту бар, чыныгы философтор менен чыныгы жазуучулар олуттуу ойжүгүртүүгө, масштабдуу жалпылоолорго жөндөмдүү, ошондуктан алар “түбөлүктүү” чыгармаларды-эмгектерди жаратып келди. Ушул ыңгайда, “Метафизиканы” Аристотель, “Эс-акылды” Фараби, “Доонишнаамэни” Ибн Сино, “Эс-акылдын сынын” Кант, “Логика илимин” Гегель, “Гамлетти” Шекспир, “Идиот (Келесоону)” Достоевский, “Согуш жана тынчтыкты” Толстой, “Бетме-Бетти” Аймтамов гана жаза алмак, жазышты.

Адабий чыгарма, көркөм текст кандайдыр окурман сыйына турган сыйкырдуу фетиш эмес, идол эмес, ал жандуу чындык, жануу чындыктын көркөм формасы. Көпкырдуу татаал турмушту таанып-билүүнүн куралы, инструменти, жашоонун чытырман лабиринттерине аралашуунун өзгөчө жолу,адам өзүн-өзү, турмуш-тиричиликти аңдай турган адамологиялык лаборатория.

Философия менен адабияттын рухий көрөңгөсү бир, бирок алардын бири көркөм образдар аркылуу ойжоруса, бири абстрактуу түшүнүктөр аркылуу ойжүгүртөт. Адабият Айтматов үчүн адам табиятын – адам өмүрүн, жакшылыгын-

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

жамандыгын, кубанычын-кайгысын, жашоонун драмасын-трагедиясын иликтеген философиялык лаборатория...

**5. Адабий образ – көркөм түшүнүк**

(айтматовдук адамологиядагы “көркөм образ-көркөм түшүнүк” экилтигинин философиялык маңызы)

Көркөм образдын жалпылаштырылган табиятын туюндурган “типтештирүү” түшүнүгү, анын ички имманенттүү логикасына ылайык, постклассикалыкэмес ыкма менен интерпретацияланган “рационализм”, “релятивизм”, “постмодернизм”, “плюреализм”, “фрагментаризм”, синергетикадагы “аттрактор” деп аталган концепттер менен тутумдаш. Анткени, образ деп аталган көркөм туюнтма турмуш чындыгынын көркөм шарттуулугу болуп эсептелет, ал кандайдыр бир чыгармачылык максат менен турмуш чындыгынан сүрөткердин кыял-чабыты, фантазиясы, өнөр-талант кудурети аркылуу абстракцияланат, абстракцияланат да турмуш чындыгы менен толук дал келе бербейт. Демек, адабий образ, көркөм-эстетикалык туюнтма анын табиятына чөгөрүлгөн көркөм шарттуулук менен логикалык түшүнүктөрдөн айрымаланып турат.

Философияда да, адабиятта да тополоң-бунттун жалпыланган формасы катары туюндурулган экзистенциализмдин бир канаты болгон “абсурдизм” (жана ошондой эле анын субформасы “аскетизм”) деп аталган келишпес, талаш пикирлерди жаратып келген идеялык катмар бар. Башаламандык (хаос) күчөп, дүйнө аңтарылайын деп турган опурталдуу кырдаал түзүлдү, кантип турмуш оңолот, жандүйнөнүн тынчтыгы орнойт деп тынчсызданып-ойжоруп Айтматов-философ өзүнүн гениалдуу чыгармаларын жаратты. Ойчул жазуучунун адамологиясында АДАМды акылынан адаштырган жашоо-турмуштун жандүйнөгө бүлүк салган катаалдыгына каршы турган, андан кутулуунун жолун издеген ойчул-жазуучулар адам баласын кайрадан тескери эволюцияга, айбантекке жетелеген социалдык түзүлүштү кескин сынга алышат. Болумуштун (бытиенин) айласыз абсурд экенин сезип-туя билип өзү жашаган түзүлүштү түп орду менен өзгөртүүгө көшөөрүп бел байлаган адам күрөшкө чыгат – бул албетте кырдаалдын бийлигине каршы багытталган кадимки эле пенделик бунт. Бунттун негизин – өзү өзүнөн баш тарткан адам түзөт же Камюнун сөзү менен “человек – единственное существо, которое отказывается быть тем, что оно есть”, ошондуктан айбат көрсөтүп, каршы күрөшүүгө ачык чыгат. Турмуш, тиричилик, болумуш адамды камыктырып чектеп турат, демек аны менен күрөшүү керек деп эсептейт абсурдизм, ал эми аскетизм - социалдык-тарыхый кырдаалды жерүүнүн формасы.

Бири-бири менен туюнтмалаш сөз, сөздөрдүн ырааттуу тутуму, көркөм образ, логикалык каражат “табияттын” так (механикалык) копиясы эмес. Алар табияттын (нерсе-кубулуштардын), болумдун окчундаган, бирок жакындаштырылгын элеси. Демек,ал туюнтмалар нерселер менен ар дайым эле толук дал келе бербейт жана алар өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Нерсе-кубулуштардын ырааттуу тутуму, сөздөрдүн (образдардын) ырааттуу тутуму дегенибиз, демек алар белгилүү бир так мыйзамдардын негизинде пайда болот жана ошол мыйзамдарга башийип турат дегендик. Образ аңсезимден сыртта турган нерсе-кубулуштардын ширөөсүнөн, таасиринен жаралып, аңсезимдин “ичинде” калыптанып, идеологема түрүндөгү өзүнүн формасына ээ болот да андан аркы “өмүрүн” аңсезимдин сыртынан улантат. Демек, көркөм образда сырткы

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

дүйнөнүн да, аңсезимдин да "изи" бар. Аңсезимге таасир берген кубулуштар, нерселер, окуялардын табияты образдын көркөм шарттуулугун туюндурат.

Эстетикалык туюнтма - көркөм образдын философиялык маңызы анын концептуалдык мазмунунда. Көркөм образдын "философиялык дарамети" анын иманенттүү маңызында камтылган болумдук кубулуштардын жалпыланган түшүнүк формасында. Көркөм образдар аркылуу туюндурулган көркөм дүйнө философиядагы "кошумчалык жобосу" (тагыраагы: принцип дополнительности) сымал бири-бирин толуктап турган эки жагдайды камтып турат: биринчиден, обьект катары мүнөздөлгөн аңсезимден сырт кубулуштар менен жалпылыгы бар предметтүүлүгү; экинчиден, ошол обьектини көркөм туюм-сезим аркылуу туюндурган эмоционалдуулугу. Көркөм образ - гносеологиялык, психологиялык, семиотикалык концепттердин ажырагыс биримдиги катары жалпы эле "образдуулуктун" өзгөчө көрүнүшү, ушул себептен "образ" деген түшүнүктүн мазмундук (онтологиялык) талаасын дааналаш үчүн "көркөм" деген кошумча эпитет колдонулат. Художниктин (акын-жазуучунун, живопись-сүрөтчүнүн ) жалпыланган-аналитикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары көркөм образ туюм-кабылдоонун гана формасы эмес, ал акыл-эс менен эмоциянын айкалышынан турган өзгөчө жалпыланган абстракция. Жогоруда кыскача мүнөздөлгөн көркөм образдын философиялык субстанциясы тууралуу азыноолак ойжүгүртүү Айтматовдун көркөм дүйнөсүнө, адамологиясына толук мүнөздүү.

**Адабияттар**


1. Пархоменко Е.В. Язык как «Дом бытия»: от логоса к многослойности. https://cyberleninka.ru/article/n/yazyk-kak-dom-bytiya-ot-logosa-k-mnogosloynosti/viewer.(16.03.23)
2. Платон «Кратил» 424 с. 7
3. Лосев А.Ф. Миф – Число – Сущность. – М.: Мысль, 1994: с. 580
4. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. – Бишкек: Турар, 2004.)
5. Мамардашвили М.К. Литературная критика как акт чтения // Вопросы философии. 1984..№ 2. С. 99.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# АДАМ ДЭЭРИНИН ЭКЗИСТЕНЦИАЛДЫК ФОРМАСЫ: ФИЛОСОФИЯЛЫК ЭКСКУРС

**Рысбек кызы Алия**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Академик А. А. Алтмышбаев атындагы философия институтунун
кенже илимий кызматкери.

**Аннотация**

Макала адамдын дээрин (маңызын) изилдеген экзистенциалдык философиялык окууну изилдөөгө арналган. Автор экзистенциализм философиясына өзгөчө көңүл буруп, ал окуунун калыптанышына кандай кырдаалдар шарт түзгөнүн көрсөтөт. Ошондой эле эркиндиктин жана гуманизмдин экзистенциалдык түшүнүгү каралат. Жалпысынан изилдөө иши экзистенциализмдин философиясын терең түшүнүүгө жана адам табиятын, маңызын изилдөөгө багытталган.

**Урунттуу сөздөр**: адам, адам дээри, экзистенциализм, эркиндик, гуманизм.

***

Адамдын табиятын жана маңызын түшүнүү философиядагы актуалдуу маселелердин бири. Байыркы философ Сократтан баштап, ойчулдар адамдын милдети "өзүн өзү аңдап билүү" деп эсептешкен. Экзистенциалисттер да философиясынын борборуна адам өзүн өзү таанып билүү милдетин коюшкан. XIX XX кылымдарда пайда болгон экзистенциализм окуусу философиянын өнүгүшүнө, жалпы эле маданиятка жана коомго таасирин тийгизген эң маанилүү философиялык окуулардын бири. Экзистенциализмдин алдыңкы ойчулдарынын катарына Серен Кьеркегор, Мартин Хайдеггер, Жан-Поль Сартр, Альбер Камю, Карл Ясперс кирген.

Экзистенциализм пайда болгон мезгил согуштан кийинки белгисиздик мезгили жана маанисиз, (абсурд) дүйнөдөгү адамдар жалгыз калган секуляризациялык, тынчсыздануу мезгили болгон. Ушундай мезгилде адам экзистенциясы эмне деген суроо чоң маселени жараткан. Адамдар жашоо тууралуу көп ойлонуп, көп суроолор жаралган. Бул суроолорго буга чейин дин жооп берип келген болсо, ал мезгилде дин четке кагылып, адамдар түшүнүксүз жашоодо жалгыз калат.

Экзистенциализм окуусу боюнча, адамдын дээри (маңызы) алдын-ала аныкталган эмес, ал жашоо жана коомдук мамилелер процесси аркылуу калыптанат. Ошентип, адамдын табияты анын дээрин аныктабайт, аны жаратуунун шарты гана боло алат. Ушундан улам, экзистенциалдык философия адамдын болумушу анын табиятына гана эмес, жашоосунда жасаган тандоосуна да көз каранды экенин көрсөтөт. Адам өзүнүн жашоо жолу үчүн жоопкерчиликтүү болуп, өзүнүн дээрин эркиндиктин жана мүмкүнчүлүктүн негизинде калыптандырат. Ошондуктан адамдын болумушу жана дээри экзистенциалдык философиядагы негизги түшүнүктөр болуп саналат, бул негизги түшүнүктөр азыркы философиялык талкууда борбордук орунду ээлейт. Экзистенциалдык философиянын бул тезиси актуалдуу, анткени коомдогу глобалдык өзгөрүүлөрдүн учурунда адамдын өзүн өзү таанып билүүсү зарыл.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Экзистенциализм философиясынын калыптанышында маселенин *коомдук-саясий* жана *экономикалык* жагына басым жасалган. Европада согуштан кийинкимезгил болуп көрбөгөндөй социалдык жана саясий өзгөрүүлөр менен мүнөздөлгөн. Согуш учурунда көптөгөн адамдар үй-жайынан, жумушунан, жакындарынан ажырашкан. Согуштан кийин аларды жашоонун оор шарттары күтүп турган. Жакырчылык, жумушсуздук жана туруксуздук көпчүлүк адамдардын күнүмдүк жашоосунун бир бөлүгүнө айланган. Жан-Поль Сартрдын айтымында, "жумушсуздук–кризистик кырдаал"[4, 93-б]. Жумушсуздуктун шартында адамдын жүрүм-туруму үчүн жоопкерчилик маселеси боюнча Сартр ригорист болгон. Ал эч качан күнөлүүнү сырттан издебей, адам жумушсуздук маселесин чечүүдө өз алдынча алектенүүсү керек деп эсептеген.

Мындан тышкары, *саясий* маселелер да экзистенциализмдин калыптанышына олуттуу таасирин тийгизген. Ошол жылдары Европа адам ресурсу үчүн бири-бири менен күрөшкөн идеологиялык кыймылдардын бүтүндөй чабуулуна кабылды. Фашизм, коммунизм жана либерализм согуштан кийинки Европада пайда болгон социалдык, саясий жана экономикалык көйгөйлөргө өз жоопторун сунуштоого аракет кылышкан. «Буржуазиялык коомдун идеялык-саясий кризиси күчөдү. Ал бийлик институттарына, буржуазиялык саясий партияларга таасирин тийгизет, моралдык нормаларды бузат. Коррупция мамлекеттин эң жогорку деңгээлдеринде да барган сайын ачык-айкын болуп баратат. Рухий маданияттын төмөндөөсү уланып, кылмыштуулук күч алууда» [5, 288-б]. Мындай кырдаалда көптөгөн адамдар өз жашоосун жөндөй албай, кырдаалдын оор экенин жана жашоонун эч кандай мааниси жок экенин сезе башташкан. Ушул учурдагы үмүтсүздүк сезими экзистенциализмдин негизи болуп калды.

Экзистенциализмдин калыптанышына *экономикалык* шарттар да чоң таасирин тийгизген. Ал убакта дүйнө экономиканын тез өсүү мезгилин башынан кечирип жаткан, бирок ал бир калыпта болгон эмес. Көпчүлүк адамдар кедей бойдон калып, ал эми аз сандагы адамдар чоң байлыкка ээ болушкан. Бул дүйнөдөгү жашоонун жана адилеттүүлүктүн мааниси жөнүндө суроолорго жооп издей баштаган адамдардын көпчүлүгүндө адилетсиздикке каршы сезимин пайда кылган. Мунун себебин даниялык ойчул С. Кьеркегор адамдын акыл-эсинин мүмкүнчүлүктөрүн абсолютташтыруудан, диний ишенимди жоготуудан көргөн. «Адам кооптонуу сезимине кабылып сазына батат, анткени адилеттүүлүктүн салттуу интерпретациялары техногенездин реалдуулуктарына дал келбейт жана бүткүл адамзатты тунгуюкка такайт. Бирок, адам көз карандысыздыгын көрсөтүүдөн коркуп, анын адилеттүүлүк жөнүндөгү жеке ойлору көпчүлүктүн пикири менен дал келбей калат деп кабатыр болот» [2, 383-б].

XX кылымдын 1914-1918-жылдарындагы согуш, чынында эле, цивилизациянын аяктаганынан кабар берген. Аң-сезимдин түпкүрүнөн адам табиятынын эң караңгы жактары чыгып кеткендей: ырайымсыздык, гегемондукка умтулуу, талкалоо, жок кылуу күчөгөн. Христиандык күчтүү баалуулуктар четке кагылды. Үрөй учурган ырайымсыз, жырткычтык инстинкттерге негизделген нацисттик кыймылдар Германияда, Италияда жана Испанияда тез эле бийликке келген. Тоталитардык системалардын пайда болушу жана Экинчи дүйнөлүк согуштун апааттары адамды пессимисттик көз карашка алып келип, прогресске, илимге жана акылга ишенимин жоготкон учурду жаратты. Адашуу, индивидуализм, тынчсызлануу, коркуу – бул ошол мезгилдин негизги

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

өзгөчөлүктөрү. Тарыхтын ушундай мезгилинде экзистенциализм пайда болот. Ал ошол доордогу адамдардын жалпы дүйнө таанымын күзгүдөй чагылдырган. Бул оор кырдаалда экзистенциализм тарыхтын, маданияттын жана адамдын кыйроо маселесин түшүнүүнү камтыган милдеттерге ишенимдүү жооп издейт. Аткени ал жооп, адамдын инсандыгын аныктаган жашоонун негиздерин табуу үчүн керек. Дүйнөдө "туруктуу" жашоо үчүн, адам өзүнүн жөндөмдөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн баалап, ички өзөгүн таба билиши керек. Экзистенциалдык философиянын максаты – чыныгы инсанды издөө, адамдын инсандыгын чагылдырууга аракет кылуу. Экзистенциализм адам ички дүйнөсүн жакшылап аңдап билүү үчүн өзүнө кайрылууга үндөйт. Ал адамды дүйнөгө чакырык таштоого жана өзүнүн "*менине*" кайрылуга үндөйт. Бул философиялык теория чечкиндүү түрдө адам болумушунун эң терең жана курч көйгөйлөрүн ачып берет. Айрым ойчулдар бул философия пайда болгонго чейин эле "жашоо философиясына" окшош көз караштарды айтышкан. Экзистенциалдык ойчулдарга, биринчи кезекте, адамдын болмушунун көйгөйлөрүн түшүнгөн, адам өзүн өзү жараткан субьект катары түшүнгөн адамдар кирет. Аврелий Августин, Блез Паскаль жана Сократтын көз караштарын эң алгачкы ыкма десек болот. Аврелий Августин "Исповедь" аттуу чыгармасында: "Ооба, Кудайым, мен өзүмдүн үстүмөн иштеп жатам: мен өзүм үчүн оор эмгекти жана көп терди талап кылган жерге айландым. Биз азыр асман мейкиндигин изилдебейбиз, жылдыздардын ортосундагы аралыкты өлчөбөйбүз, жер эмне үчүн тең салмактуулукта экенин сурабайбыз: Мына мен, өзүмдү эстеген мен, рух" [1, 277-б]. Августин ар дайым өзүн, рухту жана Кудайды билүүдөн артык эч нерсе жок деп эсептеген.

Германияда экзистенциализм Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин өнүгө баштаган Карл Ясперстин, Мартин Хайдеггердин ысымы менен байланышкан. Францияда бул окуу Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде жайыла баштаган, францалык экзистенциалдардын өкүлдөрүнө Габриэль Марсель, Жан-Поль Сартр, Альбер Камю кирген. Европанын башка өлкөлөрүндө да экзистенциалдык философия өтө тездик менен жайылган. Экзистенциалисттер XX кылымды тарыхтын кризистик учуру катары карашат, бул гуманизмдин, акылдын жана эркиндиктин кризисин "глобалдык трагедияны" билдирет дейт алар. XX кылымда жашаган адам апокалипсистик коркуу сезимине, жоготуу сезимине кабылат. Экзистенциалисттер коркунучтуу, кризистик кырдаалдарда адамдардын руханий туруктуулугуна көйгөйүнө көңүл бурушкан жана акылга сыйбаган иштердин агымында адамды түшүнүүгө аракет кылышкан. Философтордун пикири боюнча, соңку тарыхый катастрофалык окуялар, жеке адамдын гана эмес, бардык адамзаттын алсыздыгын, өзгөрүлмөлүүлүгүн далилдеди. Эгер адам бул дүйнөдө аман калгысы келсе, эң биринчиден өз ички дүйнөсүн түшүнүп, өзүнүн уникалдуулугун жана жөндөмүн баалоо керек.

Экзистенциализм окуусу экиге бөлүнөт: диний жана атеисттик болуп. Атеисттик агымдагы философтордун катарына М. Хайдеггер, Ж-П. Сартр, А. Камю кирген. Ал эми диний экзистенциалисттерге К. Ясперс, А. Бердяев, С. Кьеркегор кирген. Атеисттик-экзистенциализм адамдын "ташталганы" туурасында сөз кылат. Ар бир адам башка адамдар менен байланышпай туруп, жашай албаган түшүнүксүз жашоого ташталган. Бирок экзистенциалисттер коомду адам индивидуалдуулугун талкалаган жана болумушунан ажыраткан катары көрүшкөн.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Экзистенциализм боюнча инсан, жашоосунун маанисин табыш үчүн өзүнүн жолун эркин тандоо керек. Атеисттик вариантта Кудайдын жардамы же күнөөлөрдөн кутулуу түшүнүгү жок. Анын ордуна, атеисттик экзистенциализм чыныгы жашоого (подлинное существование) жетүү үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү аңдап билүү зарыл деп ырастайт. Адам кудайга окшош болууга умтулушу керек, бирок диний вариантта эмес, өзү үчүн эң мыкты версия болушу үчүн.

Теологиялык ишенимдердин жактоочулары адамдын жашоосунун айрым трагедиялуу жактары, мисалы, жалгыздык сезими, өзүнө жана дүйнөгө болгон ишенбестик, ошондой эле өлүм коркунучу. Алар бул процесстер Кудайга болгон ишенимдин жоголушунун натыйжасы жана атеисттик көз караштты кабыл алуу деп эсептешет. Диний экзистенциализмде трансцендент Кудай катары каралат. Бирок Сартр жана Камю боюнча атеисттердин ою боюнча, трансцендент экзистенциянын эң терең сыры катары көрүнгөн жоктук (ничто). Сартр өзүнүн "Болумуш жана жоктук" китебинде мындай деп жазган: "Биз болмушту издеп баштадык жана болмуш жөнүндө бир катар суроолор бизди анын борборуна алып келгендей болду. Ошентип, максатка жетүүнү ойлогон учурда күтүлбөгөн жерден биз жоктук менен курчалганбызды көрөбүз" [6, 44-б]. Хайдеггер трансценденттин чындыгын тааныган жана аны рационалдуу билүү мүмкүн эмес, аны "кыйытууга" гана болот деп эсептеген. Бирок дал ушул трансценденцияда адам өзүнүн маңызын таба алат.

Экзистенциализмдин идеологиялык башаты даниялык ойчул С. Кьеркегордун окууларында камтылган. Ал биринчилерден болуп адамдын жашоосу (бар болуу) туурасында сөз кылган. Философ адамдын жашоосун эки түргө бөлгөн: чыныгы жана чыныгы эмес (подлинное и неподлинное существование). Чыныгы эмес жашоо – бул адамдын өз тандоосунун жоктугу жана коомго баш ийүү менен мүнөздөлөт. Ал эми чыныгы жашоо адамдын эркиндиги, өз оюн айта алган, чечим жасай алган жана ошол жасаган ишине жоопту сезген, өзүнүн иденттүүлүгүн сактай алганы менен мүнөздөлөт. С. Кьеркегордун ою боюнча, чыныгы жашоого келүү үчүн адам бир нече этаптардан өтүүсү абзел. Жашоонун биринчи баскычы – *эстетикалык*. Бул көз ирмемдик жашоо, анткени эстетик убактылуу гана умтулуулар менен гана жашайт. Жашоонун мааниси тууралуу ойлонбогон, гедонисттик көз караштагы жашоо. Экинчи баскыч – *этикалык*, мында адам коом алдындагы жоопкерчилигин сезип, моралдык нормаларды сактайт. Бирок бул баскыч адамды жашоонун чыныгы маанисине алып келбейт. Үчүнчү баскыч – *диний*. Бул баскычта адам кудайга болгон мамилеси аркылуу ыйманга кайрылып, чыныгы жашоону табат. Кьеркегор үч этаптан өткөндө гана адам өзүнүн индивидуалдуулугун, жоопкерчилигин жана жашоосундагы тандоосун түшүнүп, чыныгы жашоого жете алат деп эсептеген. С. Кьеркегор башка маселелерге караганда өлүм маселесине көбүрөк көңүл бурган. Ал биринчилерден болуп өлүмдү адам жашоосунун аягы деп эсептеген.

Бул маселеге М. Хайдеггер дагы токтолгон. Бекеринен анын китеби "Болумуш жанан убакыт" деп аталган эмес. Анткени дал ушул убакыт адамдын жашоосунда чоң мааниге ээ. Адам жашоосун жана дээрин, дүйнөдө өзүнүн убактылуу экенин билгенде гана түшүнөт. Мартин Хайдеггер салттуу философияга кескин түрдө каршы чыгып, салттуу философия философиялык изденүүнүн жолун жабып, түшүнбөстүккө алып келет деп сынга алган. Ушул себептен ал өзүнүн окуусун "фундаменталдык онтолгия" деп атап, жаңы концепцияларды киргизген. Хайдеггердин пикири боюнча болумуш философиянын негизги маселеси болгон

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

жана болуп кала берет, аткени бул адам үчүн эң маанилүү маселе. Ошондуктан философ болумуш маселесине өзгөчө көңүл бурат. Ал болумушту имманенттүү трансцендент деп атаган. Имманенттүү себеби, биз аны өз жашообуздан билебиз, болумушту сырттан издөөнүн кереги жок, ал адамга тийиштүү нерсе. Болумушту түшүндүрүү үчүн Хайдеггер "dasein" терминин колдонот. Dasein терминин которгондо Da- мына sein- болумуш деп которулат. Хайдеггердин түшүнүгүндө чыныгы болумуш бул dasein, ал эми чыныгы эмес болумушту dasman деген түшүнүк менен белгилеген. Dasman түшүнүгү индивидуалдуулук жоголгон массалык коомду түшүндүрөт.

Альбер Камю француз философу. Камюнун философиясы эки чоң бөлүккө бөлүнөт: абсурд жана козголоң. Адам мааниси жок дүйнөдө төрөлөт, бирок адамда билимге болгон ички муктаждык бар, адам мааниси жок дүйнөдөн маани издейт. Дал ушул жагдайды Камю абсурд деп атаган. Абсурд – бул түшүнүксүз, маанисиз жашоо. А.Камю абсурд маселеси адамды эмне кылуусу туралуу кыйын тандоонун алдына коёт дейт. Француз ойчулу бул суроого жооп берүү үчүн үч вариантты сунуштайт. Алар:

1.өзүн-өзү өлтүрүү

2. абсурддун алдында багынып берүү

3. козголоң

А. Камю абсурд дүйнөдө жашоонун бирден бир жолу катары ага каршы козголоң деп эсептеген. А. Камю Рене Декарттын "Мен ойлойм, демек мен бармын" ("*cogito ergo sum*") деп аталган атактуу сөзүн "Мен козголоң кылам, демек мен жашайм" деп өзгөртүп, козголоңду абсурд дүйнөдө жашоонун бирден-бир ишенимдүү жолу катары көрөт. "Козголоң" – жашоодо маанини жаратуу катары туюндурулат.

А. Камюнун "Сизиф жөнүндөгү миф" аттуу чыгармасындагы башкы каарман Сизифдей, адам өлөөрүн билип, бул дүйнөгө келген бактылуу Сизиф болуш керек, өйдө түрткөн таш сөзсүз артка жылаарын билсе дагы токтобостон аракет кылган сыяктуу. Кудайдын милдетин өзүнө жүктөп, адам маанисиз жашоодо бакытты табышы керек. А. Камю боюнча өлүмдү билип жашоо – бул козголоң. "Өлүмгө каршы күрөшүү – жашоонун маани-маңызын талап кылуу"[3, 52-бет].

Дагы бир экзистенциализм философиясына салымын кошкон белгилүү философ: Жан-Поль Сартр. Философ өзүнүн эмгектеринде көптөгөн маселелерге токтолгон, бирок анын көңүл чордонунда адам проблемасы турат. Экзистенциализм окуусу Жан-Поль Сартрдын 1938-жылы жарык көргөн "жүрөк айнуу" чыгармасынан кийин болуп көрбөгөндөй тез жайылган. Сартрдын философиясындагы негизги идея "бар болуу дээрден мурун келет" [7, 2-б]. Бул түшүнүктү эң жеткиликтүү түрдө өзүнүн "Экзистенциализм- гуманизм" эмгегинде түшүндүргөн. Экзистенциализм түшүнүгү пайда болгонго чейин дээр бар болуудан мурун деп ойлошкон. Бул түшүнүктүн жактоочуларын эссенциалистер деп аташкан. Жан-Поль Сартр адамдын абсолюттук эркиндигин баса белгилейт. Философ эркиндикти өзүнө мүмкүнчүлүк түзүүчү тандоо катары көрсөтөт. Сартрдын чыгармасындагы идея – "адам эркин болууга өкүм кылынат". Философтун айтымында, эркиндик адамдын жашоосунун негизги мүнөздөмөсү. "Эркиндик – бул жоопкерчилик" деген ойду биринчи жолу Сартр белгилеген. Анткени адам өзү жасаган иш аракеттерин билип туруп, жоопкерчиликти жогорку күчкө же башка адамдарга түртүп сала албайт.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Кийинки экзистенциализм философиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн катарына кирген ойчул К. Ясперс. Анын окуусу өлүм жана жашоо ортосундагы кырдаал жөнүндөгү түшүнүктү тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. К. Ясперс адам жашоосун кырдалда болуу катары мүнөздөйт. Мындай учурда адам жолто боло албаган жагдайлар бар, алар ага башында берилген, мисалы: туулган жери, доору, жынысы ж.б. Мындай кырдаалдан качып кутулуу мүмкүн эмес. Бирок, башында берилбеген нерселердин бардыгы адамдын өзүнөн көз каранды. Өзгөчө жасаган тандоосуна жана жоопкерчилигине байланыштуу. Жашоодо тандоо жасоодо эркиндик негизги ролду ойнойт. Бирок, ар кандай кырдаалда эркин иш жасоодо, адам моралдык милдетин эске алышы керек. Экзистенциализмдин жактоочулары чек ара кырдаалын ар кандай түшүндүрүшкөн. Хайдеггер үчүн бул нерсе коркуу сезими, ал өмүрдү же жашоо жыргалчылыгын жоготуудан коркууну түшүндүрбөйт, тескерисинче, адам өз ыктыяры менен өмүрдү жана жашоо жакшылыктарын курмандыкка чала турган максатты таппай калуудан коркуу. Ясперс үчүн бул ооруу, күнөө, өлүм коркунучу. Ал эми бул маселе Сартр үчүн жүрөк айнуу, аны курчап турган бардык нерсенин маанисиздигин жана кандайдыр бир нерсени өзгөртүү аракетинин пайдасыздыгын сезүү. Кандай гана күн болбосун өлүм жана жашоо ортосундагы кырдаал - бул жашоонун маанисиздигин сезүү. Ошондой эле өзүн табууга аракет кылуунун бирден-бир каражаты, алардын түшүнүгүндө өлүмдүн көзүнө кароо.

Демек экзистенциалистердин ою боюнча адам жашоодо өз ордун таап, дээрин таныып билиши үчүн эркин болушу керек. Жашоосунда өз алдынча тандоо жасап, жана ошол жасаган тандоосуна жоопту болушу керек. Экзистенциализм жеке эркиндикке жана өзүнүн иш-аракети жана тандоосу үчүн жоопкерчиликке чоң маани берет, бул адамга өзүнүн индивидуалдуулугун жана кайталангыстыгын ишке ашырууга мүмкүндүк ачат. Адамга эркиндикти берип отуруп, анын менен бирге адамды жооптуу болууга үндөгөн. Экзистенциализм философиясына С.Кьеркегор, М.Хайдеггер, А.Камю, Жан-Поль Сартр, К.Ясперс сыяктуу философтордун эмгектери таасир эткен. Алардын чыгармаларында экзистенциализм философиясынын негизги идеялары чагылдырылган: Жалгыздык, коркуу, эркиндик, бар болуу жана адамдын дээри, чыныгы жана чыныгы эмес жашоо. Ойчулдар экзистенциализмдин идеяларын өнүктүрүп, адамды кыйнаган суроолорго жооп издеп, аларды калкка жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылышкан. Адам жашоосундагы көйгөйлөрдүн деңгээлин төмөндөтүү үчүн экзистенциалдык философиянын мааниси чоң. Дал ушул экзистенциалдык философия адам жашоосунун ар кандай маселелерин чечкенге, өлүмдөн коркуу сезимин азайтууга жана адамдын дээрин түшүнүүгө жардам берет. Экзистенциализм жөн гана абстрактуу теория эмес, жашоонун философиясына айланган.

**Адабияттар**

1. Августин А. Исповедь. Москва, изд-во "Гендальф", 1992. 544 с.
2. С. Кьеркегор . Страх и трепет. М.: Республика, 1993. 488 с.
3. Камю А. Бунтующий человек / пер. с фр.; общ. ред., сост., предисл. и примеч. А. Руткевича. М: Терра Книжный клуб; Республика, 1999. 144с.
4. Сартр Ж.-П. Экзистенциализм - это гуманизм / пер. с фр. М. Грецкого. М.: Изд-во иностр. лит., 1953. 323 с.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

5. Современная буржуазная философия / Издательство «Высшая школа»,

1 978. 582с.

6. Сартр Ж.П. Бытие и ничто. М., Республика, 2000. 639 с.

7. Сартр Жан-Поль. Экзистенциализм – это гуманизм // Электронная библиотека KNIGKY. Электронный ресурс Режим доступа: https: // knijky.ru/books/ekzistencializm-eto-gumanizm?page=1

# DENOTATION OF THE MEANINGS EXPRESSED BY THE ASEMANTIC WORD BY ITS DERIVATIVES

**Rəna Nazim qızı Süleymanova**

ADPU-nun Müasir Azərbaycan dili kafedrasının Doktorantı
0000-0001-8108-2121
suleymanova-rena@bk.ru

## Abstract

The article is interesting from the point of view of comparative study of lexical units of Turkic languages. This brings clarity to some actual problems of comparative lexicology and grammar of Turkish languages.

Investigating the origin of words in our language is one of the common problems of etymology, language history, Turkology and dialectology in our modern linguistics. In the dissertation work, the meaning of dozens of words found its etymological interpretation around the asemanticization event. In our opinion, this is one of the reasons that increase the relevance of the topic.

**Keywords**: asemanticization, Turkic languages, Oghuz group, Kitabi dede Gorgud

# ASEMANTİK KELİMENİN TÜREVLERİ İLE İFADE EDİLEN ANLAMLARIN GÖSTERİLMES

## Öz

Makale, Türk dillerinin sözcük birimlerinin karşılaştırmalı olarak incelenmesi açısından ilgi çekicidir. Bu, Türk dillerinin karşılaştırmalı sözlükbilimi ve gramerinin bazı güncel sorunlarına açıklık getirmektedir.

Dilimizdeki kelimelerin kökeninin araştırılması, modern dil bilimimizin etimoloji, dil tarihi, Türkoloji ve diyalektoloji bilimlerinin ortak sorunlarından biridir. Tez çalışmasında onlarca kelimenin anlamı etimolojik yorumunu asemantikleşme olayı etrafında bulmuştur. Kanaatimizce konunun güncelliğini artıran sebeplerden biri de budur.

**Anahtar kelimeler:** anlamlaştırma, Türk dilleri, Oğuz grubu, Kitabi dede Korkut

***

## Literature review

In Turkic languages, the case category that regulates the relationship between words and word combinations has historically had an important role in speech and correspondence. For this reason, historical research on Turkic languages shows that the case category dates back to very old times. There is a great correlation between the case category of the Sumerian language, which is the grandfather of the Turks, and the case category of contemporary Turkish languages. According to the results, the roots of the case category, which is of particular importance in the language of contemporary Turkic peoples, should be sought in older periods, and today the old traces show themselves in the dialects and dialects of Turkish languages. Dialectological research should be further expanded since it is also preserved in dialects.

In the history of Azerbaijani linguistics, the issue of asemanticization has been one of the topics that have not been discussed much. Many linguists-scientists have done some

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

work in this field. So, starting with the scientific activity of B.V. Chobanzade in the 20-30s of the last century, A.M. Demirchizade in the 40-50s, M.H. Huseynzade, H.I. Mirzazade, S.A. Jafarov in the 60-70s, In the 80-90s and especially at the beginning of the new century, F.R. Zeynalov, Z.I. Aliyeva, F.A. Jalilov, A.A. Rajabli, Y.G. Mammadov, H.I. Mirzayev, V.I. Aslanov, G.Sh. Kazimov, M.M. Mirzaliyeva, B.A. Khalilov, M.I. Yusifov, B.B. Maharramli, E.N. Alekbarova and others have discussed this issue to a greater or lesser extent. However, the asemanticization event is not fully covered in any of these works. The mentioned authors have mentioned the phenomenon of asemanticization in one way or another, directly or indirectly, in their scientific works related to the problems of lexicology, morphology, language history, etymology, dialectology, Turkology. Therefore, the topic of "asemanticization" is one of the topics that has not yet been fully resolved, has not been developed enough, and remains relevant in Azerbaijani linguistics.

**Methodology**

Diachronic analysis is a method that shows the relationships between historical linguistic differences and realities at the time of research in a scientific field. The method includes two analyses: performance analysis and science mapping. The result of the performance analysis highlights the compatibility and differences of old word suffixes with the current ones and shows when they started to be used in different languages. Synchronic analysis reveals the forms of diachronic language realities that are preserved or no longer used in contemporary times and determines their characteristics. Comparative analysis, on the other hand, enables revealing the form of the case category in today's dialects and dialects of Turkish languages, which have historically derived from the same root, and the different features of old forms that match the suffixes used in contemporary languages. The recorded analysis methods help to accurately reveal the old word suffixes preserved in the dialects and dialects of Turkic languages.

**Introduction**

Historically, our language known as Turkish, Turkish language, Tatar language, Turkish-Tatar language, Azerbaijani-Tatar dialect, Caucasian dialect of Tatar language, Turkish-Azerbaijani language was first developed under the name of Azerbaijan. The issues of prominent personalities talking extensively about this feature are also mentioned here.

The existence of various Turkic tribes in Azerbaijan since ancient times and the influx of other Turkic tribes from time to time, the strengthening of spiritual and linguistic unity with the local Turkic tribes before and after the new era, the development of ethnic processes in this direction, the dialects existing in the ethnogeography of Azerbaijan were formed on the basis of ancient Turkic tribal languages highlighted.

It has been noted that the area of development of the Turkish language is always wide and it is the basis of communication of many peoples living in the Caucasus as well as in the East.

The relationship of the language with the social environment, its development related to social factors, the intensity of development of the components of the language, the

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

principle of inflection of Turkish languages, the differences of Turkish languages from inflectional languages, etc. such issues have also been clarified.

On the basis of the Orkhon-Yenisei monuments, Turkic languages, our dialects and dialects, as well as the materials of our modern language, it is substantiated that those words originate from the syncretic root ay.

In our modern language, there are words such as stay in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, be in a state of mind, come to where you are, get to where you are, reach where you are, reach where you are ay is attributed to the sense-excitement meaning group of the syncretic root and justified.

Later, in this regard, the exclamations of ay, ay-hay, aya//ayaya custom were reviewed, and the etymology of words such as hayan, haydi, hay-hay, hayil-mayil was clarified. In addition, the words ayna, ayin//ayny//ayni, ayilmak, ay, way, adna, azmag, ayi (Yak.), ke aine kin (Kar.) and aine kin (Kar.) are historically related to the root of ay. is defined. It has been established that all these words, which are derivatives of the syncretic root ay, have historically undergone phonetic changes.

In the dictionary of M. Kashgari, the word "tok" is used in the sense of "toki" (hit, beat). Y. Mammadov mentions the word "tok" among the words that have become asemantic in the Azerbaijani language, but are used as a separate vocabulary unit in the ancient Turkish written monuments, and also shows that its traces remain in the units "collision" and "collision". S. Jafarov writes about the shades of meaning of the word "Tok": "The root of the words tok, toku/maq/, tokkuş/maq, tok/maq/, toxa was the word tok/maq/, which was used in the sense of hitting, and in that sense it is still used in the Chuvash language. is being processed". O. Mirzayev shows that the word "tox" is used in the language of our heroic epics to mean to strike, and confirms his opinion with the example of "...he roared and wove himself into the enemy's army".

It is known from the records that the semantics of the word "tok-tok" have shades of bravery. In our opinion, the first part of the anthroponym Tokak - Dukak, Tokha - Dukha is the verb "tok" meaning to hit, beat, and the quality of bravery was the main factor in its motivation as a personal name. Let's add that M.Adilov and O.Mirzayev also take the unit "tok" meaning to hit, beat as a basis for the creation of the anthroponyms "Tokay", "Tokar". The anthroponym based on "Tok" is also observed in "Orkhon-Yenisei" monuments. For example, Tok bogut. We noted that the initial form of the anthroponym in the form of "Duka" in "KitabiDade Gorgud" is "Tokak" and its first part is the asemantic verb "tok" meaning "hit", "beat". In addition to these comments, it is necessary to pay attention to the suffix - ak, which is the last part of the anthroponym "Tokak". As it is known, by adding the suffix -aq, -ek to verb roots, adjectives denoting character and quality are formed: coward (man), timid (horse). S. Jafarov writes about that suffix: suffixes -aq, -ek, -q, -k are among the oldest suffixes in terms of their origin. Substantive or attributive nouns are formed by means of this suffix. For example, bed, reach, escape, shy, etc. From this we can conclude that the suffix -ak at the end of the anthroponym "Tokak" semantically performs the function of character, quality.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

The "k" sound at the end of the anthroponym Tokak - Dukak was dropped, there was a transition from a covered - closed syllable to a covered - open syllable, and thus the variants Toka - Tokha, Duka - Dukha were formed. This is a typical case in terms of the historical development of our language, including other Turkic languages. For comparison, let's pay attention to a few examples: gorog//gorag - gora, arig - aryg, ayig - ayu, etc. Several phonetic phenomena can be observed in the anthroponym "Tokak" becoming "Dukha", i.e. changing its phonetic content. It can be summarized as follows: t-d, o-u, k-x sound substitutions and the dropping of the "k" sound at the end of the word.

We mentioned above that a number of authors have taken external sounding - alliteration as the basis for the formation of the personal name Deli Domrul, son of Dukha Goca. However, here, in addition to the apparent sound similarity between the father's name and the son's name, there is also a closeness between the semantic capacity of the father's name and the semantic capacity of the son's name. Thus, the nicknames ("Dukha" and "Crazy") used at the beginning of the anthroponyms "Old Man" and "Domrul" mean bravery, pride, and fearlessness. Therefore, in the anthroponym "Dukha Goja oğli Deli Domrul" the father's name and the son's name complement each other in terms of external sound, harmony, and semantic capacity. This quality can also be observed in the anthroponym "Bamsı Beyrek, son of Beybore". Here, if "b" is a ringing consonant, which creates a similarity in sound between the father's name and the son's name, it is the lexical unit "börü" (wolf, wolf) that creates a semantic relationship between them. There is no need to prove with additional arguments that the anthroponym "Baybore" was formed on the basis of the lexical unit "bay" and "bore". The origin of the anthroponym "Beyrek" from the lexical unit "boru" was noted by S. Alizadeh.

In Old Turkish onomastics, which forms a certain important branch of ancient Turkish writings, toponymic place or specific place names create a separate independent structure.

When carefully examining the words of M. Kashgari, a great Turkic linguist of the 11th century, and also the lexicon, which forms the main branch of the lexical system of our language, some lexemes that have become asemantic, that is, have lost the status of being used as independent lexemes, are found in M. Kashgari's "Divan", which is considered one of the rare gems of world languages. it is especially noteworthy that they are independent words and convey a specific meaning.

The toponymic names in the Orkhon-Yenisei monuments, which are the object of scientific research of some scientists, are related to the places where the former Turkic ethnic groups lived, where the Turkish troops went on a military campaign, as well as the spatial names in the area where the neighbors of the Turkish ethnic groups lived. The toponymic names in the Goyturk monuments are rivers, lakes, cities, forests, mountains, plains, passes, etc. in the territory of Mongolia, Asia, China is said to reflect names.

We can witness that a number of place names used in written monuments and in the territories inhabited by Turkic-speaking peoples in modern times were formed through the suffixes -gan (-yan,-gan, -kan). Ötükan, Altunkan, Andigan, Gulkan, Beylagan, etc. place names can be cited as an example.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

The toponym Kara kum is derived from the combination of the words "kara and kum" meaning color in Turkish, and indicates that the rock is made of black colored sand. There have been different opinions about the appellation of this oronim. According to E. Murzayev, the word "kara" in geographical terminology also means soil, sand"10. From the semantic point of view, the word "black" means color, and in the formation of many anthroponymic units, it means strong, powerful, big11. In the "Kitabi-Dada Gorgud" epic, Karakhan, Kara Budag, Karagune, etc. the word "black" is used in this sense in the names. While the word "black" is also shown in a negative sense as a symbol of childlessness, its opposite color, white, is considered to be the bearer of qualities such as courage and bravery. On the other hand, white color is also used in the old Turkish languages to mean height, rise.

If your heart is sincere, O faithful one,

Kureiyi-rahmana addin; you go, see Arshi-Allah. (Nasimi) (3, 53)

The word "Kara" in Azerbaijan (Kara dag Karachay, Karasu - hydronyms, Kara valley, Kara tepe, etc. - oronym); Uzbek (Karachukur, Karatikan, etc. – oronym); (Korabulak - hydronym), can be found in Altai toponyms (Kora-Yul, Kora-Kobir, etc. - oronym; Kora-Bulak, Korasu, etc. - hydronym) 13. There are provinces called Karakan in the territory of present-day Kazakhstan, Karabulak and Karasubazar in the territory of Kyrgyzstan. In the "Kitabi-Dade Gorgud" epic, we find the toponym of Garadag.

The geographical name Кага-Чукур is translated into Kyrgyz as "black depression", "depth". However, this translation does not fully describe the structure of the area. It has no pits, covers mostly mountainous terrain and is a mountain massif covered with stones. The Kara-Chukur Pass crosses the Uzun Ayrih and Terek mountain valleys. This is an ancient Turkish toponym. The name Kara-Shikur was written on the monuments found on the banks of the Yenisei River. The Kyrgyz toponym Kara-Chukhur is a modified form of Garachukhur settlement in Baku, Kara Shikur and Chukhuryurd village in Shamakhi. This shows that the mentioned toponym is widely distributed in the area where Turkic peoples live.

Mountain culture was important in ancient Turkish thought, and it was regarded as a great force. Beylagan, one of the oldest cities of Azerbaijan, was built on the site of Orangala ruins near the present Kabirli village. This toponym is derived from the ancient Turkic word pila (plain, open place) and the suffix -gan, which means space. In some sources, the name of the city is also found as Bilagan, Bilagan. However, it is considered impossible to separate the "snow" component in the name of Kirgar mountain recorded in the monuments, and since it is written as Inci Khangai, it is assumed that the names of Kingan and Khangan mountains have the same meaning.

The word "Balık" of Turkic origin is used in Goyturk-Orkhon-Yenisei script texts either separately or as part of oikonyms: Suğçu balık, Toğlı balık (2,30), Baybalık (3, 44). Beşbalık (5,28) This term of Turkish origin became archaic starting from the 10th-11th century. M. Kashgari shows that Turks use the word "city" in the sense of "city"19. The famous Turkologist linguist, who said that the lexeme "fish", which used to be a Turkish word, was a component of oikonyms such as Bavılbalık, Besbalık, Uchayan balık, Yarğı

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

balık, said that this lexeme became archaic from the 11th century and was replaced by the word village.

As a component of the toponyms of our modern language, the petrified form of the term is used as a geographical name, sometimes it is also used as a separate word. Currently, the village called Balık in Ismayilli district can be considered as an example.

In Azerbaijan, geographical names, or rather toponyms, formed in connection with the meaning of land, are names of Turkic-speaking tribes, tribes and tribes that settled in that area in ancient times and in later times (Khalaj, Beydili, Bayat, Bayandur, Kangar, Dugar, Gul, Kipchak, Karagash, Gargi, gagar, yajci, rye, karagoyulu, karapapak, podar, eynyli, Kazakh, rye, Eymur and others).

Thus, when talking about toponyms in this subsection, Kögmen, Kömür tag, Kara kum, Altun kısh, Altun yish, Ötüken yish, etc. toponyms were reported, at the same time toponyms found in Kultigin, Bilge khagan, Tonyukuk, Moyun chor, Kuli chor, Hoytu-Tamir monuments were mentioned (4, 52).

Analogous factors such as the existence of ancient toponyms in the territory of Azerbaijan and their etymological explanation give reason to come to a certain linguistic conclusion about the toponyms in the Goyturk inscriptions and to think about their nationality. Mughan, Duvar, Alat, Alpout, Alar, Corat, Jalair, Cigatai, etc. the inclusion of the words in our toponymy shows the connection and interaction with the Mongol invasion, and a certain part with the Iranian-speaking tribes and peoples (Talysh, Kurd, Tat, Lahij) living in Azerbaijan.

"Kitabi-Dada Gorgud" epic is the oldest word monument of our nation. "Kitabi - Dede Gorgud" is one of the great examples of art that preserves the great and glorious history of the entire Turkic world, and also the first one. This artistic vocabulary is the historical chronicle of the Turkic peoples, the encyclopedia of life, "Oghuzname". Every word, expression, and name in the epic has a deep meaning, and behind all of them lies the past history of our ancestors, the Oguz.

Linguistic features of "Kitabi-Dada Gorgud" epic have been studied by Turkologists in various aspects. Today's report is dedicated to the etymological analysis of Asemantic words with the suffixes -maq//- mək and -ma//-mə used in the epic "Kitabi-Dade Gorgud".

M. Ergin read this word as a yearning. Regarding this word, S. Alizade writes: "Yeltma is the name of a dance melody. It can be roughly understood as a modern "Station". Presumably, it is related to the verb "to send//to send" (7.224).

Chatma: I have black hair with vines on my ankles, I have dry bow-like eyebrows! (8. 35).

This word is from the verb chat-. L. Budagov shows that the verb to reach is used in the Turkish and Tatar languages in the sense of "hitting, joining, colliding, and connecting" (2.453).

In our opinion, the word "come together" was formed based on that meaning. It can be said that the words chatak, chatak, chat in the modern Azerbaijani language originate from the same root.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

There are some words used in our written monuments, which were transferred to the Persian language in the Middle Ages. To determine the Turkish origin of such words, the suffix -ma//-mə is of special importance. These types of words include entering, driving, looting, etc. the words can be shown. 2 Some researchers consider the word vesma to be a word of Turkic origin from the root bas-.

Driving: A. Demirchizade (4.14), H. Zarinazade (13.316) and others note that the word is derived from the verb to drive. Historically, the driving option has been more developed. In "Kitabi- Dede Gorgud" only the form of driving occurs.

Don't loot. In the early Middle Ages, this word was used as yaghma and was pronounced as yaghma in the regions of Tabriz and Ardabil, and it was transferred to the Persian language from these regions. Yaghma returned to our language after taking its phonetic form in Persian, and the variant of yaghma replaced the variant of yaghma. Yagmachi and Yagmalamak words are also derived from Yagma variant.

Due to bad luck, the begs marched to the fence and looted (3.108).

In Turkic languages, including in Azerbaijani, the infinitive forms with the suffix mag//-mek have retained their lexical characteristics as well as having a grammatical meaning. Since the roots of a number of words formed through the suffix -maq//-mək are processed independently, it is not difficult to reveal the process of lexical word creation in those words. However, there are many words in "Kitabi-Dada Gorgud" sagas, where the suffix -maq//-mək is fossilized in those words. Without etymological research, it is impossible to determine whether the suffix -q//-k or -maq//-mək is present in words of this type. Sometimes even the root of the word with the suffix -maq/-mək is completely out of use, so it is only possible to talk about the presence of the suffix in those words.

In our opinion, the word yaghma//yaghma is derived from the root yag-. This is reflected in the word root oil. We did not independently come across the fat root in the sense of "robbing ethnicity". However, the same meaning is preserved in the verb yarmak. For example: breaking into a house "robbing a house". Based on this agreement, it can be assumed that the roots yag- and yar- are historically derived from the verb ya- "to rob" (1.82).

Thus, etymological studies show that the lexicalization of the suffixes -maq//-mək and -ma //-mə, acquiring a word-correcting function began in the ancient times of the history of our language.

## Result

Asemantization is the fact that some ancient words and other language units lose their independence in the later stages of language development, leaving traces in other words and phrases. This is one of the linguistic processes that cause the gradual destruction of ancient monosyllabic and semi-syllabic words in Turkic languages, their replacement by other lexical units, and the transformation of some words from monosyllabic to bisyllabic and polysyllabic in Turkic languages. As a result of asemantics, ancient vocabulary roots combine with other words, especially word-forming (partially inflectional) suffixes, and become an inseparable vocabulary unit that cannot be divided into constituent parts. At this time, the ancient word loses its right to be used as an independent vocabulary unit and turns into a fossil. For example, in the Azerbaijani language, "orag", "army", "far",

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

"long", etc. words are semantic. Such words were formed by the asemantics of the historically existing roots "ya" and "uz".

## References

1. Abdullayeva G.A. Monument of ash teak. Baku: Azernashr, 2007, 214 p.
2. Dialectological dictionary of the Azerbaijani language. Baku: East-West, 2007, 568 p.
3. Baskakov N.A. Nogai language and its dialects. Grammar, texts and vocabulary. M.-L.: AN CSSR, 1940, 272 c.
4. Burhaneddin G. Divan (Compiled by A. Safarli). Baku: Azernashr, 1988, 656 p.
5. Dmitrieva L.B. The language of the Barabinsky Tatars. Materials and studies. L.: Science, 1981, 224 c.
6. Ancient Turkic dictionary. Leningrad: Nauka, 1969, 676 c.
7. Al-Andalusi Asir al-Din Abu Hayyan. Kitab al - idrak li - lisan al - atrak. Baku: Azerb. State Publishing-Polygraphy Union, 1992, 115 p.
8. Azizov E. Historical dialectology of the Azerbaijani language. Baku: Baku University Publishing House, 1999, 354 p.
9. Amani. Works (Compiled by A.Safarli). Baku: Yazichi, 1983, 339 p.
10. Ancient Turkish written monuments collection (Compiler and translator is A. Guliyev). Baku: Baku University publishing house, 1992, 280 p.
11. Devotee. Bakhtiyarnama (Compiled by G. Mammadli). Baku: Azerbaijan University Publishing House, 1957, 155 p.
12. Devotee. Bakhtiyarnama (Compiled by G. Mammadli). Baku: East-West, 2004, 168 p.
13. Hajiyev T. History of Azerbaijani literary language. I h. Baku: Elm, 2012, 476 p.
14. Hajiyev T. History of Azerbaijani literary language. II h. Baku: Elm, 2012, 392 p.
15. Hasanli-Garibova. Sh. Explanatory dictionary of ethnographisms used in Turkish languages of XI-XII centuries. Baku: Khazar University Publishing House, 2015, 282 p.

# АТОҚЛИ ОТЛАРНИ ЎҚИТИШГА ЗАМОНАВИЙ ЁНДАШУВ

**УМАРОВА Яйрахон Тўхтаназаровна**

Андижон давлат педагогика институти
Ўзбек тили ва адабиёти кафедраси доценти
umarova 0319 @mail.ru

## Аннотация

Ушбу мақолада ўзбек тили лексик қатламида ўзига хос тизимни ташкил этувчи атоқли отларнинг она тили таълимидаги ўрни ва зарурати масаласининг айрим жиҳатлари ўрганилган. Жумладан, таълим тизимида она тили ўқитишнинг мазмунини жамият ривожланишининг ҳозирги босқичига мослаб ташкил этиш ва самарадорликка эришиш бугунги кун талаби эканлиги, шунингдек, бу мураккаб вазифани амалга ошириш ҳар бир шахснинг онгини ўстиришга, уларга ғоявий- сиёсий, ахлоқий, эстетик ва тил амалиётига оид билимларни беришга йўналтирилиши зарур эканлиги тушунтирилган. Она тили таълимида бериладиган билимлар мазмуни тил сатҳларига оид назарий тушунчалар билан бирга, фонетик-фонологик, график, морфологик, синтактик ҳамда услубий кўникма ва малакаларни ҳам ўз ичига олади.

Таълим тизимининг турли босқичларида ўрганиш учун танланган материаллар тилни онгли равишда эгаллашга ва ўқувчи-талабаларда график ва имловий малакаларни шакллантиришга замин бўладиган билимларнинг изчиллиги ва тизимлигига жиддий эътибор қаратиш зарурлиги, хусусан, морфология соҳасидан ҳам сўзни онгли ўзлаштириш, унинг шаклларини тўғри ишлатиш ёш авлоднинг оғзаки ва ёзма саводхонлигини тўғри шакллантиришда муҳим амалий аҳамиятга эга бўлган билимлар танланиши мақсадга мувофиқ эканлиги баён қилинган. Ана шундай таълимий-тарбиявий ва илмий жиҳатдан муҳим бўлган атоқли отлар тизими мураккаб структурасининг лингвистик ҳамда экстралингвистик асос ва омилларини ўргатиш долзарб масалалардан бири эканлиги хусусида фикрлар келтирилган.

**Калит сўзлар:** атоқли отлар, ономастика, антропоним, топоним, идеоним, эпоним

# A MODERN APPROACH TO TEACHING NOUNS

## Abstract

In this article, some aspects of the question of the place and necessity of the proper nouns in the lexical layer of the Uzbek language, which form a unique system, in the education of the mother tongue have been studied. In particular, it is a requirement of today to organize the content of teaching the mother tongue in the educational system in accordance with the current stage of the development of society and to achieve efficiency, as well as the implementation of this complex task is to develop the consciousness of each person, to give them ideological-political, moral, aesthetic and language practice knowledge. it is explained that it is necessary to be directed. The content of knowledge provided in mother tongue education includes phonetic-phonological, graphic, morphological, syntactic and methodological skills and competencies along with theoretical concepts of language levels.

The materials selected for learning at different stages of the educational system require serious attention to be paid to the consistency and systematicity of knowledge, which is the basis for the conscious acquisition of the language and the formation of graphic and spelling skills in students, in particular, the conscious acquisition of the word from the field of morphology, the correct use of its forms in oral and written speech of the young generation. it is stated that it is appropriate to choose knowledge that has important practical importance in the correct formation of literacy. It is mentioned that teaching the linguistic and extralinguistic bases and factors of the complex structure of the system of proper nouns, which is educationally and scientifically important, is one of the urgent issues.

**Keywords:** nouns, onomastics, anthroponym, toponym, ideonym, eponym.

***

Таълим тизимида фан асосларини эгаллаш кўп жиҳатдан она тили таълимининг тўғри йўлга қўйилишига боғлиқ. Бугунги тезкор ахборот даврида инновацион таълим шароитида она тили дарсларининг самарадорлигини ошириш, ўқиш, ёзиш, гапириш ва эшитиш компетенцияларини тўғри шакллантириш ва ривожлантириш ўқувчининг фундаментал фанларни онгли равишда ўзлаштириши, равон нутқий мулоқотга киришиши, ўз фикрини оғзаки ва ёзма тарзда тўғри ва асосли ифодалай олишига замин яратади. Шунинг учун ҳам кейинги йилларда ўқувчиларда нутқий компетенция талабларига тўлиқ риоя қиладиган даражадаги амалий кўникмаларни шакллантириш она тили фани олдига қўйилаётган бош устувор вазифага айланиб бормоқда. Шу нуқтаи назардан замонавий таълимда ўқувчиларнинг тил ва нутқ тушунчаларини фарқлай олиши, тил бирликларидан тўғри ва ўринли фойдаланиши, уларни мақсадли ва аниқ қўллашларига доир таянч компетенцияларни ривожлантириш зарурати ҳар доимгидан долзарб масала сифатида кўрилмоқда.

К.Д.Ушинский ўқувчининг тарих, география, табиатшунослик, математика каби фанларни ўрганаётганда она тилидан тўғри тайёргарлик кўрмаган, бирор теоремани тушунтириши ёки бирон бир математик масалани ўз сўзи билан ифодалашга тўғри келганида қийналиши ҳолатларини таҳлил қилар экан, “она тили – ҳар қандай тараққиётнинг асоси, бутун билимларнинг хазинасидир. Ҳар қандай тушуниш ундан бошланади, у орқали ўтади ва унга қайтади”.[1.14], – деб ёзади.

Айниқса, чет тилларини ўрганишга эҳтиёж кучайиб бораётган бугунги ижтимоий муҳитда, аввало, она тилини ўрганиш, она тилида имловий, ишоравий, услубий ва нутқий саводхонликка эришиш ҳам педагогик, ҳам ижтимоий-маънавий жиҳатдан муҳим аҳамиятга эга бўлиб, она тилининг шахс камолотидаги ўрни ва ролини унутмасликни талаб этади. Зеро, инсон руҳиятининг шаклланишида миллий-маданий омиллар етакчи бўлиши шарт. Шундай экан, она тили таълими тизимида ўқувчиларнинг мустақил фикрлаши, воқеликка онгли муносабатда бўлиши, нутқий фаоллиги ва оламни англашида лисоний онгни ривожлантириш юксак маънавиятли баркамол шахсни камол топтиришнинг муҳим омили сифатида замонавий илғор педагогик ва ахборот-коммуникация технологияларини кенг миқёсда қўллаш зарурати юзага келди.

Она тилини ўқитишнинг анъанавий тизимида атоқли отларни ўрганишда, асосан, уларнинг семантик ва формал шаклланиши, ички лингвистик жиҳатлари ҳисобга олинган: сўз ясалиш моделлари, ҳосил қилувчи асослари ва тузилишига кўра турлари, қисман имловий қоидалари ўргатиш назарда тутилган. Когнитив тилшунослик тамойиллари асосидаги янгича қарашлар лингвистик жиҳатлар билан бир қаторда экстралингвистик омилларни ҳам ҳисобга олиш имконини беради. Бу эса ўқув материалининг ранг-баранглиги ва қизиқарли бўлишини таъминлаб, ўқувчиларнинг ҳаётий тасаввурларига мослаштириш ва осон ўзлаштириш имконини яратишга асос бўла олади.

Атоқли отлар ҳар қандай тилнинг лексик тизимида мавжуд бўлиб, Л.Ц.Санжееванинг фикрига кўра, улар маълум бир халқ онгидаги олам лисоний тасвирини унинг маконий ва замоний белгилари, стереотиплари ва ахлоқий хусусиятлари билан боғловчи бўғин вазифасини бажаради. Ҳар бир янги даврда,

атоқли отлар олдингиларнинг айрим элементларини мерос қилиб олган ҳолда замон руҳи ва ижтимоий кодларига мувофиқ ўзгариб боради.[2.92-96]. Агар атоқли отларни ўқитишда шу нуқтаи назардан ёндашилса, ўқув материалининг лингводидактик аҳамияти жиҳатидан юқори самарадорликка эришилади. Масалан, *Ахмоққа* ***Қува*** *бир тош, онасини* ***Учқўрғон****дан кўрсатмоқ,* каби турғун бирликларда маҳаллий жой номлари эслатиб ўтилган бўлса, ***Даққиюнус****дан қолган (аслида* ***Дақёнус****дан қолган),* ***Хизир*** *назар қилган* ибораларида мифологик этнографияга оид шахсларнинг номлари маданий код вазифасини ўтаган. Бундай мисоллар орқали, уларнинг келиб чиқиш асосларини шарҳлаш орқали ўқувчилар онгига ватанпарварлик, ўз юртини севиш, ўзликни англаш, тарихий қадриятларга ҳурмат руҳини сингдириш мумкин. Шу тариқа, атоқли отлар тизимидаги маданий маълумотларни сақлашнинг лингвистик асослари ва маълум бир тил маданиятининг қадриятлари кўламини аниқлайдиган номларга эътибор қаратилади. Агар ўқитувчи атоқли отларни ўргатиш жараёнида фаол ўқитиш шаклларини танлай билса, муаммоли-изланиш фаолиятини ташкил қилса, у ҳолда атоқли отларни умуман нутқнинг бир қисми сифатида ўрганишнинг юқори даражада хабардорлигига эришиш мумкин, бу эса ўз навбатида, ўқувчиларнинг лисоний тафаккурини ривожлантиришга, она тилини ўрганишга қизиқишини орттиришга хизмат қилади. “Ономастик материал ҳар қандай юксак даражада ривожланган тил луғатининг салмоқли қисмини ташкил қилади ва худди тил, география, тарих ва бошқа ижтимоий ва табиий фанлар ўрганилганидек ўрганишга лойиқдир”, - деб ёзади В.Д. Бондалетов.[3.3-4].

Т.М.Майорова “Ономастика в лингвокраеведческой работе“ (“Ўлка тилшунослиги ишида ономастика") мақоласида ономастик материал тўплаш зарурлиги, бундай ишларни мактабда, кейинчалик олий ўқув юртида давом эттириш мумкинлиги ҳақида гапириб, бундай ишларни ташкил этиш дастурини таклиф қилади.[4.43-47] Дарҳақиқат, ўқувчиларнинг ўз ҳаётига, теварак-атрофидаги воқеликка оид ономастик бирликлар рўйхатини шакллантиришга одатлантириш атоқли отларнинг кундалик ҳаётимиздаги ўрнини аниқлашга ёрдам беради. Бу эса уларнинг сўз бойлигини ошириш билан бирга тил бирликларига эътиборли бўлиш, она тилига ҳурмат билан қараш, тизимли ишлаш кўникмаларини шакллантиришга ёрдам беради.

“Ўзбекистон Республикаси узлуксиз таълим миллий ўқув дастурларининг мақсади ўқувчиларни ҳаётга тайёрлаш, таълим контентида амалий кўникмаларни, компетенцияларни ривожлантириш, назарий билимларни 90 фоиздан 50 фоизга камайтиришдан иборат бўлди. Дастурда мактаб битирувчисига креатив фикрлаш, кенг дунёқараш, мустақил қарор қабул қилиш, замонавий кўникмаларга эга бўлиш, ахборот технологияларини пухта ўзлаштириш каби талаблар белгиланди”, - деб ёзади таълим тизими масъулларидан бири А.Носиров “Таълим мазмунига қаратилган ўзгаришлар” мақоласида. Ана шу устувор мақсадларни амалга ошириш учун ҳар бир фан ўқитувчиси ўз ишига креатив ёндашуви, иш усулларининг моҳиятини тубдан ўзгартириши, ўқувчига қуруқ назарий билимлар беришдан қочиб, ҳаётий кўникмалар билан боғлаб ўқитишини талаб этади.

Шу нуқтаи назардан, Т.М.Майорованинг ономастик материал тўплаш борасидаги таклифига ижодий ёндашиб, она тили ўқитувчиларига **“Атоқли отлар билан ишлаш”** дастури борасидаги тавсияларимизни ҳавола қиламиз.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Дастурнинг асосий мақсади ўқувчилар диққатини атаб қўйиладиган номларга жалб этиш ва уларнинг турларини ажратиш кўникмасини ҳосил қилиш учун мустақил иш ва уйга вазифа тарзида босқичма-босқич атоқли отлар рўйхатини шакллантиришни назарда тутувчи топшириқлар бериб бориш ва тўпланган материаллар асосида назарий билимларни мустаҳкамлашга эришиш. Бунда қуйидаги мазмундаги амалий топшириқлар тавсия этилади:

1. Оила аъзоларингиз ва қариндошларингизнинг исм-фамилиялари рўйхатини тузинг: *Жўраев Одил, Бобоева Сайёра, Олимжон Зоҳиджон ўғли* каби.
2. Ўз маҳаллангиз (шаҳрингиз, қишлоғингиз) ҳудудидаги кўчалар номлари рўйхатини тузинг. *Алишер Навоий шоҳкўчаси, Имом Бухорий кўчаси*, *Айюбий 1-тор кўча* каби.
3. Маҳаллангизда жойлашган тарихий ёки замонавий бинолар ва корхона, ташкилотларнинг номларини ёзинг: *"Жомеъ" масжиди, "Чўлпон" кинотеатри* каби
4. Хонадонингиздаги китоб, газета ва журналлар рўйхатини тузинг: *Заҳириддин Муҳаммад Бобурнинг "Бобурнома" асари, Ойбекнинг "Навоий" романи* каби.
5. Телеканаллардан бирини танлаб, унда берилаётган бир кунлик кўрсатув ва дастурлар рўйхатини шакллантиринг. Уларнинг ўзбекча, русча, инглизча ном эканлигига эътибор қаратинг: *"Зарб" ток-шоуси, "Миллар" кўрсатуви* каби.
6. Уйингиздаги машина, кир ювиш машинаси, дазмол каби маиший жиҳозлар ва озиқ-овқат маҳсулотларига қўйилган номлар рўйхатини тузинг: *"Самсунг" телевизори, "Артел" кир ювиш машинаси* каби.
7. Оилангиздаги катталар ёрдамида маросим ва урф-одатлар номларин ёзинг: *Наврўз байрами, "Дарвешона" маросими, Қовун сайли* каби.
8. Уй ҳайвонларига атаб қўйилган номларни ёзинг: *Олапар, Тарғилой* каби.
9. Олма, қовун, помидор, пахта каби мева, сабзавот ва ўсимлик навларини билдирадиган атоқли отларни ёзинг*: "Семеренко", "Антоновка", "Тўёна"* каби
10. Тарих дарслигидан фойдаланиб, тарихий сана ва воқеалар номларини ёзинг: *Далварзинтепа ёдгорлиги, Гордон Браун фаолияти* каби.
11. География дарслигида берилган жой номлари ва сув ҳавзалари – океан, денгиз, кўл ва дарёларнинг номларини ёзинг: Озарбайжон, Тожикистон, Самарқанд; *Тинч океани, Нил дарёси, Байкал кўли* каби.

Бундай рўйхатни шакллантириш, бизнингча, ҳам таълимий, ҳам тарбиявий жиҳатдан ўз самарасини беради.

*Биринчидан,* тил таълимининг ҳаёт билан боғлиқлигини таъминлайди.

*Иккинчидан,* қизиқарли машғулот сифатида дарсларга қизиқмайдиган ўқувчиларни ҳам жалб қилиш имконияти мавжуд.

*Учинчидан,* атоқли отларнинг турларини ажратиш борасидаги назарий билимларни осон ўзлаштиришга замин ҳозирлайди.

*Тўртинчидан,* ўқувчида масалага тизимли ёндашиш компетенциясини шакллантиради.

Оддийдан мураккабга тамойили асосида юқори синфга ўтган сари бу йўналишдаги вазифаларни мураккаблаштириб бориб, *муайян атоқли отларнинг*

*ёзилиши, асос маъноси, этимологияси, тузилишига кўра турлари, услубий хусусиятларини ўрганиш* борасидаги топшириқларни бериб бориш мумкин. Шу тариқа, мактаб ўқувчиларининг антропоним, зооним, топоним, гидроним каби тушунчаларни ўзлаштиришлари, атамалар билан ишлаши, уларни ўраб турган атоқли отлар билан танишиш жараёнида эса олган назарий билимларини амалий жиҳатдан мустаҳкамлашга эришилади.

Шу ўринда айтиб ўтиш керакки, бу дастурни амалга оширишда фақат атоқли отларга оид мавзуларни ўқитишга боғлаш билангина чегараланиб қолмаслик керак. Масалан, *сўзларнинг маъно ва тузилишига кўра турлари, олмошларнинг услубий вазифалари, гап бўлаклари* каби қатор мавзулар доирасида ҳам қўллаш мумкин. Замонавий когнитив ёндашувга мувофиқ тил бирликларини олам лисоний манзарасининг маълум бир парчаси сифатида ўқувчилар онгига сингдириш зарур деб қарайдиган бўлсак, атоқли отлар ҳам лексик, ҳам морфологик тушунчалар нуқтаи назаридан муҳим парадигматик гуруҳни ташкил қилади. Шундай экан, она тили таълимида атоқли отларни ўқитиш муаммоларини кўриб чиқиш "Морфология" бўлими билан бир қаторда "Лексикология", "Сўз ясалиши", "Имло", "Услубият" каби бўлимларни чуқур ўрганишга ҳам хизмат қилади.

Таълим тизимининг барча босқичларида ўқув фан-предметларининг деярли ҳар бирида, айниқса, адабиёт, тарих, география, астрономия ва бошқа қатор фанларда у ёки бу даражада атоқли отлар билан боғлиқ маълумотлар, назарий тушунчалар, илмий асослар етарлича мавжуд. Муайян мавзуга доир билимларни ўзлаштиришда ана шу атоқли отларни ўрганмай туриб, уларнинг моҳиятини англаш, илмий ва амалий аҳамияти, ижтимоий-маданий ҳаёт, фан ва техникада тутган ўрнини белгилаш қийин. Худди мана шу жараёнда атоқли отларнинг интегратив табиати ҳаётий эҳтиёжни юзага келтириб, она тили лексикологиясининг ўзига хос таркибий қисми бўлган атоқли отларни ўқитиш зарuratини кучайтиради. Бу эса ономастик бирликларнинг назарий ва амалий жиҳатларини мақсадли ва самарали ўқитишни илмий-педагогик ва инновацион асосларда йўлга қўйиш зарурлигини тақозо этади.

Таклиф этилаётган **ономастик материал билан ишлаш тизими** ўқувчиларда доимий қизиқиш уйғотади, номшунослик ҳақидаги билимларини кенгайтириш, атоқли отларнинг лингвистик асосларни ўрганиш истагини уйғотади. Бунда:

- ўқитувчи тавсия этган манбаларни излайдилар;

- харита, луғатлар, интернет материаллари, расмлар билан ишлайдилар;

- қариндошлари ва ўртоқлари билан номлар ҳақида суҳбатлашадилар, баҳслашадилар.

Шу тариқа, она тили ўқитувчилари таълим тизими ислоҳотларига замон талаблари даражасида ҳисса қўшишлари мумкин, бу эса ўқувчилар фаоллигини ошириб, таълим имкониятларини кенгайтириш, мустақил билим олиш, луғатлар, маълумотномалар каби қўшимча материаллар билан ишлаш кўникмаларини эгаллашлари учун мотивация беради.

Кузатишларимиз шуни кўрсатадики, топоним ва гидронимларнинг маъноси ва тўғри ёзилишини ўргатиш масаласи география ўқитувчиларини ҳам қизиқтириб келади. Бу борада тилшунос З.Дўсимовнинг Ўзбекистон, қолаверса, Хоразм топономикасининг қатор масалаларини илмий тадқиқ қилиш ва изланишлар

натижаларини таълим-тарбияга татбиқ қилиш бўйича олиб бораётган ишлари диққатга сазовор. Ю.И.Аҳмадалиевнинг қуйидаги фикри ҳам бундай ёндашув тўғри эканлигини тасдиқлайди: "География таълимида ҳам географик номлар тилшуносликдаги каби ёритилганда эди, яъни иложи борича изоҳи ва маъноси билан берилганда, шубҳасиз, географияни ўрганиш мислсиз равишда кўпроқ маъно ва қизиқишларга олиб келарди."[5.105]. З.Дўсимов, Ю.И.Аҳмадалиев ва бошқаларнинг мактабда топонимика тўгараклари юритиш борасидаги фикрлари ҳам география ва тил таълими интеграциясига эҳтиёж мавжудлигини исботлайди.

Шу ўринда З.Э.Хуррамова ва Ч.И.Махмудоваларнинг "Мактаб ўқувчиларига топонимларнинг тўғри ёзилиш тартибларини ўргатиш" мақоласида берилган далилий мисолни келтириб ўтмоқчимиз:

"Номланишнинг нозик томони, унинг биттагина товушнинг янглиш ёзилиши туфайли, топоним мазмунининг тамоман ўзгариб кетишидан иборатдир. Натижада ўша ном тамоман бошқа бир маъно касб этади. Масалан: Яккабоғ туманидаги *Калтақўл* қишлоғининг биргина "қ" ҳарфи ўрнига "к" ҳарфининг қўлланиши туфайли *Калтакўл* тарзида ёзилишини мисол қилиш мумкин. Бу ерда *Калтақўл* иккита маъно-мазмун касб этмоқда. Дастлабки *Калтақўл – қисқа қўл* каби анатомик маъно касб этса, иккинчидан *калтақўл – қўл учида яшовчи, яъни фақирликда яшовчилар* каби ижтимоий маъно касб этади. Агар "*қ*" ўрнига "*к*" ҳарфи қўлланилса, у калта, қисқа юмалоқ кўл, яъни гидронимга айланиб қолганлигини кўрамиз."[6.607-613]

Умуман олганда, тилшуносликда атоқли отларни ўқитишнинг илмий-методик муаммоларини тадқиқ этиш соҳасида ечимини кутаётган муаммолар жуда кўп. Бу эса келгусида она тили ўқитиш методикасига доир тадқиқотларни янада кучайтиришни талаб қилади.

Атоқли отлар билан ишлаш тизимида ўқитувчи ахборот манбаларига йўналтирувчи шахс вазифасини бажариши, ўқувчиларни рағбатлантирадиган ва фаоллаштирадиган ўзаро ҳамкорликдаги гуруҳ шаклланишига эришиши керак. Демак, ўқитувчининг атоқли отлар билан ишлаш тизими методикасини эгаллаши ўқувчиларнинг ижодий-изланиш фаолиятини ташкил этишнинг ишончли йўлларидан биридир.

Она тили дарсларида атоқли отларнинг тизимли ўқитилиши ўқувчиларнинг ижодий қобилиятини ривожлантириш, таълим самарадорлигига эришишга ёрдам берадиган дўстона муҳит яратиш вазифасини муваффақиятли амалга ошириш имконини беради. Ўқувчи ўрганилаётган ҳодисани нафақат тушуниши, балки муаммоларни ҳал қилишга ўрганиши, ўрганилаётган материални ҳаёт билан боғлай олиши керак. Бундай ижодий изланиш ва ўзига ишонч муҳити таъсирида ўқувчиларнинг дарсдаги ҳам фаоллиги ортади.

Аввало, ҳар қандай дарс, жумладан, атоқли отлар билан боғлиқ мавзуларни ўқитиш ҳам аниқ режа ва структурага эга бўлиши, муайян мақсад ва натижаларга эришишни кўзлаши керак. Буларнинг барчаси ўқувчиларга материални яхшироқ тушунишга ва уни аввалги олган билимлари билан боғлашга ёрдам беради. Фақат таълимий-тарбиявий мақсадларнинг бундай уйғунлигига эришиш учун уни моҳирона йўналтириш ўқитувчидан билим, тажриба, маҳорат ва тизимли иш ташкил қила олиш қобилиятини талаб этади.

**Фойдаланилган адабиётлар**

1. Umarova, Y. (2023). "QOBUSNOMA" ASARI ASOSIDA O'QUVCHILARNI KASBGA YO'NALTIRISH. *Theoretical Aspects in the Formation of Pedagogical Sciences*, *2*(13), 129–131. извлечено от http://www.econferences.ru/index.php/tafps/article/view/7548
2. Ya.T.Umarova1 , D. Ne'matova1- ANALYSIS OF THE CURRENT STATE OF LANGUAGE COMPETENCE OF SECONDARY SCHOOL STUDENTS-Ilmiy xabarnoma. Seriya: Pedagogik tadqiqotlar – Scientific bulletin. Pedagogical Research. 2020. 6(50). 47–57
3. Майорова Т.М. Ономастика в лингвокраеведческой работе // РЯШ. 2000, №4. – С.43-47
4. Носиров А. Таълим мазмунига қаратилган ўзгаришлар // "Янги Ўзбекистон" газетаси, № 138 (927), 2023 йил 13 июль.
5. Санжеева Л. Ц. Когнитивный подход в изучении имен собственных // Вестник Бурятского госуниверситета. 2009. № 11. – С.92–96.
6. Ушинский К.Д. Собрание сочинений, М., 1974.// http://www.biografia.ru/arhiv/105.html
7. Umarova, Y. (2023). TIL - INSON QALBINING XAZINASI. *Молодые ученые*, *1*(8), 130–131. извлечено от https://in-academy.uz/index.php/yo/article/view/17720
8. Хуррамова З.Э., Махмудова Ч.И. Мактаб ўқувчиларига топонимларнинг тўғри ёзилиш тартибларини ўргатиш // Academic research in educational sciences volume 1 | ISSUE 4 | 2020. – Б. 607-613
9. Умумий ўрта таълимнинг давлат таълим стандартлари ва ўқув дастури // Ўзбекистон Республикаси Халқ таълими вазирлигининг ахборотномаси, 7-махсус сон. - Т.: Шарқ, 1999.
10. М. Худойберганова, М. Мухторова. 3-синфда она тили дарслари. - Т.: Ўқитувчи, 2005.
11. Р. Сафарова ва бошқ. Савод ўргатиш дарслари (Алифбени ўқитиш бўйича методик қўлланма). - Т.: Маънавият, 2003.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛДЕН ТАРТЫП XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНА ЧЕЙИНКИ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОМУНУН НЕГИЗГИ ЭТАПТАРЫ

**МУКАСОВ Ысманалы Мукасович**

Философия илимдеринин доктору, профессор
Кыргыз Республикасынын

## Аннотация

Макалада кыргыз элинин байыркы мезгилден тартып XX кылымдын башына чейинки философиялык ойломунун генезисине жана эволюциясына кыскача тарыхый-философиялык талдоо жүргүзүлөт. Аталган мезгилдеги кыргыз элинин аң-сезиминдеги туруктуу өзгөчөлүк реалисттик ой жүгүртүү болуп саналгандыгы каралат. Ар бир доордо дүйнө жана адам тууралуу позитивдүү билимдердин негизинде калыптанып, болмушту обьективдүү чагылдырган элементтер дайыма жашап, адамдарды руханий караңгычылыктан бошотуу процесси менен тыгыз байланышта өнүккөндүгү изилденет. Алар бүтүндөй бир концептуалдуу дүйнөгө болгон көз караштa бекемделбестен, философиялык идея, тенденция формаларында көрүнгөндүгү иликтенет.

**Урунттуу сөздөр**: философия, философиялык ойлом, реалисттик ой жүгүртүү, оң-сезимдүлүк, концептуалдык дүйнө.

***

Кыргыз элинин улуттук кайра жаралуусу жана анын рухий дүйнөсүнүн жаңылануусу азыркы күндө жаңыча мааниге ээ болуп жаткан өткөндүн маданий мурастарын кабыл алууну толук шарттап отурат. Элибиздин рухий мурасынын өзөгүн түзгөн философиялык ойломун изилдөө зарылдыгы конкреттүү илимий-теориялык кырдаалдар менен аныкталат.

Биринчиден, кыргыз элинин философиялык ойлому өткөндөн калган рухий байлыкты, интеллектуалдуу тажрыйбаны терең өздөштүрүп кабыл алууну өз ичине камтыйт. Философиянын изилдөө чөйрөсүн кеңейтүү жана адам болмушунун түркүн проблемаларынан келип чыккан курч карама-каршылыктарды чечүү аларга илимий талдоо жүргүзүүнү талап кылат.

Экинчиден, философиялык, этикалык жана эстетикалык мурастарды иликтөө адамдардын аң-сезиминин жана социалдык-нравалык калыптанууларына шарт түзөт.

Үчүнчүдөн, кыргыздардын философиялык ойлорун илимий-теориялык изилдөөдөн өткөрүү Чыгыш элдеринин философиялык ойлонуусуна шек келтирген Батыштын айрым скептикалык мамилелерин четке кагууга мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз элинин байыркы мезгилден тартып XX кылымдын башына чейинки философиялык ойлому төмөнкү этаптарды басып өткөн: 1) байыркы мезгилден исламдын кирүүсүнө чейин (болжол менен VIII-IX кылымга чейин). Бул убакта кыргыз элинин рухий дүйнөсүндө жашоого байланыштуу рационалдык тенденциялардын негизинде алгачкы философиялык ойлор жаралган жана өнүгө баштаган; 2) исламдын киришинен баштап Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушуна чейин (болжол менен IX кылымдын башталышы – XIX кылымдын экинчи жарымы). Бул мезгилде кыргыздардын философиялык ойлому, негизинен, өзүнө позитивдүү жана негативдүү элементтерди камтыган исламдын таасиринин

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

астында өнүккөн; 3) Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушунан баштап совет дооруна чейин (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы). Бул мезгилде коомдогу болуп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий ири окуялар кыргыздардын философиялык ойломунун кийинки өнүгүүсүн шарттаган.

Кыргыз элинин байыркы мезгилден тартып XX кылымдын башына чейинки философиялык ойлорунун тарыхы реалисттик ой жүгүртүү көп кылымдар бою анын аң-сезиминдеги туруктуу касиет болгондугун айгинелейт. Ар кандай доорлордо чыныгы дүйнөнү объективдүү чагылдыруунун элементтери болуп келген. Алар дүйнө жана адам тууралуу позитивдүү билимдердин негизинде жаралган жана адамдарды рухий караңгылыктан чыгаруу процесси менен өтө тыгыз байланышта өнүгүп, коомдун алга жылуусу үчүн оң мааниге ээ болгон. Бул элементтер чыныгы дүйнө жөнүндө билимдердин таралышын шарттап, таанып билүүчүлүк, интегративдик кызмат аткарып, табияттын жана коомдун стихияылык күчтөрүнүн үсүнөн болгон адамдардын бийлигин кеңейтүүгө өзүнүн таасирин тийгизип, социалдык жана маданий прогресс багытындагы адамдардын өндүрүштүк иш-аракеттерине түрткү берген. Башкача айтканда, философиялык ойлор жаратуучу күч болуу менен бирге, өүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша жүздөгөн-миңдеген жылдардын аралыгында адамдардын өз алдынча дараметтерин ойготкон, жандандырган, өнүктүргөн жана өркүндөткөн. Рационалдуу билимдердин таралышы менен табияттын жана коомдун мыйзамдарын өздөштүрүү чектери кеңейип, адамдын аң-сезими өнүккөн, чыныгы дүйнөнү чыгармачылык менен өздөштүрүүнүн жана өзгөртүүнүн жаңы аспектилери жана келечеги ачылган.

Байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашындагы позитивдүү жана рационалдуу тенденциялар, негизинен, алардын мифтеринде, мусулман динине чейинки ишенимдеринде жана эмпирикалык билимдеринде жаралган. Байыркы адамдар реалдуу маалыматка – өздөрүнүн объективдүү-тарыхый, социалдык-эмгектик тажрыйбаларына таянуу менен  өнүгүүлөрүнүн алгачкы этаптарында эле табияттын өтө татаал кубулуштарынын себептерине жооп табууга жана дүйнө түзүлүштүн маанисин түшүнүүгө аракет жасашкан. Бул учурда адамдар кубулуштардын жана процесстердин үстүрт жактарын эле таанып билүү менен чектелип калган эмес. Алар бул кубулуштардын түпкү маңызына жетип, көзгө көрүнгөндөрдүн чектеринен чыгууга жана кубулуштардын өз ара байланыштарын түшүндүрүүгө аракет жасашкан.

Мифтерде биздин ата бабаларыбыздын дүйнөгө болгон көз караштарынын тарыхый алгачкы формалары кыйла толук түрдө чагылдырылган. Аларда дүйнө, анын ичинде адамзат коому далилдөөнү талап кылбаган конкреттүү чындык катары кабылданат, б.а. мифтерде болмушту философиялык жактан аңдап билүүгө байланыштуу башталышка жана бүтүшкө ээ болбогон чексиз агым катары көрүнгөн дүйнө жөнүндө, дүйнөнүн материалдык алгачкы негиздери тууралуу, табигый жана социалдык кубулуштардын өзгөрүлмөлүүлүгү жана карама-каршылыгы жөнүндө адамдардын көз караштарынын издери сакталып калган. Мифтерде алгачкы түшүнүктөр, философияга чейинки жалпылоолор пайда болуп, кийинчерээк алар дүйнөгө карата болгон стихиялык көз караштардан бошонуунун узакка созулган процессинде, абстракттуу ой жүгүртүүнүн өнүгүү учурунда көптөгөн философиялык категориялардын калыптанышы үчүн негизги таяныч катары кызмат аткарган.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Мусулман динине чейинки ишеним табияттан сырткары турган, адамдар сыйынып, ыйык катары эсептешкен күчтүн бар экендигине негизделген. Бирок бул ишенимдердин мазмуну сөздүн толук маанисинде табияттан сырткаркы мүнөзгө ээ болгон эмес. Диндин алгачкы формалары – курчап турган дүйнө тууралуу стихиялуу көз караштардын, ой-пикирлердин жыйындысы. Алар элдик ой жүгүртүүнүн бардык типтерин камтуу менен, айрым дүйнө таануучулук милдет аткарган жана байыркы адамдардын аң-сезиминде элдик акылмандык, ой жүгүртүү, учкул сөз, накыл кеп формаларында берилген.

Байыркы кыргыздардын эмпирикалык көз караштары дайыма белгилүү бир типтеги аракет катары көрүнүү менен, биздин ата-бабаларыбыз үчүн көбүрөөк практикалык мааниге ээ болгон. Ошондуктан аларды жөнөкөй, элементардуу жалпылоолордон жогору көтөрүлө албаган практикалык билим катары мүнөздөө керек. Адам өзүнүн иш-аракеттеринин процессинде тажрыйба топтоо менен бирге табият кубулуштарынын себептик-натыйжалык байланыштарын түшүнүүгө, ага өзүнүн байкоолорун салыштыруунун негизинде жалпылоо жасоого аракеттенген. Байыркы адамдардын табиятка жакындыгы, жаратылышка өтө көз карандылыгы жана өндүрүштүн негизги ыкмасынын өзгөрүшүндөгү начар динамика алардын ой жүгүртүүлөрүндөгү рационалдык тенденциялардын пайда болушун шарттаган. Бул тенденциялардын негизги өзгөчөлүгү болуп бирдиктүүлүгүн биздин ата-бабаларыбыз стихиялуу түрдө таанып билген сырткы дүйнөгө карата туюм-сезимдик мамиле эсептелет.

Орто кылымдардагы кыргыздардын философиялык ойлору тууралуу айтууда, баарынан мурда, ислам социалдык инерциянын фактору эле болбостон, кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүшүнө өзгөчө таасир тийгизгенин белгилөө керек. Айрым алганда араб дүйнөсүнүн коомдук турмушун интеграциялоочу фактору болуп эсептелген исламдын Кыргызстандын аймагына таралышы бул аймакты ошол мезгилдеги Чыгыш элдеринин жалпы маданий өнүгүш процессинин орбитасына тарткан жана кыргыз элин араб тилдүү маданияттын өнүгүшүнүн жалпы жолуна кошкон, анын маданиятынын ийгиликтүү жана жемиштүү өнүгүшү үчүн түрткү берген. Исламдын кеңири жайылышы менен Кыргызстандын аймагында араб философиясы тез жайыла баштаган. Мусулман дини ошол эле учурда коом үчүн көптөгөн өтө зарыл жана оң маанидеги нормалардын булагы катары болгон, аларды жашоо-турмушка киргизген жана ошонусу менен адамдардын моралдык-адеп-ахлактык турмушун жөнгө салып турган.

Орто кылымдагы кыргыздардын философиялык ойлору Жусуп Баласагындын, Махмуд Кашкардын, Асан-кайгынын, Толубай-сынчынын, Санчы-сынчынын мурастарында, айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыкта ачык туюнтулган. Кыргыз эли элдик эпосторго, дастандарга, ырларга, жомокторго, макал-лакаптарга ж.б. өтө бай, алардын көпчүлүгү философиялык идеялар менен терең сугарылган.

Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын дүйнөгө болгон көз карашы XI кылымдын маданий жетишкендиктеринин синтези болуп эсептелет. Ал ошол тарыхый мезгилдин күчтүү жана начар жактарын чагылдырган. Ойчулдар тарабынан өнүктүрүлгөн пантеисттик окуу табияттын жана коомдун кубулуштарына карата болгон рационалдуу ыкмаларга, реалисттик идеяларга өтө жыш болуп, иррационалдык идеяларды тануу үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Алардын этикалык идеялары өзүнө түрк элдеринин мораль, адам

жүрүм-турумунун нормалары жана эрежелери тууралуу көз караштарынын негизги өзгөчөлүктөрүн камтыган жана бул, албетте, орто кылымдагы прогрессивдүү философиялык ойлордун олуттуу жетишкендиктери болгон. Моралдык ишенимди жана сезимди бул ойчулдар адамдардын кылык-жоруктарынын маанилүү ички түрткү болуучу мотиви катары карашкан.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында жыйынтыгында элдин өзүн-өзү таануусун туюнткан дүйнө кабылдоонун реалисттик тенденциялары, процесстер тууралуу диалектикалык божомолдордун элементтери, дүйнөнү таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнө болгон стихиялуу ишенимдер, позитивдүү гносеологиялык жалпылоолор, кыйла жалпы философиялык, этикалык жана эстетикалык түшүнүктөрдүн калыптанышынын белгилүү өбөлгөлөрү чагылдырылган. Фольклордук чыгармаларда элдин табияттын жана коомдун кубулуштары, адамзат жашоосунун маңызы, көркөмдүк жана сулуулук тууралуу көз караштары жана идеялары ар тараптуу берилген. Алар объективдүүлүккө жана чындыкка негизделген жана алардын жыйындысы турмуштук философияны түзгөн.

Асан-кайгы, Толубай-сынчы жана Санчы-сынчынын мурастарында иррационалдык багыттагы идеялар менен катар эле ойчулдарды табият жана коомдук процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө жакындаткан реалисттик мүнөздөгү идеялар да бар. Алардын моралынын негизги принциптери кең пейилдик жана марттык блуп эсептелет. Асан-кайгы, Толубай-сынчы жана Санчы-сынчынын философиялык ойлорунда болмуш жана адам проблемалары белгилүү деңгээлде турмуштук акылмандык, эмпирикалык тажрыйбага негизделген жөндөмдүүлүк жана шыктуулук аркылуу каралат. Алар өздөрүнүн философиялык жалпылоолорунда идеялардан жашоо-турмуштун кубулуштарына карай эмес, реалдуу чыныгы дүйнөдөн ал жөнүндө ой жүгүртүүгө карай келишкен.

XIX кылым - XX кылымдын башында философиялык ойлор андан ары өнүккөн, бул Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижок өңдүү өз мезгилинин прогрессивдүү өкүлдөрүнүн ысымдары менен түздөн-түз байланышкан. Алардын реалисттик көз караштары кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүүсүндөгү жаңы баскыч болгон. Мында адамдардын дүйнөгө болгон көз караштарынын стихиялуу, али калыптана элек чулу концепцияларынын ордуна дүйнөнүн кубулуштарына реалисттик ой жүгүртүү, ошондой эле дүйнөнүн материалдык биримдиги, анын автономиялуулугу жана өз алынча жеткиликтүүлүгү тууралуу идеяга негизделген ойлордун тутуму келет. Ал терең гуманисттик жана агартуучулук ойлорду камтыйт.

Бирок Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын дүйнө кабылдоолорунда, айрыкча адеп-ахлактык көз караштарында реалдуу-тарыхый жана диний-мистикалык элементтер бири-бирине айкалышып кеткен. Ошондой болсо да, алардын дүйнөгө болгон көз караштарында диний-мистикалык элементтер басымдуулук кылбайт. Ойчулдар кыргыз элинин турмушунун реалисттик картинасын, турмуш-тиричиликтеги, өз доорунун адамдарынын дүйнө кабылдоолорундагы жана өз ара мамилелериндеги болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жалпысынан туура чагылдырышкан. Алардын чыгармаларында конкреттүү табият кубулуштары, көрүнгөн нерселер, жеке адам жана көп кырдуу окуялар, негизинен, реалисттик позициядан таанылып билинет жана каралат.

Заманчыл – акындардын өткөндү самаган идеялары – өткөн учурга карата объективдүү мүнөзгө ээ болгон жана адамдардын социалдык адилетсиздикке

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

рухий жактан каршы чыгууларынын өз алдынча аракеттеринин жемиши. Алардын чыгармачылыгында өткөндү идеализациялоо активдүү чакырык формасында болгон. Ойчулдар өткөндүн жакшы жактарын эстөө менен адамдарды өздөрүнүн учурдагы абалын түшүнүүгө жана кемчиликтерин оңдоого чакырышкан.

Кыргыз демократ-акындары үчүн аларда фундаменталдуу билимдердин жокутугуна карабай, көп жактуулук, кызыкчылыктардын (талаптардын) универсалдуулугу мүнөздүү. Ойчул-акындардын көз караштарында позитивдүү идеялар жана чыныгы дүйнөгө рационалдык ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү так жана даана көрсөтүлөт. Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы жана Жеңижоктун чыгармаларында түбөлүктүүлүк жана реалдуу табияттын, болмуштун өзгөрүлмөлүүлүк проблемалары өзгөчө орун ээлейт. Аларды түшүндүрүүдө көз караштардын өз алдынчалыгы, жекечилиги жана терең ынангандык байкалат.

Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы жана Жеңижоктун этикалык түшүнүмдөрүнүн борборунда адам проблемасы турат. Алар адамдын инсан катары калытанышын жана анын моралдык сапаттарын аныктоочу материалдык шарттарды ачып берүүгө аракет жасашкан. Демократ акындардын эстетикалык ойлорунун негизги өзгөчөлүгү болуп аларды адамдын жашоо-турмушундагы көркөмдүктү жайылтууга жасаган аракеттер эсептелет. Акындар үчүн эмне реалдуу болсо, ошол сулуу, эмне сулуу болсо, ошол реалдуу.

Ошентип, философиялык ойлор дайыма кыргыз элинин рухий маданиятынын ажырагыс компоненти болуп келген. Албетте, каралып жаткан мезгилдеги адамдардын табияттын жана коомдун кубулуштарына карата болгон реалисттик маңыздагы ойлору дүйнөгө болгон концептуалдуу көз карашка негизделбестен, философиялык идея, тенденция жана маанай формасында туюнтулган. Ошону менен катар эле бул мезгилдин философиялык ойлору философиялык категориялардын жана абстракттуу-теориялык жалпылоолордун өнүгүшү жана калыптанышы үчүн объективдүү өбөлгө болгон.

**Адабияттар**


1. Алтмышбаев А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1985. – 148 с.
2. Аманалиев Б.А. Из истории философской мысли киргизского народа. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1963. – 76 с.
3. Байбосунов А.А. Донаучные представления киргизов о природе. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 185 с.
4. Какеев А.Ч. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. – Бишкек: Кырг. с.-х. ин-т им. К.И. Скрябина, 1995. – 195 с.
5. Мукасов С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной културе кыргызского народа. – Бишкек: Илим, 1999. – 226 с.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

# С.Т.КАЙЫПОВДУН "ЖОК ЖЕРДЕН ЖОМОК ЖАРАЛБАЙТ" АТТУУ КИТЕБИН КОММУНИКАТИВДИК АСПЕКТЕ ИЗИЛДӨӨ

**АКМАТБЕКОВА Жанара Адылбековна**

Кыргыз Республикасынын Жусуп Баласагын атындагы улуттук университети Журналистика жана коммуникация институтуну филология илимдеринин кандидаты, доцент

## Аннотация

Макалада С.Т. Кайыповдун илимий популярдуу жана көркөм-публицистикалык ой толгоолорунун жыйынтыгында жазылган "Жок жерден жомок жаралбайт" аттуу китебине коммуникативдик аспекте анализ жүргүзүлдү. Эмгек 2011-жылы жарыкка чыккан. Чыгарманы изилдөө методу катары Г. Д. Лассуэллдин бир жактуу коммуникация модели колдонулду.

**Урунттуу сөздөр**: публицистика, кыргыз, жомок, эс-тутум, абийир, коммуникативдик модель.

***

Көркөм публицистика күндөлүк коомдук, саясий актуалдуу маселелерге карата курч, көркөм сөздүн күчү менен жазылган адабияттын өзгөчө жанры. Публицистикалык стилдин өзгөчөлүгү жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу адамдарга таасир этүү үчүн кызмат кылат. Мындай жанрдагы чыгармалар жазуучунун коомдогу тигил же бул коомдук актуалдуу маселелерге, окуяларга, көрүнүштөргө карата пикирин билдирүү менен мүнөздөлөт (2, 182). Аталган жанр эки функцияны ишке ашырат. Биринчиси, маалыматтык – элге акыркы жаңылыктарды мүмкүн болушунча тезирээк жеткирүү болсо, экинчиси, таасир этүү – кандайдыр бир коомдук-саясий же социалдык маселе боюнча адамдардын пикирине таасир этүү. Тактап айтканда, элге маалымат берүү менен массалык аң-сезимге таасир этүү жана аракетке чакыруу болуп саналат. Андыктан бул жанрда жазылган чыгармалар окурмандардын тар чөйрөсүнө гана эмес, коомдун кеңири катмарына арналат.

Адабий публицистикалык чыгарманын негизин текст түзөт. Текст автор тарабынан төгүлүп айтылган, жазууга түшүрүлгөн ой пикирдин жыйындысы. Текст белгилүү бир маалыматты жана мазмунду туюндурат. Мындай жанрдагы текстте коомдук-саясий лексиканын, логиканын, эмоционалдуулуктун, баа берүүчүлүк жана мотивациянын орун алышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бул макалада С.Т. Кайыповдун илимий популярдуу жана көркөм-публицистикалык ой толгоолорунун жыйынтыгында жазылган "Жок жерден жомок жаралбайт" аттуу китебине коммуникативдик аспекте анализ жүргүзүлдү. Эмгек 2011-жылы жарыкка чыккан.

Автордун бул макаласы публицистикалык жанрда жазылгандыктан массалык аудиторияга багытталган. Андыктан чыгарманы журналисттик адистикке байланыштырып коммуникативдик аспекте изилдөөнү туура көрдүм. Чыгарманы изилдөөдө Г.Д.Лассуэллдин коммуникация модели колдонулду.

Бул модел журналистикада 1948-жылдардан бери колдонулуп келе жатат. Теорияда адеп кандай гана маалымат болбосун анын мазмуну төмөндөгүдөй суроолорго жооп берет деп белгиленген: Ким (жөнөтүүчү)? Эмнени (маалыматты)?

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Кайсы каражаттар аркылуу (ММК)? Кимге (аудиторияга)? Ал кандай таасир этет (кызыкчылык жаратат)?. Бирок, айрым изилдөөчүлөр маалыматтын ар дайым таасир этиши же кызыкчылыктардын тууулушу мүмкүн болбогондугун айтып сындашат. 1958-жылдары бул моделге кошумча, жөнөтүүчүнүн маалыматты кандай шартта, кандай максатта жөнөтө тургандыгы тууралуу изилденип, Лассуэллдин кеңейтилген моделине айланган. Изилдөөнүн объектиси – "Жок жерден жомок жаралбайт" китеби ушул моделдин алкагында анализге алынды.

- Ким?

Ал автор, Кайыпов Сулайман Турдуевич – адабиятчы, фольклорист, тарых илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз, орус, түрк тилдеринде жазылган түрк дүйнөсүнүн оозеки чыгармачылыгы жөнүндө 100дөн ашуун илимий эмгектин жана илимий-популярдуу макалалардын автору.

- Эмнени?

Автор "Жок жерден жомок жаралбайт" аттуу чыгармасы аркылуу, кыргыз коомундагы актуалдуу маселенин талдуу жерин оюп көрсөткүсү келген. Чыгарма илимий популярдуу жана көркөм-публицистикалык ой толгоолорунун жыйынтыгында жазылган, себеби, автор фольклорист, тарыхчы, адабиятчы катары илимий негиздерге, кесиптик тажрыйбага таянып жазган, жыйынтык чыгарган, сунуш кылган, жол көрсөткөн. Автор чыгарманын башталышында, аны бул эмгекти жазууга түрткү болгон, шыктандырган себеп деп, 2010-жылдын 10-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун утурлай жарыялоого аракет көргөнүн, жасалган аракетке, кылган мээнетке карабастан эмгек 2011-жылы жарык көргөнүн түшүндүрүп берүүгө аракет жасаган.

Чыгармада автор *өз калемин* "субъективдүү байланыш" катары караган. Аны менен ой толгоолорун тең бөлүшкөн. Аны пикирин, кайгысын, кубанычын, санаасын тең бөлүшкөн – даанышман, кээде аны алдага оозуп туйлаган, тескемени билбеген "тентек калем", кай бирде өмүр жолунда далай ирээт сактап келген боорукер, сатылбас жандуу субъект катары сыпаттаган. Сөзүбүз куру болбош үчүн чыгармадан мисал берели: "... жаштайынан бейбашыраак өсүп калган калемим мен канчалык "Уят ай!" кагып-силкип, тескесем да болбостон, чынжырын шарт жулуп алып, адатынча эшек оюн салган бойдон кетпедиби (6).

Күнөө менде, баштабасам болот эле, баштап алган соң, бейбаш өскөн калемдин кулу болуп, артынан такыр калбай, күнү-түнү салпылдап ээрчип олтуруудан, "Бас!" деген жагына басып, "Тур!" деген жеринде туруудан башка аргам калган жок (1, 7).

Өзүм да, өпкөм көөп өрөпкүп, көөдөнгө бугум батпай толуп-ташып, оңтойлуу бир шылтоо күтүп турган окшойм, кандай десе, эмне десе, баарына бир ойлонбой макул болдум; ал турсун, эрте дебей, кеч дебей, шыкак берип, жөлөп-таяп, далыга чаап, алга сүрөдүм (1, 7).

... ушул бейбаш калемим экөөбүз жетелешип алып, далай-далай ашуу аштык, таш бастык, суукка тоңдук, ... . Сүйүнүчүнөн кайгысы көп, күлкүсүнөн ыйы көп кыйла жолду арыттык (8).

Каржалганда кайрат берген, кайран гана бейбашым... Көкүрөк-көөдөнүмдү көр кыскандай кысып келген ажалдын уу тырмактуу манжаларынан, ошол гана далай ирет куткарды. Ал болбосо, күн-түн дебей арыз-муңум кошо жүрүп укпаса,

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

көөдөндөгү мүң-зарымды ак кагазга төкпөсө, ушул саптар күн-түндөп жазылбаса... ай, ким билет.. бар белем, же жок белем (1, 9).

Ошол эле чыгармада "учурда калем экөөбөздүн ортобуздан жаралган ..., биз күтпөгөн бирдеме кирип келди. ... бүтпөс жолуң талыкпай улай бер деп, тилек тилеп, ырым-кылып, бою-башын жасап-түзөп, учу-түбү билинбеген улуу сапарга улугандан ак жол каалап узатып жатам" деп белгиленген. Демек, автор ой тойгоолорун *"субъективдүү калеми"* аркылуу диалогдук формада берип, китептин жаралышын түшүндүргөн.

Автордун экинчи белгилегиси келген сөз түйүнү "кыргыз" эле. Ал өзүн кыргыз болуп жаралганына сыймыктануу, кыргыз экенине мактануу менен сөз баштаган жана бул сезимди өз кесибине терең байланышта карап, авторлук жекелик пикир менен түшүндүргөн. Муну текстте төмөндөгүчө ачык белгилеп жатат: "... мен кыргызмын, болгондо да, жөн жай эмес, кыргыз фольклорун тектеш элдердин оозеки чыгармачылыгы менен байланышта изилдеген, ушул ишти өмүрлүк кесип гана эмес, тагдыр кылып тандап алган ...." (1, 19), "... мен кыргызмын... кыргыз фольклорчусумун, ошондой болгон үчүн айрыкча бактылуумун!" (20). "Менин ишим – ... ата мураста айтылган ой-бүтүмдөрдү зарыл учурда, айрыкча, эл тагдыры кыйчалыш болгон чакта, түпкүрдөн алып чыгып, ар бир жан аңдагыдай добуш менен ашкере айтып туруу ..." (1, 30).

Автор эмгекте "кыргызды" образдуу түрдө айтсак, айга, күнгө теңеп, адамзатына тиешелүү бардык асыл сапаттарды, баалуулуктарды ага ыйгарган. Чыгарманын өзүнө кайрылалы "Кыргыз болуу чыныгы адам болуу деген сөз! Адам сындуу жашоонун, ойлонуунун эң мыкты өрнөктөрү кыргыздын оозеки мурастарында, жашап жаткан күнүмдүк турмушунда, адамдарга, дос-душманга жаасаган мамилесинде, баскан менен турганында күнү бүгүнкүдөй сакталган ...". "Мен кыргызмын!" деген сөз жөн сөз эмес, ал мен үчүн Теңир сүйгөн, тандамал пенделердин бүткүл адамзаттын как алдына кашкая чыгып туруп, жүрөктөрдү титирете, ааламды олкулдата берген анты сыяктуу.. ыйык жана сыйкырдуу күчкө эгедер тумар сындуу.

Автор андан ары ушундай ааламда эч теңдеши жок, тереңдиги акыл жеткис, кенендиги кулач жеткис, кыргыз акыл ой казынасын жараткан – эл кантип "арзан өмүр, арзан күч, арзан эмгекке" (1, 23) айланган татаал тагдырга туш болду? деген ойду козгогон. Автордун пикирине таянсак, бул маселе кыргыз коому тышкы системалардын таасири астында калып, өзүнөн баш тартып башкаларды туурап баштагандан тарта бул илдеттин башталганын жана да ага жалпы коомчулуктун күнөөсү болгондугун белгилеген. Кошоматчылыктын, трайбализмдин элге тийгизген кедергесин айткан. Андан ары ааламдашуу процессинин, технологиялык жетишкендиктердин, адам баласынын "чындык" эмне экенин билип турса да, билгенин айта албаганын же айткысы келбегин, ага айтууга мүмкүнчүлүк бербей жаткан системалар тууралуу сөз козгогон.

Чыгармада кай бир башкаруучуларга жана коомдук ишмерлерге, тарыхый инсандарга карата түз да, ачык да, тергеп да, каймана да түрдө кайрылуу, шилтемелер жасалган. Алсак, "Закир аке", "кыргыз аке", "букараларым", "жетекчилер", А. Акаев, К.Бакиев, А. Масалиев, М.Шеримкулов, Б.Осмонов, Т.Тургуналиев, Д. Садырбаев, Карашев, Рахманкул хан, Жапаркул миңбашы, Орозмамбет аксакал, анын уулу Айдар, Раззаков, Модэ, Алымбек датка, Р.Отунбаева, Ч.Айтматов ж.б. ысымдар бир нече жолу кездешет (1).

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Окуянын баяндалышы менен автор ушундай татаал тагдырдан чыгууну жолун көрсөтүүгө аракет кылган. Аны эс-тутум түшүнүгү менен байланышта караган. Автор биринчиден кыргыз ким экендигин аныктап алышы керек деген пикирди билдирип, жана аны аныктоо үчүн эс тутумга кайрылуу зарылдыгын түшүндүргөн. Ким элек? Ким болдук? Кайда барабыз? деген суроонун түйүнүн чечүүдө эс тутумда сакталып жаткан жомокторду анализдөө аркылуу жооп издеген. Эс тутум – адамдын тээ акыл эсинде сакталган маалымат, ой корутундулары, бул маалыматтар кыргыз оозеки чыгармалары аркылуу жашаш келген.

Автор кыргыздын оозеки чыгармасынын бир түрү катары жомоктун бүгүнкү күнгө чейин жашап келишин эки негизде түшүндүргөн. Биринчиси – мурда болуп өткөн тарыхый чындыгы, экинчиси – келечекте сөзсүз ишке ашары. Муну бүгүнкү күндүн бир нече мисалы менен далилдеген. Демек, жомок өткөндү, бүгүн жана эртеңди да байланыштырат жана улана бере турган өзгөчө стилге, усулга ээ. Жомоктун башаты муктаждыктан жаралып, философиялык баалуулуктарды, бүтүндөй социалдык системаны, анын кыймыл-аракетин жандуу организм сыяктуу өзүнө камтыйт. Жомоктун функциясы анын соңунда угуучуну бир жыйынтыкка келүүгө, бир чечим чыгарууга жол көрсөтөт.

Автор эки жомокту мисалга алган. Биринчиси – Акылдуу хан жөө жомогу. Алгачкы жомоктун сюжетине карасак, ажыдаардан запкы жеген элдин жалгыз мүдөөсү – ажыдаарды кантип жок кылуу. Экинчиси, өзүнө теңди кантип табуу жана аталык милдет. Окуя башталып, чиеленип, анан аяктаганда баягы кайран эл ажыдаардан биротоло кутулуп, Аалым болсо кызын татыктуу күйөгө узатып, аталык милдетин аткарып, жыргап-куунап жашап калышат. Ошол эле учурда автор чыгармада Рахманкул ханга байланыштуу тарыхый окуяны, Модэге байланыштуу уламышты да баяндап өткөн. Аталган төрт сюжет тарыхый мезгилдүүлүү жагынан ар башка учурга, түрдүү жанрга таандык болсо да, мазмунунда  паралелдүү түрдө жалпы элге тиешелүү көйгөйдөн кантип чыгуунун жолдорун көрсөткөн. Алар: журт башчысын эл тандоосун, аны тандоодогу журт билермандарынын, аксакалдарынын таасири; журт башчысы менин мүлкүм жана элдин мүлкү деген түшүнүктү так айырымалап билүүсү; башчы сунуштайт, эл чечет же курултайдын маанисин; кыргызга кыргыз гана керек б.а., кыргыз элинин биримдиги эле.

Кайрадан Г.Д.Лассуэллдин моделиндеги Кимге? деген суроого келсек, чыгарма саясатчыларга, улут, өлкө тагдырына кайдыгер карабаган ар бир инсанга арналган, бирок автор ар бири өз чечимин бериши керек деген пикирде болгон. Муну контекстте “Түшүнгөн түшүнсүн, түшүнбөгөн ...” деп ачык билдирген (1, 28). Ошондой эле илимпоздорго айрыкча кайрылганын төмөндөгү контексттен билүүгө болот: “Бул күндөрдө, улут жана мамлекет кыйын дагы, кысталыш дагы күндөр жашап жаткан убакта, илимпоздор өзүбүз баштап, ким экенибизди унутпай, башкаларга да алардын кыргыздыгын унуттурбай, кулагына кумдай куюп эскертип, кыргыз болуунун эмне экенин кубарына жеткиче, көкөйүнө сиңгиче какшап-куурап айтып туруубуз жарандык ыйык милдет сыяктуу. Кантели, колубуздан келген иш да ошол гана эмеспи! (1, 17-18).

Г.Д. Лассуэллдин коммуникация моделине ылайык карасак:

| | |
|---|---|
| Ким (жөнөтүүчү)? | Автор<br>жана (анын калеми) |

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

| | |
|---|---|
| Эмнени айткысы келген? Кандай маалымат? | Кыргыз деген ким? (ага адамзатына тиешелүү моралдык баалуулуктарды ыйгарган, башкалардан өзгөчөлүгүн баса белгилеген) → Ал кантип ушул тагдырга туш болду? →(себептерин көрсөткөн: тышкы системалардын таасири; доордун өзгөчөлүгү–глобализациянын эпкини жана талаптары; ички таасирлер: элдин пейили, мүнөзү, жүрүм-турумунун ж.б. өзгөрүшү–менталитеттин кыйрап баратышы, башкаруучу-саясатчылардын элине жасаган мамилеси, трайбализм ж.б.) → <br> Бул көйгөйдөн кантип чыгабыз? → Эс тутумга кайрылат → Жомоктор, тарыхый окуя жана уламыштын өзөгүнө таянат → Жол көрсөтөт: журт башчысын эл тандоосун, аны тандоодогу журт билермандарынын, аксакалдарынын таасири; журт башчысы, эл билермандарынын менин мүлкүм жана элдин мүлку деген түшүнүктү так айырымалап билүүсү; башчы сунуштай, эл чечет же курултайдын мааниси; кыргыз элинин биримдиги, жоопкерчилиги. |
| Кайсы каражаттар аркылуу (ММК) билдирген? | Жаңы Агым гезити.– 2010. -26-ноябрь. 26, 28-бб., <br> – 3-декабрь. –24,26-бб. <br> “Жок жерден жомок жаралбайт” эмгеги (2011-ж.), |
| Кимге (аудиторияга) арналган? | Саясатчыларга, илимпоздорго, улут, өлкө тагдырына кайдыгер карабаган ар бир инсанга арналган. |
| Жөнөтүүчү маалыматты кандай максатта жөнөткөн | Авторду эмгекте окурмандардын 20 жыл ичинде өлкөдө болуп жаткан саясий окуялардын түпкү маңызын аңдап билүүгө, ага туура баа берип, туура жыйынтык чыгарууга жол көрсөтүүгө далалат кылган. <br> Жалпы элди улуттук биримдикке чакырган. Кыргыздын ар бир инсаны эртеңки келечеги үчүн жоопкерчиликтүү экендигин баса белгилеген. |
| Ал кандай таасир этет (кызыкчылык жаратат)?. | Окурмандардан каттар келген, жүзмө-жүз баарлашуу, пикир алышуулар, телефон менен сүйлөшүүлөр аркылуу кайтарым байланышы ишке ашкан (167-б). |

Чыгарманын мазмунун коммукативдик аспекте талдасак, Лассуэллдин теориясында белгиленген алты суроого тең жооп берген жана автор көйгөйдөн чыгуунун жолдорун так көрсөтүп бергенине карабастан, акыркы чечимди окурманга ыйгарган.

Автор бүтүндөй кыргыз коомунун, кыргыз баласынын тагдырын, өткөнүн, учурун жана келечегин социалдык эс тутумдун, акыл казынасынан орун алган жомокко шылтоолоп, анын көркөм каражаттары, боектору аркылуу

философиялык ой толгоолор менен чечмелеген. Тексттин мазмунунда автор бул көйгөйгө сырттан көз салуучу эмес, өзү да андан жабыркап, запкы жеп, ызанын ичинде жашап жатканын жеке эмоциялары, турмушта туш болгон окуялары аркылуу ачып берген.

Чыгарманын структуралык түзүлүшү киришүүдөн баштап, андан ары маселе чиеленип, акырында көйгөйдүн түйүнү чечилип, жыйынтык чыгарылган. Анда негизги "Кыргыз" деген ким? → Ал кантип ушул тагдырга туш болду? → Бул көйгөйдөн кантип чыгабыз? → Эс тутум деген эмне? → Жомоктон, уламыштан, тарыхтан кандай жыйынтык чыгарабыз? деген түшүнүк, пикир, идеялар ачык, даана баяндалган.

Автордун кесипкөйлүк фольклористтик ыкманы чебер колдонгону ачык байкалат. Ал окурманга адилет, акыйкат, биримдик, көргөчтүк, акылмандык, ынсап, жоопкерчилик, иденттүүлүк өңдүү гуманисттик идеяларды, концептти жөнөкөй, түшүнүктүү, кабыл алууга жеңил, ачык, ыраттуу формада берген. Текстте маалыматтар имплициттүү да, эксплициттүү да түрдө колдонулган.

Автор ар бир окурманына жалпак тилде жеке кайрылуу жасаган. Ал "сен кыргыз", "кыргыз баласы", "кайран кыргыз", "айкөл кыргыз", "момун кыргыз", "кара кыргыз", "кыргыз урпагы" өңдүү тилдик элес, образдарды колдонуу менен бирде аны көкөлөтө мактаса, бир де аны ушул тагдырга туш болуп калганына ичинен күйүп бышып, анын буга татыктуу эмес экенин баса белгилеп, анын адамзатынын жанында бөтөнчөлүккө, бөтөнчө касиетке ээ болгондугун жана кайрылуунун соңунда анын дүйнө адамзатынын алдында "чоң миссиясы" турганын эскерткен.

Демек, публицистикалык стилде жазылган бул чыгарма маанилик, логикалык, композициялык жактан жөнөкөй түзүлүп, коммуникативдик структуранын бардык элементтерин ырааттуу сактаган. Чыгарма 2011-жылы жарык көргөнүнө карабастан, анда айтылган идеялар, маданий баалуулуктар бүгүн да актуалдуу болгондугун мезгил өзү тастыктап турат.

## Пайдаланылган адабияттар

1. Кайыпов С. Жок жерден жомок жаралбайт (же кыргыз демократиясынын улуттукуңгусу, азыркы абалы жөнүдө сөз): Илимий-популярдуу жана көркөм-публицистикалык ой толгоо. – Б.: Бийиктик, 2011. – 184 б.
2. Азыркы кыргыз тили. Стилистика. – Б.: 2015. – 256 б.
3. Иманов Ж. Публицистикалык стилдин айрым мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Ысык-Көл ун. жарчысы. https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/Imanova%20J..pdf
4. Мапаева Н. Публицистикалык стилдеги тексттердин түзүлүш өзгөчөлүктөрүн аныктоодогу методдор. ОшМУнун жарчысы, 2016. № 3(4), 74-77-б.

УДК: 140.8

# ФИЛОСОФСКО-ФОЛЬКЛОРИСТИЧЕСКИЕ МИРОВОЗЗРЕНИЕ ПРОФЕССОРА КАЙЫПОВА С.Т.

**Салморбекова Рита Бобуевна**

доктор социологических наук, профессор
Национальная академия наук Кыргызской Республики,
Институт философии им. академика А. А. Алтмышбаева
r.salmorbekova@mail.ru

## Аннотация

Статья представляет собой академическое исследование, которое объединяет философию и фольклор для осмысления современных изменений в обществе. Философско-фольклористическое мировоззрение профессора Кайыпова С.Т. объединяет в себе философские исследования и изучение фольклора, считая их неразрывно связанными и взаимодействующими областями познания и понимания мира.

Это мировоззрение основывается на идее о том, что фольклор является отражением и выражением коллективной мудрости и опыта народного сообщества. Профессор Кайыпов С.Т. исследует и анализирует фольклорные тексты и символы с целью раскрытия их философского содержания и значимости. Он считает, что фольклор предоставляет нам важные ключи для понимания народных ценностей, мировоззрения и философских представлений. В статье рассматривается его труды, которые используя философский подход пытается раскрыть их фундаментальные принципы и значения фольклора как выражение коллективной мудрости и мировоззрения.

**Ключевые слова**: бытья, концепция, мудрость, мировоззрение, познания, философия, фольклор.

# PHILOSOPHICAL AND FOLKLORISTIC WORLDVIEW PROFESSOR KAIYPOV S.T.

## Annotation

The article is an academic study that combines philosophy and folklore to understand contemporary changes in society. Philosophical and folkloristic worldview of Professor Kayypov S.T. combines philosophical research and the study of folklore, considering them inextricably linked and interacting areas of knowledge and understanding of the world.

This worldview is based on the idea that folklore is a reflection and expression of the collective wisdom and experience of a folk community. Professor Kaiypov S.T. researches and analyzes folklore texts and symbols in order to reveal their philosophical content and significance. He believes that folklore provides us with important keys to understanding folk values, worldviews and philosophical ideas. The article examines his works, which, using a philosophical approach, tries to reveal their fundamental principles and meanings of folklore as an expression of collective wisdom and worldview.

**Keywords**: existence, concept, wisdom, worldview, knowledge, philosophy, folklore.

***

Взаимоотношение философии и фольклористики как взаимное влияние и взаимодействие между двумя дисциплинами. Несколько аспекты, которые помогают понять это взаимоотношение: во-первых, философия предоставлять методологию для анализа и исследования фольклорных материалов. Философские концепции могут быть использованы для осмысления символического значения, смысла и социальных функций фольклора.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Во-вторых, философия в контексте фольклора. Фольклористика, в свою очередь вдохновляет и сориентируются философскими вопросами и идеями. Философия может служить основой для исследования метафизических, этических или эстетических аспектов фольклора. Она может помочь понять культурные исследования, интерпретацию символов и анализ мировоззрения, заключенного в фольклорных текстах.

В-третьих, этическая и социальная значимость. Исследования фольклора могут раскрывать важные этические и социальные аспекты, которые влияют на общественное сознание и культуру. Философия предоставляет инструментарий для рассмотрения этих аспектов и анализа их значения и последствий.

В-четвертых, влияние фольклора на философию. Фольклорные материалы и сюжеты могут вдохновлять философские идеи и образы. Через рассмотрение сказок, мифов или песен, философы могут эксплорировать универсальные темы, такие как смерть, любовь и справедливость, и включать их в свои философские труды.

В целом, философия и фольклористика взаимодополняющие дисциплины, которые могут взаимно обогащать друг друга в понимании человеческого образа жизни, культуры и символизма. Взаимодействие между ними помогает глубже понять и интерпретировать фольклор и раскрыть его философские аспекты и знаменательность.

Профессор Сулайман Кайыпов является философско-фольклористическим ученым. Его исследования объединяют философию и фольклористику с целью анализа, и понимания народных убеждений, традиций и ориентиров. Он исследует различные фольклорные формы, такие как народные сказки, эпосы, песни и ритуалы, с философской перспективы, и находит в них глубокие смыслы и философские уроки.

Помимо этого, профессор рассматривает фольклор как инструмент формирования и сохранения идентичности народа. Он считает, что изучение фольклора позволяет нам лучше понять национальную культуру и духовность, а также проследить эволюцию и развитие народного сознания.

Кыргызский народ обладает богатым культурным наследием, включая народные сказки, песни, обряды и традиции. Среди выдающихся фольклористов, посвятивших свои исследования кыргызскому фольклору, следует отметить труды профессора Сулаймана Кайыпова Турдиевича.

Философско-фольклористическое мировоззрение профессора Кайыпова С.Т. охватывает широкий спектр тем, от религиозных и мифологических представлений до социально-политических и экономических аспектов. Профессор стремится установить связи между фольклорными символами и философскими идеями, показывая их взаимодействие и влияние друг на друга.

Само философско-фольклористическое мировоззрение профессора Кайыпова С.Т. открыто и творчески постоянно развивается. Он рассматривает фольклор и философию как вечные и разнообразные источники знания о человеческом бытии и мире. Знание и понимание фольклора, по мнению профессора, позволяет нам приблизиться к истине и глубинным законам бытия человечества.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Профессор Сулайман Турдуевич известен своим философско-фольклористическим подходом и уникальными исследованиями. Его труды являются уникальными в своем роде, ведущий ученый, который объединяет две дисциплины. Кыргызский фольклорист, автор и исследователь, который сделал значительный вклад в сравнительном анализе кыргызского фольклора и переводе на других языков мира. Он известен своими работами как: «Проблемы поэтики эпоса «Эр Тештюк» [1], «Гипербола в эпосе Эр Тештюк» [2]. Цель работы заключалось выявить важнейшие художественные средства эпического изображения героико-архаического эпоса «Эр Тештюк» и проанализировать их роль художественном содержании эпоса [2]. В данной работе сделан сравнительный анализ поэтических средств «Эр Тештюка» с других тюрко-язычных народов.

Профессор Сулайман Кайыпов не только является философско-фольклористическим ученым, но и известен своим мастерством владения несколькими языками и переводческой деятельностью. Необходимо особо подчеркнуть его способность переводить научные труды с кыргызского на другие языки и наоборот с других языков на кыргызский язык, демонстрирует его многогранные языковые навыки и глубокое понимание различных языковых и культурных контекстов.

Это позволяет представлять и распространять научные исследования на различных языках, повышая доступность и обмен знаниями. Его переводческая деятельность является ценным вкладом в распространение и понимание кыргызской научной литературы, эпосов и культурного наследия для широкой аудитории. Как отмечает профессор С.Т. Кайыпов: «Перевод устно-эпического произведения – одна из важнейших проблем не только художественного-эстетического, но и научно исследовательского осмысления фольклорного текста… Сам процесс перевода фольклорного текста – большой степени работа исследовательская, прежде всего текстологическая. Переводчик, кем бы он не был, исследователем или поэтом, должен глубоко вникнуть в смысл не только языковой фактуры эпоса: слов, выражений, строф и т.п., но и глубоко познать закономерности построения национального эпического текста в целом. Поэтому, как справедливо отмечают специалисты, теория и практика перевода устно-бытовавшего текста должны развиваться на фольклористической основе» [2].

Талант владения, думать несколько языках и переводческой деятельности подчеркивает универсальность профессора в распространении и обмене знаниями между различными языками и культурами.

Профессор Сулайман Кайыпов, в своей роли проректора Чуйского университета с 1997 по 2007 годы, проявил выдающиеся организаторские способности, которые способствовали превращению университета в лидера в области высшего образования в Кыргызстане. Его усилия и руководящая роль помогли в развитии университета и достижении высокого уровня образовательных стандартов.

В результате его лидерской способности и организационного таланта, те года Чуйский университет стал признанным центром образования, который предлагает качественные программы и специальности, привлекая лучших преподавателей и студентов. Благодаря его усилиям, университет оказал значительное влияние на развитие одноименного региона и вырос до позиции лидера в образовательной сфере Кыргызстана.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Профессор Сулайман Кайыпов, в период с 2011 по 2014 годы, с приобретенным ценным опытом, занимал пост ректора Кыргызско-Турецкого университета «Манас». В своей роли ректора он был ответственным за общее управление и развитие университета, принятие стратегических решений и лидерство в образовательной сфере.

Важной составляющей его руководства было воспитание молодых кадров в сфере образования. Под его руководством молодые специалисты получили необходимые знания и навыки, чтобы успешно работать в сфере образования. Это говорит о его руководящих способностях и заботе о будущих поколениях учеников.

Он одним из первых открыл новые современные профессии в университете, такие как социология, международные отношения, ветеринария, технология и другие, это указывает на его значительное влияние в развитии и модернизации образовательной программы в университете.

Открытие новых современных профессий демонстрирует его видение актуальных потребностей общества и необходимости подготовки специалистов в этих областях. Это также говорит о его лидерских качествах и инициативе в развитии университета, чтобы отвечать на изменения в обществе и предоставлять новые возможности образования для студентов.

Профессор Сулайман Кайыпов, в своей роли ректора Кыргызско-Турецкого университета «Манас» участвовал в создании доброжелательных международных отношений между Кыргызстаном и Турецкой Республикой. Университеты часто являются площадками для культурного и образовательного обмена, которые способствуют развитию международного сотрудничества. Активно содействовал установлению академических сотрудничеств, проведению обмена студентами и факультетами между кыргызским и турецким университетами, организации совместных научно-исследовательских проектов, конференций и других мероприятий.

Такие усилия могли способствовать укреплению культурного понимания, доверия и сотрудничества между обеими странами. Это могло создать основу для дальнейшего развития взаимодействия в различных сферах, включая образование, экономику и политику, укрепляя дружественные отношения между Кыргызстаном и Турецкой Республикой.

В течение определенного периода времени, работал в университете Ардахан и посвятил свои исследования изучению образа жизни Памирских кыргызов. В ходе своей работы, он проводил исследования, изучал традиции, культуру и обычаи Памирских кыргызов, чтобы получить лучшее понимание их образа жизни и уникальности культуры. Можете ознакомиться в издании трех томах, который издан в Урумчу 2016 году.

В труде «Культура питания памирских кыргызов» [3] профессор Кайыпов С.Т. исследует и анализирует особенности питания и кулинарных традиций памирских кыргызов. Он изучает не только сам процесс приготовления и употребления пищи, но и социокультурное значение пищи.

Выводит на первый план роль питания и кулинарии в формировании коллективной идентичности памирских кыргызов. Он исследует, какие продукты и блюда являются характерными для этой этнической группы, какие ритуалы и обычаи связаны с питанием, и как они отражают особенности и ценности этого

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

народа. Кроме этого, обращается к вопросам экологии и устойчивости питания. Он изучает, как памирские кыргызы получают пищу из окружающей среды, как они используют природные ресурсы, и как это влияет на их собственное здоровье и окружающую среду.

Также важным аспектом исследования профессора является изучение питания и его связь с образом жизни и социально-экономическими условиями памирских кыргызов. Он исследует влияние миграции, изменений в сельском хозяйстве и экономике на питание и кулинарные традиции этого народа.

Книга «Культура питания памирских кыргызов» [3] представляет собой многогранный анализ исследуемой темы. Он вносит вклад в изучение этнической культуры и питания, а также расширяет наши знания о социокультурных аспектах памирских кыргызов.

Как фольклорист исследовал питание в эпосах «Манас» и «Эр Тештюк», в контексте изучения культурных и социальных аспектов этнических групп, связанных с этими эпосами. Анализировал описания пищи, ее подготовку и употребление в эпосах, исследуя символическое значение этих пищевых элементов и их роль в повествовании. Профессор Кайыпов С. обращал внимание на то, как пища и обряды питания отражают социальные принципы, общественные нормы и ценности, а также характеризуют культуру и образ жизни народа, которому принадлежат эпосы.

Он также исследовал взаимосвязь между эпическими эпизодами и пищей, выявляя, какие продукты и блюда являются характерными для этой культуры, как они связаны с конкретными событиями и персонажами эпосов, и как эти элементы влияют на развитие сюжета и характеры.

Профессор Кайыпов С. старался понять, какие мифологические и символические значения уделялись пище в эпосах «Манас» и «Эр Тештюк», и как они связаны с общей философией и мировоззрением этой культуры. Исследовал ритуалы и обычаи, связанные с питанием, и показывал их взаимосвязь с мифологическими представлениями характером народа.

Исследования профессора Кайыпова С. в области питания в эпосах «Манас» и «Эр Тештюк» помогли расширить наше понимание культуры и ее связи с фольклорными текстами. Он показал, что изучение пищи и ритуалов питания помогает нам лучше понять значение и функцию эпосов в этническом и историческом контексте.

Кайыпов С.Т. рассматривает фольклор как непременную часть кыргызского коллективного сознания и исследует его роль в формировании и выражении идентичности и ценностей этого народа. Изучает различные аспекты кыргызского фольклора, включая мифы, легенды, сказки, песни, приметы и обряды, и анализирует их философский и символический смысл. Кайыпов С.Т. интересуется тем, как фольклор выражает мировоззрение кыргызов, и как эти представления влияют на их поведение и отношение к миру.

Как личность и ученый, профессор Кайыпов С.Т. обладает ряд особенностей:

- стремление к знаниям. Проявляет глубокий интерес к изучению и пониманию различных аспектов культуры, фольклора и философии. Он активно изучает и

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

анализирует различные источники информации, проводит исследования и делает выводы на основе накопленных знаний.

- творческий подход. Применяет творческий и оригинальный подход в своих исследованиях. Он стремится к новым идеям, связывает различные области знания и применяет инновационные методы для более глубокого понимания изучаемых явлений.

- междисциплинарность, совмещает в своих исследованиях философию и фольклор, что позволяет ему получать более полное и глубокое понимание исследуемых объектов. Он способен видеть связи и взаимодействие между различными областями знания и использовать это для расширения наших знаний и понимания.

- открытость и толерантность, проявляет открытость к различным точкам зрения и культурам. Он готов рассматривать разнообразные перспективы и анализировать различные источники информации, с учетом их контекста и особенностей.

- системный подход. Использует системный подход в своих исследованиях, пытаясь понять взаимосвязь и взаимодействие различных элементов и компонентов изучаемых явлений. Он стремится осмыслить их в рамках широкого контекста и представить целостную картину данного объекта исследования.

Не уставая каждый день опубликует в рецензируемых научных журналах, признанных на мировом уровне. Иметь значительное количество публикаций в престижных научных журналах, что свидетельствует о его уникальных исследованиях и достижениях в своей области истории, философии и культуры. Научные труды ученого широко цитируемы и иметь влияние на других ученых и исследовательское сообщество. Активно представляет Кыргызскую Республику в мире участвуя в международных конференциях и сотрудничать с учеными из разных стран, который свидетельствуют о признании ученого на международном уровне.

Эти особенности как личности и ученого делают профессора Кайыпова С.Т. уникальным и интересным исследователем, способным пролить свет на древние культурные традиции и приобрести новые знания о человеческом опыте и сознании.

Философско-фольклористическое мировоззрение Кайыпова С.Т. включает в себя исследование основных философских идеалов, присутствующих в кыргызском фольклоре, таких как связь с природой, уважение к старшим и традициям, идеалы справедливости и добродетели. Также показывает, как эти идеалы отражаются в фольклорных текстах, и как они влияют на жизнь и мировоззрение кыргызского народа. Его философско-фольклористическое мировоззрение помогает не только лучше понять кыргызскую культуру и традиции, но и расширяет наши знания и понимание общечеловеческого фольклора. Он показывает, что фольклор является ключевым аспектом национального самосознания и идентичности, а его исследование позволяет нам лучше понять многообразие и глубину человеческого опыта и мышления.

**Литература**

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5


1. Кайыпов С.Т. Художественно-изобразительные средства эпоса «Эр Тёштюк» (на материале кыргызских и других тюркоязычных версий) / Автореф. дисс. ... канд. филол. наук / Специальность: 10.01.09 – фольклористика. – М.: Институт мировой литературы им. А.М.Горького, 1984. – 21 с.
2. Кайыпов С.Т. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк»: Часть 1. Гипербола. Сравнение / Под ред. проф. Х. Г. Короглы. – Ф: Илим, 1990. – 318 с.
3. Кайыпов С.Т. Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: эхтнографиялык изилдөө / 3 томдук / 2 том: Монография / Жоопту редактор: Э.Ж. Маанаев, О.К. Каратаев. – Үрүмчү, 2016. – 537 б.
4. Кайыпов С.Т. Памир кыргыздарынын тамактануу системасы: ритуал жана турмуш, салттуулук жана жаңылануу: Этнологиялык изилдөө. – Б.: 2011. – 180 б.
5. Кайыпов С.Т. Түркияда жашаган памир кыргыздарынын кошоктору: Лингвофольклористикалык булак катары: Изилдөө жана Текст. – Бишкек: Борбордук Азия Университети, 2017. – 558 б.

# ИДЕОЛОГИЯНЫН АЛГАЧКЫ ФОРМАЛАРЫНЫНДАГЫ ФЕНОМЕНОЛОГИЯЛЫК ЖАНА КОНСТРУКТИВДИК ЭЛЕМЕНТТЕРДИН ДИАЛЕКТИКАСЫ

**БАБАШОВ Алтынбек Курманбаевич**

Философия илимдеринин кандидаты
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Академик А. А. А. Алтмышбаев атындагы философия институту

## Аннотация

Бул макалада коомдук аң- сезимдин негизги компоненттеринин бири болгон идеологиянын алгачкы формаларындагы феноменологиялык, конструктивдик элементтердин диалектикасы философиялык алкакта каралат. Эгерде, коомдук аң- сезимдин байркы деңгээлиндеги идеологиянын курамына кирген элементтердин карым- катнашын иликтөө чынында эле өтө оор, бирок ошондой болсодагы аны изилөө бүгүнкү күндөгү коомдук түзүлүштөгү улуттук идеологиянын аткарган кызматын, функциясын аныктоодо илимий негиз боло алат. Дегеле, идеологиянын пайда болушу жөнүндө философия илиминде ар кандай мүнөздөгү илимий көз караштар бар. Алардын ичинен салттака айланган марксистик концепция бүгүнкү күндө да илимий чөйрөдө үстөмдүк кылат. Бирок, бул макалада идеологиянын курамына кирген феноменологиялык, конструктивдик элементтердин диалектикалык байланышы башкача методологиялык өңүттөн каралган. Дагы бир айтта кетчүү нерсе, аталган макалада негизги көңүл идеологиянын пайда болушна таасир эткен факторлорду аныктоого аракет жасалган. Чынында эле, ошол факторлор аныкталса идеологиянын өнүгүү эволюциясын изилдөө алда канча женилдемек.

**Негизги сөздөр**: философия, идеология, коомдук аң –сезим, феноменология, тарыхый өнүгүш, диалектика, элемент, коструктивдик түзүлүш, постмодернизм, айкалыш, коом, модель, социалдык, символ.

***

Идеология – философиянын өнүгүү тарыхындагы эң татаал маселелердин жана көп кырдуу түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Идеологиянын мындай мүнөзгө ээ болуусу аны изилдөөнүн негизинде пайда болгон көптөгөн илимий концепциялардын диалектикасына гана байланыштуу эмес, идеология өзү социалдык феномен катары коомдук жашоонун бардык сфераларында орун алгандыгы жана учурдагы коомдук түзүлүштүн коомдук аң - сезиминин ошондой эле социалдык реалдуулуктун ажырагыс бөлүгү болгондугу менен байлныштуу. Айтат кетчүү нерсе, сөз топтук, жамааттык аң – сезим жөнүндө гана эмес илимий ой жүгүртүү туурасында болуп жатат. Ошондуктан, байыркы доордо пайда болуп бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпогон социалдык феномен болуп саналган идеологияны тыкыр изилдебей туруп, социалдык жана гуманитардык илимдер жаатындагы жогорку билим берүүнү толук кандуу ишке ашыруу мүмкүн эмес. Мындай деп айткандыгыбыздын себеби, постмодернизм өкүлдөрүнүн «идеология» терминин колдонуудан баш тартууга болгон тынымсыз аркеттерине жана идеология коомдук аң – сезимде актуалдуулугун жоготту деген декларацияларга карабастан социалдык жашоодо бул курч маселе бойдон калуууда. Идеологиянын маңызын толук кандуу ачып берүү үчүн анын эң алгачкы пайда болгон (протоформаларына) абалына кайрылуу зарыл. Биз бул макалада

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

идеологиянын пайда болуусунун дал ошол байркы формаларына анализ кылууга аракет жасайбыз.

Идеология – социалдык реалдуулуктагы кубулуштар, түшүнүктөр жөнүндөгү көз караштардын, идеялардын системасы болуп саналат. Социалдык кубулушту түшүнүү - бул анын (кубулуштун) ошол сыяктуу башка социалдык кубулуштардан көз кранды экендигин тактоо (феноменологиялык көз караш) же болбосо ага (кубулушка) шайкеш келген атайы иштелип чыккан структуралык модельди колдонуу(конструктивдүү көз караш). Мындай деп айтып жатканыбыздын себеби, айрым адамдар социалдык реалдуулукту гана эмес дегеле бүтүндөй объективдүү дүйнөнү аныктама(дефиниция) жана символдор аркылуу кабыл алышат. Анткени, аныктамаларда тарыхый өнүгүүнүн негизинде топтолгон социалдык тажырыйбалар басымдуулук кылат. Ал эми, адамдардын башка бир тобунда образдуу ой жүгүртүү дээрлик жакшы өнүккөн, мындай адамдардын аң – сезиминде ар бир социалдык кубулуш жөн эле чагылдырылбастан алардын ички маңызына жараша иштелип чыгат (воссоздается) тагыраак айтканда имитацияланат. Мындай образдуу ой жүгүртүүгө негизделген аң – сезимде адамдар тарабынан ойлонулуп, иштелип чыккан көптөгөн түшүнүктөрдүн мейкиндиги орун алган. Мына ушунун негизинде идеологиянын алгачкы (протофилософиялык) формасынын пайда болуусунда дүйнөнү кабылдоонун феноменологиялык жана коструктивдик ыкмаларынын диалектикасы башкы рольду ойногон. Социалдык реалдуулукту феноменологиялык кабылдоодо тарыхый – социалдык тажырыйбадан алыстоо минималдык мүнөзгө ээ. Ал эми конструктивдик дүйнө таанымда абстрактуулук көбүрөөк орун алып коомчулук аны кечирээк кабылдайт. Ушул жерден айта кетчүү маселе байыркы доордо абстрактуу ой жүгүртүүнүн жыйынтыктыры бүгүнкүдөй деңгээлде болгон эмес. Тагыраак айтканда социалдык институттар, илимий терминдер пайда боло элек мезгил эле. Ал учурда адамдын жашоосунда коом, табият үстөмдүк кылган. Натыйжада адмдардын ортосундагы баарлашуунун негизги куралы болгон тил дагы жетишээрлик деңгээлде өнүккөн эмес. Ошондуктан, адам айрым социалдык кубулуштарды башка бир мифтик «жандыктар» (существо), табигый процесстер аркылуу кабылдаган. Бул айткандарыбызга далил катары космологиялык мифтердин антропоморфтук мүнөзүн айтсак болот. Кандай болсо да мифтер, жомоктор, уламыштар коомду жана жаратылышты таануу процесстери менен байланыштуу. Алгачкы адамдын тулку бою (организми), дүйнө туюму, эмоциялары, аркандай каалоолору, жөнөкөй болсодагы үй – бүлөлүк абалы, коомдогу орду, күнүмдүк жашоодо колдонгон тиричилик буюмдары, кураладары анын жашоосунун бөлүнгүс объектлеринен болгон жана ошол эле учурда бүгүнкү биздин жашообуздагы социалдык процесстердин, институттардын эң алгачкы моделдери жана символдору деп айтсак жаңылышпайбыз. Мындай жыйынтыкка келгенибиздин себеби, интеллектуалдык дүйнө таанымдын кандай гана формасы болбосун ал пайда болгондон кийин эчкачан дайынсыз жоголуп кетпейт. Бул маданияттаануунун мыйзамы, албетте ал(мыйзам) мифологиялык аң – сезимге таандык. Баарыбызга маалым болгондой илмге чейинки доордогу таанып - билүү эки принциптик негизде ишке ашырлыган: а) мифологиялык сюжеттерде жана образдуу көркөм сөз башкача айтканда диний формада; б) поэтикалык формада.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Таануунун бул эки формасы бүгүнкү күндө деле өздөрүнүн актуалдуулгун жогото элек. Бардык диний ишенимдердин негизинде кандайдыр бир эбегейсиз күчкө, кудретке ээ зат орун алган. Мифтик ишмердүүлүк өзүнүн өнүгүүсүнүн кандайдыр бир этабында магиялык, мистикалык деңгээлге жетет. Ал эми, ошол мистикалык окуу(учения) сыртынан карганда илимге тиешелүү болгон бардык атрибуттарга ээ, тагыраак айтканда аларда ыкмалар, теориялар, тажырыйбалар иштелип чыккан бирок, бир айырмачылыгы алар кандайдыр бир реалдуу эмес абстрактуу, башка кайып дүйнөдөгү жашоого багытталган. Байыркы доордогу адмдардын мифологиялык аң- сезиминин табиятын түшүнүү үчүн бүгүнкү адамдардын диний, мистикалык дегеле иррационалдык аң – сезимин изилдөө керек. Мына ушулардан кийин идеология дагы кооомдук аң – сезимдин компоненти катары дал ошол байыркы мезгилдерде пайда болгон деп ишенимдүү айтууга болот.

Идеологиянын протофилософиялык формалары бүгүнкү күнгө чейин илимий адабиятта кеңири изилдөөгө тартылбай келет. Протофилософия (грекчеден protos – алгачкы) деп теориялык же илимий философиянын баштапкы уюткусун, анын өзөгүн түзгөн, бирок, алардан алда канча мурда жашаган байыркы синкреттүү билимдер менен түшүнүмдөрдүн жыйындысы аталат. Бул термин байыркы адамдар тарабынан топтолгон бардык теориялык билимдердин жыйындысын түшүндүргөн. Бөлүнбөгөн, синкреттүү бир бүтүн мындай илимдин предмети болуп бүтүндөй акыйкат (чындык) эсептелген. Байыркы мезгилде физика, биология ж.б. илимдер кандай жок болсо, азыркы маанисиндегидей философия да болгон эмес. Идеологиянын протофилософиялык формалары байыркылардын күнүмдүк акылмандыгына (житейская мудрость) негизделген коомдук аң-сезиминин элементтеринин жыйындысы болуп саналат.

Идеологиянын протофилософиялык формалары тууралуу маалыматтар илимий адабиятта сейрек кездешкенине байланыштуу биз кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин түпкүрүндө жаткан, кан-жанына сиңген руханий мураска кайрылууну ылайык көрдүк. Элдик оозеки чыгармачылык көркөм жана рухий-практикалык баалуулукка ээ өзгөчө маанайдагы маданий негиз болуп саналат. Кыргыздардын дүйнө таанымынын тарыхый булагы болуп саналган элдик оозеки чыгармачылыкты тарыхый-философиялык өңүттө толук кандуу изилдебей туруп, идеологиянын протоформаларынын толук сүрөтүн же элесин көз алдыга келтирүү кыйын. Өз кезегинде А. М. Горький философиянын башаты фольклордун алтын кени болгон элдик акылмандыкта жатат деп белгилеген [1: 235]. Фольклор деп элдин коомдук эмгегинин процессинде топтолгон бүткүл билимдеринин жыйындысын түшүнөбүз. Мындай билимдер жазуу пайда болгонго чейин эле макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, баяндар түрүндө элдин аң-сезиминде жашап келген [2].Өзүнүн маани-маңызы боюнча мындай билимдер бир эле учурда илим да, адабият да болуп саналышкан. Эмгек процессинде адамдар тарабынан кеңири колдонулган нерселердин табиятын, эмгектин ыкмаларын, индивиддердин коомдогу, үй-бүлөдөгү, урук-тууган ичиндеги жүрүм-турумун шарттаган факторлорду аныктоодо элдик оозеки чыгармачылык илимдин мүнөзүн күтүп, алардын айрымдары учкул сөздүн, мыйзамдын, осуяттын, эреженин күчүнө ээ болуу менен байыркы адамдардын коомдук-саясий аң-сезимини өсүшүнө зор таасир эткен.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Учурдагы коомдун саясий, экономикалык маселелерин, о.э. бардык социалдык топтордун кызыкчылыктарын жана өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнүн жолдорун туура чагылдырган, жаңы идеологияны иштеп чыгууда руханий мурастын жана маданияттын архетип түрүндөгү протоформаларынын ролу абдан чоң. Идеологияны руханий мурастын субъектиси катары кароодон мурда, ал мурастын өзүнүн ички түзүлүшүнө жана өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл.

Коомдун өнүгүшүндө руханий мурас өзүнө өткөн мезгилдин, учурдун жана келечектин маданиятынын эң негизги элементтерин камтыйт. В. И. Ленин: «…кандай гана кубулушту өнүгүү процессинин алкагында карабайлы, анда өткөн мезгилдин калдыгы, бүгүнкү күндүн негизи, жана келечектин элементтери дайыма камтылган» [3: 81], - деп жазгандай, кандай гана өнүгүү болбосун ал процессте руханий мурастын тигил же бул мезгилге тиешелүү элементтерини катышышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Тактап айтканда, руханий мурас өткөн учурдун бөлүгү катары бүгүнкүнүн курамын түзөт. Руханий мурас менен бүгүнкү күндүн ортосунда канчалык көп кырдуу тыгыз байланыш болсо, коомдук жашоонун өнүгүүсү ошончолук эффективдүү жүрөт. Өткөн учурдун бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө, көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн ой-пикирлерин айтышкан. Ошолордун бири Н. А. Бердяев өткөн мезгилди төмөндөгүдөй экиге бөлүп карайт: «…көздөн кайым болуп жоголгон өткөн чак жана биз үчүн бүгүнкү күндүн курамдык бөлүгү катары жашаган өткөн чак. Экинчи өткөн чак учур чактын эс-тутумунда жашайт; бул кайра өзгөртүлгөн жана жаңыртылган өткөн чак болуп саналат, ага карата чыгармачыл мамиле кылынылат, ошол чыгармачылыктан соң гана ал учур чактын курамдык бөлүгүнө киргизилет» [4: 28]. Демек, коомдук болмушту жогорку социалдык деңгээлде уюштуруу учурдагы жаңы пайда болгон илим-техниканын жетишкендиктеринен гана эмес, өткөн доордон калган маданий жана материалдык баалулуктарды, улуу муундардын социалдык тажрыйбаларын жогорку чыгармачылык деңгээлде колдонуудан, аларды сын көз караш менен кабыл алуудан да көз каранды.

Учурдагы социалдык түзүлүш, коомдун тарыхый өнүгүү жолунун так ортосунан орун алуу менен, бир жагынан өткөн мезгилдин моменттерин, экинчи жагынан келечектеги жашоонун үрөндөрүн өзүнө камтып турат. Бир сөз менен айтканда, руханий мурас өткөн мезгилдин негизги элементи катары бүгүнкү күндүн негизин түзөт. Маселен А. Уайтхет: « Өткөн чак келээр чакка өтө турган учур чакта объективдүү жашайт. Бирок, келээр чак өзүнөн мурда болуп өткөн окуяларда кандайча имманенттүү камтылгандыгы даана ачык эмес болгондугуна карабастан, тажрыйбанын субъективдүү-объективдүү концепциясынын көз карашында учурдун окуялары бири-бирине имманенттүү. Ошондуктан, ири алдыда келечектин учурга карата болгон мамилесин кароо алда канча жеңил. Муну баарыбызга жакшы таанымал каада-салттар менен адамдардын көнүмүш адаттары ачык күбөлөп турушат… . Өткөн чак менен келечекти жокко чыгарып, четке сүрүп койгулачы – учур чактын ойрону чыгып, бүлгүнгө учурайт. Үзгүлтүксүз жашоонун болушу учурдун бош жаткан жаракаларын өткөн чак жана келечек менен толтурууну талап этет» [5: 592-593], - деп бул үч мезгилдин бири – бири менен болгон диалектикалык байланышын таамай көрсөткөн. Тактап айтканда, ар кандай кубулушту же предметти изилдегенде, аларды тарыхый

мезгилдин үчилтигинин биримдиги ар дайым коштоп жүрөт деп айтууга болот. Айта кетч ү нерсе, мурунку учурдан калган мурастарды бүгүнкү күнү колдонуу өткөн мезгилди кайталоо дегенди түшүндүрбөйт. Буга Н. Гартмандын: « Өтк өн чактын заманбаптыгы кайталоочулук же аналогия эмес. Өткөн учурдун өтүп кеткендигине карабастан, аны өткөндүн учурда өзгөчө түрдө сакталышы же актуалдуулугу деп атоого болот. Бул мурда өткөндүн учурга сү ңгүп кириши деп аталган нерсенин далөзү» [6: 639], - деген ою далил боло алат. Ошондуктан, руханий мурас түрүндөгү идеологиянын протофилософиялык формаларынын маңызын, курамын, коомдук өнүгү үдөгү аткарган кызматын изилдөөдө, руханий мурастын мурунку, азыркы мезгилдер жана келечек менен болгон байланышын эске алуу менен жүргүзүлүүсү зарыл. Бирок, коомдук феномен катары идеологиянын протоформалары салыштырмалуу түрдө бүгүнкү күндөн көз каранды эмес, ал өзүнүн жашоосунда кандайдыр бир деңгээлде эркин. Бул тарыхый мезгилдин үчилтигинин ортосунда бири-бирине болгон өтө бекем байланыш деле жок. Бирок, өткөн мезгилдин, азыркы учурдун келчектин өз ара карым-катнашынын негизинде селективдүү момент түзүлөт. Айрым учурларда, бүгүнкүкүндүн прогрессивдүү өнүгүүсүнүн алкагында идеологиянын протоформалары коомдук өнүгүүдөн артта калып, өзүнүн актуалдуулугун жоготуп, социалдык процесстердин түздөн-т үз катышуучусу боло албай калышы мүмкүн. Бирок, бул идеологиянын протоформаларынан баш тартуу же аларды андан ары колдонууга жараксыз дегендикти билдирбейт, ал узак убакыттар бою элдин аң-сезиминде тарыхый символ катары сакталып кала берет.

Идеологиянын протоформаларынын мазмунун изилдөөгө жасалган биринчи эле кадамда эле биз ага таандык үч касиетти кезиктиребиз: 1) генетикалык жактан өткөн мезгилге; 2) аткарган функциясы боюнча бүгүнкү күнгө тиешелүү; 3) коомдук аң-сезимдин жана жашоонун бардык сферасынан орун алгандыгы о. э. анын жалпылуулугу.

Идеологиянын протоформалары менен коомдук аң-сезимдин архетиптерин изилдөөдөгү, айрыкча колдонуудагы кыйынчылыктар алардын генетикалык жактан өткөн тарыхый доорго тиешелүү экендигинде эмес, алардын бүгүнкү күндүн өнүгүүсүнө тийгизген таасиринде. Коомдук аң-сезимдин архетиптери өткөн башка тарыхый шартта пайда болуп, ал мезгилдин өзгөчө белгилүү жактарын чагылдыруу менен өзүнүн экинчи жашоосун мурунку өзү пайда болгон доорго таптакыр окшобогон коомдук чөйрөдө улантат. Мындай көрүнүш мурунку доордон калган мурастардын карама-каршылыгын, татаалдыгын айгинелеп турат. Айта кетчү нерсе, бизге чейин жеткен архетиптердин же протоформалардын бардыгы тең эле бүгүнкү күндө бирдей функцияны аткара алышпайт. Ошондой болсо да, рухий мурастын же коомдук архетиптердин тегерегинде дайыма коомдук кызыгуулар пайда болуп турат, себеби кандай гана социалдык топ болбосун өзүнүн кызыкчылыгын чагылдырган идеологиянын элементтерин дал ушул руханий мурастан же архетиптерден таба алышат. Ошондуктан, коомдун руханий жашоосунда дайыма ушундай курч мүнөздөгү талаш тартыштардын болуп турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Идеологиянын протоформалары менен өткөн доор бир бүтүмдүүлүктү түзөт деп кесе айтуу негизсиз. Ушуга байланыштуу биз өткөн мезгилди эки бөлүккө бөлүп кароо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз: биринчиси, мурунку мезгил кандайдыр бир тарыхый эскермелерде сакталып калган учурда да, алар учурдагы жашоого активдүү таасир эте алышпайт, б.а. бүгүнкү күн үчүн актуалдуулугун жоготуп, бирок, алар кандайдыр бир мааниде адеп-ахлактык, эстетикалык баалуулуктарды сактап калышы мүмкүн. Өткөн мезгилдин баалуулуктары толугу менен бүгүнкү жашоого таасирин тийгизе албай, элдин тарыхый эс-тутумунда гана сакталышы, эки доордун ортосундагы мезгилдин узактыгында эмес, алардын учурдагы коомдук жашоонун кызыкчылыктарына, керектөөсүнө, талабына жооп бере албай калгандыгында, б.а. бул «өткөндүн өткөнү». «Тарыхта, - дейт Гегель, - биз болуп өткөн жана болуп жаткан нерселер менен иш алып барабыз» [7: 83]. Демек, өткөндүн биринчи бөлүгүн буга чейинки болгон нерселер түзөт, ал эми бүгүнкү күнү мурункунун биз колдонуп жаткан бөлүгү коолективдүү аң-сезимсиздик (коллективное бессознателңное), архетип[8:321], мурас (наследие), коомдук эс-тутум (социалңная памятң) же протоформа деп аталат.

***Yortmaq*** feili Ağbaba, Göyçə dialektlərində *"getmək, iti yerişlə getmək, sürətlə hərəkət etmək, at sürmək"* mənalarında işlənir. Bu feil bir çox hallarda *yüyürmək* feili ilə birgə işlənir. Lakin dilimizin qədim yazılı abidələrini araşdırdıqda görürük ki, *yortmaq* feili vaxtı ilə təklikdə, həm də məhsuldar şəkildə işlənmişdir. *Yortmaq* feili türk dillərinə məxsus qədim feillərdən biridir, bu feil qədim türk yazılı abidələrindən olan *"Moyun Çor abidəsi"*ndə: *"Ol yılka tü(rgis tapa Altun yığış) toğa Ertis ügüzig keçə* ***yorıdımız****, türgis bodunığ uda basdımız." (O ildə (Altun meşəli dağa) qalxaraq türkləşlərə tərəf (getdik). İrtış çayını keçərək yürüş etdik.)* (9, səh.204), "Qədim türk lüğəti"ndə: "*taŋ ata jortalïm – hava işıqlananda irəli gedərik; atlïγ jorttï – atlı yola düzəlib getdi; jaγïqa qalï jortsa sü başlar ẹr – əgər sərkərdə orduyla düşmənin üstünə getsə"* (6, s.275) qeydə alınmışdır. Bundan əlavə, M.Kaşğarinin "*ol nənq bilə yortuşdı – o mənimlə yürüməkdə yarışdı; atlığ yorttı – atlı atını*

*dördnala çapdı*" (5, III, səh.112,374), V.V.Radlovun (4,IV,səh.97; III, səh.423,427) lüğətlərində *yortuş, yorıt, yort* fonovariantlarında qeydə alınaraq, "*getməyə məcbur etmək*", "*getməyə icazə vermək*", "*sürətli addımlarla getmək, sürətlə getmək, çapmaq*" mənalarında izah olunmuşdur.

Ədəbi dildə məhsuldarlığını itirmiş feillərdən olan ***yüyürmək*** feili Qərbi Azərbaycan dialekt və şivələrinin, həmçinin Azərbaycan dilinin digər dialekt və şivələrinin əksəriyyətində (əsasən qərb qrupu dialekt və şivələrində) məhsuldar şəkildə işlənir; məs: *Gülsafa* ***yüyrüf*** *öznü saldı mal damına* (Əşt.)*;* ***Yü:rdü*** *də͡ə kin, qonaxlar çatıllar* (Bas.).

Müasir ədəbi dildə işlənən *yürüş*, dialekt və şivələrdə işlənən *yüyrüx`// yürdəx`// yürçəx`// yürünçəx`* (*beşik*) isimlərinin, *yüyürəx`* (*qaça-qaça*) zərfinin, *yü:rüx`* (*çevik*) sifətinin kökündə *yüyürmək// yürümək// yerimək* feilləri dayanır. Yuxarıda bəhs etdiyimiz *yortmaq* feili də qədim yazılı abidələrdə bəzən *yorı(maq)* fonovariantında işlənmişdir ki, bu da onların eyni söz yuvasından təşəkkül tapdığını nümayiş etdirir. Həmin feillər qədim türk yazılı abidələrində: *"Turu kat sämriti yirin öpän* ***yügürü*** *barmış, urtu yirdä oğrı sokuşup tutupan minmiş" (Kök at getdiyi yeri yadına salıb tez oraya çatmış, o yerdə oğruya rast gəlmiş. Oğru (onu) tutub minmiş.)* (9,s.300); *"Anta udu* ***yorıdım****." (tərcüməsi: Orada təqib edərək yürüdüm.)* (9, s.272); M.Kaşğarinin lüğətində: *"ər* ***yorıdı*** *– adam yürüdü, yeridi"* (5, III, s.79); *"****yügürdi*** *– qoşdu, yüyürdü; ol anı yügurtti – o onu yüyürtdü, yeritdi, qaçırtdı"* (5, III, s.66,376); V.V.Radlovun lüğətində ***yügürmək, yürümək*** (4,III, s.594-595,603; IV, s.110) fonovariantlarında qeydə alınmışdır.

*Aşağıya doğru hərəkəti bildirən feillər:* ***Siŋməx`*** feili Ağbaba, İrəvan, Göyçə dialektlərində *"aşağı əyilmək, oturmaq, gözə dəyməmək, gizlənmək üçün aşağı əyilmək"* mənasını ifadə edir. "Azərbaycan dilinin dialektoloji lüğəti"ndə bu feil aşağıdakı mənalarda izah olunmuşdur: "Sinməx` (Ağdam, Gədəbəy, Şəmkir, Tərtər, Tovuz) – 1. gizlənmək məqsədilə aşağı əyilmək; 2. qısılmaq. – *Dədəm gəlir, aşağı siŋ; - Canavar kirimiş gələr, siŋər sürünün qava:na* (Şəmkir); - *Oye:dəndə qavaxcan bərələrə siŋerix`, elə kin qavağımıza çıxer cü:r, əlvəsa:t çəkerix` çaxmağı* (Gədəbəy); - *Ə:, şağı siŋ, Mirzəli gəldi* (Tərtər); - *Bu, barının divinə siŋer* (Tovuz)" (10, səh.439).

"Qədim türk lüğəti"ndə *siŋ* feili dörd mənada izah olunmuşdur, qeyd edək ki, *siŋmək* feili Qərbi Azərbaycan şivələrində həmin mənalarda da işlənir: ürəyə siŋmək – ürəyə yatmaq mənasında; siŋmək//siŋirmək – yeməyin həzm olunması mənasında; gizlənmək, gözdən yayınmaq mənasında – *ördäk qamïšqa siŋdi – ördək qamışlıqda gizləndi* (6,s.500).

Bu feillə bağlı M.Kaşğarinin lüğətində belə bir məlumat verilmişdir: "ördək kamışka sinqdi = ördək qamışın, çör-çöpün arxasına girərək gizləndi (bir adam ev yiyəsindən xəbərsiz onun evinə və ya başqa bir yerə girib gizlənsə, yenə belə deyilir) (5, III, s.339); ol anı əvgə sinqdürdi = o, onu evdə gizlətdi (5, III, səh.345). V.V.Radlovun lüğətində də (4, I, səh.686,693) həmin mənalarda izah olunmuşdur. Yakut dilində *сын* "*qarnı üstdə sürünmək*" mənasındadır (7, s.31,37).

*Hərəkətin icrasının davamlılığını, sürəkliliyini bildirən feillər:* ***Yasdanmax*** feili İrəvan dialektində işlənir və *"işini-gücünü atıb haradasa boş-boşuna oturmaq"* mənasını ifadə edir; M.Kaşğari (5,III, s.271) bu feili *yasta* fonovariantında qeydə almış, "Qədim türk lüğəti"ndə *yasta, yastal* və *yastan* variantlarında verilmişdir: *"jasma – söykəmək, qoymaq: ol aŋar jastuq jastadï – o, ona yastıq qoydu; jasman – söykənmək, qoymaq: čögäsin tösänmiš jiŋin jastanur – o, çuxasını öz altına sərdi və onun qolunu öz altına qoydu* (6, s.245). Bu feili V.V.Radlov: *"јасман – nəyisə yastıq kimi istifadə etmək, nəyisə başın altına qoymaq, yastığa dirsəklənmək, söykənmək"* (4, IV, s.50; III, s.222); kimi izah etmişlər.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

*Hərəkətin icrasının dayandığını bildirən feillər*: ***Əyləməx`*** feili əksər dialekt və şivələrdə işlənərək *"dayandırmaq, saxlamaq"* mənasını ifadə edir, tarixən ədəbi dildə bu feil məhsuldar şəkildə işlənmişdir. Ədəbi dildə *aylə// əglə* fonovariantlarında, şivələrdəki semantika ilə işlənən bu feil yüksək işlənmə tezliyinə malik olmuş, XIII-XIX əsrlər ədəbi-bədii dil nümunələrində işlənmişdir.

Azərbaycan dilinin dialektlərinə xas olan *aylan* leksemindən bəhs edən Q.Bağırov onun əsas mənası etibarı ilə "*bir şeyin ətrafında dolanmaq, dövrə vurmaq, dönmək*" mənaları ifadə etdiyini, türkməncədə *ajла*, türk, özbək dillərində *аjланмак*, başqırd dilində *əjлəнəү*, tatar dilində *əjлəнү* sözlərinin bir-birinin eyni və ona çox yaxın mənalarda, qaraqalpaq dilində *аjлан – dolanmaq, dövr etmək, dövrə vurmaq* mənasından başqa bir də *dayanmaq, ləngimək* mənasında işləndiyini və bunun da müasir Azərbaycan dilində *əylənmək* felinin daşıdığı mənanın eyni olduğunu qeyd edir (11, səh.98). V.V.Radlovun (4, I, səh.663-664) lüğətində qeydə alınmışdır.

*Hərəkətin təkrarlanaraq icra olunduğunu bildirən feillər:* ***Ağnamax*** feili Qərbi Azərbaycan dialekt və şivələrinin əksəriyyətində işlənən leksik vahiddir. Bu feil Göyçə, Ağbaba, Zəngəzur, Dərələyəz, İrəvan dialektlərində *"divarın nəmdən uçub tökülməsi"*, *"heyvanın yerə uzanaraq arxası üstə çevrilməsi, torpağın içində eşələnməsi"* mənalarında işlənir. Xalq dilində çox geniş şəkildə işlənən bu feil tarixən ədəbi dil üçün xarakterik olmamış, nadir hallarda işlənmişdir. *Ağnamaq* feili müxtəlif fonovariantlarda, "*yerdə uzanmaq, çabalamaq, üz üstə düşmək, o yana bu yana çevrilmək, belini, arxasını yerə sürtmək (heyvanalara aid)*" mənalarında M.Kaşğarinin (5, I, s.296,311), V.V.Radlovun (4, I, s.173), E.V.Sevortyanın (8,s.75) lüğətlərində, "Qədim türk lüğəti"ndə (6,s.22) qeydə alınmışdır. Azərbaycan dilinin dialekt və şivələrindən başqa, bu feil türk, türkmən, özbək, qazax, qırğız, tatar, başqırd, qaraqalpaq, yakut və b. türk dillərində və onların ayrı-ayrı dialektlərində işlənir.

*"Döyüşmək, vuruşmaq, dalaşmaq, mübahisə edərək dalaşmaq" mənalı hərəkət feilləri:* ***Çalmax*** feili Göyçə, İrəvan dialektlərində "*vurmaq, döymək, incitmək*" mənalarında işlənir; bundan əlavə, Qərbi Azərbaycan dialekt və şivələrində bu feil *"oğurlamaq"* (İr., Ağb., Göy.); *"qatıq çalmaq – südü mayalamaq"*, *"ot çalmaq – otu biçmək"*, *"mismar çalmaq – mıxlamaq"* (əks.şiv.); *"süpürmək"* (Göy.) mənalarında da işlənməkdədir. *Çalmaq* feili "Qədim türk lüğəti"ndə (6,s.137), M.Kaşğarinin (5,II,s.50), V.V.Radlovun (4, III, s.1875) lüğətlərində qeydə alınmışdır. Müasir türk dilində *çalmak* feili *"vurmaq, döymək"*, həmçinin *"oğurlamaq"* mənasını ifadə edir.

***Çəkişməx`*** feili Göyçə dialektində "*dalaşmaq, döyüşmək, mübahisə edərək dalaşmaq*", həmçinin Ağbaba, Göyçə, İrəvan dialektlərində "*mərcləşmək*" mənasında işlədilir, tarixən ədəbi dildə işlək olmuşdur. *Çəkişmək* feili V.V.Radlovun (4, III, s.1953) lüğətində də eyni mənada qeydə alınmışdır. Müasir türk dilində mübahisə etmək, dalaşmaq mənasında işlənir.

Qərbi Azərbaycan dialekt və şivələrində işlənən iş feillərindən ***arıtdamax*** feili Göyçə, Zəngəzur, Ağbaba şivələrində *"təmizləmək, seçmək, zir-zibilini ayırmaq"* mənasında işlənməkdədir, hal-hazırda dialekt və şivələrdə işlənən bu leksik vahid vaxtilə ədəbi dilimizdə *arıt(maq)* və *arın(maq)* fonovariantlarında məhsuldar şəkildə işlənmişdir. Bu feil qədim türk yazılı abidələrində (9,s.465) də işlənmişdir. "Qədim türk lüğəti"ndə (6,s.51), M.Kaşğarinin (5,I, s.246,252), V.V.Radlovun (4,I, səh.275-277,283-284), E.V.Sevortyanın (8,s.186) lüğətlərində bu leksem qeydə alınmışdır. Bu feil *arın(maq)*, *arıt(maq)* variantlarında türk, qırğız, qazax, özbək, qaraqalpaq, krım tatarları, karaim,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

tuva və b. türk dillərində və onların ayrı-ayrı dialekt və şivələrində "*təmizlənmək, təmizləmək, çətinlikdən, dərddən-bəladan çıxmaq*" mənalarında işlənir.

***Çözdəməx`//çözələməx`*** feili Ağbaba, Zəngəzur, Göyçə, İrəvan, Dərələyəz dialektlərində işlənir və *"sapı, ipi, heyvan bağırsağını və s. açmaq, açıb uzatmaq"* mənalarını ifadə edir, V.V.Radlovun lüğətində (4, III, səh.2045) qeydə alınmış bu feil Türkiyə türkcəsində də işlənir.

Qərbi Azərbaycan şivələrində və tarixən ədəbi dildə *dərmək// dərilmək* fonovariantında, "*toplamaq// toplanmaq*, *yığmaq// yığılmaq*" mənalarında işlək olan feil türk dilində "*dərli-toplu ev*" ifadəsi işlənir ki, burada *dərmək* feilindən yaranmış *dərli* sifəti "*yığılmış, yığışdırılmış, səliqəyə salınmış*" mənasını ifadə edir. Qədim türk yazılı abidələrində: tirilip yetmis er bolmıs (KTb 12) toplaşıb yetmiş döyüşçü olmuşlar (9,s.122). Bu feil M.Kaşğarinin (5, I,493; III,13), V.V.Radlovun (4,III,s.1672,1696), E.V.Sevortyanın (8,III,s.204) lüğətlərində *dərmək// dərilmək// dərləmək* variantlarında qeydə alınmışdır.

***Döşürməx`*** feili Dağ Borçalısı şivəsində "*qazanmaq*", İrəvan şivəsində "*toplamaq, yığmaq*", Ağbaba şivəsində "*yığmaq, ələ keçirmək, sahiblənmək*" mənalarında işlənir; tarixən ədəbi dildə bu feil "*toplamaq, yığmaq*", bəzən isə "*dəyişmək*" mənasında işlək olmuşdur. Bu feil türkmən dilində *üyşürmek* fonovariantında işlənir. *Döşürmək* feili V.V.Radlovun lüğətində (4,III,s.1657) "*toplamaq*" mənasında qeydə alınmışdır.

Qərbi Azərbaycan şivələrində işlənən hal-vəziyyət feillərindən ***ağırramax*** feili Göyçə, Ağbaba dialektlərində *"hörmət göstərmək, əzizləmək, hörmətlə qarşılamaq"* mənasında işlənir; həmçinin Türkiyə türkcəsində də eyni semantika ilə işlənməkdədir. Türk dillərinə aid lüğətlərdə (5, I, s.314; 4, I, səh.160,170;) də bu feil həmin mənalarda izah edilmişdir.

***Oŋalmax*** feili Ağbaba, Göyçə dialektlərində, Qaraqoyunlu şivəsində "*sağalmaq, yaxşılaşmaq*" mənalarında işlənir. Ədəbi dildə bu feil həm *oŋmaq // oŋalmaq // oŋulmaq*, həm də *öŋəlmək // öŋərmək* fonovariantlarında işlənmişdir. Q.Bağırov Füzulinin dilində *önərmə* transliterasiyasını yanlış hesab edir, *onarma* deyə yazılmalı olduğunu qeyd edir, bu feilin türk, özbək, qazax, qırğız, xakas dillərində cüzi fonetik dəyişikliyə uğramaqla işləndiyini göstərmişdir (11, s.90-91). M.Kaşğarinin (5, III, s.342), V.V.Radlovun (4, I, səh.1027, 1028), E.V.Sevortyanın (8, s.458) lüğətlərində, "Qədim türk lüğəti"ndə (6,s.368) bu feil qeydə alınmışdır.

Göyçə dialektində, Qaraqoyunlu və ayrım şivələrində "*qorxmaq, çəkinmək, ehtiyat eləmək*" mənalarında ***sayxanmax*** feili işlənir. Tarixən ədəbi dildə *saqın//sağın* şəklində işlənmiş bu feil fonetik dəyişikliyə uğrayaraq, lakin eyni semantik yüklə şivələrdə *sayxan(max)* fonovariantında işlənir. V.V.Radlovun lüğətində (4, III, səh.248), "Qədim türk lüğəti"ndə (6, səh.486) qeydə alınmışdır. Müasir türk dilində *sakın "çəkin(mək)", sakıncalı "qorxulu"* leksemləri məhsuldar şəkildə işlənir.

Qərbi Azərbaycan dialekt və şivələrində işlənən, Azərbaycan ədəbi dili üçün arxaikləşmiş feillərdən biri də ***uyumax*** leksemidir. Göyçə dialektində işlənən bu feil "*yatmaq, yuxuya getmək*" mənasını ifadə edir. Bu feil tarixən ədəbi dildə geniş şəkildə işlənmişdir; müasir türk dilində də işlənir. "Qədim türk lüğəti"ndə (6, səh.607-608) bu feil eyni mənada qeydə alınmışdır.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

**Nəticə**

Nəticə olaraq onu qeyd edək ki, müasir ədəbi dilimiz üçün arxaikləşmiş bir sıra leksemlər Qərbi Azərbaycan şivələrində işlənməkdədir, digər türk dillərində həm ədəbi dil səviyyəsində, həm də dialektal səviyyədə bu leksemlərin işlənməsi müşahidə olunur.

**İstifadə edilmiş ədəbiyyat**

1. Sadıqova S. Azərbaycan ədəbi dilinin arxaik morfemləri (Qərbi Azərbaycan şivələri ilə müqayisədə). Bakı, ADPU nəşriyyatı, 2018, 205 səh.
2. Hüseynova M. Ümumtürk dilləri dialekt və şivələrinin qarşılıqlı inteqrasiyası. ADPU nəşriyyatı, Bakı, 2020, 600 səh.
3. Mirzəyev H. Azərbaycan dilində fel. II, Bakı, 2006.
4. Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. т.I, ч.1, СПб, 1893, 968 стр.; 1896, т.I, ч.2, 762 стр.; т.II, ч.1, СПб, 1893, 968 стр.; т.III, ч.1, СПб, 1893, 968 стр.; т.III, ч.2, СПб, 1893, 968 стр.
5. Kaşğari M. Divanü lüğat-it-türk. Dörd cilddə. I c., Bakı, “Ozan”, 2006, 512 səh.; II c., Bakı, “Ozan”, 2006, 400 səh.; III c., Bakı, “Ozan”, 2006, 400 səh.
6. Древнетюркский словарь. Л., Наука, 1969, 676 стр.
7. Харитонов Л.Н. Типы глагольной основы в якутском языке. Изд. АН СССР, Москва-Ленинград, 1954, 312 стр.
8. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков. Общетюркские и межтюркские основы на букву «Б». Издательство «Наука», Москва, 1978, 348 стр.
9. Xudiyev N. Qədim türk yazılı abidələrinin dili. Bakı, “Elm və təhsil”, 2015, 596 səh.
10. Azərbaycan dilinin dialektoloji lüğəti, Bakı, “Şərq-Qərb”, 2007, 568 səh.
11. Bağırov Q. Azərbaycan dilində fellərin leksik-semantik inkişafı. Bakı, “Maarif”, 1971, 160 səh.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

# КЫРГЫЗ ЭТНОЭТИКЕТИНДЕ ЭВДЕМОНИЗМ ЖАНА КУТ ТҮШҮНҮГҮ

**Аалиева Ширин Карыбековна**

Философия илимдеринин кандидаты, доцент
Эл аралык Кувейт университетинин профессору

## Аннотация

Баарыбызга белгилүү болгондой, 1991-жылы дүйнөнүн дээрлик тең жарымын ээлеген СССР мамлекети кулаган мезгилден тарта ата-бабаларыбыз көптөн эңсеген саясый эгемендикке жетсек да, экономикалык кризистин терең сазына баткан Кыргыз Республикасында этникалык баалуулуктар чоочун жана кереги жок нерсе катары акырындан өгөйлөнүп, жерилип, кара күчкө сыртка түртүлүп жатып акырында, тилекке каршы, этностун руханий жашоо-тиричилигинде орду толгус идеологиялык боштук жаралды. Анын натыйжасында кыргыз элинин уул- кызы өз жашоо-тиричилигиндеги жалпы адамзат таандык мазмунга ээ маданий улуу уюткусу менен терең көрөңгөсүнөн айрылып, кеменгер жазуучу Чыңгыз Айтматов атабыз көркөмдөп жазган маңкурттун кейпин кийип бара жатканы өтө өкүндүрөт.

Тигил же бул элдин жүрүм-турумунун спецификалуу эрежелерин билбей туруп ал эл тууралуу кеп кылуу дээрлик мүмкүн эмес. Адамзаттын толук кандуу жашоосу маданияттардын көп түрдүүлүгү, адамдын жүрүм-турумунун, психологиясынын жана ой жүгүртүүсүнүн көп варианттуулугу аркылуу гана камсыз этилет. Жүрүм- турумдун салттуу маданиятын билүү бизге башка этностордун өкүлдөрү менен нормалдуу алакалашууга гана эмес, бир караганда, биз үчүн өтө өөн жана ыңгайсыз сыяктанып сезилген чоочун каада-салттарды урматтап-сыйлоого да мүмкүндүк берет.

**Түйүндүү сөздөр**: эвдемонизм, баалуулук, жыргалчылык, бакыт, бактылуулук, кут түшүнүгү, кыргыздын баш кийими жана кут, бак-таалай, Теңир ишеними, Манас, Кыдыр ата, Умай эне, кут качуу жана жут, гедонизм.

***

Эвдемонизм (грекчеден *εῦ* - жакшылык, *δαίμων* – Кудай; *eudaimonia* – бакыт) – адам жашоосун маңызы болуп бактылуу болуу эсептелет. Эвдемонизмди жактагандар үчүн адам үчүн эң жогорку баалуулук жана жыргалчылык болуп бакыт эсептелет.

Байыркы гректердин «бакыт» маанисин берген «эвдемония» түшүнүгү «Кудайдын колдоосу астында турган адамдын тагдыры» дегенди туюнткан. Бабаларыбыздын Теңир ишениминде адамдын жана анын тагдырынын улуу күчтөр менен болгон байланышы диний детерминизмдин төмөнкүдөй түшүнүктөрү аркылуу туюнтулат:

1. *КУТ* (орусча: *божественная благодать*).
2. *КУТ КАЧУУ* (орусча: *отсутствие божественной благодати*), КЕСИР ТИЙҮҮ же ЖУТ (орусча: *беда, злосчастье*).

Жакшылык менен ак күчтү символдогон Кыдыр атанын жолун өз ыктыяры менен тандап алган адамдарга ТЕҢИР тарабынан тартууланган өзгөчө БААЛУУ БЕЛЕКТИ биздин бабалар КУТ деп аташкан.

«Кыргыз мифтеринде Кут АК ШООЛА же НУР болуп Теңир сыйлаган адамга жана үй-бүлөгө түшүрөт экен. Кут түшкөндө, анын үстүнө ак жаап, ак сарбашылын атап мууздап, ырымын кылып токтотот экен...

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

«Кут болсун!», «Куттуу үйдөн кур чыкпа!», «Кут консун!» деген сыяктуу *касиеттүү тилек сөздөр* да Кутка болгон сыйынуу, анын касиетине бек ишенүүдөн чыккан. Кут бар адам, үй-бүлө аны сактоодо, Куттун касиетин кетирбөөдө, өздөрүн аруу, таза жүрүү аракети менен алып жүрүшкөн» [1].

«Жалпы жонунан, байыркы замандарда түрк тилдүү элдердин дүйнө таанымында «Кут» сөзү адамды ар кыл кырсыктар менен кесептерден коргогон, анын дөөлөттүү, ооматтуу, абройлуу болушуна көмөк берген, адамдын руханий турмушунун негизин түзгөн кандайдыр бир касиеттүү күчтү туюндурган...

«Концептуалдык көз караште «Кут» - бул адамга Теңирден берилип, табигый да, руханий да табиятка ээ болгон жандуу күч. Бирок, ошол эле учурда, «Кут» - элдин баарына эле бериле бербейт. Кутка моралдык деңгээли жогору, чынчыл жана ак ниет адамдар гана ээ болот. Демек, адам элге жана башка адамдарга жасаган ак эмгеги аркылуу гана Кутка ээ боло алат» [2].

Демек, КУТ (хут) – адамдын «жаны», «руханий түгөйү», түрк тилдүү элдердин түшүнүмүндө жогор жактан Улуу Күчтөр тарабынан берилген *«жашоо эмбриону»; уюган энергия; жашоонун, бакытттын, ырыскынын,* харизма*нын үрөнү [3]*.

«КУТ» түшүнүгүнүн синоними болуп «БАК-ТААЛАЙ» (орусча: *счастье*) түшүнүгү саналат. Ушул жерден кыргыз тилиндеги «ТААЛАЙ» түшүнүгү менен орус тилиндеги «ДОЛЯ», латыш тилиндеги «DALA» (бакыттын кайып пири - покровитель счастья), литвалыктардын «DALIA» (бакыттын кайып пири - покровитель счастья) [4] түшүнүктөрүнүн окшоштуктарына көңүл бурсаңыздар.

*Славян мифологиясында* доля – бул Улуу Күчтөр тарабынан адамдарга берилген бакыттын, ооматтын, ийгиликтин практика жүзүндө көрүнүшү. Алгач славяндар «Бог» деген сөздү «доля» [5] маанисинде колдонушкан. Украиналыктар «доля» деп өлгөн ата-бабаларынын арбагын түшүнүшкөн. Бул болсо украиналыктар жан-жаныбарларга руханий колдоо көрсөткөн касиеттүү күчтөрдү же тагдырдын кайып пирин көзү өтүп кеткен ата-бабалардын адамга жашоо-турмуштагы насипти, анын коомдогу орду менен ролу түрүндөгү шыбагасын (долясын) берген арбактары түрүндө элестетишсе керек деген ойду жаратат.

## ЭМИ САЛЫШТЫРЫҢЫЗДАР

1) орустардын «Бог» деген сөзү;
2) кыргыздардын «бак» (счастье) деген сөзү;
3) кыргыздардын «Алла Таала» (Бог) деген түшүнүгү;
4) «Бак карап, Кыдыр даарысын!» («будь перед добрым взором Бога и благодати Кыдыра!») деген ак тилек.

Демек, Теңирден келген жакшылыкты же позитивдүү маалыматты Кыдыр ата адамдарга Кут формасында берип, медиумдун (ортомчунун)

Элдик ишеним боюнча Кут боз үйдүн түндүгүнөн нур же ырыскы түрүндө куюлуп түшөт. Аны түшүнгөн апалар Кутту аппак, таза жоолукка тосуп алып, катып коюшкан. Акырындык менен түндүктөн түшкөн Кут уюп, килкилдеген субстанциянын формасына өткөн. Алгач нур түрүндө түшкөн Куттун материалдашкан формасын жамбы [6] деп аташат.

«Момундун ишин Теңирим актаптыр» дейт элибиз. Кыргыз ишениминде ак жолдо так жүргөн, эч кимге жамандыгы жок, айкөл жана кең пейил, чынчыл жана

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

мээнеткеч адамдын башына гана кочкул кызыл түстөгү Кут конот [7]. Манасчы *С. Каралаевдин* вариантында Манас баатыр энесинин курсагынан «оң колуна кочкул түстөгү копкоюу уюган канды чеңгелдей түшүп» төрөлөт. Ушуга байланыштуу айрым изилдөөчүлөр «боз үйдүн асмандан Кут куюлуп түшкөн *түндүгү* аялдын бала төрөө менен байланышкан дене-мүчөсүн символдойт» [8], - деп жазышат.

*Рашид-ад-дин* менен *«Ыйык Жомоктун»* (*«Сокровенное сказание)* маалыматы боюнча Чыңгысхан «энесинин курсагынан түшкөндө колунда көлөмү чүкөдөй болгон коюу канды уурчтап төрөлгөн».

**АДАМДЫН БАШЫ ЖАНА КУТ**

Кыргыздардын маданияты менен этноэтикетинде

- «Теңирден келген Кутту Кыдыр адамдын башына берет (даарыйт), же
- «адамдын башында Кут олтурат» деген түшүнүмдөр бар.
- Эгерде адамды башка урса, анда анын Куту кетип, Жут келет; адамдын багы таят.

Ошол себептен, бабаларыбыз тентектик жасап, ата-энесин беймаза кылган наристе баланы акырын-аста жамбашка чаап, какыс-кукус кылып коюшкан. Бирок, баланы эч качан башка чапкан эмес.

Баланын башынан сылап, эркелетсеңиз - ага канат бүтөт. Баланы көбүрөөк кучактасаңыз - ал өзүнө ишенимдүү болуп, тез бутуна турат. Баланы Умай энебизден мураска калган мээрим менен өпсөңүз - анын жүрөгү жылып, адамкерчиликтүү болот.

Ошону менен катар эле Теңир Сизди агынан жалгап, Кыдыр-Умай (Кудай) Сизге баалуу мурас жана ыйык аманат катары берген балага уруп-согуу аркылуу эмес, ага өзүңүз үлгү болуп, нарктуу-тектүү тарбия бериңиз.

Кыргыздар өз киндиги менен бир болгон малды да башка чаппайт. Тилекке каршы, XX кылымдын 80-жылдарынын 2-жарымы - 90-жылдардын 1-жарымында СССР кулап, инфляция, кризис күчөп турган маалда экономикадагы шок терапиясынын натыйжасында терең депрессия менен стресске чалдыккан улутташтар Кыдыр-Умайды качырып, Жин-Шайтанды чакырган аракка массалык түрдө ооп, малды башка гана чаап тим болбостон, килкилдеген койлорду бир шише аракка айырбаштаган күндөр болгон. Натыйжада, элибиздин мурдагы Куту качып, бир топ мезгил бою Жут үстөмдүк кылганы баарыбыздын эсибизде бар.

Дүйнөнүн башка элдери да, айтсак, нанайлыктар да жандуулардын убалынан коркуп, аларга карата ашкере зулумдук жасашпайт. Алар эгер эркек киши тайгада жүрүп, же үйдө олтуруп, малды башка чапса, анда келечекте анын өзүнүн балдары ырыс-кешиксиз болуп төрөлөт деп ишенишкендиктен, жаныбарларга карата мыкаачылык иш-аракеттерин эч качан жасашкан эмес.

**БАШ КИЙИМ ЖАНА КУТ**

Түштүк Сибирде жашаган түрк тилдүү элдерде «баш кийим Куттун ээси болгондуктан, баш кийимди башкага берүү менен адамдын Куту да башкага кетет» [9] деген түшүнүмдөр бар. Кыргыздар менен казактар баш кийимди өзгөчө аздектеп, аны «үйдүн Куту» же «үйдің Құты» деп аташат [10]. Кытай тарыхнаамаларында сакталган маалыматтар боюнча эрте орто кылымдагы кыргыздардын социалдык рангдары, материалдык байлыктары менен

дөөлөттүүлүгү алардын ар кыл материалдардан түркүн формада жасалган баш кийими аркылуу аныкталган.

Кыргыз эли өзгөчө аздектеп кийген баш кийимдер болуп Кыдыр [11] ата менен Умай энеден улуу мурас катары калган ак калпак менен ак элечек эсептелет.

Кыргыз этноэтикетинде сакралдуу мааниге ээ «ак» деген сөз көп сандаган диний жөрөлгөлөр менен ырым-жырымдарды коштоп жүрөт. Мисалы, коомдо аброю өсүп, башына бак конгон эркек адамга карата «Ак калпагың башыңдан түшпөсүн!», ал эми аял кишиге карата «Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн!», же «Башыңдагы ак элечегиң бузулбасын!» деген каалоо-тилектер айтылат. Бул каалоо-тилектердин мазмунун «касиеттүү Кыдыр ата менен Умай энеге таандык ыйык баш кийимди булгап, Куттан айрылып калба!» деген эскертүү түзөт.

Теңирден теңдешсиз баалуу белек катары келген Куттан айрылуу дегендик

- ырыс менен кешиктен,
- бакыт менен таалайдан,
- оомат менен дөөлөттөн,
- аруулук менен моралдык тазалыктан,
- ар-намыс менен уят-сыйыттан

арылып калууну билдирет.

Кыргыздар үчүн ак калпак менен ак элечек (орусчасы: национальный женский головной убор в виде тюрбана). кадыресе эле кийимдер эмес. Нукура кыргыздар ак калпак менен ак элечекти ооматтуу жана дөөлөттүү касиетке ээ хан таажы деп билишет. Эзотерикалык адабиятта Кыдыр атадан калган ак калпак аруу элдеринин (арийцы) королдору менен падышаларынын таажысынын прототиби катары берилсе, перс тилинде «илачаг деген сөз «ханышанын баш кийими» (головной убор царицы) деп которулат.

Тарыхый жана илимий булактар, фольклордук материал жана «Манас» эпосундагы маалыматтар боюнча бир кездерде Теңир ишенимине таянып, теңирчи ажолор башкарган «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деген дүйнөнү дүңгүрөткөн империя менен теңирчи билгилер (окумуштуулар) иштеп чыккан «орхон-енисей жазуусу» деп аталган адамзат тарыхындагы эң алгачкы жазманы кийирген уюткулуу кыргыз журту

- араптар менен еврейлер сымал семит элдерине эмес,
- дүйнөгө «руханий падышалар династиясын» («династия духовных царей») берген аруу элдерине (арийцы) кирет [12].
- Ошол себептен, аруу элдеринде алгачкы падыша
- Манас (байыркы кыргыздарда),
- Маннас же Маннус (байыркы германдыктарда),
- Ману (байыркы индустарда),
- Минос (байыркы гректерде),
- Мэнес (байыркы египеттиктерде) деген ысымдар-дын бир эле сөздөн же уңгудан пайда болгону таң калтырат [13].

Аруу элдери түбөлүк өлбөй жашаган Кыдыр ата (Кызыр, Хидр, Хизр, Кадыр, Гэсер, Георгий) менен Умай эненин урпактары болуп саналышат. Ошол себептен,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

аруу элдеринде падышалык титулдар «цезарь», «сесарь», «кесарь», «кайзер», «канцлер», «царь», «сараон» («фараон») түрүндө кездешкени да жөн жерден эмес.

*Дагы эскертсек:*

- кыргыздын касиеттүү ак калпагы – касиеттүү Кыдыр атанын ыйык баш кийими,
- ак элечек - касиеттүү Умай эненин кадыр-оомат жылоологон ыйык баш кийими катары

Евразияны мекендеген аруу элдеринин падышаларынын таажысынын прототиби болгон.

Жогоруда белгиленгендей, тарыхый маалыматтар күбөлөгөндөй, шахтардын мекени болуп саналган Персияда элечек «ханыша кийген баш кийим» деген маанини берсе, египеттик ханайым Нефертитинин баш кийими чөлдөгү ысык климатка ылайыкташтырылган элечектин өзү болуп турат.

«Манас» эпосу да Манас баатыр нарктуу хандардын династиясынан чыкканын, ал династиянын колдоочусу болуп Кыдыр ата эсептелээрин төмөнкү саптар менен таасын далилдейт:

| | |
|---|---|
| Түпкү атасы түгөл хан, Түбүнөн | Первопредки Манаса – одни только ханы, |
| Кыдыр даарыган. | Были благословены Кыдыром. |
| Башкы атасы баары хан, | Все предки Манаса, |
| Башынан Кыдыр даарыган [14]. | Изначально благословены Кыдыром. |

Ошол себептен, кыргыздарда башка конгон Куттан айрылып калбоо максатында

- ак калпак менен ак элечекке өзгөчө аздек маиле кылышат;
- ак калпак менен ак элечекти кир кол менен кармашпайт жана кир колдуугa карматышпайт,
- ак калпак менен ак элечекти тебеленди жерге таштапайт;
- ак калпак менен ак элечекти кийип алып, жер сүзүп, намаз окушпайт,
- ак калпак менен ак элечекти көрүнгөнгө кийгизишпейт.

## КУТ КАЧУУ ЖАНА ЖУТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Кыргыз дүйнө таанымы менен диний философиясында ак менен каранын, жакшы менен жамандын, оң менен терстин табиятын түшүндүрүү үчүн

- КУТ (орусчасы: *божественная благодать*),
- ЖУТ (орусчасы: *беда, нужда, горе, злосчастье*) жана
- КУТ КАЧУУ (орусчасы: *воплощение отсутствия Божественной благодати*) деген терминдер кеңири пайдаланылат.

Эскертүү: Кыргыз дүйнө таанымында он сегиз миң Ааламды жараткан Теңир ак жана кара, жакшы жана жаман, оң жана терс күчтөрдү тең жаратып, дүйнөдөгү тең салмакты (балансты) сактоо үчүн аталган карама каршы күчтөрдүн бирине да колдоо көрсөтпөйт. Ошондуктан, ага «Теңир колдосун!» деп эмес, «Теңир агынан жалгасын!», «Теңир жакшылыгынан жалгасын!», «Теңир жакшылык берсин!» деп кайрылышат.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

Дүйнөлүк масштабда ак күчтүн башында Кыдыр-Умай (Кудай), ал эми кара күчтүн башында Жин-Шайтан турат.

Эреже катары, Умай эне адамга өмүр берип, кырсык-апааттан коргосо, Кыдыр ата адамды «Кут», «бак», «таалай» менен даарыйт. Касиеттүү Кыдыр-Умай (Кудай) эч качан жансыз-жандууга карата

- үрөй учурган каарын төгүү,
- жанды тирүүлөй сууруп алуу,
- тиги дүйнөгө барганда шишкебек кылып кууруу,
- тозок отуна кактоо,
- кабыр азабын тарттыруу,
- өзүнүн аты менен тирүү жанды мууздоо,
- таш бараңга алуу,
- колу-бутун менен тилин, кулагын кесүү, көзүн чукуу

сыяктуу садисттин мүнөздөгү мыкаачы жана таш боор жазаларды колдонбойт.

Теңир ар бир адамга

- Кыдыр-Умай (Кудай) менен Жин-Шайтандын кылган ишин ылгоо үчүн акыл-эс, ошондой эле
- Кыдыр-Умай (Кудай) менен Жин-Шайтандын пайдасына өз ыктыяры менен эркин тандоо жүргүзүү укугун берген.

Эгер адам өз ыктыяры менен Кыдыр-Умайдын (Кудайдын) колдоосунан баш тартып, от түрүндө көрүнгөн Жин-Шайтандын көзөмөлүндөгү терс күчтөргө ыктай баштаса, анда Кыдыр-Умай (Кудай) андай адамдын тандоо укугун сыйлап, аны колдоодон баш тартып, кетип калат. Мындай учурда адамдан «Кут качат» же аны «Кут урат» да, ал адам жогоруда айтылган садисттик мүнөздөгү таш боор жана мыкаачы жазаларды жактырган Жин-Шайтандын курмандыгына айланат. Байыркы славяндар бул кубулушту төмөнкүчө сүрөттөшкөн: «Наряду с ДОБРОЙ ДОЛЕЙ как персонификацией СЧАСТЬЯ в мифологических и позднейших фольклорных текстах у славян выступает НЕДОЛЯ (лихо, горе, злосчастье, беда, нужда, бесталаница, кручина, бесчастье, злыдни) как воплощение отсутствия доли» [15].

Айтылгандардын негизинде кыргыз дүйнө таанымы менен этноэтикетиндеги төмөнкү түшүнүктөрдүн этимологиясы бир топ кызыгууну туудурат деген пикирдебиз:

Демек, Теңирдин берген Кутун касиеттүү Кыдыр-Умай адам баласынын башына кондурат. Ал эми Кыдыр-Умайга түбөлүк оппонет болгон Жин-Шайтан адамдын башындагы Кутту түшүрүп, анын ордуна Жутту кондурат.

ГЕДОНИЗМ (грекчеден *hedone* – рахат, кумар, жыргал) – жашоонун маңызын жарык дүйнөнүн рахаты түзөт. Гедонизмдин негиздөөчүсү болуп байыркы грек философу Сократтын замандашы Аристипп (б.з.ч. 435-355) эсептелет.

Аристипп адамдын жан дүйнөсүнүн төмөнкүдөй эки абалын ажыраткан:

- бир келген жашоонун көркүн чыгарган рахаттар жана

- жашоону кор кылган азаптар.

Ошол эле учурда Аристипп көп сандаган рахаттарды сапаттык жактан бири биринен айырмаланган эмес. Аристипптин пикиринде бакытка алып баруучу жападан жалгыз жол болуп жанды кыйнаган азаптардан айланып өтүп, жан жыргаткан рахаттарга көбүрөөк көңүл бөлүү саналат. Жашоонун маңызы катары Аристип дене рахаттарына чөмүлүүнү атаган.

Эпикур рахатты дене эргүүлөрү эмес, ийгиликтүү жашоонун принциби катары аныктаган. Бул учурда рахаттын максаты катары дене менен жанды азапка салган кесепеттерден арылуу түшүнүлгөн. Ошол себептен, бакытка жарык жашоодогу ашынган рахаттар менен азаптарды четке каккан сабырдуу өмүр сүрүү жетүүгө болот. Утилитарист Иеремия Бентам мындай жобону «эсеп-кысаптуу гедонизм» деп атаган.

Кыргыз этноэтикетинде элдик гедонизмдин өкүлдөрү катары Токтогул Сатылганов менен Асылбек Өзүбековду атоого болот:

| **ГҮЛДӨП АЛ!** | **СЕЛКИНЧЕК** | **ӨМҮР** |
|---|---|---|
| Кызыл күрмө шай кийип,<br>Бойлогула, кыздар ай!<br>Кызуу көңүл бар чакта,<br>Ойногула, кыздар ай!<br>Кылчайып келбейт өмүрүң,<br>Ойлогула, кыздар ай!<br>Ойной албай, күлө албай,<br>Ойногонду биле албай,<br>Кызык күндү өткөрүп,<br>Койбогула, кыздар ай! | Аксаткындын селкинчек,<br>Андай теппей, мындай теп!<br>Бурулчанын селкинчек,<br>Бурбай теппей, мындай теп!.<br>Ойноп, ойноп алгыла,<br>Ойрон калаар бул дүйнө!<br>Күлүп, күлүп алгыла,<br>Күмүрөн болоор бул дүйнө!<br>Жашыл жоолук, дүрдөй жан,<br>Жаңы ачылган гүлдөй жан.<br>Кызыл жоолук, дүрдөй жан,<br>Кыз-келиндер гүлдөй жан. | Өмүр деген<br>Кыпкызыл гүл жайнаган,<br>Өмүр деген<br>Булбул бакта сайраган.<br>Өмүр барда<br>Өкүнбөстөн ойно-күл,<br>Өмүр өтсө,<br>Жаратылбайт кайрадан |

**Адабияттар**


1. Кыргыздар. - Бишкек, 2011. 5-том. 278-бет.
2. *Аюпов Н. Г.* Тенгрианство как открытое мировоззрение. - Алматы, 2012. - С. 172, 173.
3. *Угдыжеков С. А.* Социальная структура раннесредневековых кыргызов. - Абакан, 2003.
4. Судьба // Мифы народов мира. Энциклопедия. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия», 1998. – Т. 2. – С. 472.
5. Доля // Мифы народов мира. Энциклопедия. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия», 1998. – Т. 1. – С. 391.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

6. Маалымат журналист Зулпукаар Сапановдун телекөрсөтүүдө берген маегинен алынды.
7. *Юдахин К. К*. Киргизско-русский словарь. - М., 1995. - С. 452.
8. *Молдобаев И. Б.* «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - С. 78
9. *Львова Э. Л., Октябрьская И. В., Сагалаев А. М., Усманова Н. С.* Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири: Пространство и время. Вещный мир. - Новосибирск, 1988.
10. *Шаханова Н. Ж*. К вопросу о понятии «кут» в традиционном мировоззрении казахов // Традиционное мировоззрение и культура народов Сибири и сопредельных территорий (Тезисы и материалы докладов и сообщений Всесоюзной научной конференции). - Улан-Удэ. 1990. - С. 43.
11. Илимий адабиятта «руханий династияны» түптөгөн касиеттүү адамдын ысымы же анын ысымынан жаралган падышалык титулдар *Кыдыр, Кызыр, Кадыр, Хидр, Хизр, Гесэр, Цесарь, Сесарь, Кесарь, Царь, Георгий, Джордж, Шам, Шак, Шах, Сак* деп аталат // Караңыз: *Аалиева Г. К,* Эзотерика в кыргызском фольклоре. Монография. – Бишкек: УУЖ, 2019; *Аалиева Г. К., Кыдыршаев З*. Концепция духовного возрождения: Всевышний мой - Теңир, покровители мои – Кыдыр+Умай, разум мой – Манас. – Бишкек, 2019; *Сапанов З.* Кыдыр санжырасы. – Бишкек, 2016.
12. Караңыз: *Блаватская Е. П*. Тайная Доктрина. - М., 2011. - Т. 2; . («Путешествие Ренара в Лапландию», I, 184; *Пешкова В.Е*. Книга Гермеса – ключ к Тайной Доктрине. 3-е изд. - Москва-Берлин, 2015.
13. *Блаватская Е. П*. Тайная Доктрина. - М., 2011. - Т. 2. - С. 906.
14. *Каралаев С*. Манас. – Бишкек, 2010. 18-бет.
15. Доля // Мифы народов мира. Энциклопедия. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия», 1998. – Т. 1. – С. 391.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕРДИН ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЭПИКАЛЫК САЛТТУУЛУК (ФОЛЬКЛОРИСТ-ЭТНОГРАФ С.Т.КАЙЫПОВДУН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНҮН МИСАЛЫНДА)

**Култаева Ү.Б.**

филология илимдеринин доктору,
адабият таануучу

## Аннотация

Макалада түрк тилдүү элдердин фольклордук чыгармаларындагы эпикалык салттуулук фольклорист, текстолог С.Т. Кайыповдун изилдөөлөрүнүн базасында талдоого алынат. Окумуштуунун эмгектеринде изилдөөгө жасаган жекече мамилеси, колдонгон методдорунун негизинде жараткан илимий табылгалары фольклористикадагы жаңылык жана түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармаларын мындан ары изилдөөлөргө үлгү болуучу сабактарына тиешелүү баа берилет.

Тектеш элдердин оозеки чыгармаларындагы эпикалык салттардын маданий баарлашууну өнүктүрүүгө, илимий изилдөөлөрдүн келечегине оң таасир этүүчү ролу аныкталат.

**Түйүндүү сөздөр.** Эпикалык салттуулук, этногенез**,** этномаданият, этнография, архивдик материалдар, текстолог, статистикалык метод, типтүүлүк.

***

Бир атадан тараган, бир этногенездеги түрк тилдүү элдердин басып өткөн тагдырлаш тарыхый жолу көчмөн цивилизациянын көркөм дүйнөсү болгон элдик оозеки чыгармаларда эпикалык салттуулукту жаратканы белгилүү. Эпикалык салттуулук – элдик оозеки чыгармалардын өзөгү. Анын калыптанышы фольклордук чыгармалардын этаптуу өнүгүү эволюциясын, аларда көркөм чагылган турмуш чындыгынын катмарларын камтыйт. Ал эми түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармаларындагы эпикалык салттуулуктун негизин бирдей дүйнө тааным, бирдей жашоо образы, тектештик, элдердин тарыхый басып өткөн жолунун жалпылыгы түзөт.

***Эпикалык салттуулук –*** оздон оозго өтүп кылымдарды карыткан эпостордун *өмүрүнө кепил болчу феномен*. Белгилүү фольклорист Э.Абдылдаевдин сөзү менен айтканда, элдик оозеки чыгармаларды илимий талдоого алуу үчүн алардын ички сапаттык касиети – «традициялык типтүү учурларына жана туруктуу эпикалык формулаларына аналаз берүү зарыл» [1, 3]. Эпикалык салттуулук фольклордук чыгармалардын өзөк окуяларын бир системага келтирип, улам кийинки муундун айтуучуларына эстафета катары өтүшүн шарттайт. Натыйжада элдик оозеки чыгармалардын канча варианты же версиясы болбосун анда салттуулуктун сакталышы тектеш элдердин руханий жана материалдык маданиятынын этногенезининдеги жалпылыктан кабар берет. Ошону менен бирге эпикалык салттуулук стадиялык өнүгүү эволюциясында улам кийинки айтуучунун варианты аркылуу коомдун, ага карата коомдук аң-сезимдин, элдик дүйнө таанымдын өзгөрүү абалын көркөм чагылдырат. Мындай мыйзам ченем тектеш элдин *тилин, этнографиясын, тарыхын, этномаданиятын* изилдөөнүн өзгөчө булагы катары кызмат өтөйт. Демек, тектеш элдердин фольклорунда сакталган эпикалык салттуулукту изилдөө мындан аркы маданий баарлашуунун өнүгүшүнө зор кубат берүү мүмкүндүгүнө ээ.

Адамзат тарыхында түрк тилдүү элдердин тарыхый басып өткөн жолу, руханий дүйнөсүндөгү жалпылык дүйнөлүк масштабдагы окумуштуулардын фундаменталдуу изилдөөлөрүнүн назарына илинип, түркология илиминин калыптанышына негиз болгон. Ошондой окумуштуулардын катарында фольклорчу-этнограф, тилчи, текстолог, жазуучу-публицист, котормочу, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Сократ атындагы эл аралык сыйлыктын (SOCRATES INTERNATIONAL AWARD) лауреаты, Европа Ректорлор Клубунун (THE CLUB OF THE REKTORS OF EUROPE) мүчөсү, коомдук ишмер Сулайман Турдуевич Кайыпов бар.

С.Т.Кайыпов XX кылымдын 80 – жылдарынан баштап, илим дүйнөсүнө баш оту менен кирген, киргенде да адегенде эле тандаган илимий темасы жалпы түрк тилдүү элдердин эпикалык мурастарын салыштырма-типологиялык аспектиде иликтөөгө арналган. Тактап айтканда, алгач «Эл ырчылары» аттуу тема менен илимий чыгармачылыгын баштаган окумуштуунун 1978-1980 – жылдары СССР Илимдер академиясынын М.Горький атындагы Дүйнөлүк адабият институтунан оозеки чыгармачылыкты изилдөө бөлүмүндө такшалмадан өтүшү аны илимдеги түркология мейкиндигине алып келген. 1981-1984 – жылдары ошол эле институттун аспирантурасында окуп, 1984-жылы «Эр Төштүк» эпосунун көркөм сүрөттөө каражаттары (кыргыз жана башка түрк тилдүү элдердин версияларынын мисалында)” Художественно-изобразительные средства эпоса «Эр Тёштюк" (на материале киргизской и других тюркоязычных версий) аттуу кандидаттык диссертациясын коргошу С.Кайыповдун эл аралык деңгээлдеги окумуштуу болоруна алдын ала аян берген көрүнүш эле. Анткени «Эр Төштүк» эпикалык чыгармалардын ичинен сюжеттик-композициясынды бир нече түрк тилдүү элдерге гана эмес, «Монголиядан тартып Батыш Европага чейинки ареалда англо-франк, кавказдык түрк тилдүү элдердин, эпикалык чыгармаларында жана славян фольклорунда» [2, 68] кездешкен айрым типологиялык окшоштуктарга ээ; көп жанрлуу, көп варианттуу чыгарма катары дүйнөлүк масштабдагы окумуштууларды кызыктырган.

Эпостун табияты изилдөөчүнү фольклор таануу илиминин кориферлери: В.В.Радлов, Г.Н.Потанин, Х.Г.Короглу;«Эр Төштүктүн» версиялары бар башка түрк элдеринин чыгаан окумуштуулары: М.Ауэзов, П.А. Фалев, Ф.В. Ахметовалардын фундаменталдуу эмгектерин үйрөнүүсүнө негиз түзгөн. Натыйжада ал өзүнө чейинки изилдөөлөрдүн алкагынан чыгып, В.В Радлов тарабынан 1871-жылы жарыяланган 2146 ыр сабынан турган текстти [3,4] жана Казандагы, Кыргызстан, Казакстандагы архивдик кол жазмаларды терең салыштырма-типологиялык талдоого алышы фольклордук изилдөөнүн *жашырын сырларын өздөштүрүүгө* шарт түзгөн. Ошондуктан бул изилдөөнүн баалуулугу салыштырма-типологиялык талдоого алынганындыгы гана эмес, андагы С.Т.Кайыповдун *текстологиялык* ***анализи*** «фолклористикадагы жаңычыл ачылыш»[4, 16] катары бааланып келет. Диссертациялык материалдын негизинде толуктап, тереңдетип, кайра иштеп чыккан окумуштуунун «Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк» аттуу монографиялык эмгеги чынында эле жаңычыл жана баалуу эмгек экендигин эпостаануу боюнча жарыяланган жаңы басылмаларда фольклористтер бир добуштан белгилешет [5 ].

Түрк тилдүү элдердин үчөөнө таандык «Эр Төштүктүн» кыргызчасына Саякбай Каралаевдин, казакчасына И.Ахметовдун, татар тилиндеги версиясына В.Радлов

жазып алган тексттерди салыштырма-типологиялык талдоого алуу процессинде, ал мезгилде фольлористикада кеңири жайыла элек, азыркы мезгилде санариптештирүү тенденциясына жараша актуалдуу мүнөзгө ээ болгон статистикалык методду колдонгон. Бул багытта С. Каралаевдин айтуусу менен төрт жолу басмадан чыккан «Эр Төштүктүн» төртөө төрт башка болуп чыкканы илимий чоң проблема эле. Эпостун оригиналындагы 16559 саптын биринчиси (1938) басылышына – 16 017, экинчиси – 12 316, үчүнчү жана төртүнчү басылышы 14 154 ыр сабын түзөт. Казак баатырдык жомогунда да ар кайсы басылмаларында текстеги персонаждардын аттарында (Алп кара кус – Симург, Кол Таусар – Көлжутар ж.б. ) өзгөрүүлөр орун алгандыгын жомоктун поэтикасына терс таасирин тийгизгендигин белгилеген. Ал эми татарлардын «Ийир Төшлик» жомогун басмадан чыгарууда В.В.Радлов тарабынан жарыяланган текст сакталуу менен анын тили азыркы татар тилине ылайыкташканы жакшы көрүнүш катары бааланган [3, 16-17-бб]. Текст менен иштөөдө келип чыккан мындай проблемалар – текстке редакторлук кийишүүлөр изилдөөчүнү басмадан чыккан материалдардан баш тартып, архивдик материалдар менен иштөөсүн шарттаган. Ушунун өзүндө фольклордук изилдөөнүн табияты талап кылган «жашырын бир сыры» *текстологиялык анализге муктаж* экендиги аныкталган.

Текст менен иштөө изилдөөчүгө изилдөөнүн дагы бир мейкиндигин – көркөм сүрөттөөлөрдү эпостун стилдик каражаты гана эмес, эпостун сюжеттик-композициясын уюштуруудагы ролун *генетикалык башаттары* аркылуу талдоо зарылдыгына багыттаган. Натыйжада гипербола С.Т. Кайыповдун аталган эмгегинде эпостун бүтүндөй поэтикасын анализдөөнүн детерминанты катары каралат. Аталган чыгармалар фантастикалык, мифологиялык катмарлардан тургандыктан, эпикалык мейкиндик үчкө: жер асты, жер үстү жана асмандан турары да эпикалык салттуулук катары сакталгандыгы элдердин байыркы дүйнө таанымынан катар берип, алардын окшош тарыхын, ой-туюмдарынын жалпылыгын жараткан.

Окумуштуу түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларында калыптанган эпостук сюжеттин негизин түзгөн баатырдын үйлөнүү окуясы жана анын тоскоолдуктар менен болгон күрөшүн салыштырма-типологиялык талдоого алып, «Эр Төштүктүн» үч элдеги версиясында бирдей кездешкени алардын генетикалык жалпылыгын шарттаган төмөнкү факторлор сюжет курууда детерминанттык роль ойногонун негиздеген:

- элдердин бир аймакта, бирдей тарыхый тагдыр кечирип жашагандыгы;
- элдердин жашоо образынын окшоштугу;
- элдин бирдей рухий жана материалдык маданиятка ээ болушу

Ал эми «Ийир Төшликте» баатырдын жылан менен болгон күрөшү казактардын «Ер Тёстик», кыргыздардын «Эр Төштүк» эпосундагыдай сюжет куруу деңгээлине жетпей калуу себебин кыргыз-казактардын шаман ишенимине байланыштуу деген жыйынтыкка келген. Демек, *эпостун поэтикасындагы көркөм каражат эпикалык салттуулуктун генезисин да, анын сюжет куруудагы ролун да, чыгармаларда көркөм чагылган элдин ишенимин да аныктоого ачкыч болуп берген.*

Эпикалык негизги каармандын өмүр баянындагы эпикалык салттуулуктун (баласыздыктан кор болгон ата-эненин сыйынуусу, баатырдын күттүрүп

төрөлүшү, тез чоңоюшу, жар издеши, кыздын атасынын тапшырмаларын аткаруу, кара күчтөр менен болгон күрөштө жеңишке жетиши, сыйкырдуу буюмдары, минген атынын (үч элдеги: Чалкуйрук, Шалкуйрук, Цалкуйрук) кубулушу, жардамчыларынын сыйкырдуу күчкө ээ болушу жана алардын (төрт Мамыт) жардамга келиши ж.б.) жалпы жана айырмалуу өзгөчөлүктөрүн текст аркылуу салыштыра изилдөөдө С. Т. Кайыпов бир нече тил (казак, татар) үйрөнүүгө жетишкен. Натыйжада азыр маанисин так билбей эле колдонуп жүргөн түрк тилдүү элдерге таандык сөздөрдүн этимологиясы (умачтай көзү ачылып, устукан сөөгү мистедей ж.б.) аныкталган. Айрыкча «Эр Төштүктүн» тексти байыркы эпостун үлгүсү катары көркөм сөз каражаттарга абдан бай экендиги тыкыр изилденген.

Биз буга чейин сөз кылгандай, көркөм сөз каражаттардын элдик оозеки чыгармалардагы колдонулуу жыштыгын аныктоодо да окумуштуу статистикалык методду колдонгондугу изилдөөнүн жогорку деңгээлин камсыз кылган. Эки аспектиде, бир нече топко бөлүнүп классификациялаган көркөм сүрөттөө каражаттары азыркы мезгилде да фольклордук изилдөөнүн үлгүсү катары жаш изилдөөчүлөргө сабак берүү мүмкүндүгүнө ээ:

I. Салыштыруу образына карата пейзаж 23 салыштыруу аркылуу 86 конструкцияны жараткан.

1) айбанаттар дүйнөсү: 57 айбанаттын образы 140 ашуун кездешет (үй айбанаттары: айбан, мал, буура, ат, тай, кой, кочкор, бука,тайган, ит, күчүк, улак);
2) кайберендердин образы: аркар, кулжа, бөкөн, кийик, элик, каман, кулан)
3) жырткычтардын образы: сүлөөсүн, жолборс, кузгун;
4) канаттуулардын образы: торгой, карга, чымчык, кузгун, чыйырчык, тоту, бөдөнө;
5) жырткыч канаттулардын образы: бүркүт, кыргый, карчыга;
6) чымын-чиркей, курт-кумурскалардын образы:чымын, кене, кумурска;
7) тоонун образы эпикалык баатырга карата 21 салыштыруу, ал эми анын душмандарына карата 25 салыштыруу; тоонун өзү 24, тоонун теңи 11 салыштыруу, Ала-Тоо менен Опол-Тоо 21 [3,127-б.] салыштырууга колдонулганы аныкталган.

Изилдөөчү өзүнө чейинки окумуштуулардын (3, 127-134-бб.) эмгектерине таянып, **тоо культу** жалпы түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларындагы архаикалык катмар экендигин далилдеген.

II. Салыштыруу көркөм сөз каражаты катары

1) өсүмдүктөр дүйнөсү: чөп, маш, алма, мисте, карагат, карагай, камгак, чырпык, чынар, чыбык;
2) жаратылыш кубулуштары: шамал, куюн, закым, тоо жели, булут
3) космостук кубулуштар: күн, ай, чолпон, жылдыз ж.б.

Диссертациянын ушунчалык терең изилдениши С. Т. Кайыповдун илимий багыты гана эмес, анын ТАГДЫРЫН аныктоочу факторго айланды. болду. Улам кийинки изилдөөлөрү түрк тилдүү элдердин фольклорундагы эң талуу проблемаларды кучагына алып келет. Кайсы темада, кандай багытта жазса да ал

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

түрк тилдүү элдердин рух дүйнөсүндөгү баалуулукту туу тутуп, элдик оозеки чыгармалардын тарбиялык маанисин талдап жазды. 1997-жылдан Түркияда Чыгыш Анатолиядагы Ван шаарындагы Жүзүнчү Жыл университетинде Гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түрк тили жана адабияты бөлүмүндө профессор болуп иштеши окумуштуунун илимий масштабын дагы тередетти. “Түрк элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Жаңы түрк жазуу тилдери”, “Түрк баатырдык жомоктору”, “Жомок поэтикасы”, “Текстология негиздери”, “Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы”, “Кыргыз тили”, “Казак тили” жана “Өзбек тили” боюнча берген сабактары анын фольклордук чыгармаларга текстологиядык талдоо жүргүзүүнүн жаңы багыттарын аныктоого шыктандырды. Түркияда өмүр кечирип, жыйнаган фольклордук материалдардын жыйналуу тарых-таржымалын «көзүмдүн карасы, көңүлүмдүн жарасы, .... көкүрөк дартым, көз жашым» атаганы бекеринен эмес эле. Бул материалдар 2006-жылы «Жылга бергис жарым күн» [7] деген ат менен илимий-популярдуу адабият жанрында коомдук аң-сезимге күчтүү таасир этти. Китептеги Ван кыргыздарынын элдик оозеки чыгармаларынан жыйналган 33 метел (макал), 28 табышмак, 189 саптан турган санат ыр, бир нече ыр, тил сындырмак (жаңылмач), кошоктун айрым үлгүлөрү, мазмунун угуп, бирок жазылбай калган «Кырк шейит» аңгемеси катардагы фольклордук материал болуу менен чектелбейт. Анткени анда Алайдын аскалуу Ала-Тоосун, көк кашка суусун бир көрүүгө зар болуп, бөтөн жерде арман жана кусалык менен жашап өткөн Мамазия карыянын арманы..., “Манасты” окуганда солкулдап ыйлап, хан кадыры калкына кайрылбай, карегине киндик кан тамган жердин элесин чөгөрүп, асыл адамдык наркы бааланбай: «Эй, бечара Рахманкул ажы, Кечиң, таңың өз колуңда болгон жок» [7, 88] – деп, өз тагдырына өзү боздоп ыр жазган, текке кеткен өмүрүнө кейиген күйүтү жер көтөргүс Рахманкулдун арманы бар. Алардын тагдырын кайталагандай, ата журт кусалыгы улам жан-дүйнөсүнө тынчтык бербеген Сулайман фольклорчунун да арманы бар эле. Бул арманды Ван кыргыздары:

«Эр ватани –туулуп түшкөн жери, Ит ватани жувунду ичкен жери» - деген макал менен сөөккө айтканын жазып алган окумуштуунун фольклорго болгон көз карашын жаңы этаптык деңгээлге алып чыкты.

Материалдар этникалык кыргыздардан жазылып алганы менен андан окумуштуу жалпы түрк дүйнөсүнүн руханий баалуулуктарын көрө билди. Мамазия карыя акыркы демин жыйнап айтып берген санат ырларында түрк тилдүү элдердин жашоого болгон философиялык ой-туюмдарын, «кыркы менен кырк жолу кошо өлүп, кырк жолу кайра тирилип» [7, 59], кара сөздү нөшөрдөй төгүп айкан «Кырк шейит» аңгемесинен социалисттик саясаттын кандуу изин көрдү. Тарых жаза албаган чындыкты фольклор чагылдырарын дагы тереңден аңдаган фольклорчу генезиси жалпы төмөнкү типтүү көрүнүштөр жалаң кыргыздарга эмес, түрк тилдүү элдердин чыгармаларындагы калыптанган салттуулук экендигин илимий жалпылоого жетишти.

1. Башка элден табылбаган дидактикалык ойломдун жеткен бийиктиги Ж.Баласагын, М.Кашкари калтырган мурастардан баштап кылымдарды карыта улантылып келаткандыгы;
2. Өмүр, өлүм айланпасында өмүрдүн убактылуулугу, жашоонун түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү философиялык ой корутундулардын тереңдиги;
3. Убакыт жана мезгил түшүнүгүнө философиялык көз караш;

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

4. Бүгүн көргөн эртең жок философиясы
5. Көңүл маселесинин көркөм философиясы

Изилдөөчүнүн текст менен бекемделген мындай илимий корутундулары, албетте, түрк тилдүү элдердин фольклорун мындан ары изилдөөгө багыт берет. Ал эми кийинки «Түркияда жашаган памир кыргыздарынын кошоктору: Лингвофольклористикалык булак катары: Изилдөө жана Текст», «Түркияда жашаган памир кыргыздарынын макал, лакаптары: Лингвофольклористикалык булак катары», «Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Этнографиялык изилдөө: Үч томдук: 1-том: Илимий макалалар» эмгектери өзүнчө сөз кылууга муктаж, фундаменталдуу фольклордук материалдар эсептелет.

Окумуштуу С. Т. Кайыповдун фольклористикадыгы орду анын элдик оозеки чыгармаларга жасаган аяр мамилеси менен аныкталат деген ойдобуз. Ал фольклордук тексти тектеш элдеридин тарыхын, тилин, этнографиясын, этномаданиятын, дүйнө таанымын таанып-билүүнүн башкага алмаштыргыс булагы, оозеки архив, документ эсептейт. С.Т. Кайыпов үчүн фольклордук чыгармалардын кол жазмасындагы ар бир тыбыш, ар бир тамга, ар бир диалект сөз, тилдик, орфографиялык, орфоэпиялык, стилистикалык, вербалдык жана вербалдык эмес каражаттар кол тийгис, ыйык нерсе. Текст – фольклордун жаны. Ага чыккынчылык жасоого болбойт. Ушул принциби С.Т. Кайыповдун илимдеги өмүрүнө кепил болот деген ойдобуз.

### Колдонулган адабияттар


1. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык тоформулалары. Б.:Шам, 1997.
2. Потанин Г.Н. Восточные мотивы в средневековом европейском эпосе. М., 1899.
3. Кайыпов С.Т. «Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк». Ф.:Илим, 1990.
4. Исаева А.К. Стадиальное развитие эпоса «Эр Тештюк» / Вестник Северо-Восточного федерального университета имени М. К. Аммосова: Серия Эпосоведение, № 2 (18) 2020.
5. «Эр Төштүк» энциклопедиясы. Б.: «Манас улуттук академиясы» 2023.
6. Кайыпов С.Т. «Художественно-изобразительные средства эпоса «Эр Тёштюк» ((на материале киргизской и других тюркоязычных версий) дис. ... канд. филол. наук. М., 1984.
7. Кайыпов С.Т. «Жылга бергис жарым күн». Бишкек, 2006.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

# DANZİK, BAYDARLI VƏ ÇULLU//ÇUL//ÇOL OYKONİMLƏRİNİN TÜRK TOPONİMİYASINDA AREALLARI

**Kərimova İradə Məzahim qızı**

Azərbaycan Dövlət Pedaqoji Universiteti,
filologiya üzrə fəlsəfə doktoru, dosent
ORCİD İD:0000-0002-8057-8333
irade.kerimova.81@mail.ru

## Xülasə

Məqalədə Danzik, Baydar və Çullu//Çul//Çol oykonimlərinin leksik-semantik, etimoloji izahı araşdırılmışdır. Danzik kəndi qədim oğuz yurdu olmuşdur.

Görkəmli alim İ.Həbibbəyli Danzik sözünün etimologiyasını izah edərkən bu sözün "Kitabi-Dədə Qorqud" dastanında işlənmiş "dansux" sözündən olub, "erkən dan çıxan yer" mənasında işləndiyini bildirmişdir. Həmin kəndin adı XX əsrin 60-cı illərindən sonra yeniləşdirilərək etimoloji mənasına uyğun şəkildə Tanyeri adlandırılmışdır. İ.Həbibbəyli bir başqa əsərində isə ***dansux*** sözünün "dan sökülən yer" mənasında işləndiyini, yerləşdiyi coğrafi mövqeyə uyğun Arpaçayın sahilində uca dağların üzərində qərar tutmuş Danzik kəndində dan yerinin erkən söküldüyünü, günəşin tez doğulduğundan bəhs etmişdir.

A.İmanlı isə Danzik toponimini etnotoponim hesab edərək I component olan "dan"-ı qədim türk tayfalarından biri olan *tonlarla* bağlamışdır. Müəllif qıpçaqların tərkibində Azərbaycan gəlmiş tonların bir çox toponimlərdə öz adlarını əbədiləşdirdikdiklərini qeyd etmişdir. Əslində, Danzik kəndi elə bir coğrafi mövqedə yerləşmişdir ki, şərq və qərb tərəfdən cənuba doğru uzanan dağ silsiləsi ilə əhatə edildiyindən kəndə günəş dağla səmanın kəsişmə nöqtəsindən qəflətən çıxır, fikrimizcə Danzik "dan yeri sökülən yer" anlamını bildirmişdir.

E.Nuriyev Baydarlı toponiminin yayılma arealını araşdırarkən bu oykonimin yaranması haqqında iki fikir irəli sürmüşdür. Onlardan biri onun şəxs adı ilə, digəri isə tayfa adı ilə bağlı olmasıdır.

R.Əliyeva Baydarlı toponiminin etimologiyasını izah edərkən yazır: "Baydar – monqol döyüşçüsüdür. XIII əsrdə monqol xanlarının sarayında olmuş Dominikan keşişi, Astselin bu sözü "voevoda" kimi tərcümə etmişdir".

Azərbaycan xalqının dili və mənşəyinin formalaşmasında çullu tayfasının böyük rolu olmuşdur. Çul etnoniminin iştirakı ilə formalaşmış coğrafi adlara təkcə Azərbaycanda deyil, Qafqazda və türk xalqlarının yaşadığı digər ərazilərdə də rast gəlmək mümkündür. Q.Qeybullayev Çullu//Çul//Çol etnotoponimini türk mənşəli "çullu" etnoniminin əsasında yarandığını, Q.Məşədiyev isə V.Q.Yeqorova əsaslanaraq Çol/Çulu türk mənşəli söz olub çuvaş dilində "daş", "qaya", "dərə" mənalarında işləndiyini yazmışdır. N.Əsgərov Çol-Çul-Sul oniminin "su", "çay" kimi izahının daha elmi olduğunu bildirmişdir.

**Açar sözlər:** paleotoponimiya, toponim, areal, oykonim, oronim, arxaik, coğrafi, komponent

# AREAS OF OIKONYMS DANZIK BAYDARLY AND CULL//CULLU IN TURKIC TOPONYMYS

## Abstract

The article deals with the lexical-semantic, etymological explanation of the oikonyms Danzik, Baydar and Cull//Cullu. The village of Danzik was the ancient homeland of the Oghuz.

Prominent scientist I. Habibbeyli, explaining the etymology of the word Danzik, pointed out that this word comes from the word "dansuh", used in the epos "Kitabi-Dede Gorgud", and means "a place that arose from ancient times." The name of this village was renewed after the 60s of the 20th century and, according to the

etymological meaning, became known as Tanieri. In another work by I. Habibbeyli, it is mentioned that the word "dansukh" is used in the meaning of a place where there is an early dawn, and in the village of Danzik, which is located on high mountains on the banks of the Arpachay, because of its geographical position, it was mentioned that the sun rose early.

A.Imanli considered the toponym Danzik to be an ethnotoponym and connected the I component "dan" with the Tans, one of the ancient Turkic tribes. The author notes that the Tans, who came to Azerbaijan as part of the Kypchaks, immortalized their names in many toponyms. In fact, the village of Danzik is located in such a geographical position that the sun rises suddenly from the point of intersection of mountain and sky, as it is surrounded by a mountain range that stretches from east and west to south. Thus, in our opinion, Danzik expressed the meaning of "the place where the earth is removed."

E. Nuriev, exploring the distribution area of the Baydarly toponym, put forward two assumptions about the origin of this oikonym. One of them is that it is associated with a personal name, and the other is that it is associated with a generic name.

Commenting on the etymology of the Baidarly toponym, R. Aliyeva writes: "Baidar is a Mongol warrior. Atselin, a Dominican priest who was at the court of the Mongol khans in the 13th century, translated this word as "voivode."

The Chullu tribe had a great role in the formation of the language and origin of the Azerbaijani people. Geographical names formed with the participation of the Chul ethnonym can be found not only in Azerbaijan, but also in the Caucasus and other areas inhabited by Turkic peoples. G. Geibullayev wrote that the ethnotoponym Chullu//Chul//Chol was formed on the basis of the Turkic ethnonym "chullu", while G. Mashadiyev based on V.G. Yegor wrote that Chol/Chulu is a word of Turkish origin and is used in the Chuvash language to mean "stone", "rock", "valley". N. Asgarov stated that the explanation of the name Chol-Chul-Sul as "water", "river" is more scientific.

**Keywords:** poletoponym, toponym, areal, oikonym, oronym, archaic, geographical, component.

***

*Aktuallıq:* Toponimlərin tədqiqi bütün dövrlərdə dilçiliyin qarşısında duran ən aktual məsələlərdən biri olmuşdur. Çünki toponimlər mənsub olduğu xalqın bütün cəhətlərini, etnoqrafiyasını, tarixini, inam və etiqatlarını, tarixini və s. əks etdirməklə həmin xalq haqqında doğru həqiqətləri ehtiva edən mənbə rolunu oynamaqadadır. Torpaqlarımıza qarşı ərazi iddiasında olan mənfur düşmənlərimizə layiqli və əsaslandırılmış cavab vermək məqsədilə həmin mənbələri təkrar-təkrar tədqiq etməli, bütün dünyaya tanıtmalıyıq.

*Annotasiya*: Azərbaycan paleotoponimiyası qədim türk leksik-semantik elementləri ilə zəngindir. Belə leksik vahidlərin müxtəlif növ obyekt adlarının tərkibində mühafizə etdikləri arxaik məna çalarlarını isə həm qədim türk abidələri və qohum türk dilləri materialları əsasında, həm də coğrafi obyektin özünün bilavasitə müəyyən səciyyəvi cəhətlərini nəzərə almaqla müəyyənləşdirmək, bərpa etmək mümkündür. Uzaq keçmişdə baş vermiş etnik proseslər, hadisələr öz izlərini qabarıq şəkildə türkdilli xalqların toponimiyasında da saxlamışdır. Ərazidəki türk mənşəli toponimlərin böyük bir qismini ayrı-ayrı tayfa və tayfa birləşmələrinin adları təşkil edir ki, bu da həmin ərazidə məskunlaşmış əhalinin mənşəyi, etnik tərkibi haqqında tutarlı faktları özündə əks etdirir. Türk xalqlarının tarixən yaşadıqları ərazilərin dəqiqləşdirilməsində, etnik tərkibinin müəyyənləşdirilməsin də toponimləri areallar üzrə tədqiq etmək daha əhəmiyyətli və məqsədəuyğundur. Məqalədə də, Azərbaycanın qədim yaşayış məskənlərindən biri olan Danzik, Baydar və Çull//Çullu oykonimlərinin leksik-semantik etimoloji izahı verilmişdir.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Həmin toponimlərin türkmənşəli olması ilə ərazinin də qədim türklərə mənsub olduğu qənaətinə gəlmək olur.

*Metod:* Məqaləni hazırlayarkən əsasən, tarixi-müqayisəli və müqayisəli-qarşılaşdırma metodlarından istifadə olunmuşdur.

## Giriş

Naxçıvan MR-nın Şərur rayonunda Arpaçayın sahilində yerləşən qədim yaşayış məskənlərindən biri də ***Danzik*** oykonimidir. Kəndin əhalisi XX əsrin 70-ci illərində Arpaçay su anbarının tikintisi ilə əlaqədər olaraq Danyeri yaşayış məntəqəsinə köçürülmüşdür. Danzik kəndi qədim oğuz yurdu olmuşdur. Bu kəndin Qarağac piri adlanan sahəsində Qara Qasımın qəbiristanlığı adlanan yerdə oğuz qəbirləri mövcuddur [6. 10].

Naxçıvan qəzasının Naxçıvan nahiyəsində Qaraçuq, Qarabağ nahiyəsində Səng, Sükar, Zoq, Bazarçay nahiyəsində Siqad, Vedi nahiyəsində Çiqin, Çiqindər, Çaqlı, Gənzək, Abaran nahiyəsində Səkni, Əlincə, Ağsaq, Şorlut nahiyəsində Gənzək, Əlincə nahiyəsində Əlincə, Əlincəqala, Böyük Ərəfsaq, Kiçik Ərəfsaq, Sisiyan nahiyəsində Sənkar, Şəki, Ərəfsəcik (Ərəfsaq), Sisəcan, Pişək (Kisək yazılışı da var), Məzrə nahiyəsində Sanqur, Dərələyəz nahiyəsində iki Gənzək kəndi, Caqazur, Danzik, Göyçə nahiyəsində Kənzək, Abaran nahiyəsində Şiqsaq və Gənzək belə adlardan olub tarixi sübutların canlı daşıyıcılarıdır [2]. Danzik toponiminin etimologiyasına dair dilçilik ədəbiyyatlarında müxtəlif mülahizələrə rast gəmək olar.

A.İmanlı Danzik toponimini etnotoponim hesab edərək I component olan “dan”-ı qədim türk tayfalarından biri olan tanlarla bağlamışdır. Müəllif qıpçaqların tərkibində Azərbaycana gəlmiş tanların bir çox toponimlərdə öz adlarını əbədiləşdirdiklərini qeyd etmişdir. O, Azərbaycandakı Tanğıt, Tanaşen, Danzik, Danşor, Danaçı və s. məhz bu etnonimin adı ilə bağlı olduğunu bildirmişdir [9. 13].

Müəllif tancıq//dancıq (yəni kiçik tan, tanların kiçik bir hissəsi) formasında olan sözün fonetik dəyişiklik nəticəsində *dancik*, s-z səsəvəzlənməsi sayəsində Danzik şəklinə düşdüyünü, tan//dan sözünün digər türk dillərindən fərqli olaraq Azərbaycan dilində sözlərin cingiltili samitlərlə tələffüzü və yazılışı üstünlük təşkil etdiyini bildirmişdir [8. 22].

Görkəmli alim İ.Həbibbəyli Danzik sözünün etimologiyasını izah edərkən bu sözün “Kitabi-Dədə Qorqud” dastanında işlənmiş “dansux” sözündən olub, “erkən dan çıxan yer” mənasında işləndiyini bildirmişdir. Müəllif yazır ki, XVI əsrin əvvəllərində Şərur mahalından 10 kəndin əhalisinin bir hissəsi Türkiyəyə köçürülmüşdür. Bu kəndlərdən biri olan Danzik kəndi Ərzincan vilayətində məskunlaşdırılmış, burada Danzik adlı kənd salmışlar. Həmin kəndin adı XX əsrin 60-cı illərindən sonra yeniləşdirilərək etimoloji mənasına uyğun şəkildə Tanyeri adlandırılmışdır [7. 45].

İ.Həbibbəyli bir başqa əsərində ***dansux*** sözünün “dan sökülən yer mənasında işləndiyini, yerləşdiyi coğrafi mövqeyə görə Arpaçayın sahilində uca dağların üzərində qərar tutmuş Danzik kəndində dan yerinin erkən söküldüyünü, günəşin tez doğulduğundan bəhs etmişdir [6. 10].

"Kitabi-Dədə Qorqud" dastanında bu sözün üç yerdə işləndiyini görmək mümkündür. Məsələn, "Bəzirganlar dəxi gecə-gündüz yola girdilər; İstanbula gəldilər dan-danışıx ilə yəxşi ərməğanlar oldılar"; "On altı yıldır ki, Oğuz içindən getmiş idik". "Dan-danışsux kafər malın Oğuz bəglərinə gətirür idik" [20. 52-53].

Əslində, Danzik kəndi elə bir coğrafi mövqedə yerləşir ki, şərq və qərb tərəfdən cənuba doğru uzanan dağ silsiləsi ilə əhatə edildiyindən kəndə günəş dağla səmanın kəsişmə nöqtəsindən qəflətən çıxır.Beləliklə fikrimizcə Danzik yerləşdiyi coğrafi mövqeyə əsasən "dan yeri sökülən yer" anlamını bildirmişdir.

**Baydar** – "Baydar" apelyativi əsasında formalaşmış toponimlər Qafqazda daha geniş yayılmışdır. Azərbaycanın Qax rayonunda Baydarlı oykonimi mövcuddur. E.Nuriyev Baydarlı toponiminin yayılma arealını araşdırdıqda görürük ki, ***baydarlı*** etnonimdir. Bu etnonim XVII əsrdə monqolların və Krım tatarlarının içərisində də məlum imiş. Müəllif Baydarlı oykoniminin yaranması haqqında iki fikir irəli sürmüşdür. Onlardan biri onun şəxs adı ilə, digəri isə tayfa adı ilə bağlı olmasıdır. Baydar bir şəxs adı kimi 1273-cü ildə monqolların içərisində dəstə başçısı (Əmir Baydar) kimi çəkilir [17. 42].

R.Əliyeva Baydarlı toponiminin etimologiyasını şərh edərkən yazır: "Baydar – monqol döyüşçüsüdür. XIII əsrdə monqol xanlarının sarayında olmuş Dominikan keşişi Astselin bu sözü "voevoda" kimi tərcümə etmişdir" [4. 134].

Baydar etnotoponiminin areallarına Gürcüstan, Qərbi Azərbaycan (indiki Ermənistan), Krım, Başqırdıstan Respublikalarında da rast gəlmək olar.

A.Bayramov Ermənistanın Amasiya rayonunda Baytaroğlu//Baydaroğlu dərəsi haqqında məlumat verərkən yazır ki, erməni mənbələrində Amasiya rayonu ərazisində İlli (Elli) dərəsindəki xaraba kənd yerinin adı kimi qeyd edilir. Bu ərazidə olan Baytar kəndindən 4 km cənubdadır [1. 157].

Şimali Qafqazda Ter vilayətinin ərazisində yerləşən dağlardan biri Baydara adlanır. "Qafqaz təqvimi"nin 1878-ci il üçün buraxılışında belə bir məlumat verilir: "Baydara dəniz səviyyəsindən 7.782 fut yüksəklikdə yerləşir və Kodor yüksəkliyindən sonra Qafqazda insanın məskun olduğu yüksəklikdir" (11. s.68). Gürcüstan Respublikasının Borçalı mahalının Marneuli rayonunda hazırda Baydar oykonimi mövcuddur.

Baydar oykonimi Başqırdıstan Respublikasının Kama yaxınlığındakı, Redikor adlanan Çerden sovetliyində qeydə alınmışdır. 1579-cu il aid tarixi sənədlərdə bu onimə həm də Baydarov soyadı kimi də rast gəlmək olur [16. 110].

Baydar toponiminin arealına Krım ərazisində də rast gəlmək mümkündür. M.Nuriyeva bu toponimin Krım tatarlarının dilində Baydar-Ova şəklində işləndiyini yazır [11. 159].

### Çullu//Çul//Çol

Azərbaycan xalqının dili və mənşəyinin formalaşmasında *çullu* tayfasının böyük rolu olmuşdur. Çullular Çol, Çul da adlanırlar. Çul etnoniminin iştirakı ilə formalaşmış coğrafi adlara təkcə Azərbaycanda deyil, Qafqazda və türk xalqlarının yaşadığı digər ərazilərdə də rast gəlmək mümkündür. Tədqiqatçılar Çul toponimi haqqında müxtəlif fikirlər söyləmişlər. Q.Qeybullayev Çullu//Çul//Çol etnotoponimini türk mənşəli "çullu" etnoniminin əsasında yarandığını qeyd etmişdir. Müəllif bu haqda yazır: "Eranın ilk

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

əsrlərində Albaniyanın şimal-şərqində Dərbənddən cənubda bir şəhər Çol//Çul adı ilə məlumdur. Bu toponimi Qafqazdilli hesab edirlər. Lakin biz bu adın Albaniyada yaşamış türk mənşəli Çul tayfasının adını əks etdirdiyini və etnonimin indiyədək Çullu kəndlərinin adlarında saxladığını demişik" [12. 202].

N.A.Baskakov qeyd edir ki, Çol, Cul Xəzər xaqanlığının adıdır [18. 20]. V.Qukasyan da Çol, Çul oniminin Xəzər xaqanlığının adı olduğunu və bu sözun çuvaş dilində "dərə", "qaya" mənalarında işləndiyini bildirmişdir [10. 20, 57].

Çul//Çol toponimi haqqında toponimik araşdırma aparmış Ç.Kazımov yazır ki, Çul//Çol eramızın V əsrində yazılı abidələrdə qeydə alınmışdır. V əsrin erməni tarixçiləri Egişe Fovstos Buzand və Aqofongel türk tayfalarının şimaldan Azərbaycana gəldiyini qeyd edərək, Çol//Çul mağarasının adını tez-tez çəkirlər. K.M.Treverə istinad edən müəllif yazır ki, maskutlar Xəzər dənizinin şimal-qərb sahilində, Samurun mənbəyindən cənubda V əsrdə Çor, Çul adlanan ərazidə məskən salmışlar. Müəllif daha sonra V.V.Bertolda istinad edərək bəzi ərəb mənbələrində rast gəlinən Sul oykonimini Çul kimi oxumağın düzgün olduğunu qeyd edir. Ç.Kazımov yazır ki, "sad" ərəb hərfi "ç" səsinin əvəzlənməsi kimidir.

Q.Məşədiyev V.Q.Yeqorova əsaslanaraq yazır ki, Çol-Çul türk mənşəli söz olub çuvaş dilində "daş", "qaya", "dərə" mənasında işlənir ki, bu da həmin oykonimin coğrafi landşaftına uyğundur. Bizcə, çul//çol sözü ilə əlaqədar olub, "çöllük" mənasını verir [13. 29-30].

Çol//Çul onimini etnonim kimi araşdıran H.Mirzəyev yazır ki, Çul Dərələyəzdə kənd adıdır. Tarixi mənbələrdən aydın olur ki, türk tayfasının adını daşıyan Cul da qədimdən Azərbaycanlı kəndi olmuşdur [15. 190].

R.Eyvazova Əfqanıstan ərazisində Çul//Çol toponiminin arealları haqqında məlumat verərkən yazır: "Çol- kənd- Pərvanda; Şor//Şur kənd – Qəndaharda. Biz Əfqanıstan ərazisindəki Çol, Çar, Sul, Sur coğrafi adlarını və "sal", "sar" tərlibli toponimləri eyni semantik mənalı, müxtəlif fonetik variantlı türk mənşəli adlar sayırıq" [3. 77].

N.Məmmədov tədqiqatlarında respublikamızın ərazisində Çullu dağ, Çullu dərə və Çullu təpə oronimləri haqqında məlumat verərkən yazır ki, adları çəkilən oronimlər çullu etnoniminin adını daşıyır. Respublikamızın ərazisində eramızın ilk illərindən etibarən bir sıra Azərbaycandilli tayfaların (kəngər, tərtər, qarqar, çiraq, gəncə) içərisində cul tayfası da olmuşdur. Keçən əsrdə Qafqazda çullu adlı beş toponim mövcud olmuşdur [14. 164].

N.Əsgərov Çol-Çul-Sul oniminin "su", "çay" kimi izahının daha elmi olduğunu bildirmişdir [5. 311]. Çol//Çul//Çullu toponim və hidronimlərinin areallarına Gürcüstanda – Çullu k. Alının yeri, Çolman, Çolyan k., Sul dərə; Ermənistanda – Çulabad k., Çul k., Çullu k., Cul k.; Tatarıstanda – Çulım ideli, Çulman çayı, Çullu k.; Türkiyədə – Çullu k., Cənubi Azərbaycanda – Çölabad k.; Özbəkistanda – Çulobod k., Çulvotir dağı; Dağlıq Altayda – Çuluş çayı və Tuva ərazisində – Çulça çayı formalarında rast gəlinir.

## Nəticə

Tədqiqat nəticəsində müəyyən olunmuşdur ki, bu ərazilərin aborigen sakinləri türkdilli etnoslar olmuşlar, ona görə də bu regionda mövcud olan yer-yurd adları, əsasən türkmənşəli toponimlərdən ibarətdir.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

## İstifadə Edilmiş Ədəbiyyat

1. Bayramov A. Qədim Oğuz ellərinin – Ağbaba, Şörəyel və Pəmbək bölgələrinin yer-yurd adları (toponimləri). Bakı, Adiloğlu, 1996, 240 s.
2. Bünyadov Z., Məmmədov H. İrəvan əyalətinin icmal dəftəri. Bakı, 1996, s. 159
3. Eyvazova R. Əfqanıstanda türk mənşəli toponimlər. Bakı, Elm, 1995, 243 s.
4. Əliyeva R. Azərbaycan toponimiyasında monqol elementləri // Tədqiqlər. AMEA-nın Nəsimi adına Dilçilik İnstitutu. Bakı, Elm, 1999, № 5, s. 129-135.
5. Əsgərov N. Areal türk onomastik vahidlərinin linqvistik xüsusiyyətləri. Bakı: Elm, 2005, 485 s
6. Həbibbəyli İ.,Əlizadə M., Həsənov K. Portret cizgiləri. Bakı, BDU, 1996.
7. Həbibbəyli İ. Biblioqrafiya. Bakı, Elm, 1998, 76 s.
8. İmanlı A. Şərur və İğdır bölgələrinin yer adları (oykonimlər). Naxçıvan, Qeyrət nəşriyyatı, 2008, 160 s.
9. İmanlı A. Şərur və İğdır oykonimlərinin linqvistik xüsusiyyətləri. F.e.doktoru alimlik dərəcəsi almaq üçün təqdim edilmiş dissertasiyanın avtoreferatı. Naxçıvan, 2010, 53 s.
10. Кавказский календарь на 1848. Тифлис, Вы типографии канцелярий наместника Кавказа. 1847, 266 с
11. Кривощекова-Гантман А.С. Тюркских компонент в составе онима Верхного Прикамя. Исследования по Вашкирской диалектологии и ономастике. Уфа, 1986, с.110-111.
12. Qeybullayev Q. Azərbaycan türklərinin təşəkkülü tarixindən. Bakı, Azərbaycan Dövlət Nəşriyyatı, 1994, 248 s.
13. Məşədiyev Q. Etnonimlərdən düzələn toponimlər. AOP, II, 1998, s.112-113
14. Mirzəyev H. Qərbi Azərbaycanın Dərələyəz mahalı. I, Bakı, Elm, 2004, 854 s.
15. Nəbiyev N. Coğrafi adlar. Bakı: Azərnəşr, 1982, 282 s.
16. Nuriyeva M. Qərbdən Şərqə ulu türk yurd adlarının dəyişdirilməsi tarixindən. Bakı, 1999, 244 s.
17. Paşayev A. “Od”, “ocaq” və “pir” komponentli beynəlmiləl onomastik vahidlər haqqında // Tədqiqlər. AMEA-nın Nəsimi adına Dilçilik İnstitutu. Bakı, Elm, 2006, № 2, s. 205-215.
18. Ворошил Г., Асланов В. Исследования по истории азербайджанского языка дописьменного периода. Баку, Элм, 1986, 228 с.
19. Yüzbaşov R., Əliyev K., Sədiyev Ş. Azərbaycanın coğrafi adları (oçerklər). Bakı: Maarif, 1972, 100 s
20. Zeynalov F., Əlizadə S. “Kitabi-Dədə Qorqud” Bakı, 1988, 268 s.

# КӨП ТАРАМДУУ КЫРГЫЗ ТААНУУЧУ, ФОЛЬКЛОРЧУ, ЭТНОГРАФ, ПРОФЕССОР СУЛАЙМАН КАЙЫПОВ

**Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев)**

Тарых илимдеринин доктору
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессору
Бишкек, Кыргызстан E-mail: chorotegint@gmail.com
ORCID ID: 0000-0002-2833-3160
Scopus Author ID: 6507718697,
УДК 94(47)

**Кыска мазмуну**

Бул тарыхнаамалык жана инсан таануу нугундагы макала Кыргызстандагы чыгаан фолклор изилдөөчү, этнограф, коомдук ишмер жана агартуучу, профессор Сулайман Турду уулу Кайыповдун (15.07.1952-ж. туулган) илимий чыгармачыл ишмердигин чагылдырууга арналган.

Макалада профессор С.Т.Кайыповдун жалпы түркология көйгөйлөрүн, кыргыз фолклорлук мурасын жана ооган кыргыздарынын этнографиясын изилдөөдөгү жаңычылдыгы жана бир катар башка илимий саамалыктары, ошондой эле анын окумуштуу жана атуул катары бейнесинин айрым өңүттөрү тууралуу чагылдырылган.

**Багыттоочу сөздөр:** Кыргыз таануу, түркология, фолклор таануу, этнография, этнология, тамак-аш маданияты, эпостор, Кыргызстан, Түркия, Ооганстан, Кытай, Ван кыргыздары

# ÇOK DİSİPLİNLİ KIRGIZ TANIMAK ARAŞTIRICISI, FOLKLORCU, ETNOGRAF, PROFESÖR SÜLEYMAN KAYİPOV

**Tyntchtykbek Tchoroev (Tınçtıkbek Çorotegin)**

Prof. Dr., Cusup Balasagun Kırgız Millî Üniversitesi, Kırgızistan
E-mail: chorotegint@gmail.com ORCID ID: 0000-0002-2833-3160
Scopus Author ID: 6507718697

**Özet**

Tarih yazımı ve beşeri bilimler çalışmaları alanındaki bu makale, Kırgızistan'ın seçkin bir folklor araştırmacısı, etnograf, halk figürü ve eğitimcisi olan Profesör Süleyman Turdu oğlu Kayipov'un (15.07.1952 doğumlu) bilimsel ve yaratıcı faaliyetlerini göstermektedir.

Makale, Profesör S.T.Kayipov'un genel Türkoloji meselelerini, Kırgız folklor mirasını ve Afgan Kırgızlarının etnografyasını araştırmadaki yenilikçiliğini ve bir dizi başka bilimsel başarısının yanı sıra bir bilim adamı ve vatandaş olarak imajının bazı yönlerini anlatıyor.

**Anahtar Kelimeler**: Kırgız çalışmaları, Türkoloji, folklor çalışmaları, etnografya, etnoloji, yemek kültürü, destan, Kırgızistan, Türkiye, Afganistan, Çin, Van Kırgızları.

# MULTIDISCIPLINARY KYRGYZ STUDY SCHOLAR, FOLKLORIST AND ETHNOGRAPHER, PROFESSOR SULAIMAN KAYIPOV

**Tyntchtykbek Tchoroev (pen name: Chorotegin)**

Doctor of History,
Professor of the Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn,
The Kyrgyz Republic
ORCID ID: 0000-0002-2833-3160
Scopus Author ID: 6507718697

## Abstract

This article in the field of historiography and humanities studies illuminates the scientific and creative activity of Professor Sulaiman Turdu uulu Kayipov (born 15.07.1952), an outstanding folklore researcher, ethnographer, public figure and educator in Kyrgyzstan.

The article describes Professor S.T. Kayipov's innovation in researching the general Turkology issues, Kyrgyz folklore heritage and ethnography of Afghan Kyrgyz and a number of other scientific achievements, as well as some aspects of his image as a scientist and citizen.

**Keywords**: Kyrgyz studies, Turkology, folklore studies, ethnography, ethnology, food culture, epic, Kyrgyzstan, Turkiye, Afghanistan, China, Van Kyrgyz

***

## Алгы сөз

Постсоветтик кыргыз таануудагы жана тарыхнаамадагы ургаалдуу маселелердин бири – заманбап кыргыз таануунун өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон окумуштуулардын өмүр жолун жана илимий салымдарын калыс таразалоо болуп саналат.

Ошондой илимпоздордун башкы сабында турган этнограф, фолклорчу, адабиятчы адистердин бири – профессор Сулайман Кайыповдун чыгармачыл өнөрканасы да изилдөөнүн зарыл мерчеми болуп саналат.

Чакан илимий мсакалабыз жана эссебиз дал ушул олуттуу жүктүн анча-мынча гана өңүтүн чагылдырууга багытталган. Макалада инсан таануудагы тарыхый-салыштырма жана башка ыкмалар колдонулду.

## Илимий чыйыр башаты

Эгемен Кыргызстандын тарых жана этнография илимий тармактарындагы дээрлик изилденбей жаткан өңүттөрдүн бири – кыргыз элинин чет элдик (диаспоралык) топторунун жаралыш тарыхы, ал топтордун каада-салттары, жашоо-тиричилик бейнелери жана ыкмалары, анын ичинде тамак-аш маданияты болуп саналат.

Дал ушул багытта дың бузгандардын бири – көрүнүктүү этнограф Сулайман Турду уулу Кайыпов мырза.

Боордош Түркияда байырлап жаткан мурдагы памирлик, азыркы ван кыргыздарынын фолклорлук мурасын жана этнографиялык өңүттөрүн изилдөөдөн оболу ал советтик түркология илиминин бараандуу мектебинде таалим алган.

Элет жергесинде, Ош облусунун (азыркы Жалал-Абад облусунун) Сузак районуна караштуу Ак-Тоок айылында 1952-жылы жарык дүйнөгө келген Сулайман агай 1975-жылы Бишкектеги Жусуп Баласагын атындагы университеттин (мурдагы Кыргыз мамлекеттик университетинин) филология факультетин аяктаган.

Ал 1978–1980-жж. СССР Илимдер академиясынын Максим Горький атындагы Дүйнөлүк адабият институтунун Оозеки чыгармачылыкты изилдөө бөлүмүндө такшалмадан өтүп, андан соң 1981–1984-жж. ошол эле институттун аспирантурасында таалим алган.

1985-жылы ал Маскөөдө "Эр Төштүк" эпосунун көркөм сүрөттөө каражаттары (кыргыз жана башка түрк тилдүү элдердеги варианттардын материалдарынын мисалында)" аттуу темада кандидаттык диссертациясын коргогон (Караңыз: Кайыпов С.Т. Художественно-изобразительные средства... 1985. – 21 с.).

**Кош багыт**

1980–1990-жылдары кыргызстандык адабият жана фолклор таануучу катары Сулайман Кайыпов айтылуу Балык, Жеңижок, Эшмамбет, Тоголок Молдо сыяктуу акындардын көөнөргүс мурасы жаатындагы изилдөөлөрдү жарыялаган.

Ал, ошондой эле, түрк элдеринин ар кыл тилдердеги адабияты, кыргыз адабиятынын тарыхы жаатындагы көлөмдүү иликтөөлөрдү да жарыкка чыгаргна. Илимий чөйрө аны тил жана адабият, фолклор таануу жаатындагы бараандуу адис катары кеңири таанып калган. Нагыз түрколог окумуштуу гуманитардык илимдин бир гана тармагына батпай калышы мүмкүн.

Сулайман Кайыповдун илимпоздук чыйыры дагы ушундай көйгөйгө такалды. Ал фолклор таануучу адис катары өзүн сактоо жана чыгармачыл иш-аракетин улантуу менен катар эле, ат тизгинин башка коктуга – этнографияга бурду.

Негизи, бул кокту деле, тигил кокту деле орток капчыгайга – кыргыз таануу жана түркология деген комплекстүү илимий тармактарга таандык эмеспи. Маселен, Василий Радлов (Friedrich Wilhelm Radloff), Реми Дор (Rémy Dor), Гундула Салк (Guldula Salk), Мамбеттурду Мамбетакун сыяктуу далай окумуштуулардын эмгектери бир эле учурда тил илимдерине, фолклор таанууга жана этнографияга (демек, тарых илимдеринин тармактарына дагы) тиешелүү болуп саналышат.

Арийне, постсоветтик Кыргызстандын гуманитардык илимдеринде кош илимий тармакка таандык илимий эмгек, анын ичинде ар кыл шифрди камтыган диссертациялык эмгек жазуу – өтө сейрек учураган жана машакаттуу көрүнүш.

Демек, Сулайман Кайыпов агайдын "жаңы илимий кокту ичинде өрдөө" чечими – анын илимий батылдыгы болду. Ошону менен бирге бул кадам – аргасыз да кадам болду, анткени Кыргызстандагы тар илимий шифрлик калыпка чектелүү ага жаңы диссертациясын фольклор таануу жаатында жактоого мүмкүнчүлүк бермек эмес болчу.

Балким, болочокто, PhD диссертацияларын коргоого өткөн кезде, мындай тар чектелүүчүлүк артта калаар? Биз Өзбекстандагы Анжыян мамлекеттик университетиндеги диссертациялык кеңешке мүчө болуп келебиз. Ал жакта да кош шифр алуу – диссертацияны коргоо мөөнөтүн создуктуруу дегенди туюнтат.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Менимче, түрк тилдүү мамлекеттер бул жаатта окумуштуулардын бир учурда бир нее шифрде PhD диссертациясын жактоосун жеңилдетчү орток эрежелерди кабыл алуусу талапка ылайык.

Ал эми Сулайман Кайыпов агайыбызга келсек, ал буга чейин ансыз да филологиялык илимдердин кандидаты, демек, PhD илимий даражасынан кем калышпаган даражанын ээси болчу.

Бирок постсоветтик Кыргызстанда (илгерки совет доорундагыдай эле) илимий даражанын чокусуна жетүү үчүн тийешелүү докторлук диссертацияны коргоо талабы сакталып келет. Тарых илимдеринин доктору даражасынын ээси катары айтаарым – бул илимпоздор үчүн ашыкча жүк жана түйшүк, анткени калемгер өзүнүн илимпоздук ири дареметин алгачкы кандидаттык диссертация аркылуу эле тастыктайт эмеспи. Илимий салым болсо керек болсо макала, баяндама жана башка ачылыш түрлөрү аркылуу илим чөйрөсүнө шардана кылына берет.

Бизде эч кандай кандидаттык диссертация жактабастан, зор ачылыштар жасаган археологдор, этнографтар, фолклор таануучулар, ж.б. бар.

Бир эле мисал келтирсек, быйыл 135 жылдык мааракеси белгиленип жаткан айтылуу Ыбырайым Абдыракман уулу, ылакап аты Ак Молдо (1888–1967) – кыргыздын даңазалуу манас таануучусу, этнографы, агартуучусу. Ал кыргыздын элдик оозеки чыгармаларын жыйноочу, таанымал изилдөөчү катары заманбап кыргыз таануу илимине айрым академиктерден да мыкты салым кошкон.

Айтор, Сулайман Турду уулу Кайыпов илимдеги татаал бюрократтык тоскоолдуктарды жеңип чыгып, 2012-жылы “Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Тарыхый-этнографиялык изилдөө (XX к. аягы – XXI к. башы)” деген темада 07.00.02. – Ата Мекендин тарыхы; 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ишин Бишкек шаарында ийгиликтүү коргоду.

Анын эмгегин таразалаган диссертациялык кеңеш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институту (азыркы Бегимаалы Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту) менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу болчу. Белдүү окумуштууга бата берген илимий мекемелер академиялык жана университеттик илимий чөйрөлөрдөн куралгандыгы дагы символдук дурус көрүнүш болуп калды.

## Этнографиялык жана фолклор таануучулук дыңды казуу

Сулайман Турду уулу – мурдагы СССРдин “Кайра куруулар” доорунун соңку жылдары Улуттук академиябыздагы реформачыл, демократтар канатында жүргөн жана ар кандай татаал иштерди тайманбастан аткарган атуул.

Ал 1997-жылдан кийинки дээрлик он жыл ичинде Ала-Тоодон Анатолия жергесине – Түркияга аттанып, Чыгыш Анатолиядагы Ван шаарындагы Жүзүнчү Жыл университетинде Гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин Түрк тили жана адабияты бөлүмүндө профессор болуп иштеп турду.

Бул жогорку окуу жайда ал “Түрк элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Жаңы түрк жазуу тилдери”, “Түрк баатырдык жомоктору”, “Жомок поэтикасы”, “Текстология

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

негиздери", "Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы", "Кыргыз тили", "Казак тили" жана "Өзбек тили" сабактарынан дарстар окуган.

Бир нече түрк тилдерин жана орусча мыкты билген бул адис, албетте, Жүзүнчү Жыл университети үчүн түркиялык жана постсоветтик илимий мектептердин көпүрөсү болгон табылгыс кадр болду десек жаңылышщпайбыз.

Ара-чолодо Сулайман агай Ван көлүнүн аймагындагы Эржиш ооданына (Erciş ilçesi) караштуу Улуу Памир айылында жашаган түпкү теги оогандык болгон кыргыздарга байма-бай каттап жүрдү жана алардын тилинин өзгөчөлүгү, фолклору жана этнографиясына тиешелүү кеңири маалыматты өз учурунда топтоду.

Эмне үчүн өз учурунда? Сулайман агай жазып алган көптөгөн өлөң, ыр, табышмак же башка нуска кептерди айтып берген айрым чыгаан кишилер (маселен, Мамазия карыя) соңку жылдары дүйнө салышкан. Эгерде Сулайман агай аларга жолукпастан, жөн гана Ван шаарындагы университетте жылуу-жумшак отуруп, демейдеги талап кылынган сабактарын өтүп жүрө берсе, анда кыргыз этнографиясы орду толгус, көөнөргүс маалыматтан таптакыр куру-жалак калмак болчу.

Демек, алардын Кичи Памир кыштагындагы конушунда "баса жатып" жүрүп, Ван кыргыздарынын нечендеген чыгаан жомокчуларынын, акындарынын, жамакчыларынын, санжырачыларынын билгендерин куйма кулак илимпоз катары кагазга жана үн тасмага түшүргөн мээнеткеч тилчи-диалектолог, этнограф Сулайман Турду уулу Кайыпов мырзанын өзү болочокку этнограф жана фолклор таануучулар үчүн өрнөк болуп калаары шексиз.

**Айрым илимий өңүттөргө сереп**

Биз Сулайман Кайыпов агай өзүнүн көптөгөн томдорго сыйдырылган эмгектеринде чагылдырган толгон-токой илимий саамалыктардын жана жаңылыктардын бардыгы тууралуу чакан макалабызда толук ачып бере албайбыз.

Анын кыргыз таануу жаатындагы эмгектерин жана жалпы жаратмандык чыгармачыл жана коомдук ишмердигин үйрөнүп жатып, өзүбүз үчүн ой катары омоктуу жазып алган урунттуу өңүттөр төмөнкүдөй.

*Биринчиден*, ооган кыргыздары (жана азыркы Ван кыргыздары дагы) көп этностуу чөйрөсү бар мамлекетте жашай билген жана мындай шартта өз тилин, маданиятын жана этностук бүтүндүгүн сактоого жетишкен.

Албетте, Түркиянын өкмөтү да Ван кыргыздарына өзгөчө камкорлук кылып келишет. Ал эми Ооган Памиринде болсо тоолук кыргыздар Мазары-Шариптеги ж.б. түрк тилдүү калктар менен гана эмес, *вахы* сыяктуу индо-ирандык тилдерде сүйлөгөн башка этностук топтордун өкүлдөрү менен да эриш-аркак жашап келишкенин С.Т.Кайыпов таасын белгилейт.

Ooганстанда кыргыздын саясий доошун билдирип, бул өлкөдөгү чоң саясий чөйрөгө жигердүү катышып жүргөн Рахманкул хан Жапаркул уулу (1912–1990) тууралуу жылуу кепти мурда француздун чыгаан кыргыз таануучусу, профессор Реми Дор агайдан уккан элем. Ушундай жылуу сөздү чыгыш таануучу Назиф Шахрани жана швейцариялык саякатчы жана демөөрчү Бернар Репонд мырзалар да биз менен маектеринде кайталашкан.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Профессор С.Кайыпов болсо Рахманкул хандын урпактары сактап келген документтерди да иликтеди жана илим чөйрөснө такталган бир катар маалыматтарды киргизди.

Маселен, анын эмгектеринде Памирден Гилгитке (Пакистандын климаты өтө ысык келген өрөөнүнө) көчө качкан кыргыздардын оодук бөлүгү кантип андан ары Түркияга көчүрүлгөндүгү кеңири баяндалат: Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосу астында 1982-жылы "Түрк аба жолдорунун" учактары менен Пакистандын борбору Исламабаттан Аданага 330 эркек, 430 аял, бардыгы болуп, 760 адам көчүп келишкен. 1982–1986-жылдары 298 үй-бүлөнүн ичинен 202си Ван шаарына жакын жердеги Эрчек көлүнүн жээгинде, калган 96 үй-бүлө болсо, Малатия шаарында убактылуу жашап турушкан. Алардын көбү 1986-жылдан бери жаңыдан курулган Улуу Памир айылында чогуу жашап келишүүдө.

Бул сыяктуу орчун маалыматтар азыркы тапта заманбап кыргыз диаспорасынын тарыхын иликтөөчүлөр үчүн өзгөчө маанилүү. (Айтмакчы, 2015-жылы ушул саптардын ээси жана профессорлор Аалыбек Акунов, Нарынбек Алымкулов, Мамбеттурду Мамбетакун ж.б. илимпоздор Кытайдын Памиринде болуп, анын Ооганстан, Пакистан жана Тажикстан менен чектеш бийик тоолуу өрөөнүнө чейин бардык. Эски Ташкоргон чебинин калдыктарын да көрдүк.

Бул аймактагы кыргыздар да ханзулар жана тажик тилдүү этностор менен камыр-жумур жашап жатышкандыгына күбө болдук. Жалпы эле Памир тоосунун бардык бөлүктөрү кыргыздар көп этностуу шартта байырлаган өрөөндөрдөн экенин аңдадык).

*Экинчиден*, мындай көп кылымдык этностор аралык байланыш кыргыздардын маданиятына, анын ичинде тамак-аш маданиятына да оң таасир тийгизгендигин профессор С.Кайыпов фактар менен бекемдеп, акыйкат белгилейт.

Маселен, памирлик кыргыздар жалаң гана сүт ичип, эт жей бербестен, жашылча-жемишти да салттык тамак-аш маданиятына көбүрөөк аралаштырган экен.

С.Кайыпов Памир кыргыздары айрым мөмө-жемишти сырттан (өрөөндөн) алдырып алып, тоолуу жергесинде жапайы өскөн айрымдарын да татып, айтор, жашылча-жемишти да кандайдыр-бир деңгээлде азык катары колдонгонун белгилейт.

Албетте, Теңир-Тоодогу жана Алайдагы көптөгөн кыргыздардай эле, ооган кыргыздары да балык этин жешчү эмес.

Памирлик кыргыздардын чай маданияты да этностор аралык байланыштардын мөмөсү экендигин Сулайман агай даана белгилейт:

"...Адегенде, карандай памил чайдын даамын памир кыргыздары жактырышкан эмес. Аны карандай чай деген мааниде "кара чэй" (qara çäy) деп аташкан. Карандай чайды ичүү памир кыргыздары үчүн алгачкы жылдары таң каларлык нерсе болгон. Кийинчерээк памил чайды коюу демдеп, хам каймак катыктап, туздан ачуу салып ичүүгө тез эле көнүгүп кетишкен – памил чай памир кыргыздарына эң алгач таанылган жана эң көп ичилген чай түрүнө айланган", – дейт изилдөөчү С.Кайыпов.

*Үчүнчүдөн*, памирлик кыргыздар өздөрүнүн ички уруулук тегин, санжырасын, жалпы улуту – кыргыз экендигин мыкты билишет. Памирдеги кыргыз урууларынын эң ириси – тейит уруусу экенин, анын тарамдарын С.Кайыпов кеңири чагылдырат. Кесек жана бостон уруулары, анын белгилешинче, Памирде илгертен

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

жашап келген кыргыз уруулары саналат. Айрым майда уруулардын өкүлдөрү да жок эмес.

Памирдик кыргыздардын кыпчак уруусуна таандык айрым санжыралык маалыматтарды С.Кайыпов профессор Реми Дорго шилтеме кылып келтирет.

Бул уруулук жана уруктук санжыралык маалымат бирдиктүү улутту жиктөө үчүн эмес, жети атаны тактоо үчүн – никелешкенде кан алмашып кетпесин үчүн кызмат кылгандыгы түшүнүктүү.

*Төртүнчүдөн*, Сулайман агай иликтеген памирдик (жана вандык) кыргыздардын фолклордук байлыгы – жалпы кыргыздардын руханий маданиятынын орток маңызы жана ичкилик кыргыздардын өзгөчө сапаттары менен белгилери камтылган көп түстүү кубулжуган бермет шурулары бар казына экендигин тастыктоого мүмкүндүк берди.

Памирлик кыргыздар үчүн да сүймөнчүлүктүү болгон “Манас”, “Гөруглу”, “Чоң теке”, “Олжобай менен Кишимжан”, “Жанайыл Жалгыз”, “Мактым” ж. б. эпос, дастан, жомок, жөө жомок, аңгеме, ашыглык ырлары, үлпөт ырлары, кошок, алкыш, каргыш, макал, лакап, табышмак жана жаңылмачтар, С.Кайыпов адилет белгилегендей, азыркы күнгө чейин өзүнүн жандуулугун жоготпой келет.

Алардын фолклорлук бай казынасы тууралуу эмгектеринин биринде Сулайман агабыз бекеринен мындайча саптарды калтырган эместир:

“Куурал муңга чыланган бу баянда:

Курчу кеткен көздөрдүн карасы бар,

Көкүрөк дарт, көңүлдүн жарасы бар,

Карчыганын кайрылган канаты бар,

Канча кылым өтсө да унутулбас,

Карт кыргыздын какшаган санаты бар...

Арман муңу арылбас бу баянда:

Ак шумкардын аркарды алганы бар,

Арам оозго ак сүттүн тамганы бар.

Арты өкүнүч дүйнөнүн жалганы бар,

Айтса, жазса, ыйласа түгөнбөгөн,

Алыстагы атуулдун арманы бар...”

*Бешинчиден*, Сулайман агай памирлик кыргыздар жаратылышка, жалпы тирүү жандыктарга айтылуу Асан Кайгынын сыңарындай аяр мамиле кылышкандыгын да кылдат чагылдыра кетет.

Маселен, мал союлаар алдында анын жанында туруп бычак кайрап, курчутулган эмес. “Союла турган малга орой мамиле кылып, куйругу, кулагы сыяктуу талуу жерлеринен кармап тартуу, сүйрөө, бир жагынан, мал кадырын билбегендиктин белгиси болсо, экинчи жагынан, андай мамилеге дуушар болгон малдын эти жагымсыз, даамы начар болуп калат деген ишеним өкүм сүргөн...” – дейт С.Кайыпов.

Кошумчаласак, Бишкектеги азыркы тойканаларда ар кыл тойлор маалында куйкаланып бышырылган койго баш кийим кийгизип, бенгал шамдарын учкундарын чачырата жагып, арабачада ары-бери сүйрөө далай коноктор үчүн кандайча жагымсыз болсо, памирлик кыргыздарда тирүү жандыктын көзүнчө бычак курчутуу ошончолук ырайымсыз кабыл алынган.

*Алтынчыдан*, Сулайман Кайыпов агай азыркы этнографтардын ичинен тыңыраак чыккан адис экендигин баса белгилөө үчүн бир жагдайды эскерте кетелик: ал ата-бабабыз сактап келген айрым азыктарды жасоо түрүн "Кыргызпатент" агенттигинде атайын расмий патенттөөгө жетишкен алгачкы заманбап кыргыз этнографы болуп саналат.

Бул аракет кыргыздын заттык эмес маданиятын сактоонун өзгөчө ыкмаларынын бири катары алкоого татыйт.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча этнограф профессор С.Т.Кайыпов Интеллектуалдык менчик боюнча дүйнөлүк уюмдун алтын медалы менен сыйлангандыгын кошумчалай кетели.

*Жетинчиден*, илимпоз фолклордук мурасты сактоо үчүн аны изилдеп гана чектелбестен, ошол мурасты аздектеп улантып келген өнөрпоз жамааттын өкүлдөрүнө да өз койнун ачуусу абзел.

Сулайман агай Кыргызстандагы төкмө акындардын далай сынактарына калыстар тобунун мүчөсү катары катышып келет. Мындан калыстар тобу уткан далай учурлар болду.

Мисалы, кайсы бир сынак маалында баш байгеге илинбей ызаланып калган төкмөлөрдүн бири чырдай кеткенде, куйма кулак сапаты бар Сулайман агай: "Сиз мына минтип жамактап айтпадыңызбы, ал эми атаандашыңыз көркөмдүгү бийик усулда мына минтип төкпөдүбү!" – деп бир нече саптык ыр өрнөктөрүнөн мисал келтиргенде, берки талашып жаткан өнөрпоздун оозунан келмеси түшкөн дешет.

Ал кезде (1990-жылдары) азыркыдай ар ким эле видео тасмага жаза калчу уюкфондор жок болчу, чоң кирпичтей салмактуу болгон уюкфондор менен телефон чалганга азганактай "жаңы байлар" гана кубанышчу. Азырынча ушул жети өңүт менен эле чектеле туралык.

**Шакирт устаттан озсун!**

Албетте, профессор Сулайман Кайыпов жана башка этнографтар чала калтырган илимий маселелер деле арбын. Агай жазган калпыс ойлор да жок эмес, бар.

Ооган кыргыздарынын тарыхый тамыры монгол баскынчылыгынын дооруна чейинки мезгилге таандык экендиги жаатында, маселен, арап тарыхчысы Ибн ал-Асирдин XIII кылымдын башында жазган эмгегиндеги Газневийлер доорунда, XI кылымда, азыркы Ооганстандын түндүк аймагында эмир Хирхиз деген кол башчы кызмат кылгандыгы тууралуу эпизоддук маалыматты андан ары тереңдетип иликтөөбүз зарыл.

С.Т.Кайыпов агайдын докторлук диссертациясындагы: "Ооганстандагы (1978-жылдын апрелиндеги элдик ыңкылаптан кийинки. – Т.Ч.) саясий абал Рахманкул Хандын Памирден көчүшүнүн негизги себеби эмес, анын шылтоосу гана болгон. Бул көч кыргыз элинин өз тарыхый тажрыйбасына таянуу менен түзүп, өнүктүрүп,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

пайдаланып келген, өзгөчө мамлекеттүүлүк түзүмүнүн эң акыркы жандуу өрнөгүнүн кыйрашы болгон,” – деген саптарга биз өз учурунда макул эместигибизди да билдирген элек.

Рахманкул хан 1978-жылдын апрелиндеги ыңкылаптан кийинки социалисттик бийлик аны “шуравилерге” (СССРге) өткөрүп салабы деп чочулаган (1930-жылдары ал эки жолу СССРдеги сталиндик абакка жатып чыккан), ал эми Ооганстандын президенти Мухаммед Дауддун (1908/09 – 1978) бийлиги маалында жана ага чейинки шахтын жеке бийлиги доорунда Рахманкул хан үчүн мындай коркунуч жок болчу. Советтик аскерлер Ооганстанга өздөрү кол салгандыгы аз келгенсип, өз мекенин коргогон оогандарды советтик басма сөздө “душмандар” деп расмий атаган учурлар азыр да жадыбыздан кете элек.

Бул сыяктуу саясий жана идеологиялык жагдайларды XXI кылымдын башындагы мекенибиздеги гуманитардык илимдердеги коммунизмсиздештүрүү жүрүмүнө ылайык жаңыча талдоону улантуу зарыл деп санайбыз.

Демек, Сулайман агай жазбай калган же кайчы пикир катары жазган өңүттөр да өздөрүнүн болочокку изилдөөчүлөрүн күтүп жатат. Азил айта кетсем болоор. Бир ирет кайсы бир кесиптешибиз илимий жыйын маалында Баланча деген окумуштуу түкүнчө маселени биротоло изилдеп салды, “*финито*” деп “балп” этти. Ал эми XII кылымдын соңунда жазылган жана төө көзүндөй болгон “Игордун кошууну жөнүндө кошок” (“Слово о полку Игореве”) деген чыгыш славян эпосу боюнча бир нече жүздөгөн диссертациялар корголуп, азыр дагы анын иликтене элек өңүттөрү кала берүүдө.

Илим ошону үчүн илим да. Эч ким эч нерсени биротоло изилдеп бүтүрүп сала албайт. Улам жаңы булактар жана архивдик табылгалар чыкса, улам жаңы тыянакка жетеленүүгө тийишпиз.

Эгерде Сулайман Кайыпов агай иликтөөгө үлгүрбөгөн жагдайлар дагы эле көп тура, деп кайсы бир жаш илимпоз батылдык кылып, эртең Ооган Памирин же КЭРдеги тарыхый Манчжуриядагы фу-йү кыргыздарын, Орусиядагы Темирчи Ала-Тоосундагы шорлорду, Уралдагы башкырлардын арасындагы кыргыздарды көздөй жана башка багыттарда этнографиялык жана фолклор таануучулук сапарга чыкса, анда агай саптаган учук андан ары ишенимдүү уланат эмеспи.

## Кыска корутунду

Жалпыласак, профессор Сулайман Турду уулу Кайыпов адабиятчы, фолклор таануучу, манас таануучу, эпос таануучу, этнограф, диалектолог, сөздүкчү, түркolog болуп гана чектелбестен, Эл аралык Кыргыз-Түрк Манас университетинин мурдагы ректору, Түркиянын Ван шаарындагы Жүзүнчү Жыл университетинин мурдагы профессору, КЭРдин Үрүмчү шаарындагы Шинжаң гуманитардык университетинин мурдагы профессору, илимий жетекчи, педагог-устат жана мыкты котормочу катары да ар кыл түрк тилдүү жана башка элдердин ортосунда данакерлик кызматты өтөп келет.

Быйылкы өзүнүн мааракелик жылында да ал мээнеткеч баба дыйкан катары өзүнүн көп тарамдуу ишмердигин улантууда. Маараке ээсине 110 жаштын сересинен ашырчу чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыбаттык, соолгус чыгармачыл эргүүлөрдү каалап кеткибиз келет. Ылайым агайыбыздын кыргыз таануу жана

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

түркология илим тармактарындагы жолдоочулары менен шакирттери көбөйө берсин!

**Колдонулган адабияттын кыска тизмеси**

Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 478 с.

Абышкаев, А. Каратегинские киргизы в конце XIX – начале XX веков. – Фрунзе: АН КиргССР, 1965. – 72 с.

Бартольд, В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Түзгөн Ө. Караев; ред. С.Т.Кайыпов. – Бишкек: «Кыргызстан–Сорос» фонду, 1997. – 455 б.

Дор, Реми. Ооган Памириндеги кыргыздар. Бишкек, 1993. 104 бет.

Кайыпов, С. Жылга бергис жарым күн: Илимий-популярдык китеп. – Бишкек: Учкун, 2006. – 220 б.

Кайыпов С.Т. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк»: Часть 1. Гипербола. Сравнение. – Фрунзе: Илим, 1990. – 317 с.

Кайыпов С.Т. Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Тарыхый-этнографиялык изилдөө (XX к. аягы – XXI к. башы). 07.00.02. – Ата Мекендин тарыхы; 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. – Бишкек, 2012. – 371 бет. Кол жазма укугунда. – [Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институту менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.07.11.025 Диссертациялык кеңеши].

Кайыпов С.Т. Художественно-изобразительные средства эпоса «Эр Тёштюк» (на материале кыргызских и других тюркоязычных версий): Автореф. канд. филол. наук. 10.01.01. – Москва: Институт мировых литератур им. А.М.Горького, 1985. – 21 с.

Кайыпов, С. Эт бышыруунун эң көөнө ыкмалары: (Памир кыргыздарынын тамак-аш маданиятынан) // Изв. вузов. – Бишкек, 2001. – № 7. – 112–119 б.

Каратаев, О. К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. – Бишкек: Кыргыз-Түрк "Манас" университети, 2003. – 265 б.

Маанаев, Э.Ж., Жумабаев Б.М. Памир кыргыздары: Тарыхый-этнограф. очерк. – Бишкек: КНУ, 2009. – 188 б.

Салк, Гундула. Оогандан оогондор / Немисчеден которгон Абдыкерим Жолдошбек уулу // Кыргызстан маданияты. – 1993. – 23 дек.

Чоротегин Т.К. Ван аймагындагы кыргыздар: Тарыхый көчтү эскерүү жана көйгөйлөр / Азаттык үналгысы. – 16.10.2023. – URL: https://www.azattyk.org/a/vandagy_uluu-pamir_qyrgyzdary_2023_chorotegin_blog/32638394.html

Чоротегин Т.К. Сулайман Кайыпов: Көп тарамдуу кыргыз таануучу, фольклорчу, этнограф // Азаттык үналгысы. 14.3.2023. – URL: https://www.azattyk.org/a/32316025.html

Шамшиев, Бекташ. Фу-йү кыргыздары: “Бизди Манас тирилтти, Манас жандандырды” // 17.8.2017. – URL: https://www.azattyk.org/a/ethnography_folklor_afghan_china_kyrgyz_sulaiman_kaiypov_2017/28679883.html

Dor Rémy. Return to Karagunduz — With the Kirghiz in Turkey. Rémy Dor. Central Asian Survey, Volume 6, Issue 3, 1987, pp. 61–72. – ISSN: 1465-3354 (electronic), 0263-4937 (paper).

Kayıpov, S. Avesta ve Orta Asya Türk Folkloru // VI. Milletler Arası Türk Halk Kültürü Kongresi: Son Elli Yılda Türkiye Dışındaki Türk Halk Kültürü Çalışmaları Seksiyon Bildirileri. – Ankara, 2002. – S. 165–175.

Kayıpov, S. Ethnological Review of the Van Kyrgyz [Text] / S. Kayipov // International Journal of Central Asian Studies, Seoul, 2010. – Vol. 14. – P. 181–199.

Kayıpov, S. Folklor Üzerine Yazılar. – Bişkek: Kırgız-Türk Manas Üniversitesi, 2009. – 331 s. – [Kırgız-Türk Manas Üniversitesi Yayınları: 124; İlmi Yayınlar Dizisi: 12].

Kayıpov, S. Ulupamir Kırgızları // Türk Edebiyatı. – Ankara, 2003. – Sayı: 358. – S. 56–57.

Kayıpov, S. Yüzyıllardır Devam Eden Söz Sanatı // Başlangıcından Günümüze Kadar Türkiye Dışındaki Türk Edebiyatları Antolojisi. – Cilt: 31. – Kırgız Edebiyatı – I. – Ankara: T. C. Kiltür ve Turizm Bakanlığı Yayınları, 2005. – S. 13–24.

Shahrani, M. Nazif. The Kirghiz and Wakhi of Afghanistan: Adaptation to closed frontiers and war / With a new prefase and epilogue by the author. – Seattle and London: University of Washington Press, 2002. 304 pages, 22 illus. – ISBN: 9780295982625.

# КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНА ТИЕШЕЛҮҮ ЖАЗМАЛАРДЫ БАЙЫРКЫ КЫТАЙ БУЛАКТАРЫНАН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Дабыт Абдылбары уулу**

филология боюнча PhD доктор,
Кытай коомдук илимдер
академиясынын постдоктору,
КЭР, Пекин шаары.
abdylbaryuulu@mail.ru
(+996 550 038 150)

## Аннотация

Байыркы кытай булактарында кыргыздар жөнүндө арбын маалыматтар бар. Аларды кыргызтилине которуу олуттуу мааниге ээ. Ал эми котормо процесси учурунда көптөгөн маселелер жаралат. Бул маселерди таанып билүү жана туура бир жаңсыл кылуу - иштин ийгиликтүү, эмгектин сапаттуу болушун камсыздайт. Байыркы кытай булактарындагы кыргыздарга тиешелүү жазмаларды которуудагы негизги маселелер - тарыхый булактарды тандап алуу, булактардын тилдик маселелери жана ономастикалык терминдердин которулушу (берилиши) болуп эсептелет. Макалада ушул маселелер талдоого алынат.

**Уңгу сөздөр:** Байыркы кытай булактары; кыргыз тили; котормо; тарых; ономастикалык терминдер

# SEVERAL ISSUES OF THE KYRGYZ TRANSLATION OF KYRGYZ IN CHINESE HISTORICAL BOOKS

## Abstract

Преодолевая сложные испытания, Тештюк обретает жизненный опыт и стойкую силу богатыря. Первое же столкновение с «неизвестностью» заставит его вынести массу впечатлений от увиденного. Вначале, найдя своих потерянных братьев-беглецов, он застаёт их совершенно безобразными: в неизвестных краях старший брат стал белобородым, средний - седобородым, младший - чернобородым:

| | |
|---|---|
| Эн улуусу тогузудун, | Самый старший из девяти |
| Аппак сакал болуптур. | Стал белобородым. |
| Ортончусу балдардын | Средний брат |
| Кок ала сакал болуптур. | Стал седобородым. |
| Эн кичиси алардын, | Самый младший |
| Кара сакал болуптур[1.46]. | Стал чернобородым. |

Все братья Тештюка по сложившимся обстоятельствам потеряли элементарные навыки. Словом, каждый успел стать «диким уродом», уподобившись человекообразным животным. Проявив гуманность, Тештюк даёт им человеческий облик. После чего старший брат выносит как бы строгий выговор всем присутствующим братьям:

| | |
|---|---|
| Бир атадан тогузбуз. | От одного отца нас девятеро. |
| Айбандардан оодорок | Мы немного лучше зверей, |
| Адамзаттан көп төмөн , | Намного хуже людей. |
| Арада жүргөн доңузбуз [1.50]. | Стали вроде диких зверей, как кабан. |

Приведённый отрывок не дает нам сути «феномена человека», он лишь отражает представление об отличительных качествах человеческого рода, как отдельной системы общежития в сравнении с животным миром, а точнее, с конкретным его представителем («свиньей», намного хуже людей). Следовательно, человек ассимилируется в безобразную форму, когда он

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

изолирован от людского окружения и не обладает чувством собственного достоинства, своего происхождения, родного края. Без этих, присущих только человеку, качеств нельзя говорить о специфике человеческого рода вообще, поскольку при их отсутствии он обречён попасть в «прокрустово ложе» живой «стаи». В этом, пожалуй, и состоит одно из важных достижений древней мудрости кыргызов. Очевидно, они владели на редкость точной логикой мышления ещё на «заре» своего познавательного процесса.

Конечно, в художественной ткани эпоса преобладает сверхестественное, фантастическое. Гиперболизация, как основной принцип эпического отражения действительности, пронизывает всю содержательную структуру эпоса. Характерной чертой эпического содержания эпоса является его глубокая связь с гиперболически-мифологической формой мышления. С точки зрения слияния мифа, фантастики и гиперболизации чрезвычайно интересно, как в эпосе представлено миропонимание кыргызов.

Представление о подземном мире - плод древнейшей мифологии. Но в эпосе, потеряв своё мировоззренческое значение, этот мир становится эпическим, пространственным миром, в котором богатырь совершает основные свои действия. Подземный мир в эпосе «Эр Тештюк» - художественно-условный. Посещение его богатырём трактуется как нечто невозможное, невероятное и непосильное для обычного человека. В элементах мифа и фантастики не только связаны сознательные преувеличения, но и сами элементы носят близкие к гиперболе функции. Преобладание гиперболизма в поэтической [13]системе эпоса объясняется именно сочетанием в нём архаики и героики.

В эпосе «Эр Тештюк» сохранились чёткие следы мифологических воззрений. Тештюк, сражавшийся с чудовищами, заключает в себе идею активного отношения к действительности, идею о величии человека с его гуманистическим назначением. Это видно из взаимоотношений Тештюка с миром животных, наполненных гуманным поведением. Примером могут служить следующие отрывки из эпоса:

| | |
|---|---|
| Барып Төштүк караса, | Подходит Тештюк и видит, |
| Ал жолборстун бутуна | Что тигр вогнал |
| Чонор кирип кетиптир. | В ногу занозу. |
| Олондогон ал аю, | Мощный медведь, |
| Орго тушкон кези экен. | Попал в глубокую обледенелу яму. |
| Анча Төштүк барбаса, | Если бы Тештюк не подоспел, |
| Өлө турган болуптур[ 1.158,161]. | Познал бы тот свою гибель. |

Как видно, гуманизм - это сугубо социальное явление. Одновременно, параллельно с гуманизмом всегда существовал его антипод - антигуманизм, который реализовывался путём внесения в общество отношений, основанных на эгоизме, насилии, несправедливости, где антигуманизм означает отношение человека к другому человеку как к средству своей жизни, средству удовлетворения своих целей и потребностей.

[13] Акмолдоева Б.Б. Коневодство в системе традиционного хозяство киргизов. Фрунзе: 1989

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Эпическая судьба в дальнейшем связана с богатырским конём Чалкуйруком, семиглавой старухой Желмогуз, Кок Доо и его дочерью Кулайым, Кара Доо, Чоюн Кулаком и др.

Заметим, что в древнем мире большое внимание уделялось коневодству, поскольку конь считался главным средством передвижения. Он «... был верным спутником человека, предупреждавшим его об опасности, защищавшим от беды». Также конь, как средство передвижения, способствовал взаимовлиянию культур различных кочевых народов. В этой связи права Б.Б. Акмолдоева, которая утверждает, что освоение древними кыргызами коневодства резко расширило границы познанного и непознанного мира.

В связи с этим важно упомянуть, что Тештюка сопровождает богатырский конь Чалкуйрук. Во всех версиях образ коня персонифицирован: конь владеет человеческим языком и чрезвычайно предусмотрителен. В эпосе Чалкуйрук дан в чисто эпическом плане: он не только помогает богатырю победить чудовище, но и возвращает героя к жизни.

Об этом ярко свидетельствует следующее почтительное отношение Тештюка к своему коню:

| | |
|---|---|
| Ата жокто Чалкуйрук, | Когда отца не было (рядом), |
| Ата болгон Кулугум | Отцом был мне Чалкуйрук. |
| Элим жокто Чалкуйрук, | Когда народа моего не было(рядом), |
| Элим болгон кулугум . | Народом моим был Чалкуйрук. |

В эпосе Тештюк убивает чудовище, которое каждый год съедало К детёнышей гигантской птицы Алп-Кара-Куш и в знак благодарности птица в трудные моменты приходит на помощь кыргызскому богатырю. Таким образом, эпос отражает мудрую мысль народа, что все живые существа на земле взаимосвязаны и должны помогать друг другу.

Гипербола героико-архаического эпоса имеет более развёрнутую структуру - она может охватить от десятка стихов до целых эпизодов, по своей исторической основе переплетаясь с элементами дофольклорного сознания народа.

Как отмечено выше, идея активного отношения к действительности и величия человека с его гуманистическим назначением, была связывающим звеном эпоса. Например, дочь пери Айсалкын воплощает в себе идеальный человеческий образ женщины, для которой характерны прежде всего ум, красота и высокая человечность в общении с окружающими, кроме того, она обладала способностью предвидения. Предвидев судьбу своего сына Бокмуруна, она оставляет его старцу Кокотею в виде милосердия и сострадания, так как он не имел продолжателя своего рода.

Отметим и другие особенности изложения последующих событий из эпической биографии Тештюка. Если вначале шла своеобразная подготовка героя для богатырских подвигов и его эпическая биография передавалась однолинейно, то далее вплетаются отдельные события, повествующие о судьбах различных персонажей.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

Как известно, в современных условиях все большее значение приобретают проблемы взаимодействия общества и природы, охраны окружающей среды, рационального природопользования[14].

**Литература**

1. ЭрТөштүк Бишкек:1996
2. Чижов П.//Проблемы гуманитарных наук в период перехода к рыночной экономике Бишкек:1994.
3. Традиционное мировозрение тюрков Южный Сибири.Новосибрси: наука,1998
4. Акмолдоева Б.Б. Коневодство в системе традиционного хозяство киргизов. Фрунзе: 1989
5. Радлов В. Образцы народной литературы северных тюрских племен.В.Радлов СПб.,1985
6. Мукасов Ы. Философская мысль в контексте развития кыргызской культуры. Б:2010

[14] Радлов В. Образцы народной литературы северных тюрских племен.В.Радлов СПб.,1985

# АЗИЯ ДҮЙНӨ БӨЛҮГҮНҮН АТАЛЫШЫНА БАЙЛАНЫШКАН МИФТЕР ЖАНА УЛАМЫШТАР (Тарыхый-философиялык көз караш)

**Алымбаев Абдрахман Мырзагулович**

Тарых илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы
Философия институтунун ага илимий кызматкери
e-mail: bayas.tural@mail.ru

## Аннотация

Макалада Азия дүйнө бөлүгүнүн аталышы тууралу сөз болот. Ушул убакка чейинки илимий изилдөөлөрдө “азия” топониминин пайда болушу байыркы ассириянын “асу” (“күн чыгыш”) деген сөзү менен байланышта каралып келген. Ага кошумча, биз макалада келтирген грек мифологиясындагы Асия аттуу аялдын ысмы менен байланышкан болжолду да айтышат. Булардан башка Скандинавия элдеринин сагаларында айтылган бир уламыш бар. Анда Азия – “астардын өлкөсү” (“улуу кудайлардын өлкөсү”) дегенди түшүндүрөт. Тилекке каршы, бул уламыш ушул күнгө чейин чечмеленип, толук изилдөөгө алына элек. Ушул уламышка байланышкан биздин изилдөөлөрүбүз Түштүк Сибирде жашаган элдер менен Скандинавия элдеринин ортосундагы түпкү байланыштар бар экенин маалымдоодо. Ал эми өзүнчө сөз. Бул макалада, биз Азия жер атынын келип чыгышын ушул улуу аймакта жашаган байыркы огуз элдеринин аты менен байланышта карадык. Биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Азия жер аталышынын мааниси “огуз уясы”, “огуз үйү”, жалпылап айтканда “огуздардын өлкөсү” дегенди түшүндүрөт. Ошол эле убакта бул пикир раса теориясынын негиз салуучуларынын бири фарангиз окумуштуусу Ж.А. Гобинонун Азия жер аты “арийлердин өлкөсү” дегенди билдириши мүмкүн деген ойун да жокко чыгарбайт. Бирок, “з” жана “р” тыбыштарынын алмашып айтылышы ал бир гана индоевропа тилдерине эмес, түрк тилдерине да тиешелүү көрүнүш экенин окумуштуу эске албаганын эскертебиз. Албетте, тарыхый-философиялык көз караштан чыгарылган бул жыйынтык Европа сыяктуу эле Азия жер атынын мааниси да бүгүнкү күндүн талабына ылайык чечмеленип изилдениши зарыл экендигин тастыктайт.

**Негизги сөздөр:** Азия, Европа, Асгард, Зевс, Угуз, ас, ван, огуз, кыргыз, түрк, Танаквисль, Дон, Яксарт ж.б.

# MYTHS AND LEGENDS ABOUT THE ORIGIN OF THE NAME OF THE PART OF THE WORLD - ASIA (Historical and Philosophical View)

## Abstract

The article will discuss the name of the largest part of the world - Asia. Until now, in scientific studies, the origin of the toponym "Asia" was considered in connection with the ancient Assyrian word "asu" ("sunrise"). In addition to that, they also tell a prediction related to the name of a woman named Asia from Greek mythology, which we have mentioned in the article. Apart from these, there is a legend told in the sagas of the Scandinavian peoples. It means Asia - "the country of the underworld" ("the country of the great gods"). Unfortunately, this legend has not been deciphered and fully studied to this day. Our research related to this legend informs us that there are original connections between the peoples living in Southern Siberia and the Scandinavian peoples.

In this article, we have considered the origin of the name Asia in connection with the name of the ancient Oghuz people who lived in this great region. According to the results of our research, the meaning of the toponym Asia means "Oguz nest", "Oguz house", in general, "country of Oghuz". At the same time, this thought does not exclude the idea of the Farangiz scientist, one of the founders of the racial theory, J.A. Gobin that the name Asia can mean "Aryan land". However, we remind you that the scientist did not take into account that the alternating pronunciation of the sounds "z" and "r" refers not only to the Indo-European languages, but also to the Turkic languages. Of course, this result from a historical and philosophical point of view confirms

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

that the meaning of the name Asia, like Europe, should be interpreted and studied in accordance with the requirements of today.

**Keywords:** Asia, Europe, Asgard, Zeus, Uguz, as, Van, Oguz, Kyrgyz, Türk, Tanakvisl, Don, Jaxart, etc.

***

Күн чыгыш дүйнө бөлүгү «**Азия**» деп качан, адегенде каер аталганы тууралу бир жактуу ой-пикир жок. Ал жөнүндө кеп болгондо эле илимпоздор: Азия Ассириянын «**асу**» деген сөзүнөн улам пайда болгон, ал «күн чыгыш» дегенди билдирет дешет. Алардын айткандарына караганда ушул эле Ассирия тилинде **«эреб»** «күн батышты» түшүндүрүп, андан улам «Европа» деген сөз жаралган[15]

Европа күн батышта жайланышкан дүйнө бөлүгү экени чын, бирок анын аталышы Ассириянын «эереб» деген сөзүнөн эмес, грек мифологиясындагы финикиялык канзаданын ысмынан улам келип чыгышы да мүмкүн? Окурмандарга түшүнүктүү болушу үчүн ал мифтин мазмунун кыскача баяндай кетели.

Финикия жериндеги атактуу Сидона шаарынын падышасы Агеноранын үч уулу жана айдай сулуу Европа деген кызы бар эле. Бир күнү ошол кызы курдаштары менен деңиз бойлоп ойноп жүрсө, аны асмандан Зевс кудайы көрүп калат. Жаш сулууга суктанган кудайлардын падышасы көктөн көз салып, кызды көпкө чейин карап турат да, акыры аны ала качып, өзүнө жар кылып алууну ойлонуп, ошол замат асмандан жерге түшөт. Анан, маңдайында жаңырган ай сымал кашкасы бар букага айланып, оттоп жүргөн өгүз кептенип, талаа тараптан кыздар ойноп жаткан деңиз жээгине басып келет. Жүндөрү күн нуруна чагылышып, жылтылдаган сулуу буканы көрүшүп, ушундай да сулуу жакшынакай жаныбар болобу деп, кыздар таң калышат. Аны тегеректеп алышып, жонунан сылашат. Жаш сулуу Европа болсо, буканын моюнунан кучактап, башын төшүнө кысып, маңдайынан өөп жыттайт. Бука Европанын колуна тумшугун тийгизип, анан бир маалда «жонума мин» дегендей жерге жата кетет. Эч нерсе оюнда жок канзада ойногусу келип, анын үстүнө минет. Ошол маалда бука тура калып, түз эле деңизге кирет да, Европаны ала качып жөнөйт. Деңизде сүзүп кетип бараткан бука менен Европанын арт жагынан кыздар чуру-чуу түшүп, кыйкырышкан бойдон кала беришет. Ошентип Зевс жаш сулууну ала качып отуруп, өзү төрөлүп-өскөн Крит аралына алып келет да, ага үйлөнөт. Бир нече жыл убакыт өтүп, Зевстен Европа: **Минос, Радамант** жана **Сарпедон** деген үч уулду төрөйт. Алар кийин күч-кубаттуу падышалар, аттары дүйнөгө угулган атактуу адамдар болушуп, алардан көп уруктар тарайт[16] Бара-бара алардын урпактары материкти ээлей жайланышып, кийин ошол түп эненин ысмы менен балдары ээлеген Күн Батыш дүйнө бөлүгү “**Европа**” аталып кетет.

Европанын мааниси эмнени түшүндүрөрүн биз так билбейбиз? Кээ бир изилдөөчүлөр анын ысмынын мааниси “бакыраң көз” (ор: “широкоглазая”) дегенди билдирет деп жазып жүрүшөт[17] Европа жер атынын келип чыгышына байланышкан тажрыйбаны эске алсак, анда Азиянын ысмы да андан тараган урпактар тарабынан коюлуп, аял адамдын ысмын билдириши мүмкүн. Тилекке каршы, Европа сыяктуу, Азия жер атына байланыштуу айтылган мындай кызыктуу уламыш тарыхта кезикпейт. Бирок, Зевс алып качардын алдында Европа түш көргөнү тууралуу мындай бир маалымат айтылат. Түшүндө Азия менен Европа

[15] Агеева Р.А. Страны и народы: происхождение названий. М.: Наука, 1990. С.231.
[16] Мифы древней Греции. Фрунзе.: Мектеп, 1984. -С. 111.
[17] Мифы народов мира. 2т. М., СЭ. 1991. С. 419. Гл. редактор С.А.Токарев

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

дүйнө бөлүктөрү – экөө, эки аялга айланып, жер талашып урушуп кетишет. Аягында Европаны чоңойтуп өстүргөн Азия жеңилип, Күн Батыш аймагын тигил – өзү менен кармашкан аялга берүүгө мажбур болот. Ушул түштү көрүп атып, Европа чоочуп ойгонуп кетет[18].

Бирок, ошол эле грек мифологиясында "**Асия**" аттуу башка бир аялдын ысмы да учурайт. Ал аял - титандар тобуна кирген Океан менен Тефиданын кызы, титан Иапеттин аялы. Ал эми Иапет болсо, асман кудайы Уран менен жер кудайы Геянын уулу экени бизге жакшы белгилүү. Мифте айтылган маалымат боюнча, Иапет менен Асиядан төрөлгөн балдардын ысымдары: **Прометей, Менетей, Эпиметей** жана **Атлант[19].**

Эң кызыгы, кыргыз санжыраларында Иапеттин ысмы "Яфет" - "Яфес" - "Япес" – "Йапас" формаларында айтылат да, анда ал Ной пайгамбардын үчүнчү уулу, түрк элдеринин түпкү атасы катары берилет[20]. Санжыра боюнча Яфестен төрт уул болуп, алардын улуусунун ысмы - Түрк. Ушул эле китепте Яфестин урпактары: Аранилер жана Туранилер деп экиге бөлүнөрү жөнүндө да кеп кылынат[21]. Ал эми "Библия": "Иапеттин урпактары Европа менен түндүк-чыгыш Азия аймактарын ээлеп жашашат"[22] деп кабарлайт.

Өз убагында Азиянын (Кичи Азиянын) соодасы жана кол өнөрчүлүгү өнүккөн диний борбору болуп, грек элинин улуу акылманы Гераклиттин туулуп-өскөн шаары Эфес эсептелген[23]. Эфестин аты ар кандай адабияттарда: Эфес – Ефес – Иефес – Иафес – Яфес – Яфет – Иапет ж.б. болуп, ар кандай айтыла берет. Мисалы, анын ысмы кээ бир Сөздүктөрдө "Йафес" формасында да учурайт[24].

Чынында эле сөздөрдөгү жана мифологиялык баяндардагы айтылгандар, алардын түпкү тамыры бир экенинен кабар берип тургансыйт? Бул маалыматтарды айтып жатканыбыздын себеби: Күн Чыгыш дүйнө бөлүгү дал ошол Океан менен Тефиданын кызы - Асиянын ысмынан улам ушундай (Азия) аталышы да мүмкүн? Бул болжол, Библиядагы: "Иапес менен Асиянын урпактары Күн Чыгыш дүйнө бөлүгүн ээлеп жашашат" деп айтылган маалыматты тастыктайт.

Мифологиялык дүйнөтаанымда тик дүйнөнүн жогорку бөлүгү болгон асман – эркекке, төмөн бөлүгү болгон жер аялга тиешелүү. Кыргыз элиндеги: "асман – ата, жер - эне" деген сөз да ушул маанини түшүндүрөт. Демек, жерге берилген аталыш аялдын ысмына таандык болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок грек мифологиясында анын ысмынан улам Күн Чыгыш аймагы "Асия" деп аталганы тууралу кабар жок. Тескерисинче, Күн Батыш дүйнө бөлүгү "Европа" деп аталганга чейин эле Күн Чыгыш "Азия" деп аталып тургансыйт?

[18] Кун Н.А. Легенды и мифы Греции. Фрунзе.: Мектеп, 1984. -С.109.
[19] Мифологический словарь. М.: Советская энциклопедия, 1991. - С. 65.
[20] Сыдык уулу О. Кыргыз санжырасы. \\Кыргыздар 2т. 1-т. Бишкек.: Кыргызстан, 1993. -С. 58.
[21] Сыдык уулу О. Кыргыз санжырасы. \\Кыргыздар 2т. 1-т. Бишкек.: Кыргызстан, 1993. -С. 54.
[22] Бибилейская энциклопедия. М.: Терра.1990. -С.316.
[23] Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997. -С. 311.
[24] Урустанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык Сөздүк. Фрунзе.: КСЭ, 1990. -С.66.

Албетте, Азия менен Европа дүйнө бөлүктөрүнүн аталыштары боюнча көптөгөн пикирлер, илимий болжолдор айтылган. Ошол айтылгандарга таянып, "Библейская энциклопедия" деп аталган китеп бизге мындай маалыматтарды баяндайт: "Асия, же Азия байыркы элдерге белгисиз, төгөрөктүн төрт бурчунун бир бөлүгү. Бул жер аталышы адегенде курамында Иония жана Еолия болгон Лидия дубанына гана тиешелүү айтылган. Анан ал Кичи Азияга карата колдонулуп, кийин аны менен бүт Күн Чыгыш дүйнө бөлүгү аталып калды"[25]. Ошентип, бул маалымат боюнча, байыркы элдер "Азия" деп адегенде Кичи Азиянын бир аймагын, анан бүт Кичи Азияны, кийин ушул ат менен аталып турган Күн Чыгыш дүйнө бөлүгүн айтышкан. Бирок, алгачкы "Азия" деп аталган кичинекей аймак эмне үчүн ушинтип аталганы белгисиз? Дал ушундай эле маалымат В.Д.Гладкий түзгөн энциклопедиялык сөздүктө: "Азия б.з.ч.133-жылы Кичи Азиядагы Римге баш ийген провинциянын аты" деп гана кыскача берилет[26].

"Афрокийские племена живщие в Малой Азии" деген китепке шилтеме берген тарыхчы-окумуштуу С.Наркеев: "…Азия жер аталышы Мандын (Mana) небереси, Куттун (Kot) уулу Асиастын (Asias) ысмына байланыштуу пайда болгон"[27] деген бир кызык маалыматты жазат. Демек, С.Наркеевдин жазганы боюнча, Күн Чыгыш дүйнөгө бөлүгүнө ысмы берилген Азия – Коттун (Кут) уулу, Мандын (Манас) небереси болуп саналат.

Менин жеке пикиримде, Азиянын аталышы жөнүндөгү эң кызык маалымат "**Инглингдер жөнүндөгү сагада**" айтылган. Анда ал тууралу мындай деп баяндалат: "Түндүктө, элдер жашаган аймактын ары жагындагы тоолордон Швецияны аралап, Танаис аттуу дарыя агат. Ал дарыя мурун Танаквисль, же Ванаквисль деп аталган. Ал Кара Деңизге куят. Анын ошол Деңизге куйган жеринде "Ван" деген эл жашап, ал аймак бир замандарда "Вандардын өлкөсү", же "Вандардын мекени" деп аталган. Бул дарыя Дүйнөнүн үчтөн бир бөлүгүн өзүнчө бөлүп турат. Андан Күн Чыгышка карай созулуп жаткан кеңдик – "**Азия**", ал эми Күн Батышка карай созулуп жаткан мейкиндиктин аты "**Европа**" деп аталат.

Танаквислдин чыгышында, Азияда жайланышкан өлкө – "астардын өлкөсү", же "ас элдеринин мекени", ал эми алардын өлкөсүнүн борбору - **Асгард** делет[28].

Ошентип, жогоруда, Скандинавия элдеринин сагаларында айтылган маалымат боюнча, байыркы замандарда, Дон (Танаис) дарыясынан Күн чыгышты карай созулуп жаткан дүйнө бөлүгү – "Азия", же "аздардын өлкөсү" деп аталган. Сагада "**Танаквисль**" деп азыркы кайсы дарыя айтылып жатканы белгисиз? Анткени, байыркы гректер "Танаис" деп азыркы Дон дарыясын айтышкан[29]. Бирок, бүгүнкү түшүнүк боюнча, Азия менен Европа дүйнө бөлүктөрүн Дон эмес, Урал кырка тоосу жана күн батыш тарабынан аны улап аккан Эдил (Волга), Жайык дайралары бөлүп турат.

Анан дагы, биринчиден, гректер жазган Танаис (Дон) дайрасы Кара Деңизге эмес, Азов деңизине куярын окурмандардын эсине салабыз. Андан улам, байыркы Скандинавия элдери "Танаквисль" деп Донду эмес, Днестр дарыясын айтса керек

[25] Бибилейская энциклопедия. М.: Терра.1990. –С. 66
[26] Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997. –С. 116.
[27] Чертков А.Д. Афрокийские племена жившие в Малой Азии. М.: 1852. –С. 23.
[28] Стурлусон С. Круг земной. М.: Наука, 1980. –С. 11.
[29] Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997. –С.163.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

деп ойлойбуз? А балким, чын эле Днестр - "дон+астар", кыргызча айтканда "астардын суусу" дегенди түшүндүрүшү мүмкүн?[30]. "Танаис" деп, байыркы гректер ошондой эле Туран аймагындагы эки улуу дарыянын бири болгон Сыр-Дарыяны да айтышканы байыркы грек булактарынан бизге жакшы белгилүү[31]. Балким, уламышта айтылган "Танаквисль" ушул Сыр-Дарыя болуп жүрбөсүн?

Экинчиден, Азов деңизинин аталышы астардын жашаган ата журтун билдириши мүмкүн деген ойлор да тактоону талап кылат. Анткени, Асгард миф боюнча асманда, тагыраак айтканда Улуу Тоонун чокусунда жайланышкан шаар. Дүйнө элдеринин уламыштарынын дээрлик баарында кудайлар Улуу Тоонун чокуларында жашашат. Ал эми миф боюнча, астар - улуу кудайлардын өзгөчө бир тобу. Азовдо болсо, астар жашай турган Улуу Тоо жок (?). Азов деңизи "түпкү ата журттан" сүрүлүп барып, туруп калган астардын "экинчи мекени" болушу мүмкүн? Аны Асгарддын этимологиясы жөнүндө сөз кылганда, дагы кеп кылабыз. Азыр көңүлдү дагы башка бир фактыга буралы.

Кыргыз тарыхында, Азиянын аталышы "Аз" элинин ысмына байланыштуу келип чыккан" деген ойду, биринчи жолу тарыхчы окумуштуу Эсен Кылыч уулу айткан болчу. Бирок, ал Азиянын атын байыркы Герман элдеринин уламыштарында ысмы сакталган "Ас" кудайлар тобуна эмес, бүгүнкү Кыргыз элинин бир бөлүгү болгон "Азык" уруусунун атына байланышта караган[32]. Автордун жазганы боюнча, Ас элинин ысмы биринчи жолу Страбондун эмгегинен бери белгилүү. Байыркы грек окумуштуусунун жазганына караганда, астар ("асии") Яксарттын ары жагынан келген атактуу уруулардан болушат. Алар өз убагында эллиндерден Бактрияны тартып алышкан.

Автор андан ары оюн улап, аздар Алтай-Саян аймагынан келишкен уруулардын бир улуу Бирикмесинин башында турган "хан уруу" болгон, аларга баш ийген уруулардын көбү кийин "аздар" деп аталып кетишкен дейт[33]. Анан, ар кандай себептердин натыйжасында бул улуу Бирикме чачырагандан кийин, аздардын бир бөлүгү Тоолуу Алтай, Түштүк Сибирь, Түндүк Кытай аймактарына, Чыгыш Түркстанга, Жети-Өзөнгө, Борбордук Казакстанга, Арал деңизинин айланасына, андан ары түндүк Кара Деңиз жээктерине жетип, ар түрдүү элдерден жана уруулардан турган ар кандай бирикмелерди түзүшкөн[34].

Илимий болжолдорго караганда, байыркы Скандинавия элдеринин уламыштарында айтылган "астар" менен Орхон-Энесай жазууларында ысмы эскерилген "аздар", ошондой эле Кыргыз элинин ичинде бүгүнкү күнгө чейин атын өчүрбөй алып келаткан азыктар - түбү бир эле эл. Автордун көз карашы боюнча, көчмөндөрдүн байыркы доорлорунда Түрк эли эки бутактан турган. Анын батыш бутагын – "аздар", чыгыш бутагын шарттуу түрдө "кундар" деп атоого болот. Ал эми хундар болсо, байыркы көчмөндөрдүн дал ушул чыгыш бутагынан чыккан"[35].

[30] Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997. –С. 229.
[31] Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997. –С. 320.
[32] Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983.-С.64.
[33] Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983.-С.64.
[34] Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983.-С.64.
[35] Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983. –С.60.

Биздин изилдөөлөрүбүз боюнча, байыркы огуздар: “Аздар” жана “Уздар”[36] (Н.А.Баскаковдун жазганы боюнча, “Уздар – орус летопистеринде: “уз”, “торк”, “турпей” ж.б. аттар менен белгилүү. Ал кээде: “огуз – угуз –уз” катары Хазар жана Огуз урууларынын курамында да жолугат) деп аталган “эки канаттан” жана “Ичгуздар” (ичгуздардын тарыхтагы ысмы байыркы замандарда грек булактарына “скиф”, Ассирия булактарына “ишгуз”, “ашгуз”, перси булактарына “сак”, Авестага – “тур” деген аталыштар менен түшкөн) деп аталган үчүнчү бир Ичкилик уруулар тобунан турган. Түстүк белгилери боюнча, Аздар – “ак гуздар”, Уздар – “көк гуздар”, ал эми Ичгуздар – “кызыл гуздар” деп аталышкан.

Байыркы огуздардын аты адегенде Орхон-Энесай жазууларында, кийин орто кылымдарда Орто Азия аймагында жашаган элдердин катарында жолугат. Бирок бул жерде сөз орто кылымда жазма булактарда “огуз” деген ат менен белгилүү болгон эл жөнүндө эмес, б.з.ч. доорлордогу оозеки булактарда айтылган Туран элдеринин түпкү жалпы аталышы тууралу сөз болуп жатат. Аны биз түрк элдеринин түпкү жалпы аты (огуздар) катары айтылган Балыкооздун санжырасындагы маалыматка таянып кеп кылып жатабыз.

Менин жеке пикиримде, байыркы улуу Огуз биримдиги чачырагандан кийин **аздар, уздар** жана **ичгуздар** өз алдынча ордолорго, уруу бирикмелерине ажырап кеткен. Профессор О.Каратаевдин жазганы боюнча, аздардын аты өзүнчө эл катары Орхон-Энесай жазууларында, андан кийин Түргөш ордосунун курамында жолугат, Ал эми азыркы мезгилде Кыргыз элинин ичинде “азык” (Оң канаттын курамында), “азия” (Ичкилик курамындагы Оргу уругунун ичинде), Алтай, Башкыр элдеринин арасында “төрт ас” ж.б. деген аттар менен белгилүү[37].

Бүгүнкү Кыргыз элинин санжыраларында алардын аттары: “Ак Уул”, “Көк Уул” (Көк уулдун ысмы көпчүлүк санжыраларда “Куу уул” деп берилет. Ал эми “Мажму ат-таварихте” анын “Кара уул” деп айтылышы да учурайт -Б.Т.) жана “Кызыл Уул” деп айтылат[38]. Казак элинде болсо, алардын ысымдары: “Улуу Жүз”, “Орто Жүз” жана “Кичүү Жүз” формаларында сакталган[39]. Биздин оюбузча, байыркы “гуз” (“огуз”) сөзү казактарда “жүз” формасына өтүп, өзгөрүлүп айтылып калгансыйт?

Тарыхта аздар – “аз”, “ас”, “азык”, же: “каз”, “кас” (хас), “касог”, “казак” (ас+ок) деген формаларда белгилүү[40]. Уздар болсо – “уз”, “гуз”, же: “огуз” деген аталыштар менен тарыхка түшкөн. Ал эми ичгуздардын байыркы аты ассирия булактарында “ишгуздар” же “ашгуздар”[41], грек жазмаларында “скифтер”, перси булактарында

---

[36] Н.А.Баскков Н.А.. Микроэтноними узов (огузов) – черных клобуков в русских летописях. 1983. –С.39.

[37] Каратаевдин О. Кыргыздар: көөнө этникалык аталыштар. Эл агартуу журналы №9-10. Бишкек.: 2000. –С.35.

[38] Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек.: Кыргызстан, 1995.; 2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек. КЭ, 1996; 3. Кыргыздар. 2т. түзгөн К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993.

[39] Шаакерим Кудайберди уулу. Родословная тюрков, киргизов, казаков и ханских династий. Алма-Ата.: Жазушы, 1990; 2. Тынышпаев М. Материалы к истории киргиз-казакского народа. Ташкент.: 1925.

[40] Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983. –С. 19.

[41] Погребова М.Н. Памятники скифской культуры в Закавказье.\\Журнал. «Кавказ и Средняя Азия в древности и средневековья. М.: Наука, 1981. –С.48.

“сактар” деп берилген. Чыгыш Ирандын жана Орто Азиянын отурукташкан элдери аларды алгач “турлар” деп айтышкан[42].

Тарыхтын ар кандай учурларында Огуз элинин бул “үч канаты” биригип, бир улуу Ордо катары көтөрүлсө, кээде үчөөсү бөлүнүп, үч башка Ордо түзүп, кээде бир Ордо өзү бир нече майда ордолорго бөлүнүп жашап келишти (Түшүндүрмө: кече эле Алтын Ордо чачырагандан кийин, ал да: “Ак Ордо”, “Көк Ордо” жана “Кызыл Ордо” деген аталыш менен алгач үч ордого ажырап, кийин бир нече майда ордолорго бөлүнүп кеткен).

Санжыраларда түпкү атабыз Угуз хан Ак өргөнү биринчи болуп ойлоп таап, анан аны Ысык-Көлдүн жээгине тиккени жөнүндө кабар айтылат. Ал тууралуу Абылгазы Бахадур минтип жазат: “Түрккө “**Йафас уулу**” деп ылакап ат коюшту. Башынан адептүү жана акылдуу киши эле. Атасынан соң көп жерлерди кыдырып көрдү да, бир жерди кыштап анда турду. Бу күндө ал жерди Ысык-Көл дээр. Кереге үйдү ошол чыгарды… Карахан  атасынан соң тамам элге падыша болду. Ар тагы жана Кер тагы бу заманда Улук Тоо жана Кичик Тоо делер, аны жайлаар эле. Кыш болгондо, Кара-Кум жана Сыр-Суунун жакасын кыштаар эле”[43]. Бул маалыматты Тоголок Молдонун санжырасы да ырастап: “Күн батыш жакта кадимки Түрк атабыздын алтын жасаты атагы дайын айтылуу Кер-Көлдө калган. Кер-Көл бул күндө Ысык-Көл деп аталат” дейт[44].

Ошентип ушул куттуу аймак бир нече муун жаңырып, анын кийинки урпактары Кара хан, андан Угуз ханга калган экен. Түрк уругунан Угуз хандын ооматы жүрүп, Эл уютуп, “төгөрөктүн төрт булуңунун каганы болуп”, шүгүтү күчөгөн замандарда көбөйгөн эл менен кеңейген жер аты биригип, турак кылган жайына карай Ар гуздары, Кер гуздары деп атала баштаптыр. Ошо аталыш бара-бара Аргуздар жана Кергуздар деген чулу ысымга айланыптыр”[45]. Мында “Түрк ата” дегенибиз ал - биз айтып жаткан Угуз хан. Түрк ата ошол Угуз кагандын кийинки “түрктөшкөн” ысмы. Түрк элдеринин алгачкы жалпы “огуз” деп аталышы оозеки булактарда айтылат[46] Огуздар болсо, дал ошол улуу бабабыз – Угуз хандан тараган урпактар. Алар өсүп-өнүп, көбөйүп, өзүнчө улуу элге айланып, анан өз ара: “Аздар”, “Уздар” жана “Ичгуздар” деп бөлүнүшкөн. Менин жеке изилдөөмө карганда, ичгуздардын “түстүк” аталышы “кыргыздар”, мааниси - “кызыл огуздар” дегенди билдирет. Кыргыз этнониминин мындай мааниси бизге окумуштуу Петровдун эмгегинен улам да жакшы белгилүү. Ошондуктан огуздардын айлана-тегерегинде жашашкан элдер, алардын жерин өздөрүнө чектеш жашашкан элдин аты менен: “**Азия”, “Узия”, “Ичгузия” (“Скифия”), же “Огузия”, “Гузия”** деп айта беришкен. Ал жер атынын маанилери: “**огуздардын уясы**”, “**огуздардын үйү**”, “**огуздардын ата журту, мекени, өлкөсү”** дегенди  түшүндүргөн. Озеки булактар берген маалыматтарга таянсак, “огуздардын үйү”, же “огуздардын ата журту” деп, алгач азыркы Кыргыз  жериндеги Ысык-Көл өрөөнү айтылган. А чынында, Рашид-ад-Диндин “Жами ат-таварих” аттуу эмгегине таянып, Абулгазинин: “Угуз хандын

---

[42] Берзина Э.О. Чему учил Заратуштра?. \\Журнал. Атеистические чтения №14.  М.: Политиздат, 1995.-С.52

[43] Өмүралиев Ч. Осуят. \\Кыргыздар. 2т. түз. К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993. 7-9-бб.

[44] Кыргыздар. 2т. түзгөн К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993. 390-б.

[45] Кыргыздар. 2т. түзгөн К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993. 390-б.

[46] Закиров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек. КЭ, 1996. 58-б.

Кыргыз аттуу небереси болгон. Кыргыздар анын урпактары. Бирок, бүгүнкү күнү анын тукумунан адам аз калды" деп айтканы бар. Ушул эле жыйнактын экинчи бир жеринде: "...огуздар, тогуз огуздар, кимактар, халаждар жана кыргыздардын түпкү теги бир" деген маалымат айтылат[47]

Башкача айтканда, эң алгач "Азия" ("Огузия") деп байыркы заманда дал ушул атактуу Ысык–Көл өрөөнү аталган. Андан улам, балким алгач "азия" жер аталышы дал ушул Көлгө байланыштуу келип чыккандыр деген ой туулат? Анткени, атактуу Э. Мурзаевдин эмгегинде "азия" (абх.) "көл" маанисин билдирери айтылат[48]. Ал эми хакас тилинде "ас" эки суунун кошулушу, чат, ооз деген сөз[49].

Анан бул аталыш огуздардын Улуу ордосунун күч алышы, андан соң анын уруу бирикмелеринин Күн чыгышка (уздардын) жана Күн батышка (аздардын) карай эл багынтып, жер басып жайылышы менен Чыгыш дүйнө бөлүгүнө тараган. Бул, болжол менен мындан 4-6 миң жылдар мурун, шумерлер Турандан Месопатамия аймагына кетип, көчмөн арий урууլар толкуну чыккан мезгилдерге туш келет. Тагырак айтканда "Азия" жер аталышы кытай, индус же семит элдерине эмес, бул улуу дүйнө бөлүгүнүн ушундай аталышы дал ушул Туран аймагында жашашкан байыркы огуздардын (аздар, уздар жана ичгуздар) ысмы менен байланыштуу.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Агеева Р.А. Страны и народы: происхождение названий. М.: Наука, 1990.
2. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек.: Кыргызстан, 1995.
3. Баскков Н.А.. Микроэтноними узов (огузов) – черных клобуков в русских летописях. 1983.
4. Березина Э.О. Чему учил Заратуштра?. \\Журнал. Атеистические чтения №14. М.: Политиздат, 1995.
5. Бибилейская энциклопедия. М.: Терра.1990.
6. Гладкий В.Д. Древний мир. 2т. Донецк. «Оточество», энциклопед.словарь. 1997.
7. Закиров С. Кыргыз санжырасы. Бишкек. КЭ, 1996;
8. Источниковедение Кыргызстана с древности до Х1Х в.в. Бишкек.: Илим, 1996.
9. Каратаевдин О. Кыргыздар: көөнө этникалык аталыштар. Эл агартуу журналы №9-10. Бишкек.: 2000.
10. Кылыч уулу Э. Азия, или кочевники Азы. Бишкек.: Илим, 1983.
11. Кыргыздар. 2т. түзгөн К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993.
12. Кун Н.А. Легенды и мифы Греции. Фрунзе.: Мектеп, 1984.
13. Мифологический словарь. М.: Советская энциклопедия, 1991.
14. Мифы народов мира. 2т. М., СЭ. 1991. Гл. редактор С.А.Токарев.
15. Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. –М. "Мысль". 1984.
16. Өмүралиев Ч. Осуят. \\Кыргыздар. 2т. түз. К.Жусупов. Бишкек.: Кыргызстан, 1993.
17. Погребова М.Н. Памятники скифской культуры в Закавказье.\\Журнал. «Кавказ и Средняя Азия в древности и средневековья. М.: Наука, 1981.
18. Сыдык уулу О. Кыргыз санжырасы. \\Кыргыздар 2т. 1-т. Бишкек.: Кыргызстан, 1993.
19. Стурлусон С. Круг земной. М.: Наука, 1980.

[47] Источниковедение Кыргызстана с древности до Х1Х в.в. Бишкек.: Илим, 1996. 445-б
[48] Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. –М. "Мысль". 1984. –С.40.
[49] Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. –М. "Мысль". 1984. –С.58.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

20. Урустанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык Сөздүк. Фрунзе.: КСЭ, 1990.
21. Шаакерим Кудайберди уулу. Родословная тюрков, киргизов, казаков и ханских династий. Алма-Ата.: Жазушы, 1990; 2. Тынышпаев М. Материалы к истории киргиз-казакского народа. Ташкент.: 1925.
22. Чертков А.Д. Афрокийские племена жившие в Малой Азии. М.: 1852.

# ЭПИЧЕСКАЯ ТРАДИЦИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА: РЕАЛИИ И БУДУЩЕЕ

**АЙДАРОВА Динара Мамбетовна**

Старший научный сотрудник института философии имени академика А.А. Алтмышбаева НАН КР

## Аннотация

Статья посвящена эпической традиции кыргызского народа. Автор подчеркивает особое значение традиций их культурную ценность, которые выступают направляющей силой преобразований в будущем. В статье автором отмечается, что главным источником лучших традиций является великий эпос «Манас».

**Ключевые слова:** эпос «Манас», эпическая традиция, будущее.

***

Кыргызская эпическая традиция представляет собой особый пласт духовной культуры, который был в определенных направлениях изучен в трудах кыргызских ученых. Кыргызский народ, переживая сложные времена, связанные с процессом самоутверждения обращается к тысячелетней народной памяти, к духовным эпическим постулатам, к эпосу «Манас». На этапе, когда общество переходит к новому порядку духовно-нравственные, культурные ценности приобретают особое значение и становятся направляющей силой преобразований.

Эпос «Манас» относится к таким памятникам, которые продолжают доставлять нам художественное наслаждение.

Основу содержания героического эпоса составляет изображение доблестных подвигов Манаса во имя объединения народа в единый сплоченный народ. В эпосе есть очень крупные эпизоды, где художественно повествуются мирная жизнь народа, раскрывающие быт, обычаи, нравы народа, красочно и детально в эпосе описываются картина мирной жизни кыргызского народа, особенно праздники. Подобные праздники и пиры, в соответствии с обычаями, сопровождают в эпосе «Манас» все основные этапы человеческой жизни: рождение ребенка, свадьба и т.д.

В зарождении и становлении науки об эпосе «Манас» большая заслуга принадлежит крупнейшим ученым: академикам В.М. Жирмунскому, М. Ауэзову, Б. Юнусалиеву, профессорам А.Н. Бернштаму, П.Н. Беркову, С.М. Абрамзону, известным фольклористам М. Богдановой, А.А. Петросян и многим другим. Особое место среди исследователей «Манаса» принадлежит выдающемуся казахскому писателю знатоку фольклора, видному ученому М. Ауэзову, который активно занимался эпосом. М. Ауэзов считал, что необходимо изучение «Манаса», потому что он имеет мировоззренческое значение.

Изучая особенности эпоса «Манас» мы можем постичь своеобразие эпической традиции кыргызского народа. В монументальном эпосе «Манас» воспеваются лучшие традиции и обычаи кыргызов в области бытовых, семейно-бытовых отношений. В эпосе мы знакомимся с замечательными традициями такими как уважение старших младшими, почтительное отношение к женщинам и другие.

К настоящему времени число больших и малых работ научного характера, касающихся эпоса «Манас» достигло невероятно большего количества. Среди них

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

исследования фольклористов философов, историков, этнографов, а также лингвистов, географов, педагогов и психологов.

Огромен интерес к эпосу «Манас» зарубежных ученых. Еще до Октябрьской революции известный венгерский ученый Г.Алмаши в 1911 году опубликовал в журнале отрывок из эпоса «Манас». Неоднократно в своих работах к проблемам «Манаса» обращались турецкий ученый А. Инан, профессор Лондонского университета Ф.Хатто. Отдельные отрывки эпизодов из эпоса «Манас» переведены на французский язык, немецкий, венгерский, английский и другие.

Эпическая традиция в современное время была достаточно разработана в трудах кыргызских философов. Большой вклад в изучение проблем с эпической традицией внесли Ш.Б. Акмолдоева, Г.А. Бакиева, Н.В. Кумскова. В работе последней были проанализированы социально-этические истоки национальной эпической традиции. В настоящее время наблюдается усиленный интерес общества к традициям. Это весьма примечательное обстоятельство имеет самое непосредственное отношение к кыргызскому народу. В частности, очень важно уяснить сущность традиций кыргызского народа. Поскольку раскрытие общих и специфических функций, выполняемых традициями, позволит понять социум, социализацию и образ жизни кыргызов. Исследование эпической традиции на современном этапе непосредственно касается таких важных вопросов, как отношение к наследию прошлого и некоторые причины сохранения социальных пережитков, отрицательно, влияющие на будущее развитие общества.

В нашей стране, строящей независимое демократическое государство, вопросы социально-исторической преемственности имеют ярко выраженный национально-государственный интерес. Сейчас как никогда необходимо возрождать лучшие традиции своего народа и внедрять их в повседневную жизнь. И главным источником лучших традиций кыргызов является великий эпос «Манас», где мы можем почерпнуть огромный опыт наших предков.

Создателями «Манаса» являются талантливые люди из народа. Они же и хранители эпоса, передававшие его тексты из поколения в поколение. На основание этого можно сказать о существовании эпической традиции в поэтическом творчестве кыргызского народа. Благодаря, сказителям эпос «Манас» развивался, расширялось его содержание, совершенствовалась его форма.

«Манас» - произведение всенародное, ибо народ не пассивно слушает его исполнения различными сказителями, а является активным участником творческого процесса, главным ценителем и судьей манасчи, своими советами помогают сохранить традиционную основу эпоса.

Исследование эпоса «Манас» приводят к бесспорному выводу: события, составляющие содержание «Манаса» представляют множество пластов, подтверждающие то, что произведение формировалось в течение длительного времени. На протяжение столетий «Манас» жил в форме устных преданий, жил в искусстве особых мастеров. Их в народе называют «чон манасчи» или «чон жомокчу» буквально великий сказитель. Это люди, обладающие огромным талантом, великолепной памятью, они досконально знают все эпизоды эпоса и рассказывают их в развернутом плане, именно они сказители являются создателями особо популярных вариантов в народе. Благодаря своему искусству они пользуются особым уважением. Их имена долго хранит народная память. К

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

таким сказителям следует отнести из старшего поколения Келдибека, Балыка, Тыныбека и Чоюке. Среди манасчи, которые жили в эпоху современного времени в народе называют Сагымбая Орозбакова и Саякбая Каралаева.

Эпический певец – хранитель и исполнитель народного сказания, одновременно он и творец национальных традиций.

Одним из достоинств эпоса «Манас» является его высокий художественный уровень. В эпосе широко использованы все богатство кыргызского языка, его первозданность, чистота, глубина передачи своеобразия мышления. Искусство манасчи – это гениальная память кыргызского народа, это ода человеческой культуре мышления. Умелое и искусное перевоплощение манасчи в прошлое национальной истории позволит в будущем более тонко и глубоко ощутить дух эпохи, дух народа. Манасчи выступают связующей нитью времен, посредниками взаимосвязи поколений. Сказитель ярко, красочно детально излагает время действия, как бы вовлекает слушателей в этот мир, заставляя их быть свидетелями и сопереживателями действий событий. Мастерство, искусство кыргызских манасчи настолько велико, что они способны слушателя перенести в события, о которых повествует. Манасчи перевоплощаются в мир эпоса, им присуще способность ощутить дух времени, дух народа, его идеи, стремления, пронести все это через свое мировосприятие. Все это отражает специфику мышления кыргызов. Происходит слияние субъективного миропонимания манасчи и объективности происходящих событий. Каждый манасчи ведет сказ, исходя из своего индивидуального понимания и восприятия. Есть сказители, которые являются просто передатчиками традиционного сюжета, и есть сказители-импровизаторы. Это сказители, обладающие особым даром, которые могут вносить обновление в сюжет, мотив. Одними из таких манасчи являются яркие и талантливые сказители как Сагымбай Орозбаков и Саякбай Каралаев. Такие творцы-исполнители выступают живым каналом связи поколений.

Большой знаток художественной культуры тюркоязычных народов академик В.В. Радлов, посетив Кыргызстан в середине 19 века и познакомившись с кыргызским фольклором, был поражен тем, что в устном народном творчестве кыргызского народа героический эпос занимает господствующее положение. По этому поводу он писал: «Эти песни ясно показывают нам, что народная поэзия кара-киргизов в каком-то своеобразном периоде, который лучше всего назвать «истинно эпическим периодом».

Особенностью эпических произведений является яркое раскрытие героического пафоса в жизни народа. Исторические факты также отражаются в эпических произведениях, но они получают своеобразную художественную интерпретацию. Эпос может собрать воедино разновременные и исторические явления.

Основным героем и движущей силой в эпосе «Манас» выступает народ. Мощь, его духовная сила проявляется в его патриотизме, жажде самопожертвования ради родной земли, в его могучем и сильном характере. Народ в эпосе предстает непобедимой силой. Образ народа отражен в доблестных богатырях эпоса.

Национальная эпическая традиция является звеном, образующим связь между прошлым и современным поколением. Культура кыргызов с ее сильными эпическими импульсами и традиционным характером бытования способствовала

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

формированию кыргызской национальной эпической традиции. Эпическая традиция для кыргызского народа это прошлое, настоящее и будущее.

**Литература:**

1. Радлов В.В. Образцы народной литературы. Ч. 5 с.16
2. Мукасов Ы.М. Традиция и обычай как социокультурные явления. Сб. Улуттук каада-салттын улуулугу. Бишкек 2004 г.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ISBN: 978-605-73444-6-5

# ИСКУССТВО ЭПИЧЕСКОГО СКАЗИТЕЛЯ И ВОПРОСЫ ТЕКСТОЛОГИИ

**ОРОЗОБЕКОВА Жылдыз Калмашевна**

Доктор филологических наук, профессор
Контакт: 996 926 548
Kalmykamet.zhyldyz@mail.ru

## Аннотация

В данной научной статье мы рассматривали ряд актуальных вопросов в современной фольклористике: сказительское искусство; варианты эпоса “Манас”; вопросы текстологии.

Как всем известно в историографии науки немало исследовали творчество эпического сказителя. Феномен манасчы с одной стороны заслуживает восхищения, с другой стороны его природный дар воспринимается как удивительное явление, наука еще не в силе раскрыть его сверхьестественные возможности. Несмотря на бесспорные достижения в области эпосоведения, в кыргызской фольклористике все еще недостаточно изучены проблемы текстологии: фиксации мысли; устная фиксация; звуковая запись.

В заключении говорится о том, что феномен сказителя в сфере науки еще недостаточно изучено, поэтому его надо изучить с точки зрении семиотики; Текстология один из нужных направлений фольклористике, поэтическая структрура, огромный гипертекст, контаминация жанров и жанровых видов, прототекст, подобные вопросы остаются еще открытым.

**Ключевые слова:** феномен, вариант, версия, сказительская школа, гипертекст, контаминация, текстология.

# THE ART OF THE EPIC STORYTELLER AND ISSUES OF TEXTOLOGY

## Abstract

In this scientific article, we considered a number of topical issues in modern folklore studies: narrative art; variants of the epos "Manas"; questions of textology.

As everyone knows in the historiography of science, a lot of research was done on the work of the epic narrator. The phenomenon of Manasch on the one hand deserves admiration, on the other hand its natural gift is perceived as an amazing phenomenon, and science is not yet able to uncover its supernatural possibilities.

Despite the indisputable achievements in the field of epic studies, in Kyrgyz folklore studies the problems of textology are still insufficiently studied: **the fixation of thought; oral fixation; sound recording.** In conclusion, it is said that the phenomenon of the narrator in the field of science has not been sufficiently studied, so it must be studied from the point of view of semiotics; Textology is one of the necessary directions for folklore, poetic structure, huge hypertext, contamination of genres and genre species, prototext, such questions remain open.

**Keywords**: phenomenon, variant, version, narrative school, hypertext, contamination, textology.

***

## Введение

За последние годы заметно расширилась и активировалась работа по изданию и изучению эпоса “Манас”, многие варианты впервые водятся в научный обиход. Другие варианты известные и раньше, получают более полное новое освещение.

О народных сказителях эпоса “Манас” написано немало. Почти более ста пятидесяти лет фигура этого феномена занимает один из центральных мест в науке. Существуют “школы манасчы” и на данный момент у нас есть возможность систематически изучать поколения сказителей эпоса и их варианты.

“Манас” коллективное произведение. Его бесконечные поэтические тексты находятся в постоянных бесконечных вариациях. Изучение устного эпоса в зафиксированном виде, в его устном бытовании, который на сегодняшний день руководствуемся остается открытым. В связи с этим, можно сказать что, одним из актуальных вопросов в кыргызской фольклористике является именно текстологическое изучение. Текстологическое изучение важно не только потому, что он помогает изучить историю устного поэтического текста, он раскрывает основу народной поэтической традиции, создание новых и оригинальных вариантов, характеризует весь творческий процесс.

В данной статье мы затронули вопрос феномена сказителя героического эпоса и проблемы текстологии в эпосоведении вообще.

**Варианты эпоса “Манас”**

В истории эпосоведения целая плеяда сказителей оставила свой след, начиная с Ырамандын ырчы уул, который предположительно является одним из первых сказителей, а позже как Келдибек, Балык Чоюке, Акылбек, Назар и.т.д. имена которых знакомы нам лишь по наслышке, на самом деле они были большими творцами, знатоками эпоса. В свое время не успели зафиксировать тексты, но такие сказители как Тыныбек, Шапак, Сагымбай, Багыш и.т.д. оставили нам свои варианты их количество составляет около 78 полных и не полных вариантов трилогии.

В истории манасоведения Сагымбай Орозбаков занимает особое место. Его вариант уникален богатой лексикой, насышенной историей, и глубиной, его поэтический язык является редким образцом устной культуры. Одним словом, Орозбаковский вариант стал для многих поколений сказителей конституцией героического эпоса “Манас”.

кыштагынан жолугуп калышкан кыргыздык эки феномен. Мамазия ава айтып берген санат-насият ырлары окумуштуунун өз элинин өтмүшү жөнүндөгү ойлоруна ааламды чабыттатар канат тагып койгондой сезимдерге кабылткандыгын анын төмөнкү саптарынан байкалбай койбойт: "Кээде, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгындагы санат, насият ырлары баш болгон дидактикалык мазмундагы тексттерди окуп жатып: ушу тапта башкалардан үйрөндүк, китептерден окуп билдик дегендерибизди, белгисиз бир убактарда ошол бизге үйрөтүп жаткандардын өздөрүнө биз үйрөткөн, окуткан болбойлу деп; илгери бир чактарда ой асылын (оригиналын) аларга берип алып, эми азыр, ошол ойдун саркындысын, жасалмасын, калдыгын кайра өзүбүз "сатып" алып жатпайлы деп; азыркы алган билим, окуп билген ойлордун түптеги, нактасы, эң баштагы турпаты ушул ыр саптарынын арасында жашырынып жатпасын деп; башкалар бизден алган бир тал чырпыгын чынар кылып өстүрүп, биз болсо, чынар эмес, чытырман токойлорду өрткө алдырып жиберип, анан ээн талаа, эрме чөлдө эңгиреп кала беребизби деп; эми, тигилер бизден алып, бапестеп чынар кылган, учу аларда, тамыры бизде турган чырпыктын ала-телек саясына койдой болуп корголоп жатабызбы деп... ойлоп кетем... Дегиңкиси, кийинчерээк, негедир кыргыздын ойчулдугу, улуттук чын келбети тууралуу ээнбаш ойлор мезгил-мезгил мээге баткан тикен сымал, кыжаалат ойго салып турчу болду"[52]. С.Кайыпов жазган тексттерде мындай улут уңгусу, анын башкалардан айырмачылыгы, элибиздин кечээгисинен агып чыккан нарктуу сапаттары азайып, андан агып чыкпастан, дейди адамдар алып келип киргизген делдирек философияны ээрчиген өөн кылык-жоруктары көбөйгөндөн-көбөйүп бараткандыгы жөнүндө ой толгоп, кабырга кайыштырып жазгандары өтө арбын. Демек, улуттун эртеңкисине карата көйгөйлөрүбүз ченемсиз өсүп, аз улутту оңой эле аңтар-теңтер кылып жиберчү деңгээлдерге чейин чаап кетип жаткандыгы айгине. Атаганат, ушуну мамлекет башчылары эске алып, дегеле, кыргыз мамлекетинин башындагылар, окумуштуулардын диагнозу менен эсептешип башкарган учурга кыргызстандыктар жетишебизби, же жокпу? - деп ойлоп алып, кээде түнүлөсүң, кээде "жарк" этип үмүт байлаткан айрым иштер орун алып калып, анан кайра эле бир канча жылда бир көрүнгөн куйруктуу жылдыз сымал узакка-узакка зарыктырып жок болуп кетет. Жакшылык иштер системалуу түрдө болуп, бири-экинчисине уланып жүрүп отурса гана заман жакшылыкка оойт да. Эки башка замандын (системанын), эки башка доордун, бирок, бир-биринен анча айырмаланбаган бийлик ээлеринин акылдуу, күчтүү инсанга кылган зомбулугунун айынан бөтөн элде, өзүнүн корсунган ички абалдарын эч кимге билгизбей ичине жуткан, "Акылдан азап" деген коомдук түбөлүктүү кубулуштун туткундары болгон эки инсандын жолугушуусунан кийин, бул кезигишүүнүн демилгечиси болгон окумуштуу, өзүнүн жан-дүйнөсүндө болуп өткөн салтанат менен трагедиянын айкалышып бир келген учурун төмөнкүдөй деп жазат: "Ошентип, Мамазия ава менен жарым күнчөлүк гана убакыт кечирдим. Бирок, көп нерсе алдым. Көп маселени чындап, кайрадан ойлонууга туура келди. Ойлондум, акыры чаташкан чаржайыт ойлордон кутулгандай, жоготкон жолума кайра түшкөндөй, издегеним кайра тапкандай болдум. Көз алдымда бир сырдуу дүйнө, ага алып баруучу чыйыр жол ачылгандай... буйдалып-будаланып отуруунун эч

[52] Кайыпов С. Жылга бергис жарым күн.Б.: 2006, 100-б.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

кажети калбагандай ... турмуштун майда-чүйдө, ыбыр-сыбыр маселелери биротоло бүткөндөй болду да калды.

Көөдөнүмү аз убакта көп санаа уялады... Жаман-жакшы ойлордун учу-кыйырсыз кербени чубап өттү... Эң башкысы, эми, Ванда бир нече жыл калып, бул кыргыз тобунун фольклорун тытып изилдөөгө баш байлайын деп чечтим"[53]. Чындыгында да ошондой болду. С.Кайыпов бир нече жыл Ванда калып, кыргыздан үзүлүп калган бир ууч элдин фольклорун эле эмес, этнографиясын (тамак-ашын) изилдеп, том-томдогон баалуу эмгектерди жаратып келди. Ошол темада доктордугун коргоп, тарых илимдеринин доктору болду. Ал эмгектердин эми баасы айтып болгус... Бирок, мен бул жерде, жогоруда келтирилген цитатага байланыштуу башка бир ойдун башын чубагым келип турат. Ал оюм: улуттук уңгунун күчү жөнүндө болмокчу. Ушу жерде бир салыштырууну келтире кетпесем болбос: Ч.Айтматов каза болгондон көп узабай С.Кайыпов "Ата экенин эми гана билгенде" деп аталган жупкадай китеп чыгаргандыгы, кимдир-бирөөлөрдүн жадында калдыбы-жокпу билбейм. Менин болсо, такыр эсимен чыкпай орноп калгандыгына ошерде келтирилген бир эпизод себепчи болду. Кеп, Ч.Айтматов айтып берген, Европа континентиндеги кайсы бир деңиздин жээгинде жашаган өңү кара уруулардын бири жөнүндөгү притча сыяктуу, бирок, Айтматовдун жашоосунда кезиккен эле бир окуя жөнүндө: жазуучуну, европалык бир таанышы, дем алыш күнү эс алдырып келмекке, адам аз, ээн жактарга алып барат. Ал жерде, алар бир топко жолугуп калышат. Алар бир кездеги кыргыздардай эле эч кандай цивилизациясы жок, жапан табияттын койнунда жашашат экен. Өздөрүн сонуркап карап, тегеректеп алган аларга, тиги жолдош Айтматовду тааныштырмак болуп, анын аябай атактуу жазуучу экендиги жөнүндө айтат, реакция нөл. Анан Ч.Айтматов СССР деген мамлекеттин жогорку советине депутат экендиги жөнүндө айтат, реакция баштагы бойдон калат. Акыры модератор: Айтматов арак жасалган өлкөдөн экендигин айтат. Ошондо гана тиги ынды каралар жанданып, оо-лоп секирип, сүйүнгөндүктөрүн билдиришет. Айтматов: арактан башканы тааныбаган, эч кандай маданий байлык жаратпаган эл көрдүм. Ал эми биздин элдер такыр башка да – деген экен. Жанагы китебинде С.Кайыпов дал ушинтип жазат. Бул эс-тутумун жоготкон эсабастыктын накта трагедиялык көрүнүшү да. Ушунусу менен ушул окуя менин жадыма мыктай кагылып калды. Улуттук эс-тутумду жоготпоого салым кошуу – бүгүнкү күндүн барып турган эрдиги, баатырдыгы экендиги жөнүндөгү чындык, рак оорусунун диагнозундай болгон ушунчалык ачуу, коркунучтуу чындык экендигин таанытты мага. Байыркы заманда кыргыздар "Манас" эпосу баштаган океандай фольлкору, элдик чыгармачылыгы менен жашаган, уктаган, ойногон, үйлөнгөн, балдарын жарыкка алып келген жана тарбиялаган, өлүгүн көмгөн, өзү өлгөндө узатылган. Улуттук аң-сезимди фольклор бардык тарабынан "курчап" турган. Андан кийин, ошол фольклордун туундусунан жаралган кыргыз искусствосу – кыргыздардын жашоосун бардык тарабынан тейлеген. Бүгүнчү? Ошол "Он экинин бири жок, уй байлаарга жиби жок" калган кыргыз – бирибиз молдолорду, экинчилерибиз кожолорду ээрчип, бирибиз батышты, экинчибиз чыгышты туурап, ар кимибиз ар жакты карап, андаалап жүрөбүз... Эми ушерден, баштагы ойго кайрылып келүү удулу жетти окшойт. Ошентип, чет черде, алтымыш санаа бир баскан Алмамбеттин абалында жүргөн окумуштуу Сулайман Кайыпов – өз мекенинин жыты сиңген, көңүл түпкүрүнүн бир

[53] Ошондо 79-б.

жеринде жашап жүргөн, куса кылган, сагындырган, саргайткан, эч жакка кетирбей, кыргыз аттууну аркандап, өз айланасында кармап турган улуттук касиеттин күчүнүн даамын даамын татат, жытын сезет. Ушерден болуп көрбөгөндөй профессионалдык кызыкчылыгы ойгонот. Фольклорчу болуп туруп, ушунча фольклорду кантип таштап басып кетет? Бир тайпа кыргыздын байыркы эс-тутумун өзүндө сактап турган ушунча байлыкты кантип көз кыят? Мына ушул жерден, окумуштуу жеке өзүнүн элсиздик кайгы-касиретинен өйдө көтөрүлүүгө күч табат. Ал күчтү ошол фольклордон табат. Бул фольклор фольклор болгону канча кыргызга канча кылымдап, ушундай күч берип, айласы алты түгөнгөн ушундай учурда - ушинтип сактап келди экен? Бул суроо эч качан чечилбеген табышмак боюнча кала бермекчи... Ал эми ушундай жагдайда памирдик кыргыздардын бир ууч фольклорун сактап жүргөн, бүтүндөй кыргыздын жашоо философиясын боюна сиңирген Мамазия аванын жашоо трагедиясын ичине батырган "Жылга бергис жарым күн" аталган ушул чакан китепченин ат көтөргүс мааниси, жогоруда айтылган жагдайлардын улам, барган сайын, убакыт өткөн сайын артыла бермекчи. Бул турулуу иш. Бирок, улутташтарыбыздын арасында ошол чындыкты тааныгандардын саны барган сайын арбыйбы, же, барган сайын арты кууроо процесси күчөй береби?...

**Корутунду**

Макалада, С.Кайыповдун "Жылга бергис жарым күн" аталган бир гана китебинин бир-эки жери боюнча гана азын-оолак, үстүрттөн, олуп-чолуп эптеп бир нерсе былдырадым окшойт. Андан көпкө күчүм жетпеди. Дагы тереңдеп киргенге убактым болбоду. Эң негизгиси, ушул айтчу сөздөрүмдү автордун өзүнө багыттап, учур чак менен жазып жатканымда (көз тийбесин түф-түф). Кудай агама узун өмүр жаш берип, ден соолук берип турсун. Жасайм деген иштеринин баарын өз колу менен жасаганга, айтчу сөзүнүн баарын өз оозу менен айтканга убактысы жетсин. Бул ушундай болсо, жалпы кыргызга кудайдын бергени, оң көзүн салганы болмокчу. Анткени, кыргыз фольклористикасы менен этнографиясында С.Кайыпов гана чече ала турган маселелер өтө көп. Ошентип, кыргыздын эс-тутумун сактоонун Баатыры, Балбаны болгон орошон ойчул окумуштуу, айылдаш агам, руханий боордошум Кайыпов Сулайман жөнүндөгү айтчу сөзүмө убактылуу чекит коймокчумун...

**Колдонулган адабияттар**

1. Кайыпов С. Жылга бергис жарым күн. Б.: 2006, 204 бет.
2. Кайыпов С. Жок жерден жомок жарабайт Б.: "Бийиктик" – 2011. 180 бет.
3. Чокоева Д.М. Кудай, дин, салт жана санарип Жалал-Абад, 2021-ж. 169 бет.

# СУЛАЙМАН КАЙЫПОВДУН МЕКЕНЧИЛДИГИ, ЖЕ ЖОК ЖЕРДЕН ЖОМОК ЖАРАЛБАЙТ

**Таштемирова Р. И.**

ф.и.к, КТМУ, Бишкек. toboyrahat@mail.ru

## Аннотация

Филология илимдеринин кандидаты, тарых илимдеринин доктору, профессор, белгилүү фольклорист Сулайман Кайыпов тээ 90-жылдарда кыргыз тилинин мамлекеттик тил деген статуска ээ болушуна кызматы сиңгендердин бири. Ошондой эле илимдеги өзү тандап алган “фольклор” дегенде ичкен ашын жерге коёрун аны жакшы тааныгандардын баары билет болуш керек. Бул жаатта “Эр Төштүк” эпосунун көркөм сүрөттөө каражаттары (кыргыз жана башка түрк тилдүү элдердеги варианттардын материалдарынын мисалында)” аттуу темада кандидаттык диссертациясы жана, Балык, Жеңижок, Эшмамбет, Тоголок Молдо сыяктуу акындардын чыгармалары жөнүндөгү изилдөөлөрү анын фольклорго жан дилден күйгөн чыныгы илим адамы экендигин айгинелеп турат. 2012-жылы “Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Тарыхый-этнографиялык изилдөө (XX к. аягы – XXI к. башы)” деген темада жактаган докторлук диссертациясы агайдын илимдеги ар тараптуу, болгондо да, кыргыз таануу, түрк таанууда чоң адис экендигин тастыктайт.

Биздин бул макалада Сулайман Турдуевичтин чыгармаларындагы жана өзүнүн тубаса мекенчилдиги жөнүндө кеп болмокчу. Анын “Жылга бергис жарым күн”, “Ата экенин эми гана билгенде...”, “Жок жерден жомок жаралбайт” деген китептеринин жана публицистикалык макалаларынын негизинде талдоо жүргүзүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** автор, мекенчилдик, чыгарма, публицистика, фольклор, кыргыз таануу

***

Кыргыз коомчулугунда, кыргыз илиминде Сулайман Кайыпов – өзүнүн күчтүү интелектуалдуулугу, көрөгөчтүгүү, тууралыгы, ар дайым чындыкты кашкайта айткан кашкөйлүгү менен бүгүнкү күндөгү көзгө басаар Эл аксакалы. Анын ар бир деми “мекен” деп шыбырап жаткандай сезилет. “Шыбырап” деген да туура эмес го, “үнсүз айгай салып” десек дагы туура болот болуш керек. Ошондой эле илимдеги өзү тандап алган “фольклор” дегенде ичкен ашын жерге коёрун аны жакшы тааныгандардын баары билет болуш керек. Бул жаатта “Эр Төштүк” эпосунун көркөм сүрөттөө каражаттары (кыргыз жана башка түрк тилдүү элдердеги варианттардын материалдарынын мисалында)” аттуу темада кандидаттык диссертациясы жана Балык, Жеңижок, Эшмамбет, Тоголок Молдо сыяктуу акындардын чыгармалары жөнүндөгү изилдөөлөрү анын фольклорго жан дилден күйгөн чыныгы илим адамы экендигин айгинелеп турат.

Биздин бул макалада Сулайман Турдуевичтин чыгармалары жана өзүнүн тубаса мекенчилдиги жөнүндө кеп болмокчу. Анын “Жылга бергис жарым күн”, “Ата экенин эми гана билгенде...”, “Жок жерден жомок жаралбайт” деген китептеринин жана публицистикалык макалаларынын негизинде талдоо жүргүзүлөт. “Ата экенин эми гана билгенде...” деген китебинде “”Рухтун бийиктиги, тазалыгы, тунуктугу, ушул момун кыргызга маалим... аны жаратуу, өркүндөтүү, жайылтуу жагынын ушул кыргыз Теңирдин дал өзүнөн эмир-буйрук алган белем... Антпесе, ааламда жок күүлөр кайдан чертилди... ааламда жок оймо-чиймелерди ким тартты... Булар, мейли, кылым баскан жалпы акылдын иши экен деп коёлу. Анда

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

эмесе, жеке чыгармачылыкта ааламда жок Айтматов кайдан төрөлдү? Табышмагы көп кыргыз...” (2-7-б) деп, өзү сүйгөн “КЫРГЫЗГА” таң калып да, сыймыктанып да, мактанып да тургансыйт. Ал ар бир жазганында сүйүп да, күйүп да "КЫРГЫЗЫНА” төгүлгүсү келет. Болгондо да, чыгармалары жазгысы келгенден эмес, ошол маселелер жан дүйнөсүнө тынчтык бербей, жаздыргандыгынан жаралгандыгы көрүнүп турат.

Анда сөз башынан болсун, Сулайман Кайыпов башында сөз кылгандай өзү тандап алган фольклор жаатына баш-оту менен киришти. Кыргыз фольклору жана акындар поэзиясындагы Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижок, Эшмамбет ж.б. чыгармаларына адабий жана текстологиялык иликтөөлөрдү жүргүзүп, алар жөнүндө И. Арабаев атындагы педагогикалык, Бишкек гуманитардык, Чүй университеттеринде дарс окугандыгы жөнүндө ошондогу билим алган студенттери бүгүнкү күнгө чейин жомок кылып айтып жүрүшөт. Ал тургай, Чыгыш Анатолиядагы Ван шаарындагы Жүзүнчү Жыл университетинде гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түрк тили жана адабияты бөлүмүндө профессор болуп иштеп, “Түрк элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Жаңы түрк жазуу тилдери”, “Түрк баатырдык жомоктору”, “Жомок поэтикасы”, “Текстология негиздери”, “Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы”, “Кыргыз тили”, “Казак тили” жана “Өзбек тили” сабактарынан дарс окуган. (интернеттен). Анын 2012-жылы “Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты: Тарыхый-этнографиялык изилдөө (XX к. аягы – XXI к. башы)” деген темада коргогон докторлук эмгеги илимде да ар тараптуулугун, илимий көрөнгөсүнүн терең экендигинен кабар берет. Ким билет, Сулайман агайдын дагы канча ачылбаган артыкчылыктары сыр болуп жатат... Булар, демек, Сулайман Кайыповдун илимдеги чыйыры изилдене турган чоң тема экендигинен кабар берет.

А биз бул макалада Сулайман Кайыповдун “Жылга бергис жарым күн”, “Ата экенин эми гана билгенде...”, “Жок жерден жомок жаралбайт” деген китептеринин жана публицистикалык макалаларынын негизинде анын чыгармачылыгы жана ага жуурулушуп кеткен инсандыгына сереп салууну туура көрдүк.

Негизи, Сулайман агайдын лекциясын уккан, ал тургай, анын жанында жарым саат олтуруп, маегине күбө болуп калган адамдар ал жерден арууланып, өзүнө, адамдыкка, жашоого, мекенге болгон сезимдери башкача болуп, жан дүйнөсүнө дүрбөлөң түшөрүн аны менен сүйлөшкөн ар бири киши тастыктайт болуш керек...

Ал “Жылга бергис жарым күн” деген китебинин негизги каарманы Мамазия ава жөнүндө “Мамазия аванын карылыктан эмес, оорудан да эмес, сагыныч менен кусалыктын зардалынан кеберсип, керсары тартып калган элеси кайрадан көз алдыман кетпей, кайрадан айланчыктап кыйнай баштады” дейт да, “Мамазия аванын мага айтып жаздырган ажал-өлүм санатын кайрадан окуп чыгып, өткөн күндөрдүн кайра баштан, бир-бирден, мурдагыдан алда канча тереңирээк, оорураак, таасирдүүрөөк жашай баштадым” (1-18-бет) деп, Мамазия аванын образынан өзүн көрүп тургандай сезилет. Анткени ал да жазылып жаткан китебинин жазылыш тарыхын баяндай келип, “... бириктирип бир өзөктүн бар экенин байкадым. Ал эл-жерге болгон кусалык, куурал өмүр-өлүм маселелери, кыргыз болуп жашоонун кыйындыгы, бүгүнкүнун көйгөйү экен” деген жери бар. (1-19-бет). Анткени тагдыр ташы Сулайман Турдуевичти Түркияда он жылдан ашуун, Кытайда 5-6 жылдай жашап, эл-жер кусасын жон териси менен сезүүгө туура келген. А чындыгында, эл ичинде жүрүп эле, кыргыз дегенде ичкен ашын

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

жерге койгонун, кыргыз үчүн түйшөлүп санаага батканын аны жакындан, алыстан тааныгандын баары билет болуш керек. Ошон үчүн да, ошол эле китептеги "... Эмне издесек, адегенде өзүбүздөн издегенибиз жакшы. Антиш үчүн кыргыздар адегенде өз көөдөнүн өзү жарып карашы керек; өзүн өзү талдап, өзүнүн ким экенин билиши, таанышы керек.

Кыргыздар улут катары, эң башта, түгөйү жок, жападан жалгыз экенин, бул дүйнөгө, коколой башы жападан жалгыз келгенин,жалгыздык ар дайым коштоп жүрөөрүн унутпаш керек". (1-161-б) деп, кыргыздын өткөнүнө саресеп салып, бүгүнүн ойлоп, түйшөлүп, келечегине тынчсызданат.

Ошол кыргыздын башына түшкөн кыргыз-казак мамилесиндеги оош-кыйыш маселени чечип, же калыстык кылуу үчүн эл аралык уюмдарга кайрылабыз деген кыргыз саятчыларынын пикирлерине күйүп-бышып, "Алыска да, жакынга да уят болдук" деген публицистикасында "Өлкөлөрдүн арасында кызыкчылыктардын таймашы гана бар, башка эчтеке жок, ээй баёо кыргыз! Азербайжандын бештен бир аймагын басып алган Арменияны кайсыл эл аралык уюм "кой, болбойт" деди? Ачыгын айтайын, тээ баягы жылдары биздин кошуна, тууган өлкөлөрдө бейкүнөө адамдар тирандардын аткан огунан боо түшүп өлүп жатканда кайсы эл аралык уюм айгай салып, арачы түшө калды?"– деп таамай белгилеп кетет да, кыргыз жашоосундагы саясатчылардын, лидерлердин иш-аракеттерине сүйлөгөн сөздөрүнө талдоо жүргүзө келип, анан "Кыргыз эли эл катары чоң ооруга чалдыкты. Трайбализм деген илдеттин айынан эмдигиче чыныгы улуттук лидерибизди таба албадык", дейт да, " Элибиз акчага сатылбай, ар кандай кишиге ар кандай кырдаалда чыныгы дипломатиянын тили менен катыра жооп берип, жеке кайым айтышууга жол бербей турган, улуттук лидер таап, аны колдош керек экендигин түшүнүп калат болучу" (интернеттен) деп ачуу чындыкты ортого салат.

Ошентип, Сулайман агай кыргызын катуу сүйгөндөн аларга "Күйгөндөн айтам бир сабак" дегендей, "чоңунан" "жөнөкөйүнө" чейин, жашынан карысына чейин оң-терс жагын кынаптап айтып, айтканда да катуу айтып күйүп-бышып, саясатка саресеп салат да, мындай жыйынтык чыгарат: "Саясат өзү ыпылас нерсе" деген сөз кыргызга жайылып отуруп, жамы журт кабыл алган көз карашка айланып бүтүптүр. Кайда барсаң, каадалана: саясат деген ыпылас нерсе деп калышат. Саясат өзүнөн-өзү эле ыпылас болбойт, ал – илим, ал – практика, ал – илим менен практиканын өтмө катар айкалышы. Саясатты чыныгы лидер, таза киши жүргүзсө, ал мүрөктүн суусундай таза, коомду алга сүрөп оожалткан күчкө айланат; ал эми, өзү ыпылас, калпычы, иштин көзүн билбеген адам жүргүзсө, ыпыластык мындай турсун, тагдырларды талкалоочу зор балекет, апаат болуп чыга келет. Муну кыргыздын акыркы чейрек кылымдык тарыхы жетеринче далилдеди деп ойлойм. Акырында айтаарым, адегенде ак сакалдар арууланcсын, мурдагы кылгандарын моюнга алып, кайпактабай, кара кылды как жарганга үйрөнүшсүн, жаштарга өрнөк болушсун", деп бүтүм чыгарат. "Аксакалдар арууланышы, жаштарыбызды жаңы жолго салышы – коомдук зарылдык" деген макаласында.(интернеттен).

Айтор, чыгаан окумуштуу, шакирттерине үзүлүп түшкөн чыныгы педагог, мекени десе эт-бетинен кетип, жан күйгүзгөн мекенчил Сулайман Кайыпов өзү кайрылган ар бир ноктого жан дилден берип кызмат кылганын анын ат көтөргүс илимий эмгектери (жарыялана элеги канча), көркөм-публицистикалык чыгармалары, публицистикалык макалары айгинелеп турат. Ал тургай, ар бир кыргыз "окуясына" жүрөк титиреткен кайрылуулары менен сайттарга чыгып

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

турушу: ош, баткен окуялары, Улан, Адинай, Мадина, Элмирбек, Зайырбектерге... кайрылган аза-күйүттөрү... анын жүрөгүнөн кан агып, жүлүнүн куйкалап өткөнү чыныгы адамдык улуулугу эмей эмине!

Ал эми “Жок жерден жомок жаралбайт” деген китеби да жөн жерден жаралган эмес. Бир чакан чөйрөдө оролу келип калганда, ошол жомоктон кыскача кеп салды. “Жок, муну жазыш керек. Жаз.” – деди угуп тургандар. Анткени ал жомокто бүгүнкү күндүн да айыкпай жаткан жараттары бар эле... Напсинин айынан байлыкты көргөндө элим деп көкүрөк каккан эр жигиттер “ажыдаарга” айланып кетип өз элине азап көрсөткөндүгү жөнүндө эле.  Андан куткарган бая эле аруулук менен чыныгы мекенчилдик, акылмандык менен айкөлдүк жан дүйнөсүндө жуурулушуп сиңген карыя ханга түшөт. Анткени мекени, эл-жерине болгон сүйүүсү ага күч-кубат, кайрат берет. Бул, албетте, карыялар гана куткарышы мүмкүн деген түшүнүк эмес, ошончолук карылыкка моюн сунуп, калган кишини мекен, эл сүйүүсү ушунчалык күчкө эгедер кылып жаткандан кийин, эгер бул сапаттар (аруулук, чынчылдык, мекенчилдик ж.б.) жаштарда болсо, эл үчүн, мекен үчүн чыныгы бакыт эмеспи деген гана чакырык. Ошол китеп чыкканда абдан сүйүнгөн элем. Ушул китепти окуган ар бир жан ойгонуп, башкача боло түшсө керек деп. Бирок кээде окушту болду бекен деген ой кетет... Улуттук идеология деген ушундай китептерде жатат. Мындай китептерди окушабы деп күтпөстөн окутуш керек го, сыягы.

Агай Айтматов менен Манас университетинде ректор болуп турганда көбүрөөк бирге жүрүп калышты. Ошондо Чыңгыз атабыз жөнүндө анын бийиктик катылган жөнөкөйлүгүнө, маектеше келгендеги айтуучулук касиетине тан берип, “кой, мындан ары атайын бир камера жана башка апараттар менен ар бир кыймылын, баа жеткис сөздөрүн калтырбай жаздырып туруш керек экен” деп тамшанып, ал жөнүндө план түзүп, бирок жетпей калган өкүнүчүн билдирет, “Ата экенин эми гана билгенде” деген китебинде. Анткени ошол китепте Бишкек шаарындагы №5 мектеп-лицейиндеги окуучулар менен жолугушуудан кийин Чыңгыз атабыз өтө толкунданып, “...мени китеп жазып койгонум үчүн эле төбөсүнө көтөргүлөрү бар” деп эл сүйүүсүнө, болгондо да балдардын тунук сезимдерине толкундана, дагы иштей турган көп иштер аны күтүп турарын, мекен үчүн дагы маанилүү нерселерди аткарып калышы керектигин ойлоп тынчсыздангандыгы жөнүндө айтып өтөт да,  Эл атасы экенин эми гана сезгенде кош айтып кете бергенине каңырыгы түтөйт.

Замандаштары “азыркынын Бакайы” деп бекер баалашпаса керек Сулайман Турдуевичти. Анткени “Кыргыз деп келем дүйнөгө”, “Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн” деп, Байдылда акын айткандай, инсандыгына өзү ыйлап олтурап жазган Мамазия авадагы, таң калып, тан берген Айтматовдогу, өзү ыйык туткан элдик жомоктордогу элим деген баатырлардын сапаттары сиңип кеткен кайталангыс образы, жашоосунан жаралган жомоктору кыргыз  үчүн таберик. “Тулпар тушунда” дегендей, агайдын ашкере мекенчилдигин, Улутка айтар Улуу сөздөрүн кастарлап, пайдаланып, баа берип, келечекке өткөрүп берүү кыргыз журтчулугунун милдети го деген ой кетет.

ISBN: 978-605-73444-6-5
ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

**Адабияттар**

1. Кайыпов С. Жылга бергис жарым күн: (же санат ырдан сарыккан ойлор) / Илимий-популярдуу баян. – Бишкек: Учкун, 2006. - 205 б.
2. Кайыпов С. Ата экенин эми гана билгенде...: Ой толгоо. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 40 б.
3. Кайыпоов С. Жок жерден жомок жаралбайт (же кыргыз демократиясынын улуттук уңгусу, азыркы абалы жөнүндө сөз): Илимий-популярдуу ой толгоо. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 184 б.
4. Кайыпов С. Ак сакалдарыбыздын арууланышы, жаштарыбыздын жаңы жолго салынышы – коомдук зарылдык! (Публицистика) http://ruhesh.kg/
5. Кайыпов С.  Алыска да жакынга да уят болуп турубуз. (Публицистика) http://ruhesh.kg/
6. Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы: 3-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. 784 бет
7. Кыргыз Республикасынын жазуучулары/Кыргызпатент.Түз.: М. Ааматов, А.Чекиров, Ө.Калыева. – Б.: 2011. – 456 б.
8. https://www.azattyk.org/a/32316025.html Сулайман Кайыпов: Көп тарамдуу кыргыз таануучу, фольклорчу, этнограф. 14.3.2023.

УДК: 821: 82-1 (575.2) ( 04)

# ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВ МЕНЕН БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН АКЫНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНДӨГҮ БИРИ-БИРИНЕ КОШКОН САЛЫМДАРЫ

**Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна**

КЭАУнун ОИӨКнын Мамлекеттик жана
чет тилдер кафедрасынын улук окутуучусу,
КР Улуттук илимдер академиясынын изденүүчүсү
E-mail: kojobekovagulbu@gmail.com

## Кыскача мазмуну

Макалада Түмөнбай Байзаковдун чыгармачылык ишмердүүлүгүндөгү Барпы Алыкуловдун орду, устатынын эл арасындагы ырларын жыйнап, кыргыз окурмандарына таанытуудагы шакиртинин эмгектери тууралуу сөз болот. Т.Байзаковдун Барпы Алыкуловду адабий чөйрөгө таанытуудагы эмгектери жөнүндө Кыргыз эл акыны Э.Эрматовдун, Т.Самудиновдун, сатирик акын Б.Сарногоевдин жана Нурпаис Жаркынбайдын эскерүүлөрү берилет. Барпы акындын алгачкы ырлары башынан өткөргөн азаптарга, сүйүү-күйүү, жан-жаныбарга байланыштуу болуп, атасынан өткөн канаттуулар жөнүндөгү ырлары менен эл арасына таанымал болгон. Барпынын Т. Байзаков сыяктуу сүйүү жөнүндөгү ырлары да элдик күйгөн ырлар менен айкалышып, ырдын түзүлүшү, салыштыруусу, көркөмдүүлүгү жагынан окурмандын көңүлүн өзүнө бурат. Анын ырларындагы бир эле гөзал кыздын образы жүрөктөн назик күүгө салынып, турмуш чындыгы менен көркүнө чыгат. Макаланын эң негизги өзөгү катары Түмөнбай десе Барпыны, Барпы десе Түмөнбайды түшүнүү идеясы эсептелет.

**Негизги сөздөр:** Барпы, устат, шакирт, акын, махабат, чыгармачылык, өзгөчөлүк, мотив, сүйүү, ыр саптары.

# JOINT CONTRIBUTIONS OF TUMONBAI BAIZAKOV AND BARPY ALYKULOV IN THE POETIC ACTIVITIES

## Abstract

The article will focus on the place of Barpy Alykulov in the creative activity of Tumenbai Baizakov, about the works of his student in collecting and popularizing his teacher's folk songs among Kyrgyz readers. Kyrgyz national poet E.Ermatova, T.Samudinov, satirical poet B. Sarnogoev wrote about Baizakov's merits in popularizing Barpy Alykulov in the literary environment.The memoirs of Sarnogoev and Nurpais Zharkynbai are given. The poet's first poems were associated with suffering, with love-bitterness, with the soul-animal and were widely known for their poems about birds that passed through their father. Barpy T. Baizakov's poems about love in combination with folk incendiary poems also attract the reader's attention from the point of view of the structure, comparison, and artistry of the poem. The image of a beautiful girl in his poems is filled with a gentle soulful melody and decorated with the reality of life. The main core of the article is the idea of understanding Tumenbai.

**Keywords:** Barpy, master, disciple, poet, amour, creativity, uniquess, motif, love, poems.

***

Т.Байзаков Б.Алыкулов менен алгач ирет 6 жашында таанышкан. Кийинчерээк эр жеткен соң кайрадан жолугуп, Барпы апыздын сунушу менен анын ырларын

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

кагаз бетине түшүрүп баштайт.Т.Байзаков өзүнүн эскерүүсүндө: "Барпынын ырларын жазуу өтө кыйын эле, анткени анын ырлары ыргактуу болуп, арты-артынан куюлуп турчу. Бирин жазсаң, экинчисине үлгүрө албайсың. Андыктан, кайра-кайра кайталатып айттырып жазчум. Ошентип, сүйүү ырларын жазмак турсун, жаттап да алаар элем. Досум да менин куйма кулактыгымы айтып, далыман таптап, буюрса санат ырларды да жазып баштайбыз деп сүйүнүп калар эле"- дейт [4, 20-бет].

Керемет лирикалардын, дастандардын автору Т.Байзаков жердеши Б.Алыкулов менен көп мезгилдер чогуу жүрүп, акын 23 жашында 63 жаштагы устаты Барпы апыз менен айтышка түшкөн соң шакиртине батасын берген. Кийинчерээк Т.Байзаков устаты Б.Алыкуловдун ырларын өз оозунан жазып алып, эл ичинен да жыйнаган, китептерин басмадан чыгарууга катышып, Барпынын чыгармачылыгы тууралуу макалаларды да жазган [4, 261-бет].

Б.Алыкулов менен Т.Байзаковдун чыгармачылык байланышы тууралуу тарых илимдеринин доктору, профессор жердеши С.Кайыпов минтип айтат: "Барпынын ырдалып жүргөн "Мөлмөлүм" аттуу керемет ыры жөнүндө айткандары али эсимде. "Бул ырдын аты "Мөлмөлүм" эмес, "Моймолум" болучу. Бүткүл кыргызга "Мөлмөлүм" деген ат менен жайылып кетти. Ошол боюнча кала бергени дурус. Ырдын тексти да толук чыккан эмес. Барпынын айтуусунда:

"Ак дөшүмө как дөшүм"

Тийгенини билбедиң.

Ак бетиңди мурутум,

Чийгенинин билбедиң" деген саптары да бар эле. Жарыяланбай калган"- деди. Кийин Барпынын "Барнайым" деген мыкты ырын элден жазып алгандыгын айтты" [3,492-б.].

Ошону менен катар Барпынын эротикалык мүнөздөгү чыгармалары жыйналбай калгандыгын, андай болгонунун себеби тууралуу эскерет. Мындан сырткары Т.Байзаковдун ар бир маселени кээ бир илимпоздорго салыштырмалуу терең түшүнгөндүгүнө күбө болгондугун айтат.

Белгилүү адабиятчы, фил.ил.доктору, профессор О.Ибраимов Т.Байзаковдун жердеши Б.Алыкуловдун чыгармачылыгына кошкон салымы тууралуу мындай дейт: "Көп жылын атактуу Барпы акындын адабий мурасын топтогонго кетирди. Ушул жагынан алганда Түмөнбай Байзаков Токтогулду Жоомарт Бөкөнбаев кандай кылып көтөрсө, Барпы Алыкуловду так ошондой кылып көтөрдү, сактады жана элге жеткирди. Байзаков болбогондо, анын Барпы акынга болгон астейдил мамилеси болбогондо биз билген классик акын Барпы Алыкулов болот беле же болбойт беле-аны бир Кудайдын өзү билет. Түмөкени ушул эмгеги үчүн да кыргыз адабиятынын тарыхына алтын тамга менен жазсак адилеттик болоор эле" [3, 498-б.].

Негизи Т.Байзаков поэзия ааламына аябай жуурулушуп, сезим кылдарын күүгө сала келгенде назик, ошол эле мезгилде зирек, сезимтал жанга айланган каргадай бала кезинде ырдын генийи Б.Алыкулов менен кездешип, акыл-эс тартканча жанында чогуу жүргөн "бала досу" болуп калганы-устатынын ырчылык өнөргө өтө кылдат мамиле жасоону үйрөткөнүнүн далили. Достуктун акыбети катары Т.Байзаков устатынын чыгармаларын жыйнап, жарыкка чыгаруу менен улуу

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

махабатты, адамзаттагы ашыктыкты даңазалап, анын өмүр жолун байытып, көктөтүп-көгөртүп келе жаткан күчтүү сезимди күүгө салуудан тажабаган, махабаттын символу катары ашыктыкты аздектеп жүрүп өттү.Устаты Б.Алыкулов баштаган салтты улай Т.Байзаковдун кыргыз улуттук адабиятына алып келген жаңылыгы ушул деп баалоого негиз бар.

Т.Байзаков менен Барпынын окшоштугу - бийлик төбөлдөрүнө жагынбай, тескерисинче коомдогу терс көрүнүштөрдү ашкерелегендиги, чынчылдыгы. Барпынын шакирти Т.Байзаков устатына минтип баа берет: "Барпы акындык наамды кир жугузбай таза сактоо үчүн өзү катарлуу ырчыларды: доордун алдыңкы кишилери - "бууданы" болууга; "алтынды көрүп алданбай, алкымынан кармалбай", чындыкты ырдай турган "булбул" болууга; калың букаранын тилеги менен тилектеш, жүрөгү менен жүрөктөш болууга чакырат. Өзү да өмүрүнүн аягына чейин адеп тандап алган ушул жолдон тайбады" [1, 5-бет].

Кыргыз акындарынын бири Кармышак Ташбаев Т. Байзаковдун Б. Алыкуловдун чыгармачылыгына кошкон салымы жөнүндө минтип ырга салып айтат:

"Китебиңде калды ырлардын алтыны,

Жарыктыкка алып чыктың Барпыны.

Бир да жанды мүмкүн эмес турбайбы,

Бул дүйнөгө өлбөс кылып калтыруу".

Мындай мүнөздөгү эскерүүлөр Т.Байзаковго болгон оң маанидеги көз караштты чагылдырат. Дагы бир кыргыздын акыны Кудайберген Жуманазаров Т.Байзаковдун Барпынын чыгармачылыгы менен жуурулушкан өмүрү жөнүндө айтып жатып, мындай дейт:

"Ыр толгоосу бошобойт, эч бир жанбайт,

Түмөн ага антынан эч бир танбайт.

Ак мамагын Мөлмөлдүн айтмайынча,

Күүлөнгөнү күүлөнгөн, моокум канбайт..."

Демек, Б.Алыкуловдун Т.Байзаковго тийгизген таасирин баяндаган жогорку ыр саптарынан Т.Байзаковдун ырга, устатына байланган өмүрүн көрүүгө болот.

Кыргыз Эл акыны Э.Эрматов да Т.Байзаковдун Барпынын чыгармачылыгын элге таанытуудагы ат көтөргүс эмгегин минтип ырга салат:

Барпы акындын барпылыгын бар кылган,

Бүт ырларын элге-журтка жар кылган.

Улуулугун урпактарга жеткирип,

Сокур көзүн чолпон кылып жандырган.

Орошондуу акын болуп төрөлдү,

"Паризатты" орчундуу ырдап көгөрдү.

Аялзатын миң керемет ыр кылды,

Дечү: "Барпы үйрөттү ушул өнөрдү..."

Э.Эрматов жогоркудай ыр саптары менен кошо “Кыргыз жери” ыры аркылуу Түмөкеге жолугаарын, акындын кыргыз барда жер үстүндө жашаарын баяндайт.

Кыргыздын сатирик акыны Б.Сарногоев Т.Байзаковдун Барпынын чыгармачылыгындагы орду боюнча минтип баяндайт:

“Барпы атам азиз көзүнөн,

Баракка ырын чие албай.

Басынган кезде жүрө албай,

Бактысына табылып

Бараандуу акын азыркы

Байзактын уулу Түмөнбай.

Кагазга жазып калбаса,

Калмакпыз көбүн биле албай”.

Демек, Т.Байзаковдун “Барпычы” экендигин баардык кесиптештери ырга салуу менен даңкташты, акындык өнөрү менен кошо инсандык сапаттарын даңазалашты.

Нурпаис Жаркынбай дагы Т.Байзаковдун Барпыга кошкон салымын минтип сүрөттөйт:

“Барктаган үчүн Барпыны,

Бардык эл билди баркыңы.

Сезимде калдың түбөлүк,

Сен болуп ырдын барчыны” [5,19-бет].

Кыргыз Эл акыны Т.Самудинов Барпы десе Түмөнбайды, Түмөнбай десе Барпыны түшүнөөрүн төмөнкүдөй ыр саптары менен билдирет:

“Элибизде Түмөнбай бар, Барпы бар.

Эгиз сөздөй дайым бирге айтылар.

Калемдешин куралдаштай эскерген

Анан дагы, акындыктын салты бар”.

Муну менен кошо Т.Байзаковдун эмгеги өз учурунда бааланбай калгандыгын эскерет.

Кыргыз Эл акыны М.Ааматов жердештери Т.Байзаков менен Б.Алыкулов жөнүндө ички толгонуусун төмөнкүдөй ыр саптары менен билдирет:

“Калкка берди алып кайра калкынан,

Тайбай өттү наркынан да, баркынан.

Барпы акынды кайра да бир жаратып-

Кайра да бир жаралды окшойт Барпыдан” [5, 31-бет]. Акындын жогорку ыр саптарынан Т.Байзаковдун Барпыны Барпы кылуу менен өзү да таланттуу акын болуп чыга келгендигин байкоого болот.

Т.Байзаков менен Б.Алыкуловдун чыгармачылыктагы дагы бир окшоштугу - ырларына өзгөчө мамиле жасагандыгы.

“Ыр дегенде өлөмүн

Ырды жандай көрөмүн.

Ышкылуу сөздү ыр кылып,

Ылгап кумдай бөлөмүн”, - деп чыгармачылыгындагы өмүрү ыр менен байланышып, ырга байланышкан мурастары акыркы он жылдыкта бир нече жолу орусча, кыргызча басылып, бүгүнкү күндө миңдеген окурмандары окуп да, ырдап да жатат.

Т.Байзаковдун “Сөзүмдү эшит” аттуу ыры биринчиден, устаты Барпынын таасири, диалектилик өзгөчөлүк менен жазгандыгы... Экинчиден, философиялык маанини камтып, адамзат бир келген өмүрүндө татыктуу жашап өтүүсү керектигин окурмандарга минтип эскертет:

Эшит, курдаш, эзелкидей сөзүмдү,

Эне сүткө чайкайлычы сезимди.

Эки жолу бул дүйнөгө келбейбиз,

Эрөөн көрбө ушул тирүү кезиңди [7, 165-бет]. Демек, акын ыр жазуу менен эле чектелбестен, андагы адамзатка айтчу сөзүнүн маанисинин тереңдиги, окурмандарга айтчу идеологиясы-акындыктан сырткары инсандык да парзы экенин жогоркудай ыр саптарынан улам туябыз... Бул ырында Т.Байзаковдун эрудиттик сапаты жана тубаса сөзмөрлүгү даана байкалат.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы кеңири тараган “Ак Саткын менен Кулмурза” поэмасына башка акындар сыяктуу эле Жеңижок да кайрылып, поэмадагы негизги сюжетке талантына ылайык өзүнүн кошумчасын киргизди. Эл ичине кеңири таркаган чыгарманы Б.Алыкулов бүгүнкү күндөгү акындар азыраак колдонгон он муун өлчөмү менен ырга салды. Мындай ыр жаратуудагы өзгөчөлүктөр Т.Байзаковдо да кездешет. Тактап айтканда, Барпы шакирти Т.Байзаковго калтырган ыр куроо техникасынын өзгөчөлүгүн кыргыз поэзиясына сиңирип, ыр түзүлүшүнө зор салым кошту. Анын өлбөс-өчпөс ырлары көп мезгилде эл ырчыларынын ырларына үндөшүп турат. Мунун далили катары Т. Байзаковдун ыр куроо өзгөчөлүгүн белгилөөгө болот.

Бала кезинен кыйынчылык, азаптарды башынан өткөргөн Барпынын өмүрү ырларынын негизин түзүп, анын ырларын форма менен мазмунга, темага байытты. Барпы акындын ырлары 3-4, 7-8, 10-11 муундуу, же такыр эле муун өлчөмү сакталбаган ырлар экени белгилүү. Устатынын Т.Байзаковдун чыгармачылыгы менен окшоштугу мына ушунда. Кандай гана ырын окубайлы, андагы рифма, метафора, көркөм-эстетикалык идея өзгөчө формада берилген.

Барпынын чыгармаларынын чыпчыргасын коротпой элге жеткирүүдө шакирти Т.Байзаковдун ролу зор болсо-аны илимий жактан изилдөөчү, сынчы К.Даутов менен Т.Байзаковдун достук мамиледе чыгармачылыктагы үзөңгүлөш инсандардан болгондугу адабият беттеринде эскерилет. Демек, бири-барпытаанытуучу, экинчиси-Барпынын чыгармаларын сындоочу катары адабий казынага бир топ салым кошту деп айтууга негиз бар. Өкүнүчтүүсү, тагдырдын буйругу менен 1992-жылдын 10-апрелинде Барпы айылындагы Сузак таланттарынын Барпы темасына карата уюштурулуп жаткан сынагында устат менен шакирттин ортосундагы чыгармачылык, достук байланыш жөнүндө кызуу

сөз жүрүп жаткан мезгилде Т.Байзаковдун дүйнөдөн өтүп, иш-чаранын баштоочусу катары катыша албай калгандыгынан улам, кароо-сынактын өзүнчө эле устат менен шакирттин актысына айланып кеткендигин Барпы жана Байзаков музейинин жетекчиси Амангелди Төрөканов эскерет. Кандайдыр бир деңгээлде Барпы апызга кызмат кылуунун эстафета таякчасын Т.Байзаковдун колунан алып калган инсан катары ал бүгүнкү күндө музейге кызмат өтөп келет.

Т.Байзаковдун ырлары, поэмалары кээ бир акындардыкындай көп болбосо да-жанрдык-стилдик өзгөчөлүгү, тематикасынын ар түрдүүлүгү менен айырмаланып турат. Акындын кандай гана чыгармасы болсун-элге жагымдуулугу, нукура уйкаштыгы, көркөм салыштыруусу жогорку деңгээлде, поэтикалык ойлору терең. Акын токтоосуз мезгил агымы менен тең жарышып, алгачкы ыр түрмөктөрүнөн салмактуу, көркөм туундуларын жаратып, бийиктиктерге умтулган [6, 297-б.].

Жыйынтыктап айтканда, өмүрүнүн акырына чейин устатынын керээзин аткарып, Барпынын кайталангыс талант экендигин даңазалаган “Барпычы” Түмөнбайдын эки тилеги аткарылбай калды. Биринчиси, устатынын чыгармалар жыйнагынын томдуктарынын ар бир чыгармасына комментарий жазуу менен жарыкка чыгарам деген аруу тилеги. Экинчиси, Ала-Арча көрүстөнүндө турган Барпынын күмбөзүн башкача кылып жасатуу тилеги. Тагдырдын буйругу менен устаты, шакиртине тең бир жерден, Ала-Арча көрүстөнүнөн топурак буйруду.

**Адабияттар:**


1. Байзаков Түмөнбай. БАРПЫ, ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН БИР ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ, “КЫРГЫЗСТАН” БАСМАСЫ, ФРУНЗЕ-1970, Коомдук башталышта, 288 б.
2. Байзаков Түмөнбай. Б 18 Чыгармаларынын толук жыйнагы: I том. / Түз. Жабиров Ы.-Б.: “Турар”, 2023.-552 б.
3. Байзаков Түмөнбай. Б 18 Чыгармаларынын толук жыйнагы: II том. / Түз. Жабиров Ы.-Б.: “Турар”, 2023.-560 б.
4. Кожобекова Г.С. Барпы Алыкуловду белгилүү акын катары таанытуудагы Түмөнбай Байзаковдун адабий чыгармачылык ишмердүүлүгү / Г.С. Кожобекова // Известия ВУЗов Кыргызстана, Бишкек, 2023. - №3, 259-262-беттер
5. Жусуев С. Акын Түмөнбай Байзаков 70, Бишкек-1993
6. Кожобекова Г.С. Т.Байзаковдун поэзиясынын идеялык, көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрү / Г.С. Кожобекова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – №4. - С. 295-303-беттер
7. Кыргыз поэзиясынын антологиясы: 2 томдон турат: 2-китеп / Түз. С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов; Сүрөтчүсү Т. Курманов.-Б.: “Кыргызстан-Сорос” фонду, 2000.- 528 б.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# TÜRKMEN SÖZLÜKÇÜLÜĞÜNDE İZ BIRAKANLAR

**Merve GÜN**

Doktora öğrencisi, Ankara Üniversitesi, Türkiye
ORCID: 0009-0002-9654-4442, merveguntde@gmail.com

**Berdi SARIYEV**

Doç. Dr., Ankara Üniversitesi, DTCF
Çağdaş Türk Lehçeleri ve Edebiyatları Bölümü
ORCID: 0000-0003-4704-2315, berdisariyev@gmail.com

**Öz**

Bir dilin söz hazinesinin devamlılığını sağlamak ve korumak amacıyla dildeki sözcüklerin kayıt altına alınması "sözlük" denilen eserlerin oluşmasını sağlamıştır. Sözlükler, bir dildeki söz varlığının çeşitli bakış açıları ve amaçları doğrultusunda oluşturulmuş çalışmalarıdır. Sözlüklerin çeşitlenmesi ile birlikte "sözlükçülük" adı verilen bilim dalı da ortaya çıkmıştır. Sözlükçülüğün ayrı bir bilim dalı olarak benimsenmesi ile sözlük tasnifleri yapılmış, farklı türlerde sözlükler oluşturulmuş ve sözlük yazarları ve eserleri ile ilgili çalışmalar da artmıştır. Çalışmamızda Türkmenistan'da yapılmış sözlük çalışmaları ile adından söz ettiren sözlükçülerin ve eserlerinin ortaya konulması amaçlanmıştır. Çalışmada daha çok sosyal bilimlerde kullanılan nitel araştırma modeli tercih edilmiş olup doküman incelemesi ve fişleme yöntemlerinden yararlanılmıştır. Türkmenistan'da sözlükçülük çalışmaları 1913 yılında İ. A. Belyayev'in hazırlamış olduğu "Russko-Turkmenski Slovar" adlı sözlük çalışması ile başlamıştır. Türkmenistan Sovyet Sosyalist Cumhuriyeti kurulduktan sonra sözlük çalışmalarının sayısının arttığı görülmektedir. Başta genellikle iki dilli olarak başlayan sözlük çalışmalarının daha sonra çeşitli kategorilerde sayısının arttığı tespit edilmektedir. Türkmenistan'da sözlük çalışmalarının artması bu sözlükler üzerine yapılan araştırmaları gerekli kılmaktadır. Çalışmamızın sonucunda sözlükler türlerine göre( iki dilli, terim, açıklamalı, deyim, ansiklopedik, tarihi, etimolojik sözlük vd. ) incelenmiş ve kronolojik sıralamasına dikkat edilerek sözlük çalışmaları ile öne çıkan bilim insanlarının kimler olduğu belirlenmiştir.

**Anahtar Kelimeler:** Sözlük, Sözlükçülük, Türkmen Sözlükçülüğü, Türkmen Sözlükçüleri

***

## Sözlük ve Sözlükçülük

TDK Türkçe Sözlükte sözlük; "Bir dilin bütün veya belli bir çağda kullanılmış kelime ve deyimlerini alfabe sırasına göre alarak tanımlarını yapan, açıklayan, başka dillerdeki karşılıklarını veren eser, lügat" olarak tanımlanmıştır.

Aksan (Aksan, 2009) ise sözlüğü; "Bir dilin (ya da birden çok dilin) sözvarlığını, söyleyiş biçimleriyle, yazımlarıyla veren, bağımsız biçimbirimleri temel alarak bunların, başka ögelerle kurdukları söz ögeleriyle birlikte anlamlarını değişik kullanımlarını gösteren bir sözvarlığı kitabı" olarak açıklamıştır.

Sözlükler bir dili öğrenirken başvurulan ilk kaynaklar arasında yer almakta ve o dilin söz inceliklerini, söz varlığı hazinesini ortaya koymaktadır.

Sözlükler toplumun hafızası, kültürel birikimidir. Sözlükleri bir dilin kısmen söz varlığının kaydı olarak kabul eden Jackson, bu açıdan sözlüklerin referans kitaplarından daha fazlası olduğunu belirtmektedir (Jackson, 2016: 45).

Sözlükler amaçlarına ve içeriklerine göre incelendiğinde çeşitli şekilde tasnif edilebildiklerini görmek mümkündür. Karaağaç (Karaağaç, 2013: 761) tarafından sözlük;

ISBN: 978-605-73444-6-5
ISBN: 978-605-73444-6-5

"Bir dilin bütünün veya o dilin bir bölümünün sözlerini içeren eserler" olarak tanımlanmış ve sözlükler şu şekilde sınıflandırılmıştır:

"1. Sözlerin kökeni ve anlam gelişmesiyle ilgili bilgi veren sözlükler

a) Köken sözlükleri b) Tarihsel sözlükler

2. Yaşayan dildeki sözlerin anlamlarını açıklayarak kullanılması hakkında bilgi veren sözlükler

a) Açıklamalı sözlükler

b) Çeviri sözlükleri

c) Terim sözlükleri

d) Bölge dili sözlükleri

e) Deyim sözlükleri

f) Eş anlamlıların ve zıt anlamlıların sözlükleri

g) Alıntı sözlükleri

h) Verinti sözlükleri

3. Sözlerin ses yapısı ve yazımıyla ilgili bilgi veren sözlükler

a) Ses sözlükleri b) Yazım sözlükleri

4. Varlık veya durumların anlamlarını açıklayan sözlükler

a) Ansiklopedik sözlükler b) Resimli sözlükler " (Karaağaç, 2013: 781-782).

Karaağaç'ın tasnifinde de görüldüğü gibi sözlükler; köken ve anlam bilgisi, yaşayan dildeki durumu, iki dilli olması, içeriğindeki ek özellikler gibi birçok hususta ele alınıp incelenerek ve buna göre ayrımları yapılabilmektedir.

Sözlükçülük, B. Vardar (2002) öncülüğünde hazırlanan Açıklamalı Dilbilim Terimleri Sözlüğünde "Sözlük yapımıyla ve bu etkinliğine ilişkin ilke, yöntem vb. ile uğraşan uygulamalı sözlükbilim dalı (sözlükçülük de denir)" biçiminde açıklanmıştır.

Aksan'a (2009: 69) göre sözlükbilim (sözlükçülük); "Bir dilin ya da karşılaştırmalı olarak çeşitli dillerin sözvarlığını sözlük biçiminde ortaya koymaya yönelen, bu amaçla yöntemler koyarak uygulama yollarını gösteren bir dilbilim dalıdır." şeklinde tanımlanmıştır.

## Türklerde Sözlükçülük

Türklerde sözlükçülük merkezlerini ve konularını, birbirinden farklı sahalar oluşturmuştur. Asıl sözlükçülük konularını Kıpçak, Çağatay ve Osmanlı edebi Türkçesi sahasında aramak gerekmektedir (Caferoğlu, 1984).

Divânu Lügati't-Türk, Mukaddimetü'l-Edeb, Kitâbü'l-idrâk li-lisâni'l-etrâk, Kitâb-ı mec'uu tercümân-ı türkî ve acemî ve mogolî ve farsî, Hilyetü'l-insan ve Helbetü'l-lisan, Et-tuhfetü'z-zekiyye fi'l-lugati't- Türkiyye, Codex-Cumanicus, Muhakemetü'l-Lugateyn gibi sözlük çalışmaları Türklerde sözlükçülük denilince akla gelen ilk eserlerdir.

Türklerde sözlükçülük çalışmaları "Divânu Lügati't-Türk" ile başlar. Kaşgarlı Mahmud'un hazırladığı bu eser, Türk diline ait topladığı söz varlığı ile Türk sözlükçülüğünün temelini oluşturmuş; Türkçenin öğretilmesini ve öğrenilmesini teşvik etmiştir. Eser, Türk sözlükçülüğü ve dilbilimi açısından günümüzde de önemini muhafaza etmektedir.

Divânu Lügati't-Türk'ten sonra sözlükçülük yönünden öncü sayılabilecek bir başka eser de "Mukaddimetü'l-Edeb"tir. Zemahşeri tarafından Kıpçak sahasında hazırlanan bu eser, tarihi Türk sözlükçülüğü için geniş bir malzeme teşkil etmiştir (Caferoğlu, 1984).

Aynı sahada Ebu Hayyan tarafından hazırlanmış olan "Kitâbü'l-idrâk li-lisâni'l-etrâk" adlı çalışma da Türk sözlükçülüğü için önemli bir eserdir.

Kıpçak sahasında yazılmış olan "Kitâb-ı mec'uu tercümân-ı türkî ve acemî ve mogolî ve farsî" adlı sözlüğün yazarı bilinmemekte olup sözlükçülük tarihi yönünden önemli olduğu için T. Houtsma ve A. Kurışjanov tarafından yayınlanmıştır.

Türk sözlükçülüğüne büyük katkıları olan isimlerden biri olan İbn-i Mühenna da "Hilyetü'l-insan ve Helbetü'l-lisan" adlı eseri ile bu alanda dikkati çekmektedir.

Kıpçak sahasında görülen "Et-tuhfetü'z-zekiyye fi'l-lugati't- Türkiyye" adlı sözlük de yazarı bilinmeyen ancak dönemin Türkçesini aydınlatan bir eserdir.

Dikkat çeken bir başka kaynak da " Codex-Cumanicus" tur. İçerdiği zengin malzeme ile sözlükçülük alanında önemli bir yere sahiptir.

Çağatay sahasında Ali Şir Nevâî tarafından yazılan "Muhakemetü'l-Lugateyn" adlı eser de sözlük çalışması olarak ve içerdiği malzeme yönüyle dikkati çekmektedir.

Türk sözlükçülüğü ile ilgili yapılmış çalışmalar elbette yukarıda bahsi geçen tarihî sözlük sayılabilecek çalışmalardan ibaret değildir. Türk dilleri yazı dili olarak geliştikçe sözlük çalışmalarının da artması ve yaygınlaşması kaçınılmaz olmuştur. Bu çalışmada Türkmen sözlükçülük çalışmalarıyla adından söz ettiren ve bu alanda önemli bir yere sahip olan sözlükçülere değinilmiştir.

## Türkmenlerde Sözlükçülük

Türkmenistan'da sözlükçülük çalışmaları İ.A. Belyayev'in iki dilli olarak hazırladığı Rusça-Türkmence sözlük ile başlamıştır. Sözlüğün tam adı "Russko Turkmenski Slovar" (Русско-Туркменский Словарь) ve anlamı "Rusça-Türkmence Sözlük"tür. Belyayev'in çalışması iki dilli sözlük çalışmalarına öncülük etmesi açısından oldukça önemli bir yere sahiptir.

27 Ekim 1924 yılında Türkmenistan Sovyet Sosyalist Cumhuriyeti kurulur ve bundan sonra Türkmen Türkçesinde sözlük ve sözlük çalışmaları geniş şekilde devam etmeye başlar (Sarıyev, 2017:352). Bu tarihten sonra özellikle iki dilli sözlük çalışmaları yoğunlaştırılmış ve Rusça Türkmence sözlük sayısında artış görülmüştür.

Kümüşalı Börüyev'in A. Aliyev ile birlikte 1929'da hazırlamış olduğu Russko-Turkmenskiy Slovar (Rusça-Türkmence Sözlük) Belyayev'in sözlük çalışmasından sonra öncü sözlüklerden biri olması açısından önemli bir yere sahiptir. İki dilli hazırlanmış olan sözlük hem araştırmacılar hem dili öğrenmek isteyenler için başvurulan bir kaynak olmuştur.

A. Posuleyevskiy'nin 1929'da hazırladığı Rukovodstvo dlya İzuçeniya Turkmenskogo Yazıka (s Prilojeniyem Kratkogo Turkmensko- Russkogo Slovarya) "Türkmence-Rusça Kısa Sözlük" iki dilli olarak hazırlanmış ve Türkmen sözlükçülük çalışmaları arasında adından söz ettirmiştir.

Vahıt Mesgudov tarafından 1982'de hazırlanan «Rusça-Türkmençe Okuw Sözlügi» iki dilli olarak hazırlanan sözlük çalışmalarından biridir.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Sapar Altayev, Gurban Atayev, Gülcemal Açılova, Vahıt Mesgudov, S.Mıradova tarafından 1986'da hazırlanan Ulı Rusça-Türkmençe Sözlük (I,II-1986) iki dilli sözlük çalışmalarından biridir. Sözlük Kiril harfli olarak hazırlanmıştır.

Türkmen sözlükçülük çalışmaları incelendiğinde iki dilli hazırlanan önemli sözlük çalışmaları şu şekilde kronolojik olarak listelenebilir:

- 1926 – Kratkiy Russko-Turkmenskiy Slovar Primenitelno K Nujdam Gosudarstvennoy Statistiki TSSR. (TSSC Devlet İstatistiği İhtiyaçları Doğrultusunda Kullanmak İçin Rusça Türkmence Kısa Sözlük.) Aşkabat.
- 1929- Aliyev A., Boriyev K., Russko-Turkmenskiy Slovar. (Rusça-Türkmence Sözlük.) Aşkabat.
- 1929- Potseluyevskiy, A. P., Rukovodstvo dlya İzuçeniya Turkmenskogo Yazıka (s Prilojeniyem Kratkogo Turkmensko- Russkogo Slovarya) (Türkmen Dilini Öğrenmek İçin Kılavuz (Türkmence-Rusça Kısa Sözlük Ekiyle Birlikte). Aşkabat.
- 1936- Murzayev, G., Russko-Turkmenskiy Kratkiy Slovar' dlya Russkih (Ruslar için Rusça-Türkmence Kısa Sözlük). Aşkabat.
- 1937- Bagdanova, M. İ., Kratkiy Russko-Turkmenskıy Slovar' Sotsialno-Politiçeskiy Terminov. Aşkabat.
- 1938- Huseyinov, G., Ismayılov, H., Sakali, M., Russko-Turkmenskiy Karmannıy Slovar (Rusça- Türkmence Cep Sözlüğü). Aşkabat.
- 1939- Türkmençe-Rusça Cübi Sözlügi (Türkmence-Rusça Cep Sözlüğü). Aşkabat.
- Russko-Turkmenskiy Karmannıy Slovar' (Rusça- Türkmence Cep Sözlüğü). Aşkabat.
- 1940- Baylıyev, H., Karrıyev, B., Turkmensko-Russkiy Slovar' (Türkmence-Rusça Sözlük). Aşkabat.
цивилизации состоит в цивилизационном самоопределении, сплочении населения цивилизации вокруг определенных духовных ценностей и социально-исторических идеалов, а также в ориентации цивилизации в культурно-историческом пространстве, которая предполагает определение своих отношений к другим цивилизациям и к процессам межцивилизационной интеграции и модернизации, самосознание своих геополитических и культурно-исторических интересов и целей, выработку культурно-исторических идеалов и стратегии исторического существования» [Поломошнов, 2007, 24].

Как отмечалось ранее, в содержательном плане проблема цивилизационной идентичности «встает в форме четырех ключевых вопросов: Кто мы? Что нас сплачивает? Как нам относиться к другим цивилизациям? Куда нам идти или как нам жить дальше?» [Там же]. Первый ответ освещается путем выделения существенных индивидуальных особенностей исторического субъекта через сравнительный анализ, сопоставление его с другими. Во втором решение дается через выработку цивилизационного начала, идеи или идеала, выражающего и реально обеспечивающего духовное и поведенческое единство населения. Решение третьего вопроса является следствием анализа существующего мирового порядка, в контексте которого через определение сознательного отношения конкретного исторического субъекта к этому порядку и устанавливается его роль как неповторимой и значительной культурной единицы в существующем действительном сообществе культурно-исторических акторов. Важным моментом здесь является определение принципов и форм взаимодействия данного культурно-исторического субъекта с другими себе подобными в рамках существующего мирового порядка.

Это решение может принимать форму национального идеала, нередко предлагаемого для всего человечества в качестве универсального образца. Четвертый вопрос имеет перспективу ответа на пути изучения внутренних тенденций или потенций развития данного культурно-исторического субъекта в контексте мировых тенденций и через определение сознательного отношения к историческим изменениям и тенденциям. Это решение может принимать форму божественного предназначения, национальной миссии, исторической судьбы. [Context and Reflection: Philosophy of the World and Human Being. 2020, Vol. 9, Is. 3A Andrei F. Polomoshnov, Platon A. Polomoshnov 94].

Одной из ключевых проблем современного гуманитарного дискурса является проблема идентичности личности, этносов, цивилизаций. Противоречивые процессы глобализации и унификации форм социальной и культурной организации вызывают кризис традиционной идентичности культур и народов и провоцируют обратные процессы по сохранению и защите традиционной цивилизационной, культурной и этнической самобытности стране и народов, В то же время категории, используемые участниками дискурса проблемы идентичности трактуются не однозначно. Актуальной является задача уточнения терминов "культурная", "национальная" и "цивилизационная" идентичность и установления их логического соотношения друг с другом, что и является предметом исследования.

Базовым концептом при исследовании национального характера в культурологической парадигме является понятие "культурной идентичности". Термин "идентичность", введенный Э. Эриксеном, обозначал в его понимании чувство самотождественности личности, формирующееся на основе самосознания,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

самоотождествления ее с социальными ролями и социальными группами. Детальную разработку критериев идентичности на уровне личности дал С. Хантингтон, который выделял шесть групп таких критериев: 1) аскриптивные (биологические качества личности); 2) культурные (язык, национальность, религия, цивилизация); 3) территориальные, 4) политические; 5) экономические (профессия, работа); 6) социальные (социальные группы, социальный статус). [Хантингтон С. Кто мы? М.: АСТ, 2008. - 635 с, - С. 59].

Уже на уровне личности очевидна социокультурная природа идентичности, поскольку все критерии идентификации, даже биологические, определяются культурной средой, в которой формируется личность. "Идентичность есть осознание личностью и/или группой своей принадлежности к некоторому целому, дискурс собственной легитимации в пространстве определенного социально-культурного поля, или символического универсума культуры."

Тем более очевидна культурная природа идентичности на уровне малых и больших социальных групп, этносов, наций, государств и цивилизаций. Поэтому при анализе идентичности речь всегда идет именно о культурной идентичности. "...Суть культурной идентичности заключается в осознанном принятии человеком соответствующих культурных норм и образцов поведения, ценностных ориентации и языка, понимании своего "я" с позиций тех культурных характеристик, которые приняты в данном обществе, в само отождествлении себя с культурными образцами именно этого общества."

Идентификация личности возможна только в конкретной социокультурной среде через осознание причастности к этой среде, сознательное отнесение себя к данной конкретной культуре. Важным моментом идентификации личности с определенной культурой является одновременное отлучение своей культуры от другой, "чужой". "Осознание культурной идентичности наступает только тогда,

когда человек сталкивается с другой социокультурной общностью." Осознание тождественности своей родной, идентичной культуры действительно происходит путем сравнения ее с другими культурами, "Культурная само идентичность" - осознание особенностей своей культуры, ее оценка в истории и в сравнении с другими культурами, понимание ее отличительности и целостности в условиях глобализации и распространения массовой унифицирующей культуры в посттрадиционном мире." Поскольку сравнение своей культуры с другими предполагает понимание своей культурной самобытности, постольку культурная идентичность выступает как самосознание этой самобытности и является самосознанием этой культурной самобытности. Итак, культурная идентичность как качество реального социокультурного субъекта (личности, народа, цивилизации) есть единство самобытности и ее самосознания, т.е. отражения этой самобытности в сознании субъекта. "Культурная идентичность, по нашему мнению, - это самосознание социокультурным субъектом своей культурной самобытности (индивидуальности, уникальности). Она есть синтез двух элементов: 1) реальной культурной самобытности и индивидуальности субъекта и 2) осознания этой самобытности самим субъектом."

Естественным образом типы культурной идентичности дифференцируются, прежде всего, по субъектам. "В качестве социокультурного субъекта в исследовательских целях можно взять: 1) отдельного индивида, 2) микросоциальную группу (например, семью), 3) макросоциальную группу (сословие, социальный слой, социальную страту, класс), 4) этническую группу

(народность, нацию), 5) цивилизацию..,. В соответствии с этими субъектами можно выделить следующие уровни культурной идентичности: 1) личностный; 2) микросоциальный; 3) макросоциальный; 4) этнический; 5) цивилизационный."[ Мельникова Л.В. 5.С,36.] Соответственно избранному субъекту культурной идентичности, можно различать ее формы: 1) личная, или индивидуальная идентичность, 2) микросоциальная идентичность (идентичность социальной малой группы), 3) макросоциальная идентичность (идентичность большой социальной группы, например, профессионального сообщества, или социального класса или слоя), 4) этническая или национальная идентичность (идентичность на уровне больших этнических групп, различающаяся по формам этнической общности: этносу или нацией), 5) социокультурная или цивилизационная идентичность (идентичность на уровне социальных систем или групп однородных социальных систем).

Т.о. цивилизационная и национальная идентичность могут рассматриваться как формы культурной идентичности. При исследовании национального характера в контексте интегрального культурологического подхода нередко происходит смешение и путаница различных типов идентичности: этнической, национальной, социокультурной и цивилизационной. В связи с этим, анализируя национальный характер как форму культурной идентичности, необходимо, во-первых, провести различие между ними по субъекту по предмету и, во-вторых, установить соотношение между ними.

Признание различия этнической, цивилизационной и национальной идентичности имеет место в научном дискурсе. Вот, например, как видит это различие В.Э. Манапова [Манапова 6.С,228,] По контексту мысли Манаповой, национальная идентичность является формой идентификации личности с определенной социальной системой, которую мы определили как "социокультурную идентичность", Н.А. Бутенко, обращая внимание на неоднозначное понимание в научной литературе цивилизационной, национальной и этнической идентичности, предлагает свою версию соотношения этих видов идентичности. Различие этнической и национальной идентичности он проводит по двум критериям: по предмету идентификации и по уровню или форме идентификации. По форме идентификации, согласно Бутенко, Этническая идентичность - это уровень психологический, а национальная - это в большей степени идеологический, духовный, рационализированный уровень сознания." [Бутенко, С.32,] Различие этнической и национальной идентичности по предмету связано с различием субъектов, с которыми личность идентифицирует себя. Более глобальной по предмету и по культурному субъекту, с которым идентифицирует себя личность, является, по Бутенко, цивилизационная идентичность. "Цивилизационную идентичность можно определить как категорию социально-философской теории, обозначающую отождествление индивида, группы индивидов, народа с их местом, ролью, системой связей и отношений в определенной цивилизации."[Бутенко, С.33.] По его мнению, цивилизационная идентичность образуется из сложения всех видов идентичности более низкого уровня общности, но не является их простой суммой. [Бутенко, С.34.]

При всех различиях подходов к определению нации, этноса и их соотношению, особенности национальной психики признаются одним из важных и обязательных критериев или признаков любой формы этнической общности. Т.о. критерии этноса и нации есть критерии их самобытности и культурной идентичности.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Поскольку нация, по общему признанию, - это основная полиэтническая современная форма этнической общности, постольку мы и будем рассматривать критерии нации как критерии национальной самобытности. Вот эти обобщенные критерии: 1) общность духовной и материальной культуры (образа жизни, психического склада, менталитета, духовных ценностей и ориентации), 2) общность языка (в полиэтнических нациях она проявляется в наличии единого языка межэтнического общения), 3) общность государственной, политической и экономической жизни (деятельность представителей нации в сфере политики, экономики, социальных отношений), 4) общность исторического опыта (происхождения и совместной исторической деятельности, закрепленная в национальной памяти и традициях. При этом стоит отметить, что особенности национальной психики являются одним из важных признаков нации как формы этнической общности.

Пытаясь определить субъект цивилизационной идентичности, мы сталкиваемся с неоднозначностью интерпретации в научном дискурсе самого термина "цивилизация". Понятие "цивилизация" всегда рассматривалась в соотношении с понятием культура и в связи с характеристикой исторического развития общества. В эпоху Просвещения оно выступало как синоним культуры, в противоположность дикости и варварству, как доцивилизационным стадиям развития человечества. Цивилизация таким образом выступала как высшая ступень или стадия развития общества и культуры. Понятие цивилизации характеризует конкретного исторического субъекта как самобытный тип общества, или социокультурной системы во всем комплексе его качеств и проявлений. [Поломошнов, С. 19.]

Поскольку именно в понятии "цивилизация" раскрывается комплекс самобытных характеристик отдельного социокультурного субъекта, постольку определение цивилизации предполагает выделение системы критериев цивилизации или качеств ее самобытности. А.Ф. Поломошнов выделяет пять критериев самобытности цивилизации как социокультурного субъекта: 1) способ материального производства, 2) способ духовного производства, 3) способ ориентации в окружающей природной среде, 4) способ ориентации в окружающей социокультурной среде или социокультурном, историческом пространстве, цивилизационное самосознание. [Поломошнов, С.21-22.]

Выделение интегральных социокультурных критериев самобытности цивилизации позволяет охарактеризовать конкретную цивилизацию как субъекта культурной идентичности.

Теперь рассмотрим различие цивилизационной и национальной самобытности по содержанию и формам. Цивилизационная самобытность характеризует особенности общественной, социокультурной системы, "Понятие "цивилизационная идентичность" описывает совокупность стержневых, системообразующих элементов, структурирующих целое и задающих самотождественность цивилизации." [Бутенко, С. 33.] Формой и одновременно элементом цивилизационной самобытности является национальная идея, или идеология, позиционирующая цивилизацию в культурно-историческом пространстве.

Каково же соотношение между цивилизационной и национальной идентичностью? И цивилизационная, и национальная идентичность как единство самобытности и самосознания являются формами общественного сознания: 1)

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

первая - это представление общественного сознания о своей социокультурной системе (цивилизации), 2) вторая -представление о населении этой системы как об этнической общности, нации. В этом смысле прав Н.А. Бутенко, утверждая, что "Самосознание на всех трех уровнях идентичности объединяет эти социальные феномены, в то же время оно формируется по-разному. Этническое самосознание и идентичность основаны на общности происхождения представителей данного этноса, национальное самосознание и идентичность - на осознании общностью принадлежности к единому государственному и экономическому устройству, общим идеалам и ценностям е культуре, общей территории и истории" [Бутенко, С. 35]. В данном случае следует только уточнить, что разделение этнической и национальной идентичности вряд ли обосновано.

**Выводы. Первое.** Культурная идентичность как качество реального социокультурного субъекта (личности, народа, цивилизации) есть единство самобытности и ее самосознания, т.е. отражения этой самобытности в сознании субъекта. Соответственно избранному субъекту культурной идентичности можно различать ее формы: 1) личная, или индивидуальная идентичность, 2) микросоциальная идентичность (идентичность социальной малой группы), 3) макросоциальная идентичность (идентичность большой социальной группы, например, профессионального сообщества, или социального класса или слоя), 4) этническая или национальная идентичность (идентичность на уровне больших этнических групп, различающаяся по формам этнической общности: этносу или нацией), 5) социокультурная или цивилизационная идентичность (идентичность на уровне социальных систем или групп однородных социальных систем). Т.о. цивилизационная и национальная идентичность могут рассматриваться как формы культурной идентичности.

**Второе.** Цивилизационная идентичность есть единство и динамичное неоднозначное отношение самобытности единичной локальной социокультурной системы и ее самосознания, выступающего в двух формах: 1) в форме общественной психологии или массовых обыденных представлений граждан о своей стране и 2) в форме общественной идеологии, системы теоретических концепций, разрабатываемых профессиональными философами и идеологами.

**Третье.** Национальная идентичность есть единство и неоднозначное отношение между национальной самобытностью и национальным самосознанием. Национальная самобытность, характеризующая особенности этнической общности, составляющей население данной конкретной цивилизации, или страны, проявляется в двух формах: в форме национальной психики или психологии (уровень общественной психологии) и в форме национального менталитета (уровень общественной идеологии).

**Четвертое.** В основе взаимного влияния между цивилизационной и национальной самобытностью лежит реальное взаимодействие самобытности цивилизации и самобытности населяющей ее этнической общности. Цивилизационная самобытность есть, с одной стороны, продукт национальной самобытности, с другой стороны, основа ее формирования и развития, и наоборот. Цивилизационная и национальная самобытность как формы национального самосознания в комплексе образуют целостную, интегральную систему национального самосознания.

ESSA III. Türk Dünyasına Katkı Sunan Şahsiyetler Uluslararası Sempozyumu
9-10 Kasım 2023
ISBN: 978-605-73444-6-5

**Список использованной литературы:**


1. Б.Н.Кузык, Ю.В.Яковец, 2006, т. 1, 89- 91.
2. Э.А. Гурбанов, 2013, 24.
3. Context and Reflection: Philosophy of the World and Human Being. 2020, Vol. 9, Is. 3A Andrei F. Polomoshnov, Platon A. Polomoshnov 92.
4. Мельникова Л.В. Российская социокультурная идентичность в исторической перспективе / Л.В. Мельникова, А.Ф. Поломошнов. - п. Персиановский, 2012. - 186 с. - С. 36.
5. Поломошнов А.Ф. Россия е культурно-историческом пространстве (Н.Данилевский и В. Соловьев} /А.Ф. Поломошнов. - Ростов-на Дону : ЮФУ, 2007.- 288с-С.19.
6. Context and Reflection: Philosophy of the World and Human Being. 2020, Vol. 9, Is. 3A Andrei F. Polomoshnov, Platon A. Polomoshnov 94.
7. Хантингтон С. Кто мы? Вызовы американской национальной идентичности / пер. с англ. А. Баш-Кирова. - М.: АСТ, 2008. - 635 с, - С. 59.
8. Манапова Ё.Э. Национальный характер: истоки формирования и стереотипы поведения в межкультурном диалоге / Б.Э, Манапова // Омский научный вестник. - 2013. - №3(119). - С. 227-230.
9. Бутенко Н.А. К проблеме критериев разграничения этнической, национальной и цивилизационной идентичности / Н.А. Бутенко // СОЦИОС ФРРА. - 2014. - № 1. - С. 31-35. - С. 31.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

# «МАНАС» ЭПОСУНУН ТҮШТҮК ВАРИАНТТАРЫН ЖАЗЫП АЛУУ ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ТАРЫХЫНАН

**Калчакеев К.Б.**

ЖАМУнун профессору, филология илиминини доктору.

**Аннотация**

Илимий макалада "Манас" эпосунун түштүк варианттарын элден жыйноо, изилдөө маселелери жөнүндө сөз болот.Манастын түштүкчө айтылышы алгачкы жолу атайын иликтөөгө алынганын баса белгилөөгө болот. Өзгөчө манасчы, семетейчи Кожеков Жаңыбайдын, Төрө Мамытов баштаган манасчы, информаторлордун вариант үзүндүлөрү талданат.

***

Манас" эпосунун түштүк варианттары тууралуу маселе буга чейин тигил же бул окумуштуу тарабынан атайын изилдөөгө алынган эмес. Бирок, айрым окумуштуулардын түштүк варианттар жөнүндө тийип качып сөз кылгандыгы ырас. Бул маселеге, Р.З.Кыдырбаева “Сказительское мастерство манасчи”, Ф., Илим, 1984., Э. Абдылдаев 1987 “Манас эпосунун историзми”, Ф., Илим, К. Ибраимов “Ыбырайым Абдрахманов”, Ф., Илим,1987., К.Кырбашев 1988 “Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери” Ф., Илим, аттуу эмгектерде кайрылышкан. Белгилүү манасоведдердин бири Муңдук Мамыров 1957-жылы “Манас” эпосун жазып алуу боюнча Ош, Жалал-Абад областтарында болуп, Эргеш Ташымбетовдон (жору уруусунан) Манастан үзүндү (210-6.) (Куршаб районундагы Таш-Кечүү айылынан болот) жазып алат. Андан башка да, ушул эле райондун Сталин колхозундагы Жалпак-Таш айылынан М.Кыдыровдон (уруусу таздар) Семетейден үзүндүнү кагазга түшүргөн Базар-Коргон районунун Коммунизм колхозунан Өсөр Жолдошевден “Семетейдин Айчүрөккө жетүүсү”, Киров колхозунун “Сейдикум” айылынан А Бекиевден “Манастан” үзүндүнү (Манастын кыз Сайкалды алышы) (8-6) жазып алган. “Манас” эпосунун түштүк варианттарын эң алгачкылардан болуп жыйноого белгилүү фольклорист К.Мифтаков киришкен. Ал 1936-жылы семетейчи Ж.Кожековдун “Манастын” уландысы (латынча, 46557 ыр жол) “Семетейди” жазып алат. Мындан башка да Мифтаков “Манастын санжырасы жана балалык чагы” ушул эле айтуучудан 1952-жылы 495 ыр сап кагазга түшүргөн. “Манас" эпосунун түштүк варианттарын жазып алууда айрыкча фольклорист Ыбырайым Абдырахмановдун эмгеги зор. Анткени, ал бүт өмүрүн эпикалык чыгармаларды жазып алууга арнаган. “Манас” эпосунун түштүк варианттарынын ичинен эң эле көлөмдүүсү училтиктин экинчи бөлүмү. Аны Ж.Кожековдон 1936-жылы (19445 жол ыр) К.Мифтаков жазып алган. Ал эми Ы.Абдырахманов каттаган (1946-жыл, 2000 жол ыр) “Семетей”, “Сейтектин” жалпы сюжети да Ж. Кожековдон алынган. Семетейчи Ж.Кожековдон кагазга түшүрүлгөн “Семетейдин” жалпы сюжетин вариант деп айтууга толук негиз бар, анткени, бул вариант өзүнчө бир бүтүн сюжетке эгедер. “Манас” эпосунун түштүк варианттарынын ичинен Ж.Кожековдун, Т.Мамытовдун, К.Жумагуловдун варианттары көзгө көрүнүктүүсү. Андыктан, булар айткан “Семетей” эпосун вариант деп эсептөөгө болот. Кыргызстандын түштүгүнөн катталган “Манас” эпосунун вариант үзүндүлөрү түндүк варианттарга салыштырмалуу кыска, сөз, чакан ыр формасында болсо да, айрым мотивдер боюнча бир топ айырмачылыктарга, өзгөчөлүктөргө эгедер. Фольклорист Ы.Абдырахманов жазып алган Ж.Кожековдун вариантында Семетейдин Үмөтөй, андан Жалгызек,

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Жалгызектен Бирилектин төрөлүшү жана окуялардын ушул каармандардын тегерегинде өнүгүшү, Семетейди Канчоронун өлтүрүшү сыяктуу эпизоддор бул вариантты өзгөчөлөнтүп турат. Токтогул районундагы Ж. Бөкөмбаев атындагы совхоздо жашоочу Сейдене Молдокеева аялдардан чыккан биринчи семетейчи катары элге таанымал. Семетейчи С.Молдокеевадан окумуштуулар Р.Сарыпбеков, О.Соороновдор "Семетей" эпосунан үзүндүлөрдү жазып алган. Үзүндүлөрдүн дээрлик көпчүлүгүн С.Молдокеева өзү жазып тапшырган. Семетейчинин чыгармачылыгы жөнүндө окумуштуулар: О.Сооронов,Р, Сарыпбековдор тарабынан республикалык мезгилдүү басма сөздө көлөмдүү материалдар жарыяланган. Айтуучу Д.Ташматовдун "Манастан" үзүндүсүндө да, жогорудагыдай өзгөчөлүктөр бар. Мында Абыш, Көбөштүн калмактан колго түшкөн кулдар деп айтылышы; Манас менен Көкчөнүн бөлө экендиги; Кокурбайдын Көкчөгө жээн болушу; Манастын биринчи жолу Көкчөдөн экинчи жолу Ороздунун уулу Токтобайдан, үчүнчү жолу Кара Дөөдөн өлүшү: мындан башка да, Манастын Накылай (Айкожонун кызы) аттуу аялынын болушу сыяктуу мотивдер бар. Семетейчи Ж. Кожековдун варианты ыр түрүндө берилип, кара сөз менен айрым бөлүмдөрү чечмеленген. Бул жөнүндө Р.З.Кыдырбаева; "Сказитель был негроматным, он прославился в народе как семетейчи, однако сказывал и эпизоды из первой части трилогии в частности, "Большой поход", "Поминки по Кекетею","Детство Манаса", К. Мифтаковым в 1939 году записаны от Кожекова эпизоды из Семетея" - "Последние дни Манаса", "Бегство Каныкей и Чыйырды", "Проводы Бакаем Каныкей", "Страдания Каныкей в пути". Жаңыбая можно отнести к сказителям профессиональными", - деген орундуу ойду айтат. Фольклорист К. А. Рахматуллин да Ж. Кожековдун үй-бүлөсүндө: атасы, чон аталары "Манас" айтканын сөз кылып келип, Жаңыбайдын семетейчи экенин өзгөчө белгилейт. Жогоруда белгиленгендей фольклорист Ыбырайым Абдырахмановдун он эки айтуучудан жазып алган үзүндүлөрдүн бири - Акун Ташовдун айткандары. Айтуучу А.Ташовдон ыр түрүндө (224 жол ыр) жазылган. Ал эми информатор Б. Султановдун үзүндүсү (124 жол ырдан) турат. Информатор Мурат Калбаевдин ыр түрүндөгү "Семетейинин" үзүндүлөрү 128 жол ырдан турат. Төрө Мамытовдун "Манастагы" "Көкөтөйдүн ашын" айтканы жөнүндө 1947-жылы К. Бакеевдин жазып алганы бар. Ал үзүндү 1050 жол ырдан турат. Эпостун түштүк вариантынын бул үзүндүсүндө Бокмурун Кехмурун деп берилет. Бул тууралуу адабиятчы Б. Маленов: "Көкөтөйдүн ашы" деген "Манас" эпосунун үзүндүсү тил адабият, тарых институтунун фондусуна алууга ылайыктуу. Анткени, жалпы "Манас" эпосун изилдөөдө кызыктуу материал болуп саналат. Бул үзүндүдө диндик көз караштар да кездешет, бирок ага карабастан эпостогу каармандар, алардын минген аттарында аз-аз өзгөчөлүктөр баржана ошондой эле окуяларында. Материал түштүк кыргыздардын фонетикалык өзгөчөлүктөрү менен жазылган. Изилдөө иштеринде пайдалуу материал болору шексиз", - деп үзүндүнү фондуга алып жатып рецензиялаган. МанасчыТөрө Мамытовдун айтуусундагы "Көкөтөйдүн ашында" эпостун түндүк варианттарына салыштырмалуу (окуялардын сүрөттөлүшү) бир топ өзгөчөлүк, айырмачылыктар бар.

Информатор Акмат Токтогулов түштүк кыргыздардагы "Манас" айткан көзү тирүү айтуучулардын бири. Андан 1990-жылы 5-майда жазылып алынган үзүндүдө Манастын Конурбайдан жарадар болгонунан башталат (жазып алган К. Калчакеев).

Ленин, Өзгөн, Тогуз-Торо, Ала-Бука райондорунан жыйналган фольклордук чыгармалардын ичинде (1977-жыл, март айы.) Сыртпай Мусаев "Манас" эпосунан

үзүндүлөрдү жазып алган. Информатор З. Мамытбековадан “Манастын чон казатка жөнөгөнү” (764 жол ыр) кагазга түшүрүлгөн2. Мында Манастын жолго аттанаар алдында Каныкейдин кийим-кече (жоого кийүүчү кийимдер) камдап берүүсү сүрөттөлөт. Информатор Т.Матаевдин жазылган үзүндүнүн (160 жол ыр)3. С.Орозбековдогу “Чон казатка” бара жаткан учурдагы Кыргып чалдын жүрбөй калып, Бозуул менен жаңжалдашкан эпизодко үндөшкөнүн көрөбүз. Мындан башка да “Алманбеттин арманы” (100 жол ыр)4, кагазга түшүрүлгөн. “Көкөтөйгө аш берүү” үзүндүсү информатор А. Дөөлөтовдон жазылып алынган. 280 жол ыр)5.Оштун Ленин районунан Жумабек Тыныбеков “Манас” эпосунан үзүндү таап алган. Үзүндү 1973-жыпдын 12-октябрында жазылып, 6344 сап ырды түзгөн 6. Адабиятчы Омор Сооронов бул үзүндү тууралуу:

“Бул материалдарды азыркы алфавитке көчүрүп, чыкса кыргыз фольклористикасы үчүн да бир изилдөө иши пайда болот эле. Кол жазманын табылган жери: Ош областы, Ленин району, Энгельс атындагы колхоз.Мындай материалдар институттун фондусу үчүн баалуу болору анык”- деген ойду айтат. Семетейчи Төрө Мамытовдон белгилүү фольклорист К.Мифтаков 1947-жылы 19-сентябрда ≪Семетейди≫ жазып алат. Үзүндү 1482 жол ырды түзөт. Фольклорист К.Мифтаков семетейчи Т.Мамытов жөнүндө: “1947-жылдын апрель, май айларында “Семетей” анын “Балалык чагы” жана “Каракандын шаарынан Таласка жөнөгөнүнө" чейин төрт басма табак. Жазып алганы бардыгы болуп 9,5 басма табак. “Чон Алай”, Ноокат райондорун кыдырып мындай чон жомокчуну көргөн жок элем. Бул түштүктүн улуу акыны, мунун жомок айтпаганына да, 15 жыл болуп калыптыр. Жомокту айтуудагы мазмуну түндүктөгүлөргө окшош. Бирок, Мамытов “Чон казат”, “Кичи казат” деп Манасты бөлбөйт. Ал Манасты толук билбейт. Семетейди бүт билет. Эр Төштүктү мындан узун айтуучу Кыргызстанда эч ким жок болсо керек”,- деп жазган өзүнүн эскерүүсүндө. Чындыгында кыргыздын түштүгүндө жумалап Манас айткан манасчылар болгондугу, болгондо да, алар өзүнчө бир манасчылардын кайталангыс жоон тобун түзгөндүгү жөнүндө маалыматтар бар. Бирок, кастарлап “Манас” айткандарды изилдөө, убагында жазып алуу иштери жүргүзүлбөгөндүктөн “Манастын” түштүк вариантарынын көбү бизге жетпей калган. Семетейчи Т. Мамытовдун “Семетейи” жөнүндө К.Мифтаков: “Мамытов Төрөнүн “Семетейи” Түндүк Кыргызстандын “Семетейинен” мазмуну жагынан да, ыры жагынан да эч бир калышпайт. Бул жомокчунун атасынын тууганы жана чоң аталары жомокчу болуп келгендиктен эскиликти көп сактаган жомокчу өзүнүн композициясы жагынан абдан көрүнүктүү түзүлгөн”, - деген оюн айткан. Баарынан кызыгы К. Мифтаков жомокту жазып алып жатып,өзүнүн манасчыга болгон оюн кагазга түшүргөнү: - “Жомокчу Т.Мамытов жайлоого кетемин деп шашып Каныкейдин сөзүн, күмбөз менен Бакай тууралуу айткан жерлерин калтырып кетти. Ал кетүүгө шашылып бүтүрдүм демиш болду. Бирок, ырдап бербегенине Караганда бештен бирин да жаздырбады”, - деп берилет. Демек, К.Мифтаковдун жазганына Караганда Төрө Мамытов чон таланттуу манасчылардан болгон деген ойго келесиң. Эгер ошо кезде эпостун түштүк варианттарын жазып алуу иши камкордукка алынса, түштүктөгү манасчылар эчак эле ордун тапмак. Информатор Калбек Жумагуловдун айткан “Семетейи” да, кызыктуу үзүндүлөрдөн. Муну да фольклорист Каюм Мифтаков 1947-жылы 19-сентябрда кагазга түшүргөн. Үзүндү 800 жол ырды түзөт. Мында үзүндү Манас менен Акун кандын перзент жөнүндө ой толгоосунан башталат. Бул тууралуу Р. З. Кыдырбаева: -“Калбек - негроматный пастух из рода мунгуш (улуу катын) К. Мифтаков во время записи “Семетея” из уст Калбека заметил очень

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

'близкое сходство сюжета и стиля его варианта и варианта Тыныбека (Ысык-Кульский регион) К. Мифтаков объясняет это влияние банковского варианта (через посредство его сына, сказителя' Найманбая) на Тыныбека. Известно, что будучи в Талас, часто ездил на юг Киргизии, где жил в это время другой маситый сказитель Чоодан. Надо полагать что сказительство обоих манасчи протекало не без взаимовлияния, что затем, в свою очередь, оказало влияние на сказание Калбека Жумагулова", - деген ойду айтат.Демек, манасчылардын айткан үзүндүлөрүнүн бири-бирине айрым сюжеттеринин окшошуп калышы - традициялык туруктуу мотивдердин үзүндүдө көбүрөөк орун алышынан болуу керек. Информатор Мурат Калбаевдин айтуусундагы "Манастан" үзүндү .136 жол ырдан турат. Ал негизи - Манасты жашынан Чоодандан үйрөнгөн. Мында Манастын Көкчөнүн жылкысына тийип, андан жарадар болушу өзгөртүлбөй айтылган. Негизги сюжеттери боюнча Чоодан манасчынын айткандарына окшош экендигин фольклорист К.Мифтаковдун 1947-жылы 5-декабрда үзүндүнү жазып алып жатып баса белгилегени бар. М.Калбаев Чоодандын манасынан кыска мотивдерди айтып келип, Кыргыл чалдын ордуна Бакай чал деп айтканы бар. Информатор өзүнүн устаты жөнүндө: "Чоодан 1835-жылы Сарайда (Кара-Суу Кашкар кыштакка жакын) туулган. Уруусу мунгуш сарыдан, Кудаяр канга жомокчулук кылып жүргөн. "Көкөтөйдүн ашын", "Чонказатты" ж. б., айтып, "Манасты" бир жумача чамасында узартып айткан. Ал 1900-жылы өлгөн. Биздин үйгө да келип-кетип жүрчү эле.", - деп эскерет. Демек, М.Калбаевдин эскерүүсү Чоодандын чон эпик манасчы экенин эске салат. Айтуучу Досу Ташматовдун "Манасы" үзүндү түрүндө эң кыска берилген.Үзүндү негизинен "Манас", "Көкөтөйдүн ашы" жана "Манастын өлүмү" деген үч бөлүмдөн турат. Мында белгилей турган нерсе - Манастын ата-теги айтылуу Алайда туулгандыгы, ал Ногой уруусунан экендиги айтылат. Калмактар менен чабышып кетип, кыргыздар жеңилүүгө дуушар болгондо Таласка көчүп, кетишкен деген эпизоддор бар үзүндүдө. Үзүндүдө ошол каргашалуу урушта калмактан Абыке, Көбөштөр колго түшүп, кул болгону айтылат. Ы.Абдырахманов эпостун түштүк варианттары жөнүндө минтип жазат: "Түштүктөгү кыргыздардын да "Манасты" билгендиги жана бир канча манасчылардын болуп өткөндүгү айтылган, өзбек тили да олуттуу ; түрдө орун алган. Кетмен-Төбөдөгү жомокчулардын тили жана окуянын жүрүшүн кененирээк түндүккө жакындатып берген." Эпостун түштүк варианттарында эпикалык чыгармаларга мүнөздүү катмарлардын түндүк варианттарга салыштырмалуу жыш экендигин баса белгилөөгө болот. Буга Д.Ташматовдун манастын эрдиги жөнүндөгү эпизоддор, күмбөздөгү жазуулар күбө. Информатор Ташымбетов Эргештин "Манастан" үзүндүлөрүн да Ы.Абдырахманов жазып калтырган. Үзүндү беш беттен туруп, "Көкөтөйдүн ашынан", "Манастан" кыска үзүндүлөр топтолгон. Эргештин үзүндүсүнүн түндүк кыргыздардын "Манасынан" айырмасы Манастын аталары Таласта болуп өткөндүгүн айтат. Ошондой эле кол жазмалар фондусунда Абдрасул Анарбаевден жазылып алынган "Манастын" үзүндүлөрү сакталып турат. Үзүндү болгону беш бет жазылып, Манастын Алтайда көз жарганын, жашынан тентек чоңоюп, Жолой, Коңурбайлар менен согушуп, Бээжиндеги Урушта жараат алып, көз жумгандыгы кыскача берилет. Фольклорист Ы.Абдырахманов жазып алган Матисак Акбаевдин варианты негизинен үч бөлүктөн турат (2-бет). Биринчиси Манастын энесинин ичинде туруп айткан сөздөрү; экинчиси болочок баатырдын туулгандан кийин эле энесине кайрылып сүйлөшү; үчүнчүсү ≪Керидей кекилик≫ деп аталат. Информатор Насыр Искендеровдон жазылып алынган үзүндү да, эки бөлүмдөн турат. Биринчиси -

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Манастын туулуп өскөн Алтайдагы окуялары; Эсенкан баш болгон калмак баатырлары Нескара, Жолой, Нукер Дөө жана уйгурдун Манаска кол салып келип, Манас алардын мизин кайтарганы. Экинчиден Манастын Алооке канды кууганы, өздөрү кол салган Шоорук кан, Акун кандарды жоошутушуп, азган-тозгон элди Ата Мекен конушуна кондуруп, уруу башчыларынын шайлангандыктары. Негизи мында Манастын бардык иштерин адилеттик түрдө берген. Үзүндүдө Алмамбеттин дин талашып келбестен кандардан жол талашып, элдин укугун талашып келгендигин советтик доорго жанаштырган. Ыбырайым Абдырахманов үзүндү тууралуу: “Мында баскынчылык жана диний сөздөрдөн бир ооз сөз да айтпаган. Кытай деген сөздү оозуна да албаган.”1- деп белгилейт. Информаторлор Көкө Разаков менен Ж.Кулматовдордон да “Манастын” үзүндүлөрү жазылып алынган. (К.Разаковдон 3-бет, Ж. Кулматовдон 2-бет). Бул үзүндүлөр кара сөз түрүндө берилип, өтө кыска. Семетейчи Т.Мамытовдун айтуусу боюнча (1-бет) “Көкөтөйдүн ашы” тууралуу кара сөз түрүндө кыскача берилген.2 Жогоруда сөз кылгандай кыргыз Илимдер Академиясынын кыргыз тил жана адабият институтундагы кол жазмалар фондусундагы инв. № 612 “а” деген ат менен жыйналган эпостун түштүк варианттарын топтоп, аларга мүнөздөмө берген белгилүү фольклорист Ыбырайым Абдырахманов болуп эсептелет. Бул жөнүндө фольклорист К.Ибраимов: “Манас” эпосунун варианттарын жыйноо, аны жарыкка чыгарып, изилдөө багытында Ы.Абдрахманов аябагандай зор эмгек сиңирген1, -деп айтат. Белгилүү фольклорист Каюм Мифтаковдун да, “Манас” эпосун, жомок-дастандарды жыйнап, жазып алууда эмгеги зор. Ал 1947-жылы 19-августта айтуучу Акбаевден “Манастан” үзүндү жазып алат. Үзүндү эки бөлүктөн турат. Биринчиси, “Манастын балалык чагы”, ал эми экинчи бөлүгү “Манастын Каныкейге үйлөнүшү” деп аталат. Мында негизинен Көкчө менен урушу кыскача берилет. Манасчы Акбаевден үзүндүлөрдү жазып алып жатып К. Мифтаков: “Манас” жөнүндөгү бул дептерде Матисак Акбаевдин толук “Манасы” менен Калбаевдин “Манасынан” үзүндүлөр жазылды. Бул экөө да кара-суулук Чоодан манасчыдан үйрөнүшкөн. Булардын экөөндө Манастын балалык чагы тууралуу кара сөз менен ыр аралаш жөө жомок түрүндө сүйлөшкөн”, -деген ойду айтат. Чынында “Манас” эпосунун түштүк варианттарын айткан манасылардын көпчүлүгү, чоң эпик манасчы Чоодандан үйрөнүшкөндүгү тууралуу фольклорист окумуштуулардын далилдүү ой-пикирлери бар. Манасовед Р.З.Кыдырбаеванын: “Чоодан был (1835-1900) одним из выдающимся манасчи и оставил после себя целую плеяду замечательных сказателей. Его учениками были известным манасчи Шаймардан, Матисак Акбаев. Калбек Жумагулов и многие другие. Все известные сказатели южной группы в той или иной мере были связаны с чооданской традицией, которая, видимо, оказало определяющее влияние и на все последующие поколения южные манасчи”, - деп ишенимдүү айтканы бар. Түштүк варианттардын көпчүлүгүндө Чоодан манасчынын кийинки манасчы-информаторлорго тийгизген таасири жөнүндө айтылат. Белгилүү окумуштуу жазгандай М.Калбаев, Шаймардан, М.Акбаев, Ч.Сыдыков, К.Жумагулов, Б. Султановдор улуу манасчы Чоодандын традицияоын уланткандардан.

Мунгуш сары .уруусунан чыккан улуу манасчы Чоодан жашап өткөн мезгилде Кокон кандыгынын эзүүсү күчөп, соода (акча-товар) мамилелери курчуган. Ошондой оор кырдаал оозеки чыгармачылыктын өсүшүнө терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Үстөмдүк кылган патриархалдык-феодалдык мамилелердин акырындык менен бузулушу капиталисттик мамилелердин калыптана башташы - айып - чарба өндүрүшүнө да, өнөр жай өндүрүшүнө да

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

мүнөздүү болгон. Кулач жайып келаткан акча товар мамилелеринин таасири XIX кылымдын аягынан кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнө да тие баштаган.2

Натыйжада эпостун түштүк варианттары тигил же бул денгээлде өзүнүн баатырдык мүнөзүн басандатуу процессин өткөрүп, чыныгы эпостук белгилерин өзгөртө баштаган.

Элдин көчмөн турмушу эпостун түндүк варианттарында Октябрь революциясына чейин басымдуулук кылып, өзүнүн традициялык духун жоготпой, эпостун кырдаалдуу өнүгүшүн шарттады. Ошентип, жалпы маданий денгээлдин өнүгүшү - эпостун түндүк варианттарында көркөм трансформациялануу процессии күчөткөн. Эпостун түндүк варианттарынын өнүгүп-өсүүсүнө ислам динин туура эмес пропагандалоо - өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок. Эпостун түштүк варианттарынын түндүк варианттарындай өнүгө албагандыгынын бирден бир себеби - түштүктө эрте отурукташуу күч алып, феодалдык-кандык бийликтер үстөмдүк кылгандыгы. Фергана, Андижан уездериндеги райондордун аймагында жашаган (Кокон хандыгынын алдында) кыргыздардын ошол шарттагы (XIX кылымда) элдик маданиятына тажик, өзбектердин үрп-адаты, маданияты, өз таасирин тийгизген. Бул тууралуу В. В. Бартольддун: “Для воинственного кочевника переход к мирной жизни и земледелию связан с упадом, по крайней мере временным, его духовной культуры. В условиях новой жизни забываются прежние песни, в которых воспевались кровавые подвиги, и не скоро создаются новые. Такую судьбу, испытало одно из турецкую народностей, создавшая своеобразную и выделяющую своими достоинствами поэзию - туркмени”, - деп жазганы бар. Окумуштуу Э.Абдылдаев эпостун түштүк варианттары жөнүндө төмөндөгүдөй көз караштм айтат: “Түштүк Кыргызстанда жашаган кыргыздардагы эпостордун варианттары олуттуу өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алган эмес. Мунун себеби, алардын эртелеп отурукташуу, ислам динине кирүү жана өзбек, тажик элдеринин маданиятынын таасирин эртерээк кабыл алуу маселесине байланыштуу. Мында “Манас” эпосунун өнүгүп,элдик классикалык чыгарманын үлгүсүнө жеткен түндүк варианттардын негизинде, б.а., анын түштүккө таралышынын натыйжасында түштүк варианттар пайда болгон деген көз карашка келүүгө болбойт” .Демек, түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын Кокон хандыгына көз каранды болуу, эрте отурукташуу өңдүү факторлору оозеки чыгармачылыктын өсүп-өнүгүү процессии башкачараак жол менен өнүккөнүн көргөзөт. Он сегизинчи кылымдын ортосунда Кыргызстандын түштүгүндө кыргыздардын Кубат бийге баш ийген ичкилик жана Хажы бий баш болгон адигине уруулар бирикмеси бөлүнүп чыгат. Кубат бийге негизинен Алайда жана Батыш Фергананын чыгыш жагындагы кыргыздар Ош жана Өзгөн менен баш ийген.Кубат бий Кокон хандыгы күчтөнө баштаган, кийин анын башкаруучулары коңшулаш кыргыздын жерин басып алууга умтула баштайт. Ал эми кыргыздар ал кезде өз ара чыр-чатактардан арыла албай жаткан. Коконду бийлеген Миң династиясы адегенде Ош, Өзгөн шаарларын жана алайлык көчмөн кыргыздарды караткан. XVII кылымдын 60-жылдарында (башында) кокондук Эрдене бийдин аскерлери жергиликтүү Хажы бий башкарган кыргыз кошундарынын каршылыгын жеңип, Ош, Өзгөн шаарларын жана алардын айланасын басып алып, калкына салык салган. Кийин кыргыздар бир аз убакытка чейин өзүнүн көз карандысыздыгын кайра жеңип алгандыгына карабастан, күчүнүн аздыгына байланыштуу күрөштү уланта алган эмес. Ошентип, 1762-жылы бул аймак биротоло Кокон хандыгынын карамагына өткөн. Бул жерге отурукташкан өзбек оторчулары шалы, буудай, айыл чарба өсүмдүктөрүн эгишкен. Жогоруда

белгилегендей ичкиликтердин (уруулардын) бөлүнүп чыккан мезгилдеги тарыхый кырдаалдын күчөшү да, оозеки чыгармачылыктын басаңдашына шарт түзгөн.

Манас изилдөөчү Р.З.Кыдырбаева: "В южных вариантах киргизского эпоса мы сталкиваемся со стадиально ранными пластами, а именно с трехкратным оживлением богатыря, тогда как с северных вариантах эти мотивы сглажены поздней обработкой. В варианте Досу Ташматова Манас также трижды умирает от руки Кокче, во-второй - от рук Токтобая, сына Орозду, и в третий раз от рук Карадее, сын Орозду, Токтобай -16меткий стрелок, он стреляет в Манаса, когда тот переплывает реку. Конь Аккула уносить тело Манас, Айкожо, отец Накылай, узнав о смерти Манаса, оживляет его, заставив, животных сопровождающих богатыря, горько плакать. Акшумкар (сокол), тайган (собака), Аккула (конь) стоят и льют горькие слёзы: их слёзы превращаются в снег, а стоит - в свирепый ветер, от чего Манас просыпается и восклицает: "О как долго я спал!". И снег тут же тает, погода проясняется, а Токтобая и его братья превращается в кабанов, по этому их и стали затем называть "Кез Каманами". В северных вариантах утеряна и сглажена и эта мотировка, а потому остается непонятными, почему сыновья Усена и Орозду стали называться "Кез Каманами". В южных вариантах, как мы видим, эта мотивировка довольно ясна обозначена с сохранена, по нашему убеждено, в своей первоначальной основе. К заметной специфике южных вариантов относится и свое образования мотивировка женитьба Манаса. Невесту (Накылай) ищет Манасу его мать, а не отец, как это трактуется в северных вариантах. В северных вариантах невесту, по обычно, ищет Жакып, но он находит не Накылая, которая досталось Манасу как добыча от хана Шоорука, а Каныкей. В северных вариантах намечаются уже двухплановая мотировка женитьба Манаса тогда как в южных считается традиционный мотировка женитьбы Манаса на Накылай. Поиски невесты для сына матерью, нам думается тоже довольно архаический сюжет", - деп эпостун түштүк варианттарындагы архаикалык катмарлардын сакталып келгендигине баа берет. Фольклорист К. Ибраимовдун аталган эмгегинде кыргыздын белгилүү фольклористи манасчы, акын, жомокчу Ыбырайым Абдырахманов жөнүндө кеңири сөз кылып, анын манасчылык, жыйноочулук жактары чечмеленет. Эмгекте Ы.Абдырахмановдун эпостун түштүк варианттарга мүнөздөмөсү өзгөчө белгиленет. Чындыгында фольклорист Ы.Абдырахманов жазып алган "Манастын" түштүк варианттары илимий иштин уюткусу болду. Дагы бир белгилей кетчү нерсе Э.Абдылдаевдин "Манас" эпосунун историзми". Бул эмгекте белгилүү фольклорист эпостун түштүк варианттарынын айрым үзүндүлөрүндөгү "Географиялык таралыштар жөнүндөгү" - маселени караганын көрөбүз.

## Колдонулган адабияттар

Ташымбетов Э. ТАИФ. Инв. N° 273 1-6.

Кыдыров М. ТАИФ Инв. №273 2-6.

Жолдошов О. ТАИФ Инв. № 273 3-6.

Бекиев А. ТАИФ Ив. № 273 4-6.

Мифтаков К. ТАИФ Инв. № 17 (842).

Кожеков Ж.≪Манастын санжырасы жана балалык чагы≫.ТАИФ Инв.№36.

Ибраимов К. ≪Ыбырайым Абдырахманов≫ Ф. 1987 71-72-беттер.

ISBN: 978-605-73444-6-5

ISBN: 978-605-73444-6-5

Мифтаков К. ТАИФ Инв. №17 (842).

Молдокеева С. ≪Манастан үзүндү≫ ≪Манастын Сайкалга үйлөнүшү≫ ТАИФ Инв. №286.

Молдокеева С. ≪Семетей≫ ТАИФ Инв. №283.

Кожеков Ж. ≪Семетей, Сейтектин жалпы сюжети≫. ТАИФ Инв №672, 86-б.

Кыдырбаева Р.З.≪Сказительское мастерство манасчи≫-Ф.,1984,50-б.

Рахматуллин К.А. ≪Манас≫- героический эпос киргизского народа.Ф., Илим, 1968 88-б.

Ташов А. ТАИФ . - Манас. Инв. №612 ≪а≫ 1-б.

Султанов Б. ТАИФ Инв. №612 ≪а≫ 4-б. ≪Манас≫ ТАИФ Инв. №272 1-б.

Мамытбекова З. ТАИФ . Фольклор Инв. №668 (5305). ТАИФ Инв. №631, 1-б.

Ленин районунан табылган ≪Манас≫ эпосунан үзүндү ТАИФ Инв.№631 (5169) 1-б.

Мамытов Т. ≪Семетей≫ ТАИФ Инв. №176 (387) 2-б.

Мамытов Т. ≪Семетей≫ ТАИФ Инв. №176 (387) 3-б..

Жумагулов К. ≪Семетей≫ ТАИФ Инв. №176 (387) 1-б.

Кыдырбаева Р.З. ≪Сказительское мастерство манасчи≫ 1984,55-б.

Калбаев М. ТАИФ Инв. №176 (387) 1-б.

Манастын түштүк варианттары. ТАИФ Инв. №612. ≪а≫ 2-б.

Кыдырбаева Р.З. казительское мастерство манасчи. Ф. 1984, 53-б.

Анарбаев А. ТАИФ Инв. №612, ≪а≫ 5-б.

Искендеров Н. ≪Манастын түштүк варинаттары≫. ТАИФ Инв. №612 ≪а≫.

Ибраимов К. ≪Ыбырайым Абдырахманов≫ Ф., ≪Илим≫, 1987 72-б.

Акбаев М. Фольклор*' ТАИФ Инв. №176 (387) 1-б.

Кыдырбаева Р.З. Сказительское мастерство манасчи. Ф., ≪Илим≫ 1984,53-б.

Ош областы. Энциклопедия. Фрунзе, 1989 51-б.

Бартольд В.В. Сочинение. Т.5. М., 1968-ж. 474-б.

Абдылдаев Э. ≪Манас≫ эпосунун историзми. Ф., 1987 43-44-беттер.

Кыдырбаева Р.З. ≪Сказительское мастерство манасчи≫. Ф., ≪Илим≫,1984 60-61-беттер.